Кырг. 84
Н 84

ДҮЙНӨЛҮК БАЛДАР АДАБИЯТЫ

Николай Носов

# БИЛБЕСБЕК КҮНӨСТҮҮ ШААРДА



**УДК 82/821-93**
**ББК 84 Р 7-4**
**Н 84**

**Носов Николай Николаевич**

**Н84** **Билбесбек Күнөстүү шаарда.** Кенже балдар үчүн / Котор. С.Сулейманов. – Б.: Кутаалам, 2017. – 320 б.

ISBN 978-9967-9045-3-8

Н 4803010201-17

ISBN 978-9967-9045-3-8

УДК 82/821-93
ББК 84 Р 7-4

© ЖЧК«Кутаалам», 2017.



## Биринчи глава
## БИЛБЕСБЕКТИН ТИЛЕГИ

Кээ бир китеп окуучулар “Незнайканын (Билбесбек) жана анын досторунун окуялары” деген китепти эчак окушкан чыгар. Бул китепте кичинекей жөжүрөшкөн балдар жана кыздар, же башкача айтканда, аларды кортогойлор деп аташкан балдар жашашкан жомоктогудай кооз өлкө жөнүндө айтылат. Мына ошондой кортогойдун бири Билбесбек болгон. Ал өзүнүн достору Шашкалак, Шалапай, механиктер Бурамай, Кадообай, музыкант Аргенбай, сүрөтчү Боёкчу, доктор Дарыкер жана башка бир топтору менен Гүлстан шаарынын Жылаажын көчөсүндө турушкан. Китепте Билбесбек жана анын достору аба шарында кандай саякат кылгандыктары, Жашыл жана Ийрикей шаарында болушкандыктары, алар эмгекчилерди көрүшкөндүктөрү жана эмнелер үйрөнүшкөндүктөрү жөнүндө айтылат.

Саякаттан кайтышкандан кийин, Билерман жана анын достору жумушка киришишти. Бадыраң дарыясы аркылуу көпүрө, тростник суу проводун жана фонтандар кура башташты.



Муну алар Жашыл шаардан көрүшкөн. Кортогойлор булардын бардыгын шаардын көчөлөрүндө электр жарыгын коюшкандан кийин гана жасашты, үйлөрүнөн чыкпай бирибири менен сүйлөшүп туруу үчүн телефон орнотушту. Ал эми Бурамай менен Кадообай үйлөрүндө кинокартиналарды жана театралдык оюндарды көрүп туруу үчүн Билермандын жетекчилиги астында телевизорду конструкциялашты.

Саякаттан кийин Билбесбек бир кыйла акылдуу болгондугу сиздердин бардыгыңыздарга белгилүү. Окуганды, жазганды үйрөнө баштады, бардык грамматика менен бардык арифметиканы дээрлик окуп чыкты, маселелерди чыгарды, атүгүл, тамашалашып физика-мизика деп аташкан физиканы үйрөнүүгө да киришмекчи болду. Бирок эмнегедир мына ушунда окууга көңүлү келди. Мындай окуялар кортогойлордун өлкөсүндө дайыма болуп турчу. Кээ бир кортогой болор-болбос сөздү көп айтып, оозу менен орок оруп, тигини да, муну да жасайт, атүгүл тоону да томкорот, ал эми иш жүзүндө бир нече күн гана түзүгүрөөк иштеп, андан кийин кайрадан акырындап жалкоолоно баштайт.

Албетте Билбесбек такыр оңолбой турган жалкоо деп эч ким айта албайт. Чындыгын айтканда, ал түз жолдон анчамынча гана адашып калган. Окуганды абдан жакшы үйрөнүп алып, ал керээли кечке китеп окуй берер эле, бирок пайдалуусун окубастан, кызыгыраактарды, негизинен жомокторду окуучу. Жомокторду окугандан кийин ал такыр иш кылбай, таттуу кыялга түшө турган болду. Ал жомокту аябай жакшы көргөндүгүнөн, атагы чыккан кичинекей Седепкан менен

жолдош болду. Билбесбек менен Седепкан жашыруун жерге кирип алышып, ар түрдүү укмуштар жөнүндө: сый-кырдуу топу, учуучу килем, тез жүрчү өтүк, күмүш идиштери менен татынакай алмалар, сыйкырдуу таякчалар, жез кемпирлер менен көз байлоочулар, ак ниет жана кара ниет сыйкырчылар жөнүндө ойлой беришер эле. Алар бири-бирине ар кандай жомок айткандан башка эчтеке кылышпайт, бирок алардын эң жакшы көргөнү кайсысы жакшыраак: сыйкырдуу топубу, же учуучу килемиби, же тез жүрчү өтүкпү деп талаша беришчү. Алар ушунчалык кызандашып талашкандыктары кээ бир учурларда мушташа кетүү менен бүтчү.

Бир жолу алар эки күн кечке талашышты, бул жолу Билбесбек сыйкырдуу таякча баарынан жакшы экенин, эгерде кимде ким аны колдоно билсе, эмне керек болсо бардыгына жетише ала тургандыгын Седепканга далилдей алды. Ал сыйкырдуу таякчаны бир гана жолу кыймылдатып, “Сыйкырдуу топу, тез жүрчү өтүгүм болсун”, — деп айтса, мунун бардыгы ошол замат анын алдында даяр болот.

— Эң башкы нерсе, — деди Билбесбек, — кимде сыйкырдуу таякча болсо, ал эч бир кыйналбастан эле үйрөнөт, башкача айтканда, окуп да кереги жок, сыйкырдуу таякчаны булгалактап: арифметиканы же француз тилин билгим келет деп гана койсо, ал ошол эле замат арифметиканы билет жана французча сүйлөйт.

Мына ушул сүйлөшүүлөрдөн кийин Билбесбек сыйкырданып калган эмедей элирип жүрдү. Көп учурларда түн ичинде ойгонуп алып, төшөгүнүн үстүндө бирдемелерди сүйлөй берет, өзүнчө эле кобурап-собурап колдорун булгалактатат. Бул анын



сыйкырдуу таякчаны булгалактатып жаткандыгын элестетүү эле. Доктор Дарыкер Билбесбектин бир нерсеге азгырылып, элирип жүргөнүн сезип, эгерде түнкү тамашасын койбой турган болсо, аны жип менен кроватка байлап коюп, түн ичинде ич алдырчу дары бере тургандыгын айтты. Билбесбек ич алчу дарыдан коркуп, түнкү элирүү кылык-жоругун таштай баштады.

Бир жолу Билбесбек суунун жээгинде Седепкан менен жолугушуп калды. Алар тегерете тартып жабалактап өскөн чоң жашыл бадыраңга барып олтурушту. Күн абдан бийик-көтөрүлүп, жер бетин абдан ысыта баштаган эле. Бирок Билбесбек менен Седепканга ысык болгон жок, анткени, тактайга олтурган сыяктуу алар отурушкан бадыраң муздак болчу. Ал эми бадыраңдын жазы жалбырактары кол чатыр сыяктуу алардын үстүндө жайылып көлөкө түшүрүп турду. Жел жүрүп, чөптөр шуудурап, суунун бети күнгө чагылышып: чыбыр ала боло түшөт. Суунун үстү миң кубулуп, күндүн нуру бадыраңдын жалбырактарында бийлеп тургансыды, жалбырактардын астына кандайдыр сырдуу көлөкө түшкөнсүйт. Мындай көрүнүш Билбесбек менен Седепкан олтурган жалбырактын астындагы абада да толкундагансыйт, сансыз көрүнбөгөн канаттарын каккансыйт, мунун бардыгы адаттагыдан тышкары сыйкырдуу болуп көрүнөт. Булардын бардыгы алар үчүн көнүмүш



болгондуктан, Билбесбек менен Седепкан айланадагысыйкырдуу кубулуштарды байкаган жок. Анын үстүнө алар өз алдыларынча терең ойго батууда. Седепкан жомок жөнүндө аңгемелешкиси келет,

бирок Билбесбек эмнегедир такыр унчукпайт, анын өңү суз жана ачуулуу, ал эми Седепкан коркконунан сүйлөшүүгө батына албады.

Ошондой болсо да акырында Седепкан өзүн токтото албай сурап калды:

—Айтчы, Билбесбек, сени бүгүн кандай чымын чакты? Эмне үчүн сенин маанайың пас?

—Мени бүгүн эч кандай чымын чаккан жок. Ал эми мага көңүлсүз болгондуктан маанайым пас,— деп жооп кайтарды Билбесбек.

—Мына ушундай түшүндүрмөксүң! — Седепкан күлүп жиберди.— Көңүлсүз болгондуктан маанайы пас имиш! Сен жакшылап түшүндүрсөң.

—И, билесиңби? — деди Билбесбек колун жаңсай берип,— биздин шаарда бардыгы ойдогудай эмес. Билесиңби, эч бир кызыктуу, сыйкырдуу нерсе жок... Өткөн эски убакты эле ала коёлучу! Ал мезгилде ар бир кадам сайын сыйкырчылар, көз байлоочулар, же жок дегенде жез кемпир кездешчү. Бул жөнүндө жомоктордо тегин айтылган эмес.

— Албетте, бекеринен айтылган эмес.— Седепкан анын айтканына макул болду.— Бирок сыйкырчылар эски убакта гана болгон эмес. Алар азыр да бар, бирок аны кишинин баары эле кезиктире бербейт.

— Аларды кимдер кезиктирет? Балким сен кезиктирип жүрбө? — Билбесбек шылдыңдай сурады.

— Сен эмне деп жатасың? Сен эмне деп жатасың!

— Седепкан колун шилтеди.— Сен билесиңби, мен абдан коркокмун, мага азыр сыйкырчы кезиксе, коркконуман бир дагы сөз айта албас элем. Ал эми сен болсоң сыйкырчы менен сүйлөшө алат элең, анткени сен абдан жүрөктүүсүң.

— Албетте мен жүрөктүүмүн, — деди Билбесбек.— Бирок эмнегедир ушул убакка чейин мага бир да сыйкырчы кезикпеди.

— Кезикпеген себеби, мында баатырдык гана жетишпейт,— деди Седепкан. — Мен бир жомоктон окуган элем, үч жакшы ишти катары менен удаа орундасаң, мына ошондо гана сенин алдыңа сыйкырчы пайда болуп, сен андан эмне сурасаң ошонун баарын берет.

— Сыйкырдуу таякчаны дагыбы?


— Албетте, сыйкырдуу таякчаны да бере алат.

— Муну карасаң! — Билбесбек таң калды.— Ал эми сенин оюңча кандай жакшы ишти аткаруу керек? Маселен, эгерде мен эртең менен эрте туруп, самынданып муздак сууга жуунсам, бул жакшы иш кылганга жатабы?

— Албетте,— деди Седепкан.— Эгерде кимдир бирөөгө оорчулук келсе, сен ага жардам берсең, эгерде кимдир бирөөнү бирөө ызалап, кордосо, сен ал кордолгонго болушсаң, бул дагы жакшы иш кылгандыкка жатат. Ал гана эмес, сага бирөө жардам берсе, сен ал үчүн ыракмат айтсаң, бул дагы жакшы иш кылганың, анткени дайыма кичи пейил жана сылык болуу керек.

— Анын эмнеси бар экен, менимче бул иштин кыйынчылыгы жок,— деди Билбесбек.

— Жок, бул абдан кыйын, — деди Седепкан, — анткени жакшы ишти удаасы менен үч жолу аткаруу керек, эгерде алардын ортосунда кандайдыр-бир кичинекей эле жаман иш болуп кал-са, анда эчтеке чыкпайт жана бардыгын кайра башынан баштоого туура келет. Мындан тышкары жакшы иш, сен аны өзүңдүн керт башыңдын кызыкчылыгы үчүн жа-



сап жатканыңды оюңа албай, арам ойсуз жасаганыңда гана жакшы иш болот.

— Албетте, албетте ошондой кылам, ошондой кылам.— Билбесбек макул болду.— Эгерде сен "аны өзүңдүн кызыкчылыгың үчүн жасасаң, ал кантип жакшы иш болсун! Болуптур, мен бүгүн дагы эс алам, ал эми эртеңден баштап жакшы иштерди кыла баштайм. Эгерде мунун бардыгы чын болсо, сыйкырдуу таякча жакында биздин колдо болот!

## Экинчи глава
## БИЛБЕСБЕК ЖАКШЫ ИШТЕРДИ КАНДАЙЧА АТКАРА БАШТАДЫ

Кийинки күнү Билбесбек эрте турду да, жакшы иштерди аткара баштады. Эң мурда муздак суу менен аябай жуунду, самынды такыр аяган да жок, тишин да абдан жакшылап тазалады.

"Мына, бир жакшы ишти жасадым," - деди өз ичинен, сүлгү менен аарчынып жана күзгүнүн алдында чачын тарап жатып.

Анын күзгүнүн жанында сыланып жатканын Шашкалак көрдү да, мындай деди:

—Жакшы, жакшы! Кымындай да кемтик жок, эң сонунсуң!

—Сага караганда сонун элемин,— деди Билбесбек.

—Албетте мындай, сеникине окшош жакшынакай тулку-бойду издеп табыш керек!

—Сен эмне дедиң? Кимдин тулку-боюндай дейсиң? Менин тулку-боюмдайдыбы? — деп жини келген Билбесбек сүлгү менен Шашкалакты жон талаштыра бир салды.

Шашкалак Билбесбекти көздөй колун шилтеди да, качып жөнөдү.

—Эх, каргаша Шашкалак! — деп кыйкырды Билбесбек анын артынан. — Сенин кесепетиңен жакшы иштин бирин жоготтум.



Чынында да жакшы иш аткарылбай калды, анткени Шашкалакка ачуусу келип, аны сүлгү менен аркага бир чаап, Билбесбек жаман иш кылды, эми бардык ишти кайра башынан баштоо керек.


Ачуусу бир аз басылган соң, Билбесбек дагы кандай жакшы иш аткарсам деген ойго кетти, бирок анын оюна жакшы эчтеке келбеди. Мына ошентип, эртең мененки тамагын ичкенге чейин ал эчтеме ойлоп таппады. Бирок эртең мененки тамагын ичкенден кийин анын башы бир аз жакшы иштей баштады. Доктор Дарыкер дары жасоо үчүн жанчуурда кандайдыр бирдемени жанчып жатканын Билбесбек көрүп:

— Сен, Дарыкер, эмгектенип эле жатасың, башкаларга жардам бересиң, а сага эч ким жардам бербейт. Алып кел, мен сенин дарыңды жасашып берейин.

— Жасашып жибер. — Дарыкер макул болду. — Сенин мага жардам бергениң, абдан жакшы. Биз, бардыгыбыз бири-бирибизге жардам берүүгө тийишпиз.

Ал Билбесбекке жанчуурду берди, Билбесбек жанчып порошок жасай баштады. Дарыкер ал порошоктон тоголок дары жасаганга киришти. Билбесбек ушунчалык кызыгып иштеди дейсиң, жанчылган порошок керектүүсүнөн ашып-ташып кетти. “Мейли, эчтеке эмес, — деп ойлоду ал.—Ашып кеткени ишке тоскоолдук кылбайт. Анткени, мен жакшы иш кылдым”. Эгерде Билбесбек муну иштеп жатканда Ширебай менен Борсокбайды көрбөгөндө, чыны менен иш абдан жакшы болмок эле.

—Карасаң,— деди Борсокбай,— Билбесбек да доктор болгусу келген окшойт го. Ал бардыгыбызды дарылай баштаганда кызык тамаша болот!



—Жок, ич өткөзчү дары бербесин үчүн, мүмкүн Дарыкерге кошаматтык кылып жаткан чыгар,— деди Ширебай.

Бул шылдыңды угуп, Билбесбек ачууланып, жанчуур менен Ширебайга тап берип:

—Ширебай, сен келжиребе, жөн элеби, мына бул жанчуур менен коюп калам!

— Токто! Токто! — деп кыйкырды доктор Дарыкер.

Ал Билбесбектин колунан дары жанчкычты алайын деди эле, бирок Билбесбек берген жок. Ошентип алар мушташа кетишти. Мушташып жатканда Дарыкердин буту столго чалына түштү. Стол жыгылды. Порошоктун бардыгы астанага төгүлдү, жасалган дарылар ар кайсы жакка тоголонду. Дарыкер араңдан зорго Билбесбектин колунан жанчуурду алды да, ага мындай деди:

— Жогол, оңбогон арам! Менин көзүмө бул жерден көрүнбө! Канча дары текке кетти.

— Эх, сен, уятсыз Ширебай! — Билбесбек жемелей баштады. — Менин колума бир тиерсиң, мен сага көрсөтөм! Кандай жакшынакай ишим текке кетти!

Бул жолу да жакшы иш ордунан чыкпай калды, анткени, Билбесбек аны аягына чыгара иштегенге жетише албады.


Эртеден кечке мына ушундай болду. Билбесбек канчалык аракет кылса да, үч жолу жакшы иш жасамактурсун, удаасы

менен эки жолу да жакшы иш аткара албады. Эгерде кандайдыр бир жакшы иш жасай баштаса эле, ошол замат анын артынан эмнегедир тескери иш пайда болот, кайсы бир учурларда жакшы иштин башталышында болбогон иш келип чыгат.

Түн ичинде Билбесбек көпкө дейре уктай албады жана ойлоно берди. Эмне үчүн анын иши кыйчалыштап туруп алды. Бара-бара ал ишинин ордунан чыкпаганы, анын мүнөзүнүн оройлугунан болуп жатканын түшүндү, кимдир-бирөө тамашалап же болор-болбос бир нерсе айтып койсо, Билбесбек ошол замат ызалана кетет да, бакыра баштайт, ал гана эмес мушташа да кетет.

— Болуптур, эчтеке эмес,— деп Билбесбек өзүн өзү жубатты. Эртең сылык болом, ошентип иш жайында болот.

Эртең менен Билбесбек энеден жаңы туулгандай өзгөрүп калыптыр. Ал абдан сылык жана кичи пейил болуп турду. Эгерде кимдир бирөөгө кайрылса, сөзсүз „теңир жалгагыр" деп айтат, андан мындай сөздү эч качан өмүрүндө уккан эмес. Мындан башка ал элдин бардыгына жагууга, жардам көрсөтүүгө аракеттенүүдө. Дайыма эле калпагын жоготуп, аны табалбай жүргөн Шалапайды көрүп, Билбесбек да бөлмөлөрдөн издеше баштады, акыр аягында калпакты керебеттин астынан тапты. Андан кийин ал кечээги күнкү кылыгы үчүн Дарыкерден кечирим сурады да, порошокту майдалап жанчууга уруксат берүүнү өтүндү. Доктор Дарыкер порошок майдалоого уруксат берген жок, бирок өзүнө керек болгон ландыш гүлүнүн тамчысын алуу үчүн бактын ичинен ландыш жулуп келүүгө тапшырма берди. Билбесбек бул тапшырманы жан-дили менен орундады. Андан кийин ал мергенчи Окчонтайдын жаңы өтүгүн майлап тазалады, андан кийин бул күнү анын кезеги болбосо да бөлмөлөрдү шы-пырып чыкты. Кыскасын айт-канда ал бир кыйла



жакшы иштер жасады жана мына эми берешен сыйкырчы келип, ага сыйкырдуу таякчаны берет деп күтө берди. Кеч да кирди, бирок сыйкырчы келген жок.

Билбесбектин аябай ачуусу келди.

— Сен сыйкырчы тууралу мага эмне калп айттың? — деди ал эртеси Седепкан менен кезигишкенде.— Мен акмак тырышып бир канча жакшы иштерди аткардым, ал эми эч кандай сыйкырчыны көргөн жокмун!

— Мен сага калп айткан жокмун,— деп Седепкан актана баштады.— Бул жөнүндө жомоктон окугандыгымды жакшы билем.

— Эмне үчүн сыйкырчы мага жолуккан жок,— деп Билбесбек ачуулана сүйлөдү.

— Сыйкырчы качан келерин өзү билет,— деди Седепкан. — Балким сен жакшы ишти үч жолу аткарган эмес чыгарсың.

— "Үч эмес, үч эмес дейт тура!" — деп Билбесбек жактырбай күңкүлдөдү.— Үч эмес имиш, мүмкүн жыйырма үчтүр, канча экенин түшүндүңбү!

Седепкан ийиндерин куушуруп:

— Демек сен жакшы иштерди катары менен аткара албастан, ортосуна жаман иштерди да киргизип жибергенсиң да.

— "Ортосуна жаман иштерди имиш!"—деп Билбесбек Седепкандын кыжырын кайнатты, ал үтүрөйүп тура калганда Седепкан корккондунан кетенчиктеди.— Эгерде сен билгиң келсе, мен кечээ күнү кечке сылык жүрдүм жана эч бир жаман иш кылганым жок. Эч кимди тилдегеним да, урушканым да жок, "кечирип коюңуз", "ыракмат", "теңир жалгагыр" деген гана сөздөрдү айттым.

— Ал сөздөр бүгүн сенин оозуңдан чыкпады го,— деди Седепкан башын чайкап.

— Мен бүгүнкү күн жөнүндө эмес, кечээ күнкү жөнүндө айтып жатам.

Билбесбек менен Седепкан эмне үчүн мындай болду,

деген ойго кетишти, бирок такыр таба алышпады. Акырында Седепкан мындай деди:

— Балким сен ал иштерди ак пейилдик менен аткарбастан, өзүңдүн жеке кызыкчылыгың үчүн иштеген чыгарсың?

Билбесбектин атүгүл ачуусу келди:

— Ак пейилиң менен эмес дегениң кандай? Сен эмне деп жатасың! Шалапайдын калпагын табышып бердим. Ал менин калпагым бекен? Дарыкерге ландыш гүлүн жыйнап бердим. Ал ландыштын мага эмне кереги бар?

— Аларды эмне максат менен иштедиң?

— Билмексен болосуң да? Эгерде үч жакшы иш аткарсаң, сыйкырдуу таякчаны аласың деп сен, өзүң айтпадың беле.

— Демек сен булардын баарын сыйкырдуу таякчаны алуу үчүн гана жасаган экенсиң да?

— Ананчы.

— Көрдүңбү, ак пейилиң менен өзүң айтып отурасың.

— Ал иштерди таяк үчүн аткарып жатпаганда, сенин оюңча, мен эмнеге аткарып жатыпмын?

— Сен аларды жөн гана кызыгып аткарууга тийишсиң.

— Кайдагы кызыгуу болууга тийиш!

— Ай, сен ай! — деди Седепкан күлө сүйлөп.— Сен ал үчүн сыйлык катары сыйкырдуу таякчаны, же башка бир нерсени бере турганын билгенден кийин гана жакшы иш кылган болосуң. Бизде уш ундай бир бөбөктөр бар, аларга ошондой түшүндүргөн, сылыктык менен өздөрүнө кандайдыр бир нерсе табуу үчүн гана сылык болгусу келишет.

— Мен андайлардан эмесмин, — Билбесбек колун шилтеди. — Мен, эгер кааласаң, эч бир акысыз эле сылык болом жана эч кандай пайда издебей эле жакшы иштерди аткарам.

Билбесбек Седепкандан бөлүнүп үйүн көздөй кетти. Ал жакшы иштерди, сыйкырдуу таякчаны эч оюна албастан, бир нерсеге кызыгып гана аткармакчы болду. Бирок ойлонбойм деп айтуу кыйын! Чындыгында бир нерсе жөнүндө ойлонбойм

десең, ошол жөнүндө гана ойлой бересиң.



Билбесбек үйүнө келип, жомок китеп окуй баштады. Терезеде олтуруп өзүнүн мылтыгын тазалап жаткан мергенчи Окчонтай мындай деди:

— Ой, сен кандай кызык эмени окуп жатасың? Сен угуза окусаң боло.

Билбесбек: "Эгерде кааласаң өзүң окуп ал",— деп айтмакчы болду эле, бирок ошол замат ал сыйкырдуу таякча эсине түшө калды. Эгерде Окчонтайдын талабын орундатсам, жакшы иш аткарган болор бекенмин деген ойго кетти.

— Жакшы болот, угуп тур,— деп Билбесбек макул болду да, китепти угуза окуй баштады.

Мергенчи Окчонтай абдан көңүл коюп укту, ал үчүн ага мылтыгын тазалоо да көңүлдүү болду. Башка кортогойлор да Билбесбек жомок окуп жатканын угушуп, алар да чогулушту.

Китепти окуп бүткөндөн кийин алар:

— Жарайсың, Билбесбек! — дешти.— Угуза окуганды сен эң жакшы ойлоп таапсың.

Алардын мактаганы Билбесбек үчүн кубанычтуу болду, бирок ошол эле учурда таякча жөнүндө убактысыз ойлогону абдан өкүнүчтүү болду.

"Эгерде мен таякча жөнүндө ойлонбогон болсом жана китепти жөн эле окуй берүүгө макул болсом, анда мен бир нерсеге сүйүнгөндүктөн аткарган болор элем, ал эми мен өзүмдүн керт башымдын кызыкчылыгы үчүн угуза окуган болуп олтурам",— деген ойго кетти Билбесбек.

Күн сайын ушундай боло берди: Билбесбек жакшы иштерди сыйкырдуу таякча эсине түшкөндө гана аткарат, ал таякчаны унутуп калганда жалаң гана болбогон жаман иштерди аткарууга жөндөмдүү. Албетте чындыгын айта турган болсок, ал кайсы

бир учурларда болор-болбос кичинекей жакшы иштерди, ал сыйкырдуу таякча үчүн гана аткарып жатам деп ойлонбостон аткарган учурлары да болду. Бирок бул эң эле сейрек боло турган, ошондуктан аны айтууга да болбойт.

Күндөр, жумалар, айлар да өттү... Билбесбек бара-бара сыйкырдуу таякчадан үмүтүн үзө баштады. Улам барган сайын сыйкырдуу таякча жөнүндө аз ойлончу болду, ошентип акыр аягында сыйкырдуу таякчаны алуу ал үчүн эч бир аткарылбай турган ой экенин, үч жакшы ишти удаа ак пейили менен аткаруу эч мүмкүн эмес экендигин түшүндү.

Бир жолу ал Седепканга мындай деди:

— Сен билесиңби, менимче жер жүзүндө эч кандай сыйкырдуу таякча жок жана кандай гана иштерди аткарбагын, ал үчүн эч нерсе алалбайсың.

Анын бул сөздөрү куюлуша келгендигине Билбесбек кубанганынан күлүп да жиберди. Седепкан да күлдү, анан мындай деди:

— Үч жакшы ишти удаа аткаруу керек деп жомокто эмне үчүн ай|тылган?

— Акылсыз кортогойлор кандайдыр бир жакшы иштерди аткарууга үйрөнүшсүн деген максат менен жөн эле ойлоп чыгарышкан чыгар,— деди Билбесбек.

— Сен туура айтасың,— деди Седепкан.



— Абдан туура,— деди Билбесбек.— Кантебиз, бардыгы ушундай болуп чыкканын мен каалабайм. Ошондой болгону менен мен үчүн пайдалуу болду. Анткени мен жакшы иштерди аткарууга аракет кылып жүрүп, ар күнү эртең менен муздак сууга жуунууга көндүм, ал азыр мен үчүн абдан жак-шы.

## Үчүнчү глава
## БИЛБЕСБЕКТИН ТИЛЕГИ АТКАРЫЛА БАШТАДЫ

Күндөрдүн биринде Билбесбек үйүндө олтуруп, терезеден карады. Бул күнү аба ырайы жаман эле. Асман түнөрүп бүркөлүп турат, күндүн көзү эртеден бери бир жолу да көрүнгөн жок, жаан кечке куюп турду. Тышка чыгып ойноо жөнүндө ойлонууга мүмкүн эмес эле, ошондуктан Билбесбектин жылдызы түштү.

Гүлстан шаарында жашагандарга аба ырайы ар түрдүү таасир кыла тургандыгы белгилүү.

Маселен, Билерман мындай деген: кар же жамгыр жаап турсун, ага баары бир, аба ырайы эң эле жаман болгондо да үйүндө олтуруп, ишин иштей берүүгө ага эч тоскоолдук кылбайт. Доктор Дарыкер жакшы аба ырайынан аба ырайынын жаманы мен үчүн жакшы, анткени ал кортогойлордун организмин бекемдейт, ошондуктан алар аз оорушат деп кубаттады. Акын Гүлкайыр өзү үчүн абдан чоң ыракат — кара нөшөр жамгыр жаап турганда үйдүн төбөсүнө чыгып алуу, андагы кургак жалбырактын үстүнө жатып алуу, жаандын тамчылары чатырды тырсылдатып турганын угуу жакшы экендигин айтты.


"Айланада аба ырайы алай-дүлөй болуп турат,— деди Гүлкайыр.— Көчөгө тумшугуңду чыгара албайсың, ал эми үйдүн төбөсүндө жылуу жана жайлуу. Кургак жалбырактар сонун жыттанат, жамгыр чатырды тырсылдатат. Мына ушундан жаның жайланып, көңүлүң эргийт да, тим эле жазгың келип турат!"

Бирок кортогойлордун көпчүлүгү жаанды жакшы көрүшчү эмес. Ал тургай Тамчыкан аттуу бир бөжүрөк бар болчу, жаан жаай баштаса эле ыйлоочу. Эгерде андан эмне үчүн ыйлайсың деп сураса, Тамчыкан мындайча жооп берчү:

— Өзүм да билбейм. Жаан жааганда дайыма ыйлайм. Билбесбек, албетте ыйлаак Тамчыкан өңдүү жеңил мүнөздүү



Ошская областная детская библиотека
Инв. № 256701
Ил. 7/3



эмес болчу, бирок күн бүркөк, жаан-чачын болуп калса, анын да көңүлү бузулчу. Мына ушул жолу да ал ушундай болду. Ал муңайып чаба жааган жамгырга, терезенин алдында короодогу суу болгон гүлдөргө, дайыма үйдүн алдында чынжырда байланып турчу, азыр өзүнүн кепечесине кирип, анын оозунан тумшугун чыгарып жаткан дөбөттү — Булькaны карап олтурат.

“Бактысыз Булька! — деп ойлоду Билбесбек.— Эртеден кечке чынжырда байлануу турат, эркиндеп чуркай албайт, ал эми азыр жаандан корголоп тар кепесинде жатат. Мына ушул каргаша жаан басылганда аны агытып жиберүү керек, ойносун”.

Бирок жаан басылбады, ошентип Билбесбекке жаан такыр басылбачудай, түбөлүккө куя берчүдөй, ал эми күн болсо биротоло жашынгандай жана эч качан булуттун ар жагынан кылтыйып чыкпоочудай болуп көрүндү.

“Ушинтип куя берсе биз кантебиз?—деп ойлоду Билбесбек.— Жаандан жердин баары суу болуп кетет. Баткакка айланып, эч жакка бара да албайсың, келе да албайсың. Көчөнүн баары баткак болот. - Үйлөр да, гүлдөр да, бак-дарактар да баткакка батат, андан кийин кортогойлор да чөгүшөт. Мына коркунуч!”

Билбесбек мына ушул коркунучтардын бардыгын көз алдына элестетип, ал эми шалбыраган баткакта жашоо кандай кыйын болот деп ойлонуп олтурганда, жаан акырындап басылды, шамал булуттарды айдап, күндүн көзү көрүнө баштады. Асман

чайыттай ачылды. Ошол замат жарык болду. Жаандын али кургай элек чоң-чоң тамчылары чөптөрдүн жалбырактарында, гүл-



дөрдүн желекчелеринде мөлт-мөлт этип жылтылдашат, күмүштөй жаркылдашат. Айлананын бардыгы жашаргандай, кубанышкандай жана күлүндөшкөндөй болушту.

Билбесбек акырында таттуу кыялынан акыл-эсине келди.

— Күн! Күн! Күн! — деп кыйкырды ал жаркырап тийип турган күндү көрүп.

Короого чуркап чыкты.

Анын артынан башка кортогойлор да чуркашты. Бардыгы секиришип, ырдашып, ойной башташты. Атүгүл асманды булут каптап турабы же күн тийип турабы, баары бир деген Билерман да кубанганынан короонун ортосунда секирип жүрөт.

Билбесбек жаанды да жана баткакты да ошол замат унутту. Ага асманда мындан ары такыр булут болбоочудай, күн эч бир батпастан дайыма тийип турчудай сезилди. Ал Булькaны да унутуп койгон эле, бирок кийинчерээк эстеп анын чынжырын чыгарып, агытып жиберди. Булька да короонун ичинде чуркап жүрдү. Ал сүйүнгөнүнөн үрүп, бардыгын буттарынан тиштегилейт, бирок оорутпайт, анткени ал өз кишилерин эч качан капчу эмес, башкаларды гана капчу. Анын кылыгы ушундай болчу.

Көңүлдөрү бир аз ачылгандан кийин, кортогойлор кайрадан ишке кирише башташты, кээ бирөөлөрү козу карын терүүгө токойго кетишти, анткени жаандан кийин козу карын жабалактап калат эмеспи.

Билбесбек токойго барган жок, ал беседканын жанындагы отургучка олтуруп, китеп окуй баштады. Ошол учурда ары-

бери чуркап жүргөн Булька дубалдын түбүнөн тешик таап, ал аркылуу көчөгө чыкты да, таякчан өтүп бара жаткан кишини көрүп, капмакчы болду. Таякчан адамды иттин жакшы көрбөй тургандыгы белгилүү эмеспи. Абдан берилип окуп жаткан Билбесбек көчөдө иттин үргөнүн уккан жок. Барган сайын иттин үргөнү катуулады. Билбесбек китебин таштап жиберди да, Бульканы чынжырына байлап коюуну унутуп калганын эстеди. Дарбазадан чуркап чыгып, өтүп бара жатканга катуу үрүп, анын артынан барып бутунан каап алууга аракет кылып бара жаткан Бульканы көрдү. Тиги адам ордунда чимирик болуп Бульканы таягы менен жазгап жаткан экен.

— Ме, Булька! Ме, Булька! — деп кыйкырды Билбесбек коркуп кетип. Бирок, Булька укпай турганын билип, ал чуркап барып каргысынан алды да, обочолотуп жетелей баштады.

— Карасаң мунун өжөрлөнгөнүн! Кой десе болбойсуң!

Билбесбек Бульканы маңдайга бир коюуга муштумун түйүп колун көтөрдү эле, бирок байкуш дөбөт көзүн кыбыңдатып жана коркуп бүрүштү эле, ага боору ооруду да, урбастан аны короого жетелеп кирип кетти. Бульканы чынжырына байлап, Билбесбек тиги өтүп бараткан кишини каап алганын, же каап албаганын билүү үчүн кайра дарбазадан чуркап чыкты.

Өтүп бараткан киши Булкадан жазганып жатып абдан чарчаса керек, эшиктин алдындагы отургучка эс алып олтурган экен. Мына азыр гана Билбесбек аны жакшылап карады. Ал кооз кара-көк кездемеден тигилген узун халат кийген, ага алтын жылдыздар жана күмүш жарым айдар тагылган. Башында алтын жылдыздар менен күмүш жарым ай менен кооздолгон кара калпак, бутунда тумшугу өөдө караган кызыл туфли. Ал Гүлстан шаарынын адамдарына окшобойт, анткени анын апапакай узун муруту жана тизесине аз эле жете бербеген аяз атаныкындай аппак сакалы бетин бүт каптап турат. Гүлстан шаарында бирөөнүн да мындай сакалы жок. анткени бул жерде жашагандардын баары сакалсыз — көсөө.

— Сизди ит каап алган жокпу? — деди Билбесбек камкордук көрө укмуштуу чалды таң кала карап.

— Жаман ит эмес экен,— деди сакалчан.— Жаман дөбөт көрүнбөйт, еөчүкмөсү бир топ бар экен. Ии!

Таягын тизесинин арасына коюп, ал эки колу менен ага жөлөндү, көзүнүн кырын салып, отургучтун четине келип отурган Билбесбекке карады.

— Бул Окчонтайдын дөбөтү, аты Булька,— деди Билбесбек.— Окчонтай аны менен ууга барат. Ал эми ууга барбаганда бирөөнү каап албасын деп Бульканы чынжырга байлап коёт. Ал сизди каап алган жокпу?

— Жок, айланайын. Аз жерден каба жаздады, бирок капкан жок.

— Абдан жаман болгон экен,— деди Билбесбек.— Каппай калганын айтпайм, бирок ал балким, сизди коркуткан чыгар. Мунун бардыгына мен айыптуумун. Чынжырынан аны мен бошотуп жибердим эле, кайра байлап коюуну унутуп коюпмун. Сиз менин мунумду кечирип коюңуз!

— Болуптур, кечирдим,— деди сакалчан.— Сен жакшы бала экениңди көрүп турам.

— Жок, мен эми гана жакшы болгум келди. Мурда эле ушуну каалагам. Жакшы иштерди да иштеп келгем, азыр аларды таштап койдум.

Билбесбек колун шилтеди да аңгемелешип олтурган кишинин бутундагы кызыл туфлийине көз жүгүртөт. Ал туфли жылдыздар аралаш жарым ай түрүндө жасалган боо менен бүчүлөнгөнүн байкады.

— Эмне үчүн таштап койдуң? — деп сурады абышка.

— Анткени алардын баары арзыбаган бир нерсе.

— Жакшы иш аткаруу

— арзыбаган бир нерсе болчу беле?

— Жок, сыйкырчылар... Айтыңызчы, сиздин туфлиңиздин боолору алтындын буусуна кармалганбы же анык алтынбы?

— Анык алтын... Эмне үчүн сен сыйкырчылар арзыбаган жалган нерсе дейсиң?



Билбесбек сыйкырдуу таякча жөнүндө кандайча эңсегенин, Седепкан ага жакшы иштерди аткаруу керек экенин айтканын, андан эч нерсе чыкпагандыгын, анткени, ал жакшы иштерди өз кызыкчылыгын көздөп сыйкырдуу таякчаны алуу үчүн гана иштегендигин айтты.

— Сен Булькаңы ары-бери жүрсүн деп коё бердим эле дедиң, муну да сыйкырдуу таякча үчүн жасадыңбы? — деди абышка.

— Андай дебеңиз! — деп Билбесбек колун шилтеди. — Мен ал учурда сыйкырдуу таякча жөнүндө унутуп койгом. Булька эртеден кечке чынжырда байланып жата бергенине боорум ооруду.

— Демек, сен жакшы ниетиң менен иштеген экенсиң да?

— Албетте.

— Мына, бир жакшы иш кылыпсың!

— Бул таң каларлык! — деп Билбесбек кыйкырып жиберди, ал гана эмес кубанганынан күлүп да жиберди.— Өзүм да байкаган эмес экенмин, кандай жакшы иш кылгамын!

— Сен дагы бир жакшы иш кылдың.


— Кайсы убакта?

— Сен мени иттен коргоп калдың. Бул эмне, жаман иш бекен? Же сен муну, балким сыйкырдуу таякча үчүн гана жасадыңбы?

— Жок! Мен сыйкырдуу таякча жөнүндө такыр ойлогон эмесмин.

— Мына көрдүңбү! —деп абышка кубанып кетти.— Андан кийин сен үчүнчү жакшы иш кылдың. Мени ит капканын,

же каппаганын билүү үчүн келгениңде, кечирим сурадың. Бул жакшы, анткени бардык убакта жолдошторго камкордук кылып, эстен чыгарбоо керек.



Акылга сыйбай турган укмуш! — Билбесбек катырып жиберди.— Үч жакшы иш, бардыгы удаасы менен! Менин өмүрүмдө мындай сонун иш эч качан болгон эмес. Мен бүгүн сыйкырчыны кезиктиришим да, балким ажеп эмес го дейм!

— Таң калбай эле кой. Сен аны небак кезиктирдиң.

Билбесбек абышкага шектүү карады да:

— Сиз, балким сыйкырчынын өзү болуп жүрбөңүз, эгерде ал сиз болсонуз, айтыңызчы?

— Ооба, мен сыйкырчынын өзү болом.

Билбесбек бардык күчү менен көзүн бакырайтып, абышканы тиктеди жана ал күлөр бекен деп кароого аракет кылды эле, бирок сакалы бетин бүт бойдон жаап тургандыктан, жылмайганын байкоого мүмкүн болгон жок.

— Мүмкүн, сиз шылдың кылып жаткан болбоңуз,—деди Билбесбек ишенбөөчүлүк менен.

— Такыр шылдың кылбайм. Сен жакшы ишти удаасы менен аткардың жана менден каалаганыңды суроого мүмкүн... Айтчы, сага эмне көбүрөөк жакшы көрүнөт: көрүнбөс калпакпы же тез жүрчү өтүкпү? Балким сен учуучу килемди каалап жүрбөгүн?



— Сизде учуучу килем барбы?

— Албетте! Килем да бар. Бардыгы бар.

Абышка түтүкчөдөй кылып ороп койгон килемди өзүнүн халатынын жеңинен силкип түшүрдү да, аны тез жазып, Билбесбектин алдына жая салды.

— Мына, тез жүрчү өтүк, бул көрүнбөс калпак.

Бул сөздөрдү айтып, ал башка жеңинен калпак менен өтүктү алып чыкты да, аларды килемдин үстүнө катар койду. Булардын артынан ушундай эле жол менен өзү ырдоочу музыкалык аспап, жайыл дасторкон жана ар түрдүү башка сырдуу буюмдар да пайда болду.

Билбесбек өзүнүн алдында сыйкырдуу абышканын дал өзү тургандыгына бара-бара ишенди жана мындай деп сурады:

— Сизде сыйкырдуу таякча барбы?

— Эмне үчүн жок болсун? Сыйкырдуу таякча да бар, мына, кааласаң. Сыйкырчы чөнтөгүнөн күрөң-кызгылт түстөгү, чоң эмес жумуру таякчаны алып чыкты да, Билбесбекке сунду. Билбесбек таякчаны алды.

— Чыныгы сыйкырдуу таякчабы? — деп сурады өзүнүн тилеги орундаганына дагы эле ишенбеген Билбесбек.

— Чыныгы сыйкырдуу таякча, күнөм санабай эле кой,

— деп сыйкырчы аны ишендирди.— Эгерде жаман иш кылбай турган болсоң, сенин самагандарыңдын баары аткарылат, таякчаны булгап койсоң гана болду. Бирок үч жаман иш кылсаң, сыйкырдуу таякча өзүнүн сыйкырчылык күчүн жоготот.

Кубанганынан Билбесбектин жүрөгү уйгу-туйгу болуп түрсүлдөп эки эсе ылдам сокту, дем алалбай калды.

— Мен эми чуркаган бойдон жөнөйүн, эми бизде сыйкырдуу таякча бар деп Седепканга айтайын. Сыйкырдуу таякчага кантип жетишүү керек экендигин мага ошол үйрөттү да, — деди Билбесбек.

— Чурка, чурка,— деп жооп кайтарды сыйкырчы.— Седепкан да кубансын. Сыйкырдуу таякча жөнүндө ал да

көптөн бери самап жүргөнүн билем. Сыйкырчы Билбесбектин башынан сылады, мына ушул жолу гана Билбесбек анын жылуу жүзүнөн сүйкүмдүү күлүмсүрөөсүн көрө алды.

— Эми кошуңуз! — деди Билбесбек.

— Саламат бол! — деп Сыйкырчы жооп кайтара күлүмсүрөдү.

Билбесбек сыйкырдуу таякчаны бооруна кысып, чуркаган бойдон бара жатты, Седепкандын үйүнө төтө жол менен тез жетүүгө аракет кылып, бурчтан бурулду. Мына ушул жерде, укмуштуу сыйлык үчүн сыйкырчыга ыракмат айтпай калганын эстеп, октой атылып кайра жөнөдү. Бурчтан чуркап чыгып, көчөдө эч ким жок экенин көрдү. Сыйкырчы отургучта да, жакын жердеги башка жерлерде да жок. Ал жердин алдына житип кеткен же абага сиңип кеткен сыяктуу учуучу килем жана башка сыйкырдуу буюмдары менен көздөн кайым болгон.

### Төртүнчү глава
## БИЛБЕСБЕК МЕНЕН СЕДЕПКАН ЧАМБЫЛБЕК-ШАЛТАККА ЖОЛУГУШАТ

Бул байкабай кылган өкүнүчтүү иштен эчтеке чыкпастыгын жана аны оңдоого эч бир мүмкүн эмес экендигин түшүнгөн Билбесбек Седепканды көздөй кайра жөнөдү. Ал азыр шашкан жок, ал гана тургай улам-улам көчөнүн ортосуна токтоп, башын өкүнүп чайкайт, желкесин тырмайт, өз алдынча бирдеме деп кобурап жана кандайдыр өзгөчө бакылдайт, андан кийин кайра жолун улантат.

Седепкан өзүнүн үйүнөн алыс эмес, көчөдө ойноп жүргөн эле, жакындап келе жаткан Билбесбекти көрө коюп, алдынан тосо чуркады.

— Саламатсыңбы, Билбесбек! — Ал кубанычтуу кыйкырды.

Билбесбек токтой калды да, Седепкандын амандашканына



жооп бер-бестен, үңүрөйө мындай деди:

— Мен азыр Билбесбек эмесмин, жөн эле узун кулак эшекмин.

— Эмне болду? — деп Седепкан тынчсызданды.

— Эмне болгонун айтпа, сыйкырчы абышка мага таякчаны берди, мен ага ыракмат да айтпапмын, мына эмне болгонун билгиң келсе!

— Кандай таякча? — деп Седепкан таң калды.

— И, "кандай, кандай" дейт тура! Билмексен болосуң, кандай таякча болмок эле! Сыйкырдуу таякча!

— Сен, Билбесбек, келесоо болуп калсаң керек. Кайдагы сыйкырдуу таякчаны ойлоп таптың!

Мен эчтеке ойлоп тапкан жокмун. Мынакей, сыйкырдуу таякча, көрдүңбү?

Ошентип, Билбесбек колунда бекем кармап турган таякчаны Седепканга көрсөттү.

— Бул эмне экен? Жөнөкөй эле таякча,— деди Седепкан айран-таң калып.

— "Жөнөкөй эле таякча!" дейт тура,— деди Билбесбек аны туурап.— Түшүнбөгөндөн кийин унчукпай эле койсоңчу! Мага муну сыйкырчынын өзү берди.

— Кайсы сыйкырчы?

— "Кайсы сыйкырчы, кайсы сыйкырчы!" Кандай сыйкырчылар болорун билмексен болосуң го!

— Албетте билбейм.— Седепкан ийиндерин куушуруп.—Ишенип кой, бир да жолу тирүү сыйкырчыны көргөнүм жок.

— Сакалы мамындай, узун, мына бул жеринде жылдыз жана жарым ай... Булька үрүп калды, а мен болсом үч жакшы иш кылдым, түшүндүңбү?



— Эчтеке түшүнгөн жокмун! Андан көрө сен катары менен түшүндүрүп айтчы.

Билбесбек болгон окуяны баштап аяк түшүндүрүп айта баштады. Седепкан баарын укту да мындай деди:

— А балким сени бирөө шылдың кылган чыгар! Тамашалап сыйкырчынын кийимин кийип алгандыр?

— Ал эми сыйкырчы бол-босо, сыйкырдуу таякча кайдан болот эле.

— Таякча чын эле сыйкырдуу экендигине сен ишенесиңби? Текшерип көрдүңбү?

— Жок, текшерип көргөн жокмун, текшерип көрүүгө болот.

— Сен анын эмнесин талкуулап турасың? Таякчаны булгалап жана каалаган бир нерсени айтуу керек. Эгерде каалаганың орундала турган болсо, анда бул чыныгы сыйкырдуу таякча.

— Эгерде аткарылбасачы? — деди Билбесбек.

— Ал эми, эгерде аткарылбаса, анда бул жөнөкөй эле жыгач таякча, жыгач таякча! Сен эмне, өзүң ошону түшүнбөй турасыңбы! —деди Седепкан кыжырданып.

Седепкандын кыжыры кайнады, анткени ал бул таякча сыйкырдуу же сыйкырдуу эмес экендигин тезирээк билгиси келди, ушул убакка чейин текшерип көрүүнү ойлобогондугу үчүн ал Билбесбекке ачууланды.

— Макул, болуптур,— деди Билбесбек.— Азыр текшеребиз. Биз эмнени каалайбыз?

— Сен эмнени каалагың келет?—деди Седепкан.

— Мен эмнени кааларымды өзүм да билбейм... Менимче, азыр эчтеке каалабайм.

— Жинди го! — Седепкандын ачуусу келди.— Сен ойлонуп көрчү. Мороженоени жегиң келеби?

Мороженое жеөгө болот го дейм.— Билбесбек макул болду.—Азыр мороженое сурайбыз.

Ал сыйкырдуу таякчаны булгалады да, мындай деди:

— Биздин колубузда эки порция мороженое болууну каалайбыз.

— Таякчага сайылган болсун, — деп кошумчалады Седепкан.

Билбесбек тарткынчыктай колун алга сунду да, атүгүл көзүн жумду.

"Кантип эле мороженое келбей койсун?"—деп ойлоду да, ал ошол замат колуна катуу жана муздак бир нерсе урунганын сезди.

Билбесбек ошол замат көзүн ачты да, колундагы таякчага сайылган мороженоени да көрдү. Таң калганынан ал оозун ачып, бул мороженое кайдан түшкөнүн билүү үчүн асманды карады. Шектүү эч нерсени байкай албай, мороженое көздөн кайым болобу же асманга учуп кетеби деп корккон сыяктуу, аны сунган колуна кармап, Билбесбек жай гана Седепканды көздөй бурулду. Седепкан да колуна мороженое кармаган бойдон кубанычтуу күлүмсүрөп турган.

— Да-даг-да-гы, — деп Билбесбек сөмөйү менен мороженоени көрсөтүп күңкүлдөдү.

Ал бирдеме айтайын деди эле,бирок толкундаганынан бир да сөз айта алган жок.

— Да-даг-да-гы дегениң эмнең? — деди Седепкан.

Билбесбек колун шилтеди да, мороженоени жей баштады. Седепкан да аны туурап жеп кирди. Мороженоени жеп бүткөндөн кийин мындай деди:

— Эң жакшы мороженое экен, туурабы?

— Укмуш! — деди Билбесбек.— Дагы бир порциядан сурайлыбы?

— Болуптур, алып кел.— Седепкан макул болду. Билбесбек таякчаны булгалады да, мындай деди:

— Бизде дагы бир порциядан мороженое болушун каалайбыз! Эмнедир бир нерсе тырс дей түштү да, абада шуудурап, Билбесбек менен Седепкандын колдорунда дагы бир порциядан мороженое пайда болду. Билбесбек дагы бир минута селдейип калды. Ошондой болсо да ал бул жолу акыл-эсин тез жыйып, мороженоени жеп бүтүп, Седепканга:

— Дагы сурайлыбы? — деди.

— Ооба, дагы бирден болсо,—деди Седепкан.

— О, улам „бирден" сурап олтурабызбы! — деп кобурады да, Билбесбек таякчаны булгалактап, бир ящик мороженоени каалайбыз,— деди.

Мороженоечилер мороженое салып жүргөн сыяктуу, чоң көк ящик жерге келип дүмп этип бир тийди. Билбесбек капкагын ачты эле, ошол замат ящиктен буу көтөрүлө берди, ошентип ал ящиктен эки порция мороженоени алып чыкты. Анан ящикти жаап, кешекте олтурган сыяктуу, анын үстүнө олтуруп алып, Билбесбек мороженоени кемире баштады, мындагы мороженое мурункуларга караганда катуурак жана муздагыраак экен.

— Мороженое деген ушул эмеспи! — деп мактады ал.— Мындан тишти сындырууга болот, эң эле катуу экен.

— Кызык, бул таякча мороженоени гана алып

келүүгө жарайбы же башка бир нерсе да алып келеби,— деди Седепкан.

— Келесоо десе! — деди Билбесбек.— Бул чыныгы сыйкырдуу таякча, ал баарына жарайт. Көрүнбөс калпакты каалайсыңбы, аны азыр алып келет; учуучу-килемди каалайсыңбы, аны да азыр эле сага даяр кылат.

— Андай болсо мейли, учуучу килемди сурайлы да, саякат кылып учалы,— деп сунуш кылды Седепхан.

Билбесбек сая-катка жөнөөнү аб-дан каалаган эле, бирок ал Билерман конструкциялаган аба шарында учуу абдан

коркунучтуу болгонун ойлонуп, Седепканга:



— Учуучу килемде саякат кылуу анчалык ыңгайлуу эмес, анткени, жогору жакта учуп бара жатканда, төмөн жа-гыңан эч нерсе көрө албайсың.

— Эгерде андай болсо, башка бир нерсе ойлонуш керек,— деди Седепкан.— Кандайдыр бир поезд болот дегенди мен бир жерден окудум эле... Сен отуруп кете бересиң, эчтеке кылуунун да кереги жок. Анткени, темир жол менен паровоз сени сүйрөп кете берет.

— Мен аны билем. Темир жол жөнүндө Билерман бизге айтып берген. Китеп үчүн Күнөстүү шаарга барганда ал аны көрүптүр. Бирок темир жол да коркунучтуу — анда кыйроолор болот.

Мына ушул учурда Билбесбек өзүнүн жаңы автомобилине отуруп алып көчө менен өтүп бара жатышкан Бурамай менен Кадообайды көрдү. Бул автомобил, ага отуруп алып тамаша кыламын деп өткөндөгү Билбесбек сындырган сыяктуу үстү ачык, төрт орундуу эле. Бирок мурдагыдан айырмасы бул автомобил андан бир кыйла кооз жана мотору да бир топ күчтүү болчу, анткени, мунун мотору жөнөкөй газдалбаган суу менен иштебестен, газдалган суу менен иштейт.

Билбесбек менен Седепканды көрө коюшуп, Бурамай жана Кадообай колдорун булгашты. Эми менде сыйкырдуу таякча бар деп аларга Билбесбек кыйкырып калды. Бирок автомобил ушунчалык катуу зуулдап кетип бараткандыктан Бурамай менен Кадообай такыр эч нерсе уккан жок.

Чаңды асманга буркулдата көтөрүшүп, өздөрүнүн машинасы менен көчөнүн аягына кирип жок болушту.

— Мынакей, биз саякатка так мына ушундай неме менен барабыз!— деп Билбесбек кыйкырып жиберди.

— Автомобиль мененби?— деди Седепкан.

— Албетте!

— Автомобилде тоодон кантип кулап түшкөнүңдү унутуп койдуңбу? Өзүң аз жерден өлүп кала жаздагансың жана машинаны сындыргансың!

— Ээй, кызыксың! Мен анда айдаганды билчү эмесмин.

— Азыр, үйрөнүп калдыңбы?

— Мага азыр үйрөнүүнүн да кереги жок. Айдагым келет деп таякчага айтсам эле, ошол замат айдаганга жараймын.

— Болуптур, андай болсо,— деди Седепкан.—Анда автомобиль менен баралы. Чынында эле кызыктуу болот.

Билбесбек таякчаны булгалады да:

— Бизде Бурамай менен Кадообайдыкындай автомобиль болсун жана мен айдай биле алайын! — деди.

Ошол замат көчөнүн аягынан автомобиль көрүндү да, тез эле Билбесбек менен Седепкандын жанына жетип келди. Билбесбекке Бурамай менен Кадообай кайра келе жаткандай көрүндү. Бирок автомобиль келип токтогондо, Билбесбек рулда эч ким жок экенин көрдү.

Билбесбек автомобилди айландыра карап чыкты да:

— Кандай сонун машина! — деп кыйкырды.

Мени тамашалоо үчүн, машина айдоочу атайы машинанын алдына жашынып алган экен деген ойго келди да, ал машинанын алдын шыкаалады.

Эч кимди таба албаган Билбесбек мындай деди:

— Мында таң каларлык эчтеке жок. Сыйкырчы деген сыйкырчы!

Ал ушул сөздү айтты да машинанын эшигин ачып, арткы отургучуна мороженое салынган ящикти койду, өзү алдына рулга олтурду. Седепкан анын жанына олтурду. Билбесбек

моторду от алдырайын деди эле, Седепкан машинанын алдына бир кортогой жакындап келе жатканын көрө койду.

— Токтой тур,— деди Седепкан Билбесбекке.—Биз аны тепсетип кетип жүрбөйлү!..

Билбесбек ал бала жакындаганга чейин күттү, ал баарыга белгилүү Чамбылбек-Шалтак экенин көрдү.

Бул Чамбылбек-Шалтак дайыма боз шым, ошондой эле бозомук кемзел кийип жүрчү, анын башында саймаланган көк топусу бар, аны ал малакай деп атоочу. Ал көк кездемени көп кирдебейт, турмушта эң мыкты кездеме дечү. Бул, албетте болбогон кеп жана туура эмес. Көк кездеме башкалар сыяктуу эле кирдейт, бирок анын кирдегени көп билинбейт.

Чамбылбек эң эле адам күлө тургандай кортогой экенин эскерте кетүү керек. Анын эки эрежеси бар эле: эч качан жуунбайт жана эч качан таң калбайт. Ага биринчи эрежени сактоо экинчисине караганда бир кыйла кыйыныраак эле, аңткени аны менен бир үйдө жашаган кортогойлор түшкү тамактын алдында аны дайыма жуунууга мажбур кылышчу. Эгерде ал жуунбайм деп каршылык кылса, аны үстөлгө отургузушчу эмес. Мына ошентип, кандай болсо да, жуунууга туура келчү, бирок ал бат эле булганып ала турган адаты болгондуктан, мунун анчейин деле мааниси жок болчу. Кандай жуунса, ошондой эле анын бетинде кандайдыр шатала-ботала тактар пайда болуп өңү күлгө көмгөн көмөч өңдөнүп калар эле. Мына ошону үчүн аны — Чамбылбек деп коюшкан. Эгерде ошол мезгилде Гүлстан шаарына белгилүү саякатчы Циркуль келип калбаганда, ал ошол аты менен кылымдар бою кала бермекчи.

Саякатчы Циркулдун да адамды кызыктыра турган өзгөчөлүгү бар болчу, ал жөнүндө айта кетүүгө болот. Ал абдан арык жана узун бойлуу: колу да узун, буту да узун, башы да узун, мурду да узун. Анын шымы керege көз да, узун да эле. Циркуль болсо анда жашашкандар такыр жөө жүрүшпөгөн, жалаң гана

велосипед минип жүрүшчү Катигорошкин шаарында турчу. Циркуль да дайыма велосипед минип жүрчү. Ал велосипед мингенге ушундай ышкылуу болчу, өзүнүн шаарында жүргөнү жетишсиз болуп, кортогойлордун дүйнө жүзүндөгү бардык шаарын кыдырып чыгууну ойлогон.

Ал Гүлстан шаарына келип, бардык жерде өзүнүн велосипеди менен жүрдү, өзүнүн узун мурдун бардык жерге көрсөттү жана бардыгы менен таанышты. Ал бат эле бардыгын беш колундай билди, гүлстандыктар атайы катып койгон Чамбылбекти гана билчү эмес, анткени ал бизди уят кылат деп коркушкан. Эгерде Циркуль анын ботала болгон суук жүзүн көрсө, Гүлстан шаарындагы кортогойлордун бардыгы ушундай ботала болгондор экен деген ойго кетет го дешти. Мына ошондуктан бардыгы Чамбылбекти Циркульдун көзүнө көрсөтпөөгө аракет кылышты.

Циркуль кетүүгө камынбаганга чейин, негизинен бардыгы өз жайында жакшы болду. Ошол күнү, эмнегедир, Чамбылбекти көзөмөлдөө бошондой калды, шаардын эли Циркуль менен коштошуп жаткан учурда ал көчөгө чыкты. Кортогойлордун арасынан тааныш эмес физиономияны көрүп, Циркуль аны билбегендиги үчүн бир далай таң калды да: “Бул ботала болгон ким?” — деп сурамакчы болду. Бирок ал абдан жакшы тарбияланган кортогой болгондуктан „ботала” деген орой сөздү айта алган жок да, сылыгыраак түрдө:

— Бул Чамбыл-шалтак ким деген эмеңер?—деп сурады.

Бардыгы бурулуп караштыда, чын эле өңү-башы чамбыл ала болгон Чамбылбекти көрүштү, ал ошол күнү эртең мененден бери жуунган эмес эле. Бул сөз бардыгына абдан жакты, мына ошондон бери Шалтакты Чамбылбек деп аташа турган болду. Чамбылбек деп аташканы Шалтактын өзүнө да жагып калды, анткени жөн эле Шалтак дегенден көрө бул кандайдыр көркөмүрөөк жана жакшы угулат.



## Бешинчи глава

## БИЛБЕСБЕК, СЕДЕПКАН ЖАНА ЧАМБЫЛБЕК-ШАЛТАК САЯКАТКА КАНТИП ЖӨНӨШТҮ

— Эй, Чамбылбек-Шалтак, саламатпы? — деди Билбесбек, Чамбылбек абдан жакын келип калганда.— Көрдүңбү, биздин эми автомобилибиз бар.

— Таң каларлык эчтекеси жок! Бурамай менен Кадообайдын автомобили силердикинен канча жакшы, — деп жооп берди Чамбылбек.

Ал токтой калды да, колдорун боз шымынын чөнтөктөрүнө салып, автомобилдин алдынкы дөңгөлөктөрүн карай баштады.

— Мунуң туура эмес, карап көрчү,— деди Седепкан.— Бул автомобиль так эле Бурамай менен Кадообайдыкы сыяктуу. Мындан башка да Билбесбекте сыйкырдуу таякча бар.

— Муну карасаң, көргөн эмессиң! — деп Чамбылбек кайра жооп берди,— Эгерде мен каалай турган болсом, менде жүз сыйкырдуу таякча болот.

— Ал эмне үчүн сенде жок?—деп сурады Билбесбек.

— Анткени мен каалабайм.

Билбесбек аны эч нерсе менен ынандыра албай турганын көрдү да, ага мындай деди:

Биз саякат кылганы жөнөп жатабыз. Биз менен барууну каалайсыңбы?

— Макул, —деди Чамбылбек ага. —Азгырдыңар.

Ал эшикти ачып автомобилге кирди да, каадалуу кишиче арткы отургучка отурду.

— Кана, жөнөйлүбү? — деп сурады Билбесбек.

— Жөнө, жөнө!— деди Седепкан.

— Жөнөсөң жөнө, бирок деги ажал жеткиче өлтүрбө, — деп кошумчалады Чамбылбек.

Билбесбек автомобилдин приборлору коюлган щиттеги ачкычты бурду да, стартёрдун педалын буту менен басты. Темирге темирди сүрүп жаткан сыяктуу стартёр чыр-чыр дей түштү да, куру бекер жүрүп, мотор түрсүлдөй баштады. Билбесбек моторду бир аз ысытып, чиркештирмесин басты да, куту бергичти аракетке келтирип, чиркештирмени бошотуп, газ берди. Машина ордунан жылды. Билбесбек рулду жай гана айландырып, кээде биринчи, кээде экинчи ылдамдыкка коюп, газды бирде көп берип, бирде аз берип, бирде ылдам, бирде жай айдап бара жатты. Тигил же бул рычагды эмне жылдырганын, тигил же бул педалды эмне басканын ал өзү түшүнбөсө да, ар бир жолу бардыгын туура иштеп бара жатты жана бир да жолу жаңылган жок. Бул болсо, албетте сыйкырдуу таякчанын аркасында ал автомобилди тез айдоого үйрөнүп олтурат, эмнени буруу керек жана эмнени басуу керек экенин ойлобостон, бардыгын кадимкидей тез жасаган кадиктүү шофёр өңдүү айдап бара жатты.

Көчөлөрдөн өтүп бара жатып, Билбесбек элдин көңүлүн өзүнө буруу үчүн сигналдын кнопкасын атайы басып, катуу түтүлөттү. Ал рулда кайраттуу отурганын жана эчтекеден коркпогонун бардыгына көрсөтмөкчү болгон. Бирок Гүлстан шаарынын элдери Бурамай менен Кадообай айдап жүрөт деп ойлошуп, Билбесбекке эч бири да көңүл бөлгөн жок.

Автомобиль шаарды кыдырып чыккычакты, Седепкан Чамбылбек менен аңгемелешип калды.

— Сен, Чамбылбек, түрүңө караганда бүгүн жуунбасаң керек?

— Мен аябай жуунганмын!

— Эмне үчүн мындай булганычсың?

— Мүмкүн кайра булгансам керек.

Сен кайра жуунушуң керек, анткени биз мындай шалтактаган немени саякатка алып жүрө албайбыз.

— "Алып жүрө албайбыз", - бул эмне дегениң? Жүрү деп өзүңөр азгырдыңар, ал эми "алып жүрө албайбыз" дейсиңер,— Чамбылбек кыжырланды.

Билбесбек ушул аралыкта шаардан чыгып, Бадыраң дарыясына келди да көпүрөнү көздөй бурду. Көпүрөдөн өтө берерде Седепкан мындай деди:

— Машинаны токтот. Азыр Чамбылбек жуунат.

Билбесбек жээкке келди да, машинаны токтотту.

— Мен макул эмесмин! — Чамбылбек машинадан чыга келди.— Бир күндө эки жуунсун деген эреже жок!

— Болуптур, эгерде каалабасаң, анда сен бул жерде калууга туура келет. Биз сенсиз эле кетебиз. — Билбесбек катуу айтты.

— Менсиз дегениңер, бул кандай? Силердин айтууңар боюнча мен кайра жөө барышым керек экен го? Эгерде андай болсо, кай жерден мени айырсаңар, ошол жерге кайра алып, баргыла. Болбосо мен макул эмесмин.

— Макул, болуптур, мейли Чамбылбек бара берсинчи,— деди Билбесбек. — Бул үчүн биз кайра бармак белек.

— Ал эми биз саякаттап жүрүп, балким башка бир шаарга келип калсак, мындай шалтактаган немени өзүбүз менен бирге алып келгенибизди бардыгы көрүшөт. Биз, өзүбүз уят болобуз,— деди Седепкан.



— Анын туура,— деп Билбесбек макул болду.— Сен, Чамбылбек, баары

бир жуунушуң керек. Кана, жолдоштор, үчөөбүз тең жууналы?

Ал гана жалгыз жуунбастыгын угуп, Чамбылбек тынчтанды да, мындай деди:

— Бул жерде кантип жуунабыз? Самын да, аарчына турган сүлгү да жок.

— Кам санабай эле кой, —деди Билбесбек.— Бардыгы болот.


Ал сыйкырдуу таякчасын булгалады эле, ошол замат үч тоголок самын, үч сүлгү пайда болду. Чамбылбек таң калмакчы болду эле, бирок эч нерсеге таң калууга болбойт деген өзүнүн эрежесин эстеди да, унчукпастан сууну көздөй кетти.

Бир нече минутадан кийин үчөө тең жуунушуп, автомобиль менен токойду аралап баратышты. Седепкан мурдагысындай Билбесбектин жанында, ал эми Чамбылбек артында, көк ящиктин катарында олтуруп баратты. Жол абдан тегиз эмес, ийри-муйру болчу. Кээ бир жерлеринде жыгачтардын жоон тамырлары жерден чыгып турат, кээде чуңкурлар жана өңгүл-дөңгүлдөр туш келет. Мындай жерлерде катуу дөңкүлдөбөсүн" үчүн, Билбесбек алдын ала ылдамдыкты акырындатат. Седепкан болсо артына бурулуп, күлүмсүрөп Чамбылбекке карап коёт. Анын таза жана кызыл тору болуп нурланышы ага жакты.

— Көрдүңбү, кандай сонун, — деди ал. — Жуунуп жүрсөң өзүңө да жакшы.

Чамбылбек аны жактырбай, тетири карады, ал гана эмес





Седепканды көргүсү да келген жок.

— Болду эми, көп эле тултуйба, кичи пейилдикке жатпайт, — деди Седепкан. — Ары жакта, сенин жаныңдагы көк ящикте мороженое бар.

— Бул мороженое беле! — Чамбылбек сүйүнүп кетти. — Бул эмне ящик деп мен баятан бери таң калып келе жатам.

Ал ящиктен үч мороженое алып чыкты. Бардыгы жей башташты. Билбесбекке эки ишти аткарууга: мороженоени жеп, машина айдоого туура келди. Бир колунда машинанын рулу, бир колунда жалап бара жаткан мороженоеге кызыгып бара жатып, Билбесбек алды жагындагы аңды көрбөй калды жана өз убагында ылдамдыгын азайтууга жетише алган жок. Машина ушунчалык катуу силкинди эле, Чамбылбек өөдө ыргып кетти да, шашып кетип мороженоени бүт сугунуп жиберди. Анын колунда мороженое сайылган калакчасы гана калды.

— Байкеси, сен акырын,— деди ал Билбесбекке.— Сенин азабыңдан бүтүн мороженоени да жутуп жибердим.

— Эчтеке эмес,— деп жооп жерди Билбесбек.— Башкасын алсаң да болот.

— Андай болсо болуптур,— деди да, Чамбылбек ящиктен башка жаңысын алып чыкты.

— Сен, Билбесбек, мороженоени жебегиниң. Ал сени алаксытат, биз бүлгүнгө учурашыбыз мүмкүн, — деди Седепкан.

— Сен да жебегиниң, ал да мени алаксытып жатат.

— Жакшы болот, мен жебеймин.— Седепкан макул болду.

— Мен жеймин эле, анткени, мен артында отурамын, эч кимди алаксытпаймын, —деп жооп берди Чамбылбек.

Көп узабай алар токойдон чыгышты, машина талаа менен сызып бара жатты. Жол тоону көздөй кетип бара жатты. Биздин жолоочуларга алар жердин эң четине жеткен сыяктуудай болуп көрүндү, анткени тоонун ары жагында асмандан башка эч нерсе көрүнбөйт.

— Башка жагын көздөй жүрүш керек экен да, анткени бул жагынан жер бүтүп бара жатат, — деди Билбесбек.

— Ошондой, — деп Чамбылбек кубаттап кетти. — Бир аз туура эмес кылган экенбиз. Не бар, не жок, сен жайыраак жүрсөң, тормоз бере албай калып, аягыбыз асманга чыгып жүрбөсүн. Ушунчаңда артка бур, аман-эсен кетели.

— Жок,— деди Билбесбек.— Жер бүткөн жерден ары эмне бар экенин көрүүнү көптөн бери эңсеп жүргөм.

Алар мына ушинтип сүйлөшүп келе жатышканда, тоолор да бүттү саякатчылар кайрадан мелтиреген түзөңгө түш келишти. Төмөн жагында зор өрөөн созулуп жатат, оң жагында жашыл чөптүү жана калың бадалдуу дөңсөөлөр заңкаят. Алыста карарыңкы тартып токой жатат. Бүткүл өрөөн сапсары каакумдар, көк жашыл козу кулактар менен кызыл-тазыл болуп көрүнөт... Кортогойлордо “кайың боткосу” деп аталган ак гүлдөр эң эле көп экен. Бул “ботко” опсуз көп эле, жер бетин жөн эле кар каптап кеткенсийт. Биздин жолоочулар алды жагынан татынакай сулуулукту көргөн кезде, алардын көңүлү кубанычка чалкыды.

— Жердин чети ушуну менен эле бүтпөйт турбайбы, — деди Билбесбек.

— Ооба, — деди Чамбылбек. — Көрсө жер биз ойлогондон чоң турбайбы. Мына ушинтип, биз маанилүү илимий жаңылык ачтык, мына ушунун кубанычына дагы бирден мороженое жесек болот.

Бул сөзду айтып, ал көк ящикке колун салды да, бир мороженое алып чыгып жей баштады.

Жер эңкейиштеп бара жаткандыктан машина ылдам жүрө

баштады. Кайрадан өргө туш келишти, саякатчыларга жердин чегине жеткендей болуп көрүндү, бирок өр бүтөр замат кайрадан түз мейкин көрүндү. Мына ушунтип бирде өргө, бирде түзгө туш келишип бара жатышты.

— Жердин учу-кыйры жок дейт, кайсы гана жагын көздөй барбагын, анын четине чыга албайсың, — деди Седепкан.

— Менимче бул туура эмес, —деди Билбесбек. —Биз, кортогойлор, абдан кичинебиз, өзүбүздүн кичинекей көз карашыбыз менен чоң нерсени кучагыбызга ала албайбыз, ошондуктан бизге учу-кыйры жок болуп көрүнүп жатса керек.

— Мен да ушундай деп ойлоймун, —деди Чамбылбек. — Менимче бардык нерсенин чети-кыйры бар. Маселен, алалы, мына бул ящикте мороженое көп, жакында анын түгөнө тургандыгына менин көзүм жетип турат.

Жол жомогун айтышып, Билбесбек жана анын жолдоштору улам нарылап кетип бара жатышты, жолдун бурулушуна кандайча жеткендерин да билбей калышты. Билбесбек машинасын токтотту да, мындан ары түз кетиш керекпи, же оңгобу, же солгобу билмекчи болду. Бурулушта мамы турат, ага жазуусу бар үч көрсөткүч кадалган. Түптүз кеткен жолду көрсөткөн көрсөткүчкө: „Таш шаары" деп жазылган. Сол жакты көрсөткөн көрсөткүчкө: „Топурак шаары" деп жазылган. Эң акырында, оң жакты көрсөткөн көрсөткүчкө: „Күнөстүү шаар" деп жазылып турат.

— Баары түшүнүктүү, — деди Билбесбек. — Таш шаары, демек бул шаар таштан жасалган. Топурак шаары — бул шаар топурактан жасалган, анда бардыгы жер үйлөр.

— Күнөстүү шаар, демек, сенин оюңча күндөн жасалган го, ушундайбы? —деп Чамбылбек аны жактырбай күлүп сурады.

— Болсо болгон чыгар, —деди Билбесбек.

— Андай болууга мүмкүн эмес, анткени күн абдан ысык, андан үй курууга болбойт, — деди Седепкан.

— Болуптур, бара көрөбүз,— деди Билбесбек.

— Андан көрө адегенде Таш шаарына баралы, — деп сунуш кылды Седепкан. —Таш үйлөрдү көрүү абдан кызык.

— Ал эми мен топурак үйлөрдү көргүм келет. Кызык, анда кортогойлор кандайча жашап турушат болду экен? — деди Чамбылбек.

— Кызыккандай эч нерсе жок. Күнөстүү шаарга барабыз. Башка сөз болууга мүмкүн эмес. — Билбесбек кесе айтты.

— Сөз болууга мүмкүн эмес дейт тура? Сени бул жерде башкаруучу койду беле, — деп Чамбылбек таң калды. — Бирге келе жатабызбы, демек бирге чечишибиз керек.

Алар маселени чогуу чече башташты, ошондой болсо да макулдаша алышкан жок. Акырында Седепкан мындай деди:

— Талашпай эле коёлу, андан көрө токтой туралы. Кайсы жагына барыш керек экенин учурдун өзү көрсөтөт да.

Билбесбек менен Чамбылбек талашышпады. Ошол учурда сол жаккы жолдон автомобиль көрүндү. Ал саякатчылардын көзүнө жылт эте түшүп, „Күнөстүү шаар” деген жазууну көрсөтүп турган көрсөткүч жакты көздөй жок болду.

— Мына көрдүңөрбү, — деди Билбесбек. — Бул көрүнүш биз дагы күнөстүү шаарга баруу керек экендигибизди көрсөтүп олтурат. Бирок силер ачууланбагыла. Биз адегенде Күнөстүү шаарда болобуз да, андан кийин Таш, анан Топурак шаарын көздөй бурулабыз.

Ушуну айтып, ал моторду кайрадан от алдырып, рулду оң жакты көздөй бурду. Машина зымырап улам ары кетип бара жатты.


## Алтынчы глава
## ОКУЯЛАР БАШТАЛДЫ

Бурулуштан тартып жол түз жана жазы боло баштады. Автомашиналар бул жерден көп өтө тургандыгы байкалып турат. Бир аздан соң биздин саякатчыларыбыздын алдынан автомобиль каршы келди. Ал ушунчалык тез өттү дейсиң, эч кимиси аны жакшылап көрө албай калды. Бир канча убактан кийин аларга башка автомобиль жете келди, ал жапыз, узун, жаркыраган фаралуу, ачык жашыл түстүү боёк менен боёлгон, тааныш эмес конструкциядагы автомобиль экенин Билбесбек көрдү. Айдоочу машинадан башын чыгарып, Билбесбектин автомобилин кызыга карады да, андан соң ылдамдыгын арттырды да, алыстап кетип тез эле көздөн кайым болду.

Жол адыр аралап, бирде токой, бирде талаа менен кетет. Саякатчылар күтүлбөгөн жерден дарыяга туш келишти. Алдыда суу жылтырап жатат, суунун үстүнө бир жээгинен экинчи жээгине көпүрө салынган. Дарыянын ортосунда тумшугу менен толкунду жирип кеме сүзүп жүрөт. Анын чоң мору бар, ал мордон түрмөктөлүп чыккан түтүн булуттай уюлгуйт.

— Карачы, кеме! — Седепкан кыйкырып жиберди да, сүйүнгөнүнөн алаканын чапкылады.

Ал мындай кемени эч бир көргөн эмес, анткени Күнөстүү шаардан башка жерде болгон эмес, ал эми Бадыраң дарыясында кемелер сүзүшпөйт. Ошондой болсо да бул кемени дайыма



китептердеги сүрөттөрдөн көрүп жүргөндүгү ошол замат Седепкандын эсине түштү.

— Келгиле, токтойлу жана көрөлү, — деп Билбесбек сунуш кылды.

Билбесбек көпүрөнүн ортосуна барып, машинаны токтотту. Бардыгы машинадан чыгышты да, көпүрөнүн тосмосуна чыканакташып карай башташты. Кеменин палубасында көп жүргүнчүлөр — кортогойлор жүрүшөт. Алардын кээ бирөөлөрү борттогу узун отургучтарга отуруп алышып, кооз жээктерге кызыгып баратышат, кайсы бирөөлөрү өз ара аңгемелешип, ал гана эмес бир нерселер жөнүндө талашууда, үчүнчүлөрү аркы-терки басып жүрүшөт. Арты түшүрүлүп коюлган жумшак креслолорго отуруп үргүлөп бара жаткандар да бар. Буттарын өөдө асып коюп бул креслолорго отуруу абдан ыңгайлуу эле.

Кеме көпүрөнүн астынан сүзүп бараткандa, палубадагы бардык жүргүнчүлөр Билбесбекке, Седепканга жана Чамбылбекке даана көрүндү.

Күтүлбөгөн жерден көпүрө кеменин морунан уюлгуй чыккан түтүнгө капталды. Билбесбек түтүнгө ышталып, жөтөлө баштады, ага карабастан, кеменин артынан ээрчий кароо үчүн көпүрөнүн экинчи тарабына чуркап барды. Седепкан менен Чамбылбек анын артынан чуркашты. Түтүн тараганда кеме алыстап калган эле.

Ошол замат биздин жолоочулар автомобилге олтурушту да, зымырап жол тартышты. Билбесбектин оюнан кеме такыр чыкпады жана таң каалуудан таң калууда:

— Мына кеме деген! Мына ушундай зор нерсе сууда сүзөт десе, эч качан ишенбес элем.

Седепкан да таң калды. Ал эми Чамбылбек адегенде таң калмакчы болду эле, бирок эч нерсеге таң калбоо жөнүндөгү өзүнүн эрежесин эстеди да, мындай деди:

— Ушул да кемеби! Чоң гана кайык.

— Чоң гана тепши деп да айткың келип тургандыр! — деди Билбесбек.

— Тепши деп жатамбы? Тепши болсо мен тепши деп эле айтат элем, ал эми мен кайык деп жатам.

— Койсоңчу, Чамбылбек, менин ачуума тийбе! Машина айдап бара жатканда шофёрдун кыжырын келтирүүгө болбойт, авария болушу мүмкүн.

— Сени машина айдап баратат экен деп, мен чындыкты айтпашым керек экен да?

— Кайдагы жалганды айтып жатасың? Мен сени жалган айтууга үйрөтүп жаткандай, эмнени айтып жатасың? — деп Билбесбек кызаңдай түштү. — Седепкан укчу, тигиге айтып кой, мен өзүм үчүн жооп бербейм.

— Чамбылбек, унчукпа, — деди Седепкан.— Болбогон нерсени суроого ынталуу экенсиң!


— Болбогон нерсени имиш, кемени тепши деп айтып коюп,

— Билбесбек ачуулана сүйлөдү.

— Мен тепши деп жатканым жок, кайык деп жатам, — деп жооп берди Чамбылбек.

— Койчу, сенден сураганым, болдучу эми Чамбылбек. Андан көрө мороженое жечи, — деди Седепкан.

Чамбылбек кайрадаи мороженоеге кирди да, бир аз жаагы басылды. Машина адатынча талаа менен зымырап бара жатты. Жүргүнчүлөргө улам жаңы жерлер кез келе берди. Бир нече



убактан кийин алдынан темир-жол кез келди, аны бойлоп, электр зымдары тартылган телеграф зым карагайлары турат. Алыстан паровоз күшүлдөп, чиркелишкен вагондордун чубалжыган тизмегин сүйрөп келатат.

— Карагылачы, поезд! Поезд! — деп кыйкырды Седепкан сүйүнгөнүнөн.

Ал поездди биринчи жолу көрүшү эле, бирок кемени сүрөттөн көрүп билген сыяктуу, аны да сүрөттөн билчү.

— Карагылачы, чын эле поезд! — Билбесбек да таң калды. Бул жолу да таң калбайын деген Чамбылбек мындай деди:

— О-о укмуш — поезд имиш! Дөңгөлөктүн үстүнө үйлөрдү тургузуп коюшуп, ага өздөрү кирип алышып, кубанышат, ал эми паровоз сүйрөп баратат.

— Седепкан, бул эмне дегени? Мунуң дагы менин кыжырыма тийип жатат, — деп Билбесбек кыйкыра сүйлөдү.

— Кыжырына тийген имишмин! Мунун назиктигин кара, — деп Чамбылбек жек көрө мурдун чүйрүп койду.

— Мен сага көрбөгөндү көрсөтөм! — Билбесбек абдан ачууланды.

— Басылгыла, басылгыла! „Көрсөтөмүн" деген эмне сөз? — деп Седепкан таң калды.

— Эмне үчүн ал мага назик болуп калганын айтам?

— Сен, Чамбылбек, аны назик деп айтпашың керек,—деди Седепкан, — бул жакшы эмес.

— Анын эмнеси жаман экен. — Чамбылбек макул болбоду.

— Келтирип туруп коюп калсам, ошондо көрөсүң дегендин эмнеси жакшы эмес экенин билесиң, — деп күңкүлдөдү Билбесбек.—Мен өзүм үчүн жооп бербеймин!

Автомобиль зымырап кетип бараткан жол темир жолду кесип өтөт. Ал эми Билбесбек Чамбылбек менен талашып-тартышып келатып, темиржолдон өтүп баратканда дал паровоздун алдында каларын бир далайдан кийин эстеди. Машина

кесип өтө турган жерге поезд келгенге чейин өтүп кетиш үчүн тезирек жүрмөкчү болду, бирок темир жол линиясына жакындаган сайын кесилиште паровоз менен кагылышып кала тургандыгын даана көрүп келе жатты. Паровоз абдан жакын келип калганын жана алар түптүз анын дөңгөлөгүнө кирип баратканын көрүп, Билбесбек калтырап-титиреп рулга асылды да, мындай деди:

— Мына эми! Мен авария болот дебедим беле.

Седепкан паровоз түптүз аларды качырып келе жатканын көрүп, коркконунан бүрүшүп, колу менен көзүн басты. Чамбылбек өйдө тура калып, эмне кыларын билбей, Билбесбекти чоку талаштыра бир муштады да:

— Токто, айбан! Бул эмне кылганың!— деп кыйкырды.

Тормоз берүү, баары бир кеч болуп калганын түшүнүп жана паровоздун алдынан чыгып кетүүгө мүмкүн эмес экендигин көрүп, Билбесбек рулду айландыра баштады. Мына эми бири-бирине урунуша турган болгондо, ал оңго бурду да өзүнүн машинасы менен паровоздун алдындагы темир жол полотносуна чыкты. Автомобиль шпалдарды аттап баратты, ал эми анын артынан, кандайдыр бир укмуш жырткыч сыяктуу оор күшүлдөп паровоз баратты. Чамбылбек артында олтуруп баратып, паровоздон чыккан жылуулук аны уруп баратканын сезди. Аны менен катар мороженое салынган ящик дөңгүлдөйт. Чамбылбек мороженое машинадан түшүп калбоо үчүн бир колу менен ящикти кармап, экинчи колу менен отургучтун артын кармоодо.

— Айланайын Билбесбек, ылдамдата көр!—Чамбылбек коркконунан калтыраган үн менен сурады. — Өлүп кетейин, мындан ары сепи менен эч качан талашпаймын!

Билбесбек педалды күчүнүн бардыгынча басса да, ылдамдыгын арбыта албады. Башка жакка буруруга да мүмкүн эмес, анткени темир жол бийик кыр менен кетет жана ылдый кетүүгө да болбойт.

Седепкан кагылышуу болбогонун билген соң, көзүн ачып, артына бурулду эле, аларды согончоктоп кууп келе жаткан паровозду көрдү. Паровоз айдоочу автомобилди эми гана көрдү. Седепкан паровоздун будкасынан машинист кортогой башын чыгарып карап, алдында кетип бараткан машинаны байкаган соң, таң калганынан оозун ачканын көрдү. Ал корккондунан шашып кетип, рычагды тартып алды да, коркунучту билдирчү гудок бере баштады, андан кийин клапанды ачты, паровоздун дөңгөлөгүнүн астынан буу туш-тушка кетип жатты. Чамбылбек буу күйгүзүп кетпесин үчүн отургучтун астына жашынды. Бууну чыгарып машинист тормоз берди, поезд жүрүшүн аз аздап акырындата баштады. Автомобиль мурдагы эле ылдамдыкта жүрүп, алдыга узап кетти. Машина менен паровоздун ортосу далай эле алыстады, бирок Билбесбек аны байкаган жок. Алды жагында темир жолго төшөлгөн топурак мурдагыдай тигирээк эмес, айдөшүрөөк болуп кеткенин көрдү да, Билбесбек каптал жагына бурду, машина ылдый карай кетти. Өңгүл-дөңгүлгө барып бир тийип, машина тык токтоду. Седепкан менен Билбесбек аз жерден чекелерин уруп ала жаздашты, Чамбылбек болсо эпкин менен көгүлтүр ящик экөө отурган жеринен учуп кетти. Машина дажала салып, аягы асманды карап учуп барып жерге бир тийди да, сулк жатып калды. Ушу убакта поезд да токтоду. Жүргүнчүлөр вагондон чуркап чыгышып, эмне болгондугун бир-биринен сурай башташты, бирок эч ким эч нерсе билген жок. Алардын кээ бирөөлөрү темир жолдун кырынан ылдый түшүшүп, Билбесбекке жана анын жолдошторуна чуркап барышты. Чамбылбектин сулк жатканын көрүшүп, аны тегеректеп калышты. Кимдир бирөө анын бетине муздак суу чачуу керек, ошондо ал эс алат деди... Бирок Чамбылбек муздак суу дегенди угар замат ыргып турду, эмне кыларын билбей айланасын карады да, кекечтене: Мо-мо-мороженое кайда? — деп сурады.

— Мо-мо-мороженое мында, — деди Седепкан, азап чеккенинен чулдуруктап.

— А-ан-андай болсо, санаам тынчыды, — деди Чамбылбек. Ал чыйрала түштү да, ящикти жерден көтөрүп кайра машинага койду. Ушул учурда паровоздон машинисттин жардамчысы чуркап келди.

— Баарыңар амансыңарбы? — Ал алыстан кыйкырды. — Эч ким жарадар эмеспи?

— Эч ким жарадар эмес, — деди Билбесбек. — Бардыгы жайында.

— Абдан жакшы болуптур, ал эми силер алдыда баратканды көргөндө машинист абдан коркуп кеткен экен, азырга чейин эс-учун жыя албай жатат, — деди жардамчы.

— Сиздер кайда баратасыздар? — деди Билбесбек, — Поезд Күнөстүү шаарга баратат, — деп жооп берди жардамчы.

— Биз да Күнөстүү шаарга баратабыз. — Билбесбек сүйүнүп кетти.

Андай болсо силер шоссе жол менен жүрүшүңөр керек. — Жардамчы катуу айтты. — Автомобиль менен ким темир жолдо жүрсүн!

— Биз шоссе менен эле бараткан элек, мына бу Чамбылбек айтып калды... Ак чөп башымда, биз адегенде кемени... билесизби, ушундай чоң кемени көрдүк.

Билбесбек" кеме жөнүндө жана Чамбылбек менен кандайча талашканы тууралу, бирок ошол замат паровоздун ышкырыгы чыкканын ийне-жибине чейин айтты.

— Кечирип коюңуз, — жардамчы Билбесбектин сөзүн бөлдү да, — биз жөнөшүбүз керек, анткени поезд кечигүүгө тийиш эмес, — деди. — Эмки жолу биз сиздин аңгемеңизди жан-дилибиз менен угабыз.

Бул сөздү айтып, ал небак буусун чыгарып калган паровозду көздөй чуркады. Жүргүнчүлөр өздөрүнүн вагондоруна жүгүрүштү.

— Качаңкы кезигише турганды айтып жатасыз? — деп кыйкырды Билбесбек. — Мүмкүн мындан кийин биз кезигишпеспиз!

Бирок аны эч ким уккан жок. Поезд ордунан жылды, кээ бир кортогойлор вагонуна жүрүп бараткандa секирип түшүүгө туура келди.

— Карачы! — Билбесбек наарaзы боло сүйлөдү. — Бир аз күтө турбаганын көрсөң. Эң кызыктарын айтпай калдым да!

## Жетинчи глава
## САЯКАТ УЛАНТЫЛА БЕРДИ

Билбесбек, Седепкан жана Чамбылбек кайра шоссеге чыгышып, үзгүлтүккө учураган саякатын улантышты. Чамбылбек мурдагысындай эле артка олтуруп, мороженоени аябай жей берди. Ал машинадан ыргып кеткенде абдан корккондугун, ал эми мороженое көңүлүн тынчытууга таасир кылганын айтты. Седепкан паровоздон коркконун эсине түшүрдү, ал эми Билбесбек болсо, паровоз менен кагылышуудан аман калуу үчүн, эң акыркы кыйын-кысто учурунда машинаны бура коюуну ойлоп таба койгонун кошулташыл кылып айтууда.

— Бир убакта карасам, түптүз эле паровоздун алдына кирип баратабыз! Ылдам айдоого болбойт, тормоз берүүгө кеч болуп калган. Мына эми баарыбыз бүттүк го деп ойлондум!.. Ошол учурда башыма: буруш керек деген бир ой келе түштү...

— Сени баштан ары бир койгон мен, — деди Чамбылбек. — Билесиңби, мен коркуп кеттим...

— Сен дагы адетиңче менин жиниме тие баштадыңбы! — Билбесбек ачуулана кетти.

— Болуптур, унчукпайм, унчукпайм! Рулду башкарып бараткан айдоочунун ачуусун келтирүүгө болбой тургандыгын билем.

Мына ушул учурда биздин жолоочуларды бир автомобиль кууп өттү. Ал ачык сары түстө эле. Анда эки кортогой бара жаткан болчу. Рулда бара жаткан кортогой Билбесбектин

машинасына көз чаптырып өтүү үчүн атайын акырын айдай баштады. Анын жанында отурган кортогой Чамбылбекти абдан дааналап карады да, жылмайыңкы мындай деди:

— Айланайын, бир аз жуунуп алсаң болбойбу.

Экөө тең каткырып калышты, андан кийин айдоочу ылдамыраак жүргүзө баштады, машина алдыга узап кетти.

— Билбесбек менен Седепкан арт жагына бурулушуп, Чамбылбектин бети-башынын кирлигин көрүштү.

— Сага эмне болду? — Билбесбек таң калды. — Сен жана эле жуунбадың беле.

— Качан жана эле? Жуунганым качан, — деп жооп берди Чамбылбек.

— Биз деле сени менен бирге жуунбадык беле. Биз эмне үчүн тазабыз, — деп сурады Седепкан.

— Айтпадым беле! — Чамбылбек жайдары гана жылмая карады. — Силер алдыда отурасыңар, мен артта олтурам. Ошондуктан чаңдын баары мени көздөй келип жатат.

— Демек биз алдында бараткандан кийин чаңдын көпчүлүгү бизди каптоого тийиш,— деди Билбесбек.

— Силерде кандайча болуп бара жатканын мен билбейм,
— Чамбылбек колун шилтеп койду.

Чындыгына келгенде бардыгына чаң күнөөлүү болчу. Эгерде бети былжырап жабышкак болбосо анчейин деле чаң жукмак эмес, бирок Чамбылбектин бети былжырап жабышкак эле, анткени ал үстөкө-босток мороженое жеп бараткандыктан, мороженое колунда эрип, жаактарын майлап, мурдун, ал гана эмес кулагын да суу кылып койгон. Ага жолдун чаңы татынакай болуп жабышып калган. Чаң жабышкан суу болгон жерлер акырындык менен кургап, бети-башы чамбыл ала кир болгон.

— Чамбылбек, көлгө же өзөнгө кез келсек, сен дагы жуунушуң керек, — деди Седепкан, — Ар ким эле бизге күлө берсе, бул жакшы эмес!

— Бизге күлө берүүгө аларга укукту ким бериптир?

— Чамбылбек кыжырлана кетти. — Эгерде биз аларды кууп жетсек, мен күлгөндү аларга көрсөтөт элем. Таш бакача арандан зорго жылып бара жатканды айтсаң!

— Ким таш бака! Биз таш бакабызбы? — Билбесбек ага ызаланды.

— Албетте, — деп жооп кайтарды Чамбылбек.— Кана, тиги сары машинаны кууп көрчү! Көрдүңбү, канча алыска узап кетти.

Чыны менен сары машина алыстан кичинекей чекит сыяктуу болуп гана көрүнүп калган эле.

— Көп эмес! — деди Билбесбек. — Азыр кууп жетебиз.

Ал рычагды жылдырып, кнопканы жана педалды баса баштады. Машина ылдам жүргөнсүдү, ошондой болсо да, алдыда зымырап кетип бараткан сары автомобилди кууп жете алган жок.

— Койсоңчу, ага теңелүү кайда! — Чамбылбек Билбесбекти көкүтө баштады. — Ал система эмес да!

— Эчтеме эмес,— деди Билбесбек.— Мына, азыр көрөсүң! Мен азыр ысыта түшүп ылдамдатам...

— Койсоңчу, Билбесбек, дагы аварияга учурайбыз, — деди Седепкан.

— Тынчсызданбай эле кой, эч нерсеге учурабайбыз. - - Билбесбек камырабастан сүйлөдү.

Билбесбек ысууну көбөйттү. Ал да жардам берген жок. Көп узабай жол эңкейиш тарта баштады. Сары машинаны айдоочу ылдыйда машина абдан тез жүрүп кетпесин үчүн, тормоз берип акырындатты.

Билбесбек тескерисинче тормозду коё берди, ошентип анын машинасы тез кетип бара жатты. Алдыда, тоонун этек жагынан дагы суу көрүндү. Ал өзөндөн жыгач көпүрө аркылуу өтөт, көпүрө кууш, эки машина гана өтө алат. Анысы аз келгенсип, эмне себеп менен токтогону белгисиз, көпүрөнүн ортосунда жүк ташуучу машина турат. Ошентип, Билбесбек ага көңүл

да бурган жок, Чамбылбекке мактана сүйлөдү.

— Азыр кууп жетем!

— Жет, кууп жет! Кимибиз жуунушубуз керек экенин мен ага айтам! — деди Чамбылбек.



Сары машинанын шофёру тоодон тормоз берип түштү да, көпүрөгө келип эмне үчүн токтогонун, жардам керекпи, жокпу экенин айдоочудан суроо үчүн, жүк тартчу машинанын катарына келип токтоду.

Тоодон зуулдай түшүп, көпүрөгө келип бир тийген Билбесбек күтүлбөгөн жерден эки машина тең жолду тосуп турганын көрдү, эми башка жакка буруууга эч мүмкүн эмес эле, анткени көпүрөнүн тосмосу тосуп турат. Коркконунан Билбесбектин жонунан муздак тер кетти. Көз ачып-жумганча миң-сандаган нерселер оюна келди, эгерде ошол замат сыйкырдуу таякчаны эстей койбогондо, балким иш жаман аяктайт беле. Жүк тартчу машинанын жанына келип калганда, Седепкан мына эми кагылыша кетет экен деп көзүн колу менен кайрадан басты, Билбесбек сыйкырдуу таякчаны ала коюп, аны булгалады да, тез мындай деди:

— Мен бул машиналардан секирип өтүп кетүүнү каалаймын!

Ошол замат автомобиль бийик көтөрүлдү, Билбесбек коркту. Алды жагын карады да: „Мындай бийиктиктен күрс деп келип бир тийсек эмне болор эле! Дайныбыз табылбайт го!” деген ойго келди..

Таякты кайра булгалады да, ал мындай деди:

— Биз самолётто учкандай учууну каалаймын!

Ошол замат автомобилде кичинекей канат пайда болуп,

уламдан улам жогору көтөрүлүп учуп бара жатты. Ошол учурда арт жактан кыйкырык чыкты. Билбесбек артына бурулуп, Чамбылбек машинадан кулап калып, буферди кармап артында салаңдап келе жатканын көрдү. Сыйкырдуу таякты оозуна тиштеп Билбесбек алдыңкы отургучтун жөлөңкөсүнөн секирип өттү да, Чамбылбекти бешманттан алып, аны кайра машинага көтөрүп салууга аракет кылды. Бирок ал көтөрүп салууга мүмкүн болбоду, анткени бир колу менен аны көтөрсө, экинчи колу менен машинанын кузовун кармоого туура келди. Чамбылбектин такыр алы кетип баратканын көрүп Билбесбек: „Менин оозумдагы таякты алгын да, машина ылдый түшсүн деп айткын" деп Седепканга айтмакчы болду. Бирок ал оозуна таяк тиштеп алгандыктан, аны так айта алган жок.

— Ме-менин, та-таякчамды, — деп тантырады.

Албетте, Седепкан мындан эчтеке түшүнгөн жок. Ал кайра сурады:

— Эмне дейсиң?

— Жа-жа-жадам, ээ-бы фу-пу-фу!

Билбесбек көзү менен олурая карады эле, анын тантырактап айтып жатканы: „Жардам кыл, анык маймыл экенсиң" деген мааниде экенин Седепкан ошол замат түшүнө койду. Ал арткы отургучка тез аттап өттү да, Чамбылбекти кайра машинага көтөрүп салууга Билбесбекке жардам берди. Чамбылбек өзүнүн ордуна келип олтурду. Ал ушунчалык коркуп калган экен, бир топко чейин тилге келе албады. Билбесбек кайрадан рулга олтуруп, алды жагын карады эле, алар ушунчалык абдан бийиктикке көтөрүлүп кеткенин көрдү. Жанакы эле алар келе жатышкан жол ичке тасмадай ийри-буйру болуп жатат. Маңдайдан урган шамалдан анын дем алуусу токтолуп бара жатканын сезе коюп, Билбесбек таякты булгалады да, мындай деди:

— Биз кайра жерге түшүүнү каалаймын... — Аба чуңкуруна түшүп бара жаткан сыяктуу машина төмөн карай тез түшүп

баратканын сезе коюп, — эй, эй! Мындай тез болбосун! — деп кыйкырды ал.

Машина акырындык менен бир калыпта ылдыйлай баштады. Барган сайын ылдыйлап, бир топ убакытка чейин ал жолдун үстү менен учуп бара жатты, акырында дөңгөлөк жерге келип тийди, бирок ушунчалык жумшак тийди, атүгүл урунганы да билинген жок. Машинанын канаттары көздөн кайым болду. Чамбылбек эс-учун жыйьш, кайрадан мороженоеге киришти. Көп узабай биздин саякатчыларды башка бир автомобиль кууп жетти. Шофёр өзүнүн машинасын Билбесбек менен жанаша айдады да, сөз баштады.

— Бул эмне деген автомобиль, кандай конструкция?—деп сурады ал.

— Бул Бурамай менен Кадообайдын конструкциясы,— деп жооп берди Билбесбек.

— Эмне менен иштейт — кара май мененби же мазут майы мененби?

— Шире кошулган газдаштырылган суу менен жүрөт. Билдиңби, суудан газ бөлүнүп чыгат да, цилиндрге келип кирип, поршеньди түртөт, ал бергич аркылуу дөңгөлөктү айландырат. Ал эми шире болсо майлоо үчүн. — Билбесбек ушундайча түшүндүрдү.

— Мен артыңардан келе жатып, кандайдыр шире жыттанганын сездим, — деди шофёр.

— Сенин машинаң да газдаштырылган суу менен жүрөбү?

— Билбесбек ушунтип сурады.

— Жок, меники спирт менен жүрөт. Спирттин буусу сорулуп цилиндрге кирет да, электр учкуну менен күйөт. Булар күйүп, анда кеңее баштайт да, поршенди түртөт, ал эми поршен дөңгөлөктү айландырат. Кубаттуулугу көбүрөөк болсун үчүн, машинада бир нече цилиндр жасалган, маселен, менин машинамдын төрт цилиндри бар, ал эми сегиз цилиндрлүүсү

да болот. Машина бензин менен да журүүгө болот, бирок бензинден абада кайдандыр бир жаман жыт калат. Спирттен болсо эч кандай жыт калбайт. Мазут майы менен жүргөн машиналар да бар, ошентип, ал, Тыфу-у!

Шофёр мурдун чүйүрдү да, башын чайкап койду.

— Күнөстүү шаар дагы эле алыс эмеспи? — деп сурады Седепкан.

— Күнөстүү шаарбы? Жок, эми жакын калды.

— Эмне үчүн ал Күнөстүү шаар деп аталат? Анда эмне, үйлөр күндөн бүткөнбү? — деп сурады Билбесбек.

— Андай эмес.— Шофёр күлүп жиберди.— Күнөстүү шаар деп атаган себеби, анда дайыма аба ырайы жакшы жана дайыма күн тийип турат.

— Такыр эле булут болбойбу? — Билбесбек таң кала сүйлөдү.

— Эмне үчүн болбосун? Болот,— деп жооп берди шофёр.— Бирок биздии окумуштуулар ушундай бир порошок ойлоп чыгарышкан, булут пайда болор замат ага порошокту сээп жиберишет, ошол замат булут жок болот. Көрдүңбү, досум, мына ушунун баары химия!

— Булутка порошокту кантип себет?

— Кантип, самолёт меңен жогору көтөрүлөт да себет.

— Булут болбогондон кийин жаан да болбойт да,— деди Седепкан.

— Ал эми жаан үчүн башка порошок бар.— Шофёр ушунтип жооп берди. —Ошол порошокту бир аз эле сээп койсо, ошол замат жаай баштайт. Биз жаанды кай жерге керек болсо ошол жерге: бактарга, огороддорго жаадырабыз, шаарга да жаадырабыз, бирок күндүз эмес, түн ичинде, анткени эч кимге тоскоолдук кылбайт. Эгерде көчөлөрдөгү гүлдөргө суу себүүгө туура келсе, аны жөн гана резина түтүк менен себебиз.

— Күнөстүү шаарда акылдуу кортогойлор жашашса керек,—деди Билбесбек.

— Айтпа, Күнөстүү шаарда жашагандар ушунчалык акылдуу десең, алардын акылына эч бир жетүүгө болбойт!

— Сиз дагы Күнөстүү шаарда турасызбы?—деп сурап калды Седепкан.

— Ооба, мен да Күнөстүү шаарда турам,— деди шофёр.

Мына ушунтип жооп берип, өзүнүн айткан сөздөрүн ойлой баштады жана абдан талдап байкап көрүп, Күнөстүү шаарда жашагандарды мактоо менен, алардын ичинде өзүн-өзү мактаганын түшүндү. Өзүн-өзү мактаганы үчүн, калемпирдей кызарып да кетти, эмне кыларын билбей мындай деди:

— Болуптур, мен эртерек кетишим керек. Кошкула!— Ошентип педалды басты да, алга карай жөнөп кетти.

— Мүмкүн ал жакшы кортогойдур, же болбосо болбогон бир мактанчаактыр,— деди Билбесбек.— Жанакы бир порошок жөнүндө айткандарына ишенип болбойт.

Седепкан мындай деди:

— Ал аягында кызарып кетти, демек анча-мынча уяты бар экен. Уяты болгондон кийин өзүнүн кемчилигин оңдой алат.

## Сегизинчи глава
## ЦИРКУЛИНА ЖАНА ПЛАНЕТАРКА

Жол кайрадан тоону көздөй кетип баратты, белге чыкканда саякатчыларга ушундай бир жер көрүндү дейсиң, алардын эч бири да мурда мындай жерди көрүшкөн эмес, аябаган бир оор неме текстил фабрикасына кирип, миңдеген түрмөк ала-була кездемени алып чыгып жайып койгонбу деп ойлоого мүмкүн эле. Эң алыскы адырлар майда темгилдүү: кара, ак, сары, жашыл, кызыл гүлдүү чыт менен капталып коюлгансыйт. Андан берирээк буурчак айдалган тилке жатат. Алар бири-бирине тыгыз өсүп, жердин бетин каптап калган. Андан жакынырaак жерден бети тегерек-тегерек кылынып, ар түркүн гүлдөр менен капталган. Айрыкча жапжашыл талаада

көздү уялтып, сары жана кызыл тегеректер өзгөчө көрүнүп турат.

— Кимдир бирөө атайлап циркуль менен жерди чийип жана боёп койгон сыяктанат,— деди Седепкан.

— Циркуль менен жерди ким сызмак эле, кимге керек? — Билбесбек ушинтип жооп берди.— Бара көрөбүз.

Машина тоодон ылдыйлап түшө баштаган сайын тегеректердин көрүнүшү начарлай баштады, андан кайин такыр көздөн кайым болду. Машина бараткан жол токойдогу жол сыяктуу, туз боло баштады. Жолдун эки жагында тең апийим өсүп турат. Ал, эгерде токойду аралап баратсаң, эки жагыңдан токой курчап турган сыяктуу, бирок токойдун ордуна узун көк сабактар, анын башындагы кызыл гүлдөрү күнгө чагылышып турат. Андан кийин машина сабиз, бүлдүркөн, сары каакум талаалары менен жүрүп бара жатты. Андан кийин кайра апийим талаасы башталды.

— Балким бул жерде апийим жечү бангилер турушса керек, — деди Чамбылбек.

— Кайсы апийим жечү бангилерди айтып жатасың? - деп сурады Билбесбек.

— Жанакы апийимди жакшы көргөндөрчү. Мына булардын баарын, апийимди да, сабизди да ошолор айдашса керек.

— Мынчалык көп айдап эмне кылат? Муну бир кылымда да жеп бүтө албайсың.

— Бир аздан соң машина апийим аянтынан чыкты да, биздин саякатчылар, жолдон алыс эмес жерден кандайдыр бир механикалашкан кар тазалагычка же кандайдыр бир тракторго окшош укмуштуу машинаны көрүштү. Бул кар тазалагыч тегеректи жай гана айланып чөп чаап жүрөт.

Анын кандайча иштеп окатканын көрүү үчүн Билбесбек автомобилин токтотту.

Биздин жүргүнчүлөр жакын келишип, машинанын алдынкы бөлүгүндө чач алгыч машина өңдүү механизм бар экенин


көрүштү. Бул машинанын бычагына илинген чөптөрдү ошол замат тынымсыз кыркып жатты. Бул бычак чөптү тынымсыз туурап, андан соң ал тууралган чеп ары-бери жүрүп турган лентага келип түшөт, аерден жогору көтөрүлүп кетет да, тиштүү эки барабандын ортосуна барып түшөт, алар тез айланып, чөптү тиши менен чайнап жатышат. Мына ушинтип чайналган чөп механизмдин ичинде жок болот.

Машинанын арт жагындагы жер айдалып калып жатты, мына ошондуктан механизмдин ичинде соко бар деп билүүгө болот, бирок ал сыртынан көрүнбөйт. Арт жагына механикалык тырмоок жасалып коюлган, алар айдалган жерди мала сыяктуу майдалап баратат. Машинанын бооруна „Циркулина" деп жазылган.

Баарынан да таң каларлык кызыгы машинаны эч ким башкарбайт. Руль кармоочу жер бош турат. Билбесбек жана анын достору машинанын аяк-быягына чыгышып аябай караштьі, бирок эч бир жандуу кишини көрө алышпады.

— Бул эмне деген машина! — деди Чамбылбек.

Ал таң калмакчы болду эле, бирок өз убагында эстей койду да, унчукпай калды. Машинага анчалык кызыкпаган Седепкан, „жетишет, жөнөш керек" деп айтты. Бирок Билбесбек кандай болбосун, бул эмне деген машина экенин билгиси келди.



Ушунчалык көңүл коюп карап чыгып, ал талаанын орто ченинде мамы турганын байкады, ага металл зым оролуп коюлган. Бул зымдын учу машинанын капталына байланган, мына ошентип, ал байланып коюлган сыяктуу тегерек менен жүрүп турат. Зым улам барган сайын жанып узарууда, ал узарган сайын, аны айланып бараткан тегереги да кеңейгенден кеңейүүдө.

— О-о, мунун жашырын сыры ушунда тура! — Билбесбек кубанып кетти. — Зымдын бардыгы жанып бүткөндө эмне болор экен, көрөлү да.

Көпкө күтүшкөн жок. Машина акыркы, эң чоң тегеректи айланып чыкты да, өзү токтоду жана гудок бере баштады: „Тү-тү! Тү-тү! Тү-тү!"

Бул гудокко жооп берген сыяктуу алыскы бир жактан ышкырык чыкты. Гудок басылды. Ошол замат машинанын тыр-тыр эткен үнү угулду, ушунтип биздин саякатчылар гусеницача жүргөн, кандайдыр таң каларлык мотоциклде бара жаткан кортогойду көрүштү. Кортогой мотоциклден түштү да, саякатчылар менен жылуу амандашып сурап калды:

— Сиздер, мүмкүн Циркулинанын иштегенине кызыгып жатсаңыздар керек?

— Бул эмне, чөп чапкыч машинабы? — Билбесбек андан сурап калды.

— Жок, бул тегерек менен айланып өзү жүрчү өсүмдүк отургузчу универсаль комбайн деп аталган машина,— деди кортогой.— Бул комбайн чөптү чабат да, андан соң соко менен жер айдайт, ичиндеги механикалык отургузгучтун жардамы менен урук отургузат, акырында тырмайт. Бирок муну менен эле бүтүп калбайт. Чабылган чөп комбайндын ичине кирип жатканын, мүмкүн сиздер байкаган чыгарсыздар. Чөп анын ичинде майдаланылат, химиялык жер семирткич менен аралаштырылып, ошол эле замат жерге көөмп коюлат, ушунтип өсүмдүк үчүн абдан пайдалуу, ар түрлүү нерседен кошулган семирткич пайда болот. Семирткич менен бирге, айдоо

мезгилинде жер кошумча азыктандырылат. Бул өсүмдүктөрдүн абдан тез өзүшүнө таасир кылат, ушунун негизинде биз бир жайда эки-үч жана ал гана эмес төрт түшүм жыйнап алабыз. Машинанын алдыңкы бөлүгүндө, кырка турган аппараттын артында чаң соргуч бар экенин мен унутуп калган турбаймынбы. Анын йштей турган иши — чаң менен бирге жерде калган кара көсөөлөрдүн уругун соруп алат, кара көсөөлөрдүн уругу майдалагыч менен майдаланып, жер семирткичке кетет. Майдаланылып салынган соң алар өнүп чыга албайт. Мына ошондуктан ал коркунучтуу эмес. Демек комбайн айдап, сээп жана тырмабастан, ал жер семиртет, кошумча азыктандырат жана кара көсөө менен күрөшөт. Ошондуктан ал универсаль деп аталат.

— Эмне үчүн машина мамыга байланып коюлган? — деп сурады Билбесбек.

— Анткени машинистсиз иштесин үчүн, — деди кортогой. — Мамыга байланган зым машинанын руль башкаруусу менен кошулган. Зымдын тартылышына жараша, руль машинанын чоң же кичине тегеректе тегеренгенин белгилеп турат. Зым качан гана бүт бойдон жанганда, машина автоматтык түрдө токтойт жана гудок бере баштайт. Гудокту уккан соң машинист комбайнга келип, аны башка участокко которот.

Машинист-кортогой муну айтып, зымды чыгарды да, рулга олтуруп, комбайнды башка мамыга айдап келди. Бул жерде ал комбайнды зымга байлап, жерге түштү да, эки жолу ышкырды. Комбайн күрүлдөп от алып, жерди айдап, мамыны тегерене баштады.

— Мына тамаша! - Билбесбек кыйкырып жиберди.

— Капырай, машина да ышкырганды түшүнөбү? Сиз ышкырганда жүрүү керек экенин ал кайдан билет?

— Албетте, машина эчтеке түшүнбөйт, — деди машинист. — Эгерде сиз физиканы окуган болсоңуз, анда үн абанын толкуну аркылуу бериле тургандыгын билүүгө тийишсиз.



Комбайндын механизминде абада толкундаган үндү электр кубатына айландыра турган прибор бар, демек, электр кубаты аркылуу комбайндын тигил же бул механизми кыймылга келет. Маселен, бир жолку ышкырыктын жардамы менен тормоз аракетке келет, эки ышкырык берилгенде мотор аракетке келет, үч ышкырык аркылуу солго бурулуунун механизми, төртүнчү ышкырыкта оңго бурулуунуку аракет кылат.

Мына ушул учурда алыстан гудоктун үнү угулду: „Тү-ү! Түү-тү! Тү-тү!"

— О-о, Планетарка ишин бүтүп калган турбайбы,— деди машинист. — Мен барышым керек. Планетарканы көрөсүздөрбү? Алыс эмес, бат эле барабыз.

Бардыгы макул болушту, ошентип машинага түшкөнү жатышканда, кортогой баарыбыз менин мотоциклим менен баралы деп калды. Баарынан да мотоциклдеги таң каларлык нерсе узун отургучу бар экен, ага төртөө тең отурушту. Биринчи болуп машинист, анын артынан Билбесбек, анан Седепкан, эң акырында Чамбылбек отурду.

Кортогой моторду от алдырды, мотоцикл абдан ылдамдык менен зымырай бергенде, баарынын өпкөсү оозуна келип, дем алалбай калышты. Мына ошентип, бир же бир жарым минутанын ичинде, тегерек талааны айдап бүтүп токтоп турган башка комбайнга жетип барышты. Ышкырыгын ышкыртып, машинист машинаны башка мамыга айдап барып, жүргүзүп койду. Машинанын капталында кооз тамгалар менен: „Планетарка" деп жазылган.

— Бул башка конструкциядагы машинабы? — деп сурады Билбесбек.

— Жок, тиги менен бирдей эле конструкцияда,— деп жооп кайтарды машинист.

— А эмне үчүн тигиниси Циркулина, а бул Планетарка деп аталат?

— Бизде ар бир машананын өз аты бар, анткени машинага ар кандай номерлер жаза бергенден көрө ат коюш жакшы эмеспи.

— Сиз бир мезгилдин ичинде эки машинаны тең тейлейсизби? Өзүңүздүн мотоциклиңиз менен Циркулинадан Планетаркага барып кыдырып турасызбы? —деп сурады Седепкан.

— Жок, менин карамагымда он машина бар, алар Эксцентрида, Концентрина, Рондоза, Циркулина, Улитка, Мельница, Вертушка, Орбита, Спутница жана Планетарка.

— Сиз онун тең тейлөөгө үлгүрө аласызбы?—Седепкан айран-таңкалды.

— Мунун эч кандай кыйындыгы жок. Ал тургай мага китеп окууга, же күнгө кактанууга да убакыт калат. Бирок, чынын айтсак, бул машиналар эскирди жана бир катар кемчиликтери да бар.

— Алардын кандай кемчиликтери бар? — деп Билбесбек кызыга сурады. — Биринчиден, машиналардын аракет кылуу радиусу кичине, анткени башкаруу зымдын жардамы аркылуу жүргүзүлөт. Зымды дайым узарта берүүгө болбойт. Мына ошондуктан машинаны тез-тез бир орундан экинчи орунга которуп турууга жана чоң эмес талааны иштетүүгө туура келет, бул болсо такыр өндүрүмсүз.

— Зымсыз иштетүүгө да болобу? — деп сурап калды Билбесбек.

— Албетте. Азыркы жаңы машиналарда тростун ордуна радиомагниттүү байланыш колдонулат. Талаанын ортосуна зор аралыкты тейлей турган кубаттуу радиомагнит орнотулат. Мына ушундай эле радиомагнит менен, бирок кичине көлөмдөгү

комбайндын рулдук жүргүзгүчү жабдылган. Эки магнит бири-бирине канчалык жакын болсо, байланыш ошончолук күчтүү жана руль ошончолук көп айланат. Магниттер канчалык алыс болсо, байланыш ошончолук аз жана рулдун айлануу бурчу кичине. Мына ошентип, комбайн адегенде борбордук радиомагнитти айлана чоң эмес тегерек жасайт да, уламдан-улам чоң-чоң айланып, тегерек зор өлчөмгө жетиши мүмкүн. Эгерде каалasaңыздар, мен сиздерге ошондой радиокомбайндын иштегенин көрсөтүп берейин.

— Алыс эмеспи? — деп сурап калды Седепкан.

— Жок, жакын эле. Биз тээтиги дөбөчөгө чыгышыбыз керек. Ал жерден бардыгы көрүнүп турат.

Бардыгы кубанып макул болушту да, каз тамандуу мотоциклге отурушуп жөнөп кетишти.

## Тогузунчу глава
## РАДИОЛЯРИЯ

Каз тамандуу мотоциклдин жөнөкөй мотоциклден айырмасы бар, анткени, каз тамандуу трактордун кыймылы кандай болсо, ал да дөңгөлөк аркылуу жүрбөстөн, каз тамандап жүрөт. Трактордон айырмасы, анын эки каз таманы болсо, мотоциклде бар болгону бир гана каз таманы бар, ошондуктан аны менен жүргөн кезде, эки дөңгөлөктүү велосипедде жүргөн сыяктуу тең салмакты алып жүрүү керек. Ошону менен бирге трактордун каз таманы металлдан жасалса, ал эми мотоциклде резинадан жасалган каз таман колдонулат. Ушуну менен машинанын жүрүшүндө зарыл болгон бир калыптуулукка, чоң ылдамдуулукта жүрүшкө жетишилет, эч жол жок, эң жаман жолдордон каз тамандуу мотоцикл да өтө алат.

Булардын бардыгы жөнүндө биздин саякатчыларыбызга алардын жаңы тааныш айтып берди. Алардын Күнөстүү шаарга бара жаткандыгын билип, ал абдан кубанды. Жана өзү

Күнөстүү шаарда жашагандыгын, аты Бөлкөнтай экендигин айтты.

Бөлкөнтай менен аңгемелешип олтуруп, жолоочулар дөбөгө тез эле жетип барышты да, жогору карай өрдөй башташты. Айдөш абдан тик эле, арт жагында олтуруп бара жаткан Чамбылбек орундуктан артка сыйгалана баштады. Акырында зл орундуктан сыйгаланып түшүп баратканын сезе койду да, кыйкырып жиберди:

— Эй, эй! Токтогула! Мен кулап бара жатам...

Айтып оозун жыйгыча болбой кулап түштү. Дөңдүн туу чокусуна жетпестен, Бөлкөнтай машинасын токтотуп, Чамбылбекке жардам кылууга чуркады. Билбесбек менен Седепкан да анын артынан чуркашты. Анан Бөлкөнтай мындай деди:

— Каз тамандуу мотоциклдин зор артыкчылыгы дөңгөлөгү жок болгондуктан, кишилер отуруучу жер жапыз болгондугунда, ошондуктан андан жыгылганда катуу жыгылбайт, ал эми кадимки мотоциклден жыгылганда көрөт элеңер.

Биздин саякатчылар кайрадан өрдү көздөй жөнөштү. Алар мурдагы өздөрү көргөн сыяктуу тегеректерди кайрадан көрө башташты.

— Эх, — деп кыйкырып жиберди Седепкан, атүгүл алаканын да чапкылап жиберди.— Жердин бетиндеги көрүнгөн тегеректер айдалган талаа турбайбы, аны силердин машиналар айдап жатса керек.

— Абдан туура, — деп Бөлкөнтай анын сөзүн кубаттады. — Тээтиги, оң жактагы, силер көрүп турган кара тегеректер жакында айдалган талаалар. Азыр анда эчтеке өсүп чыга элек. Тээтиги



көгөрүп тургандар үстүнө өнүп чыккандар. Кызыл тегеректер апийим талаалары, сары тегеректер гүлдөгөн каакумдар.

— Агаргандар эмне? — деп сурап калды Седепкан.

массаларды жана кездемелер даярдоо үчүн булалык заттарды, уругунан май жасайт.

— Айтыңызчы, мага бир нерсе түшүнүксүз болуп жатат,— деп Чамбылбек Бөлкөнтайдан сурап калды: гүлдөп турган тегеректер, мaселен: же каакум же апийим өскөн талаа экенин мен түшүнүп турам, ал эми тээтиги буурчактын данындай болуп карарргандар эмне?

— Мүмкүн сизге буурчактын данындай болуп көрүнүп жаткан чыгар, — алар деле ушул сыяктуу тегерек тарткан талаалар, бирок алар бизден абдан алыс. Ошондуктан кичинекей болуп көрүнүп жатса керек.

— Ал баарыбызга түшүнүктүү,— деди Чамбылбек.— Ал эми андан ары такыр эле болор-болбос майда, чекит сыяктуу нерселер...

— Алар деле тегерек тарткан талаалар, алар андан да ары, ошондуктан абдан майда болуп көрүнүп жатат.

— Мына ушунча талааны айдаш үчүн канча машина керек болор эле? — деп сурап калды Седепкан.

— Он машина,— деп жооп берди Бөлкөнтай.

— Он машинабы? — деп таң калды Билбесбек.— Эч мүмкүн эмес.

— Чын айтам,— деди Бөлкөнтай.—Мына бу айланадагы сиздер көрүп тургандардын бардыгын менин карамагымда турган: Рондоза, Спутница, Планетарка... жана ушул сыяктуу он машина айдады.

— Бул жерде миңдеген талаа болсо керек!

— Жок, миң эмес, андан да көп. Кана санап көрүңүздөрчү: бир машина бир сааттын ичинде бир тегерек талааны айдайт. Эгерде ал бир күндө он саат иштей турган болсо, он талаа айдайт. Ал эми он машина болсо, бир күндүн ичинде жүз талаа

айдайт. Он күндүн ичинде он эсе көп болуп, миң талаа болуп жатпайбы. Биз бир жайдын ичинде орто эсеп менен үч түшүм алганыбызга байланыштуу айдоо мезгили жүз күнгө жакын созулат. Жүз күндүн ичинде дагы он эсе көп болуп, башкача айтканда он миң талаа болуп жатпайбы.


— Он миң талаа! — деп Билбесбек кыйкырып жиберди.— Бул асмандагы жылдыздан да көп турбайбы! Ал эми сиз болсоңуз жалгыз тейлейсиз?

— Жок, мен жалгыз эмесмин, биз бешөөбүз. Биз төрт смен болуп иштеп, бешинчисинде дем алыш кылабыз.

— Баары эле бир эмеспи,—деп Билбесбек колун шилтеди.

— Сиздер азыр мындан да кызык машинанын иштерин көрөсүздөр, — деп жооп кайтарды Бөлкөнтай.

Саякатчылар кайрадан каз тамандуу мотоциклге отурушуп, бир минутанын ичинде дөңдүн үстүнө жетип барышты, ал жерден созулуп жаткан талаа көрүндү. Дөңдүн үстүнөн кайсы бир гүлдүү тегеректер буурчактын данындай жана майда кара чекиттер көрүнбөй калды. Бүтүн өрөөндү бир гана зор тегерек ээлеп, ал дөңсөөнүн этегинен тартып, тетиги алыстагы токойго чейин созулуп жатат. Бул тегерек кандайдыр бөлөк-бөлөк шакекчелерден турса да, астрономия китебиндеги тартылган Сатурн планетасына окшош. Ортосунда жазы кара шакекче менен курчалган тегерек ак үй турат. Кара шакек өз кезегинде



алтын сыяктуу сары шакек менен курчалган. Андан кийин дагы жазыраак жашыл шакек менен, эң акырында дагы бир чоң кара шакек менен курчалган.

— Мына ушул талаалардын бардыгын буудай сепкен радиокомбайн айдады, — деди Бөлкөнтай. — Ал жаз алды менен үйдүн айланасындагы талааларды иштей баштады. Акырындап ал улам чоңураак тегеректи алды. Бир нече күндүн ичинде тегеректин ортосунда айдаган жерлер көк жашыл болуп өсүп чыкты. Андан кийин буудай баш алып, быша баштады, ал эми комбайн болсо айдай берди. Азыр тегеректин ортосунда эгин оро турган комбайн иштеп жатат. Ал да тегеректи айланып буудайдын бышып жеткенине жараша аны орууда. Тээтиги ак үйдүн жанындагы карарган шакекче жерди көрдүңүздөрбү? Ал жердин буудайы эчак жыйналган. Сары шакек — бышып жетилип калган буудай, жашыл шакек болсо, али бышып жетиле элек. Сырт жагындагы кара шакек—ал айдалган жер. Анда урук өнүп үстүнө чыга элек.

— Ортосундагы ак үй эмнеге керек? — деп сурады Седепкан.

— Ал элеватор жана тегирмен. Ага эгин барып куюлат. Ал жерде тегирменде тартылып, сакталат. Элеватордун чокусуна радиомагнит орнотулган. Көрдүңүздөрбү, маяк сыяктуу бураманы?

— Радиокомбайн тээтиги сол жактагы талаанын четинде турат. Бул жерден ал жакшы көрүнбөйт, бирок биз азыр ага жакын барабыз.

Бардыгы кайрадан мотоциклге отурушуп, дөбөдөн ылдый түшүштү да, айдалган талаанын чети менен зымырап баратышты.

Кандайдыр үстүндө төрт бурчтуу воронкасы бар броня менен капталган автобус сыяктуу комбайндын жанына барып токтошту. Бул автобустун терезеси да, эшиги да, дөңгөлөгү да жок экен, аны менен бирге жарымына жакыны жерге кирип

кеткен. Машинанын алдыңкы бөлүгүндө чоң тешиги, каптал жагында бычагы бар, ал комбайн алга жылган сайын жерди жиреп жатты. Кар тазалоочу машинаныкы сыяктуу, анын эки темирден жасалган механикалык колу казылган чөп аралаш топуракты тешикти көздөй түртүп киргизүүдө. Тешиктин үстүнө „Радиолярия" деп жазылган.

— Мына буга көңүл буруңуздар, — деди Бөлкөнтай,— көрдүңүздөрбү, топурак комбайндын ичине барып жок болуп жатат, ал эми сиздер башка нерсе көрбөйсүздөр.

— Биз эч нерсе көрө албадык,— деп жооп кайтарды Чамбылбек.

— Анын ичинде эмнелер болуп жатат? — деп суроо берди да, Бөлкөнтай жооп кайтарды:—Ичинде топурак майдаланылат да, семирткичтер, кошумча азыктанткычтар жана уруктук эгиндер менен абдан аралаштырылат. Андан тышкары үрөндөгү кара көсөөлөр жана зыяндуу курт-кумурскалардын жумурткалары жок кылынат.

— Алар кантип жок кылынат? — деп сурады Билбесбек.

— Ультраүндөрдүн жардамы менен жумурткалар талкаланып, ал эми кара көсөөлөрдүн уруктары аябай ысытылат да, өзүнүн өнө турган касиетин жоготот. Эми машинанын арт жагын караңыздар. Мында да сиздер тигил сыяктуу эле чоң тешикти көрүп турасыздар. Андан жанагы мен айткан сыяктуу майдаланылган топурактар, үрөн, кошумча азыктар жана семирткичкер сыртка чыгарылат. Мына ошентип комбайн кай жерден өтсө, ал жер айдалып жана үрөн себилет. Машина күн-түнү менен — күндүз да, түн ичинде да, жаанда да, ысыкта да, суукта да иштейт. Бул болсо анын өндүрүмдүү иштеши болуп саналат.

— Демек машинанын кандай иштеп жатканын эч ким карап турбайт экен да? — деп сурады Билбесбек.

— Радиоляриянын кандай иштеп жатканын карап туруу керек, бирок бул алыс аралыктан турмушка ашырылат,— деди

Бөлкөнтай,— Алды жагына орнотулган күзгүдөн жасалган шарга көңүл буруп көргүлөчү. Бул телевизордук бергичтин шар түрүндөгү экраны. Анда комбайндын өзү да, анын айланасындагы болуп жаткандардын бардыгы көрсөтүлүп турат. Көрсөтүлгөн нерселер телевизордун жардамы аркылуу радиокомбайндын борбордук станциясына берилет. Борбордук станциясында турган машинист комбайнды жана айланада болуп жаткандарды тигил сыяктуу эле телеприёмниктин шар түрүндөгү экраныиан көрүп турат. Радиосигналдардын жардамы менен ал машинаны токтотот, кайрадан жүргүзөт. Тоскоолдук кылган нерседен тыякка да, же быякка да буруп алып өтө алат.

— Эмне үчүн машинист борбордук станцияда олтурат? Ал бул жерде отура албайбы? — деп сурады Седепкан.

— Эгерде машинист бир гана машинени башкара турган болсо, бул жерде отурар эле, бирок ал Күнөстүү шаардын айланасындагы ар түрлүү талааларда иштеп жаткан он алты комбайнды башкарат. Борбордук станцияда мына ушул сыяктуу он алты шар түрүндөгү телеприёмник коюлган, ошентип машинист ар бир он алты комбайнда кандай иш жүрүп жатканын бир убактын ичинде байкап турат.

— Борбордук станция кай жерде турат? — деп сурады Седепкан.

— Борбордук станция Күнөстүү шаардын Батыш көчөсүндө турат.

— Мына, тамаша,— деп күддү Седепкан.— Демек шаардан чыкпай туруп, ушул сыяктуу комбайн менен жерди иштетүүгө болот экён да.

— Ооба,— деп Бөлкөнтай анын сөзүн кубаттады.— Байкадыңыздарбы, бир гана комбайнда эмес, бири-биринен алыс турган ар түрдүү жердеги он алты комбайнда.

— Кызык! Станцияда ал шар түрүндөгү экрандан эмне көрөт болду экен? — деп сурады Билбесбек.

— Мына бу күзгү сыяктуу шардан биз көрүп турган сыяктуу нерселерди көрдүңүздөрбү, бүткүл механизми менен машинанын алдынкы бөлүгү, алды жактагы жана айланадагы бардык жерлер, бүткүл асман, ал гана эмес биз өзүбүз да көрүнүп турабыз. Станцияда отуруп алып машинист ушунун бардыгын көрөт. Мына, карап туруңуздар, комбайнды токтотууга мен азыр машинистке сигнал берем.

Бөлкөнтай комбайндын алды жагына барып туруп, колун өөдө көтөрдү. Комбайн ошол замат токтоп, мотордун үнү басылды да, челектин ичинен бирөөнүн корулдаган үнү сурап калды:

— Эмне кокустук болуп кетти?

— Эч кандай кокустук болгон жок, — деп кыйкырды Бөлкөнтай. — Мен передатчиктердин иштеп жатканын текшерип көрөйүн дедим.

— Телепередатчик оң,— деп жооп берди үн.

— Ишти уланта бер,— деди Бөлкөнтай, андан соң өзү мындай боло берди.

— Мотор кайрадан күрүлдөп, андан ары жөнөдү.

— Мына тамаша,— деди Седепкан.— Демек бул машина көрмөк тургай, ал угат да жана сүйлөйт да турбайбы!

— Машина угуп, сүйлөп жаткан жери жок, ал машинист, — деп жооп кайтарды Бөлкөнтай. — Машинада сүйлөй турган радиола жана микрофон орногулган. Микрофон аркылуу радио менен станцияга сигнал берилип турат, ал эми станциядан быякка. Эгерде машинист радио байланышты коюп койсо, биз бул жерде эмне сүйлөшүп жатканыбызды угат, ал эми катуу сүйлөй турган радиола аркылуу ал эмне деп сүйлөп жатканын биз угабыз.



— Таң каларлык деле эч нерсеси жок,— деди Чамбылбек.— Бул телефон сыяктуу эле турбайбы.

— Бул комбайндар эмне менен иштейт — спирт мененби, же мүмкүн атом кубаты мененби,— деди Билбесбек.

— Спирт менен да эмес, жана атом кубаты менен да эмес, ал радиомагниттүү кубат менен,— деп жооп берди Бөлкөнтай.

— Ал эмне деген кубат?

— Бул электр кубаты сыяктуу нерсе, мында электр кубаты зым аркылуу берилет да, ал эми радиомагниттүү кубат аба аркылуу берилет.

— Дагы бир маселе мени кызыктырып жатат, — деди Билбесбек. — Сиз айтыңыз, мына бу күзгү сыяктуу шарда көрүнүп тургандардын бардыгын борбордук станциядан машинист көрөт дедиңиз, демек, мындан мен да көрүнүп турамын, ал эми машинист мени көрүп турабы? — Албетте,— деди Бөлкөнтай.

Эгерде тилимди чыгарып машинистке көрсөтө турган болсом, эмне болор эле деп ойлоду Билбесбек. Машинист алыс болгондон кийин эмне кылып ала алмакчы. Шаарга жакын келип, Билбесбек ыңгайын таап туруп, аны эч ким көрбөгөнүн байкап, тилин чыгарып бети-башын кыйшаңдатып мурдун чүйүрдү.

— Тьфу, тилин чыгарып көрсөтүү кандай уятсыздык! — деп кыйкырды үн.

Билбесбек уялып калды. Оңтойсуздана түшкөнүн жашыруу үчүн ал кыткылыктап күлдү да, бирдеме деп күңкүлдөдү:

— Машинист мени көрүп турабы, жокпу деп текшерип көрөйүн дедим эле, көрсө ал көрүп турган турбайбы.

— Көрүп турат, көрүп турат, сен эми азыр ага шек кылбай эле кой, — деп жооп берди Чамбылбек.— Мага бир нерсе түшүнүксүз болуп жатат: радиомагниттүү кубат эмне экенин жана алыс жерден машиналар кантип башкарыла тургандыгын, машинисттин кандайча көрүп жана уга тургандыгын, эмне

каалагандыгын, ал гана эмес, комбайндын ичинде топурак кандайча майдалана тургандыгын, ал үрөн менен кандайча аралаштырыла тургандыгын түшүндүм, бирок машинага үрөн, ага кошумча жер семирткич кайдан келгенин такыр түшүнө албадым.

— Аны жөнөкөй эле түшүнүүгө болот, — деп күлдү Бөлкөнтай. Бир суткада эки жолу жүк ташуучу машиналар менен үрөн, кошумча азыктар жана жер семирткичтер жеткирилип, комбайндын кампасына куюлат.


— Андай болсо анын таң каларлык деле эч нерсеси жок экен,— деп каткырды Чамбылбек.— Эгерде комбайнга үрөн алыш келип куюлбастан, ал эми үрөн комбайндын өзүнөн куюлуп турса, мына ошондо тамаша болмокчу!

Мына ушуну менен комбайнды көрүү бүттү, биздин саякатчылар кайра өз жолдоруна түштү. Бул жолу Бөлкөнтай өйдөдө Чамбылбек дагы кулап түшүп калбасын үчүн дөбөнү айланып өттү.

## Онунчу глава
## БИЛБЕСБЕК, СЕДЕПКАН ЖАНА ЧАМБЫЛБЕК КҮНӨСТҮҮ ШААРГА КАНДАЙЧА КЕЛИШТИ

Бир нече минутадан кийин Билбесбек, Седепкан жана Чамбылбек Бөлкөнтай менен коштошуп, өздөрүнүн машинасына олтурушту да, дагы жаңы кызык





окуяларды кездештирүүгө жөнөштү. Көп узабай эле тегерек талаалар бүттү да, жолдун эки жагынан үйлөр көрүнө баштады. Алар кичине жана эки кабаттан ашык эмес, бирок абдан кооз: үйлөрдүн үстү шуңшуюп бийик, ачык боёктор менен боёлгон, верандалары жана террасалары, балкондору бар. Үстүндө кишини кызыктырарлык мунаралары турат. Короолорунда беседка жасалган жана ар түркүн гүлдөр гүлдөп турат.


Улам барган сайын саякатчыларга мындай үйлөр көбүрөөк туш келе берди. Шоссе жол байкалбастан жазы келген шаардык көчөгө айланды. Көчөнүн эки жагындагы үйлөр улам барган сайын бийиктей баштады. Тротуарларда кортогойлор жана асфальт төшөлгөн көчөлөрдө автомобилдер абдан көп. Бир-бирине тоскоолдук кылышып жана жолдордун кайчылашкан жерлерине токтошуп, машиналар да биринин артынан бири бара жатты. Билбесбек менен анын жолдоштору көргөн сыяктуу машиналар да бар. Бирок алар биринчи жолу көрүп олтурушкан жаңы машиналар бар. Айрыкча өзүнүн формасы боюнча жыгачтан жасалган оюнчук ат сыяктуу автомобилдер абдан көп. Бул автоаттардын астында чыгырыгы бар, төрт буту бар. Үзөнгүнү чоё тээп, кулагын кармап алып, аларды минип алышкан. Көздүн ордуна фара, башкача айтканда жарык бере турган фонарь. Ал эми ооздун ордуна — оозун ачып өтүп бара жаткандарды коркутуу үчүн сигнал бере турган труба

орнотулган, Мындай автоаттарды бирден жана учкашып-чиркешип экиден минип жүрүшөт. Ал гана эмес, төрт орундуулары да бар, аларды экиден катар, бир-бирине кошуп койгон.

Бул жерде автоаттардан башка спиралеход деп аталгандар да бар экен. Бул машиналарда дөңгөлөктүн ордуна куду эт туурагычтыкына окшош бурама, же спираль коюлган. Качан буроо айлана баштаганда машина алга карай жылат. Бул машиналар чукул бурула албай, ошону менен бирге алардын спиралдары тегеренгенде аны башка жакка алып кетет. Мындай жетишпегендиктер эки спираль менен жабдылган, ар түрдүү багыттарга бурулчу спиралеходдордо жок. Ушуга байланыштуу машинаны башка жакка алып кете албайт жана андан тышкары бурлуштарга келгенде абдан оперативдүү, анткени машинаны буруу үчүн ошол жагынын спиралын тормоз кылуу жетиштүү, ошол эле убактын ичинде машинаны буруу үчүн каптал жагында тормоздору жок бир спиралдуу машиналар сыяктуу бут менен тормоз берүү керек, ал эми мындан ботинкалар бат жыртылат.

Бул жерден дагы реактивдүү чыгырыгы бар труболётторду көрүүгө болот. Бул машиналардын төрт чыгырыгында узун түтүктөр бар. Түтүктөр болсо реактивдүү отун менен толтурулат. Отун анын ичинде күйүп, күйгөндөн пайда болгон газ түтүктүн аркы бөлүгү аркылуу тышка чы-гарылып турулат, ушунун негизинде түтүктөр чыгырык аркылуу алга карай жыла





берет. Машинаны буруу арт жагындагы рулдун жардамы менен ишке ашырылат. Арткы бөлүгүнөн чыккан ысык газдар рулдун жалпак бетине барып бир тиет да, труболёт кайсы жакты каалаcа, ошол жакка бурулат. Бул труболёттор жайдын күнү жүрүү үчүн анчейин ыңгайлуу эмес, анткени түтүктү минип олтуруу керек, ал катуу жүргөн мезгилде абдан ысып кетет, ал эми кышында бул машина эң ыңгайлуу, демек, алды жагындагы чыгырыктардын ордуна жыла турган нерсе коюлат да, труболёт ушунчалык катуу ылдамдыкта жүрөт, мындай ылдамдыкта ал чоң эмес аңдардын үстүнөн учуп өтүп бараткандай болуп көрүнөт, аны менен бирге жылуу меште олтургандай болосуң, абдан чоң суукtarда бул эң жакшы.

Жогорудагы сүрөттөлүп жазылгандан башка бул жерде каз тамандуу велосипеддер жана мотоциклдер, жана башка машиналар—дөңгөлөк аркылуу, ошондой эле каз таман менен жүрө тургандар да бар экен. Ар түдүү машиналар менен механизмдер Билбесбекти абдан кызыктырды дейсиң, анын көздөрү жалжылдады. Алаңдап баратып ал келаткан машинага аз жерден урунуп ала жаздады да, мындай деди:


— Жөө эле тамаша кылалычы, анткени эчтекени көрө албайт экенсиң...

— Ал машинасын тротуарды көздөй бурду да, токтотту. Достор машинадан чыгышып, эки жактарына көз чаптырып көчө менен бара жатышты. Айланасында кызыга турган көп нерселер бар. Көчөнүн эки жагында өзүнүн коздугу менен көрүүчүлөрдү кызыктырган көп кабаттуу үйлөр турат. Үйлөр-

дүн дубалдары таң каларлык саймалар менен коолдолгон, ал эми үстү жагында чатырдын алдында ачык ар түрдүү боёктор менен тартылган чоң сүрөттөр турат. Көп үйлөрдүн дубалдарында таштан чегип жасалган ар түрдүү айбандардын сүрөтү. Ушундай эле сүрөттөр төмөн жагында үйлөрдүн кире беришинде да бар.

Тамаша кылып жүрүшкөн көп кичине балдар тротуар менен бара жатышты. Алардын тамаша кылгандары жана күлкүлөрү угулуп турду. Кайдандыр бир жактан музыканын үнү чыкты.

Биздин саякатчыларыбыз бир нече кадам басышкандан кийин такыр башкача архитектурада курулган үйлөрдү көрүштү. Бул үйдүн кабаттары тепкич өңдөнүп текче-текче болуп турат, экинчи кабатта



жашагандар биринчи кабаттагы үйлөрдүн чатырларынын үстүндө басып жүрүшөт, үчүнчү кабаттагы жашагандар экинчи кабаттын чатырларында эркин тамаша кылууда, жана ушул сыяктуу. Бул үйдө лифттин ордуна эскалатор, башкача айтканда жылып жүрө турган тепкич коюлган, аны менен эң үстүнкү кабатына көтөрүлүүгө болот. Төмөн түшүү үчүн үйдүн экинчи жагында ноо сыяктуу түшө турган жер бар, килемчеге отуруп алып аны менен жыл-мышып түшүүгө болот. Мындай килемдер төмөн жагында эскалатордун жанында жетиштүү санда жатат. Эскалатор аркылуу жогору чыккандар качан төмөн түшүүгө туура келген учурда пайдалануу үчүн бирден алып кетип жатышты.

Биздин саякатчылар ал жерде жашагандар эскалатор менен жогору чыккандарын, үйгө кайткандарын жана үйлөрүнөн чыгышып килем менен ылдый түшкөндөрүн көпкө чейин карап турушту.

— Чамбылбек, сен кандайча ойлойсуң: жылып жүрө турган тепкич менен өөдө чыккан жакшыбы, же килем менен ылдый түшкөн жакшыбы? — деп сурай кетти Билбесбек.

— Экөөнү тең жасап көрүү керек, андан кийин айтууга болот, — деди Чамбылбек.

— Сен абдан туура айтасың, — деп кубаттады Билбесбек. — Жасап көрөлү.

— Коркунучтуу эмеспи?— деп сурады Седепкан.

— Эмнеси коркунучтуу! Башкалар деле жүрүп жатпайбы. Кана, килем алгыла.

Баары бирден килем алышты. Билбесбек жылып жүрө турган тепкичке биринчи чыкты, анын артынан Чамбылбек Седепкан экөө чыкты. Бир минутанын ичинде алар үйдүн үстүндө болушту, эскалатордон аярдык менен түшүшүп, акыры кабаттын жалпак чатыры менен түшүүгө жөнөштү.

— Чамбылбек, сен ары тур, мен биринчи болуп түшөмүн, — деди да, Билбесбек кобулга келди.

— Эмне үчүн сен биринчи? — деп Чамбылбек таң калды.— Тоголонуп түшүүнү ким ойлоп тапкан экен? Мен ойлоп тапканмын, мен биринчи болуп түшөмүн.

Чамбылбек Билбесбекти түртүп жиберип кобулга килемди төшөп, ага отурайын деп жатканда, килем ылдый карай жылып кетти. Чамбылбек аны кармайын деди эле, бирок өзүн токтото албай башы ылдый карап, кобулга жыгылып килемдиң артынан кетти, курсагы менен жылып, коркконунан селдейип каткан бойдон бара жатты. Бир минутанын ичинде төмөн жагынан чыгып тротуардын ортосуна барып түшүп, жердин баарын чаңдатты.

— Мына тамаша! — деп күңкүлдөдү өөдө туруп жатып. — Дүйнөлүк мейкиндикте учуш жасадым!

— Кандай, жакшы жылып түштүңбү? — деп жогору жагынан Билбесбек кыйкырды.

— Эң сонун!— деп Чамбылбек чаңын күбүп жатып жооп берди. Кана, сен түшүп көрчү.

Билбесбек өзүнүн килемин кобулга төшөдү да, кылдаттык менен отуруп жыла баштады. Ылдый түшүү бир калыпта болбоду. Бирде эңкейиш узак болуп, бирде кыска. Мындай эңкейиш ар бир кабатка жасалган. Узун эңкейишке келгенде Билбесбек абдан коркунучтуу ылдамдыкта түшүп бара жатты.



Коркконунан ал кобулдун дубалчасын колу менен кармалады. Ушинтип бараткaнда килем анын алдынан чыгып кетти да, өзүнчө бара жатты, ал эми Билбесбек болсо анын артынан өзүнүн шымы менен жылып жөнөдү.

Седепкан баарынан жакшы түштү. Ал килемдин ортосуна чебердик менен отуруп, төмөн түшүп бара жатканда дубалды кармалаган жок. Ошондуктан анын түшүшү болуп көрбөгөндөй жакшы болду.


Дагы бир убакта келип ойноорбуз дешип чечишти да, саякатчылар андан ары жөнөп кетишти.

Күнөстүү шаардын көчөлөрү кортогойлордун башка шаарларына караганда кең болчу, айрыкча тротуарлары да кенен. Ар бир үйдө ашканасы бар. Столдор үйдүн гана ичинде эмес, тротуарларда да, сыртында да коюлган. Кайсы жерден болбосун столдо отурган кортогойлорду көрүүгө болот. Бири түшкү тамакта чай, кофе же ситро ичип олтурушса, башкалары газета окушуп, сүрөтү бар журналдарды карап жатышат; үчүнчү бирөөлөрү — лото, домино, гусёк жана башка оюндар ойноп жатышты. Шахматчылар абдан көп экен. Шахматтын доскасы бата турган бардык жерден аларды көрүүгө болот. Бул жерде көчөнүн ортосунда жашынмак, токту сурамай, чикит чабуу, класс, мышык-чычкан жана башка чуркай турган оюндар жүрүп жатты.

Ар бир ашканада оюн текчеси бар, анда отуруп ойной турган оюндар сакталат. Мындан башка көп үйлөрдө прокат пункттары бар, ал жерден пайдаланууга велосипеддер, самокаттар, теннистик раке алып караганда Күнөстүү шаарда чындыгында короолор жок, башкача айтканда алар бар өңдөнгөнү менен алардын ортосунда тосмолор, дубалдар жок; эшиктери эч качан жабылбайт, анткени эч кандай эшик жок. Кайсы бир жерлерден жапыз тосмолор учурайт, алар болсо бирөөнүн жолун тосууга жасалбастан, өсүмдүктөрдү коргоо үчүн жасалган.

Мындай тосмолордун жок болушу короолордо теннистик кортовдорду, чуркай турган жолдорду, сүзө турган бассейндерди, футбол, волейбол, баскетбол, крикеттик, городоштук жана башка ар түрдүү аянттарды курууга мүмкүнчүлүк берген. Кортогойлор өздөрүнүн короолорунан эркин өтүшүп, коңшуларына барышып, ар түрдүү оюндарды ойноого мүмкүнчүлүк алышкан, бул болсо булчундарды жана ден соолукту чыңоого толук мүмкүнчүлүк берген.

Ар бир үйдө театрдын же кинонун болушу биздин саякатчыларыбызга абдан жакты. Айрыкча куурчак театрлары көп экен. Ар бир кадам сайын: „Чоң куурчак театры", „Кичине куурчак театры", „Марионеток театры", „Куурчак комедиясы", „Шайыр Петрушка" деген жана башка жазууларды кезиктирүүгө болот. Жайдын күнү көрүүчүлөргө ысык болбосун үчүн, театрларда эки көшөгөсү бар, эки жакты караган сахна жасалып коюлган. Сахнанын бир жагы менен көрүүчү залга кирет да, экинчи жагы менен көчөгө чыгат. Мына ошентип, кыштын күнү спектаклди залдын ичинде, ал эми жайында болсо көчөдөн же короодон көрүүгө болот. Декорацияны башка жакты каратып, залдан отургучтарды алып чыгып эшикке чыгарып коюу гана керек.



Билбесбек айланасындагы болуп жаткандарды жанынын бардыгынча карады жана өтүп бара жаткандарга улам урунуп алат. Бул аны абдан капа кылды. Өтүп баратып Билбесбек менен кагылышып алгандар

„кечирип коюңуз” десе, ал эми Билбесбек ага сылык жооп берүүнүн ордуна өтө бериңиз деп ачулуу күңкүлдөйт да:



— Буларды карасаң!

— Бул жакшы эмес, — деди Седепкан.— Сенин алдыңда сурап жаткандан кийин, сен эчтеке эмес деп айтышың керек.

— Дагы эмне айтмаксың! — деп жооп кайтарды Билбесбек.— Эгерде ар бирөөгө „эчтеке эмес” деп айта берсем, бирөө келип мени минип алар!

Мына ушул учурда алар жип тепкич менен бири-бирин өз ара кошуп койгон балкону бар бийик үйгө келишти. Мындай тепкичтер төмөнкү жана Жогорку кабаттардын терезелеринен балконго чейин тартылып коюлган. Бардык тарапка тартылган жиптен жасалган бул тепкичтер сүзүүгө даяр турган жабдылган кеме окшойт. Бул үйдө өрт өчүргүчтөр жасашып, жип жана тепкич аркылуу өөдө-ылдый чыгышып, дайыма тренировка жасап турушат.

Билбесбек бул укмуштуудай үйдү абдан карай баштады, үй ушунчалык бийик болгондуктан, ал башын көтөрүп өтө чалкалап кароого туура келди. Анын калпагы башынан түшүп кетти. Ал эңкейип калпагымды алайын деди эле, ошол учурда кандайдыр эч бир болуп көрбөгөндөй кокустук пайда болду. Ошол мезгилде көчө менен Жалбыракбек деген бала „Эң сонун гусёнка Яшканын укмуштуу окуялары” деген китепти окуп бара жаткан. Жалбыракбек китепти абдан көп окуучу, ал ар кандай шарттарда: үйүндө да, көчөдө да, эртең мененки тамакта да, түшкү тамакта да, күндүз да жана караңгыда да, жатып да, отуруп да, туруп да, жада калса басып баратып да окуй берчү. Китепти кызыгып окуп бара жатып, Билбесбек калпагын

алайын деп эңкейгенин байкабай калып, Жалбыракбек ага барып бир тийди да, жыгылып кетти. Жыгылып баратып, ал Билбесбекти кошо ала жыгылды жана буту менен башка катуу тээп алды.

— Мына эми, адамдын башына чыгып алат, эшек десе! — деп кыйкырды Билбесбек.

— Ким эшек? Мен эшекминби? — деп сурады Жалбыракбек ордунан туруп жатып.

— Анан ким болмок эле, же мени эшек деп турасыңбы,— деп дагы кыйкырды Билбесбек.

— Мен сиздин айтканыңызга макул боло албайм, эшек деген узун кулактуу, төрт аяктуу айбан, — деп сылык гана жооп берди Жалбыракбек.

— Мына сиз дал ошол төрт аяктуу айбансыз!

— Жок, сиз ошол төрт аяктуу болсоңуз керек!

— Мен төрт аяктуу айбанмынбы? — деп кызыраңдады Билбесбек.— Кимибиз төрт аяктуу айбан экендигибизди мен сизге көрсөтөм!

— Кана, көрсөтүңүзчү, көрсөтүңүзчү!

— Көрсөтөм!

— Жалган айтасыз! Эч нерсе көрсөтө албайсыз!

— Мен, жалган айтамынбы, демек, мен жалган айтып жаткан экенмин да,— деп Билбесбек ачуусу келгенден энтигип сүйлөдү. Ал дароо сыйкырдуу таякчасын булгап, мындай деди:

— Мына бул кортогой эшек болуп калсын!

— Сен айткандай...— деп Жалбыракбек бирдеме дейин деди эле... Ал „Сен дегендей эле болуп калмак беле” деп айтканча болбой эшекке айланып калды да, куйругун шыйпаңдатып чет жакка тротуар менен басып кетти. Анын колунан түшүп кеткен китеп тротуарда жаткан бойдон калды. Бул арада жакын жерде эч ким жок болчу, ошондуктан бул укмуштуу окуяны эч ким көргөн жок. Седепкан менен Чамбылбек экөө Билбесбек узун тепкичтүү үйдүн жанын-

да кармалып калганын байкашпастан, алга кетип калышкан. Билбесбек кууп жеткенде алар „Мальвазия мейманканасы” деген жазуусу бар бийик үйдүн жанында турушкан болчу.

— Биз мына бул жерге токтойбуз. Саякатчылар дайыма мейманканага токтошот, — деди Седепкан.

Үч дос мейманкананын эшигин көздөй жөнөштү.

## Он биринчи глава
## КЕЧ КИРГЕНДЕ

Мейманкананын эшигинин алдына жеткенде биздин саякатчылар шашылып четке чыга беришти, анткени ичинен бирөө түрткөндө күтүлбөгөн жерден ачылып кетти. Үйдөн эч ким чыкпаганын көрүшүп, Билбесбек жана анын жолдоштору үйгө киришти, эшик алар кирер замат өзү жабылды. Саякатчылар чочуркашып айланаларын карап алышты. Оң жакта жогору чыгуучу жазы тепкич, сол жакта стол жана бир нече кресло турат. Дал маңдайдагы дубалда кара эшик бар. Күтүлбөгөн жерден дал ошол кара эшикте ак телевизион



экраны пайда боло калды. Андан кыздын сүрөтү көрүндү. Ал тоголок кызыл жүздүү, саргыл чачтуу кыз болчу. Чачтарына эки чоң кара бант тагылган. Кулактарына радионаушниктерди тагынып алган. Столдун үстүндө микрофон. Кыз мээримдүү күлүп мындай деди:

— Жакыныраак келүүңүздөрдү суранам.

Билбесбек жана анын достору тартынышып, акырын басып жакындашты.

— Сиздер мейманканага түнөп кеткиңиздер келеби? — деп сурады кыз, эмне кыларын билбей калышты, алардын жообун күтүп турбастан, ал сөзүн улантты: — Бешинчи кабатта бош орун бар. Сиздер мына бул эшиктен кирип, лифт менен жогору чыгыңыздар.

Кыз дагы бир жолу жылмайып күлүп, экрандан көрүнбөй калды. Экран турган кара эшик ачылып кетти. Билбесбек, Седепкан жана Чамбылбек үчөө лифттин кабинасына киришти. Анын эшиги жабылып, кабина жогору көтөрүлө баштады. Бешинчи кабатка барып токтоп, эшик кайрадан ачылды. Жолоочулар коридорго чыгар менен эле, дубалдагы экран жарк этип, андан жылмайып күлгөн баягы кыз көрүндү.

— Сиздердин бөлмөңөрдүн номери токсон алты, коридордун аягында оң тарапта,—деди ал.— Бирок сиздерден сурарым, адегенде ар бириңер өзүңөрдүн аттарыңыздарды алдыңыздардагы столдун үстүндөгү дептерге жазып коюңуздар.

Билбесбек столдун үстүндөгү дептерди ачып, анын акыркы бетинде жазылган аттарды окуп чыкты да, калем сапты алып жаза баштады: „Автомобиль менен жүргөн саякатчы Билбес Билбесбекович Билбесбеков". Бул жазууну карап туруп, Чамбылбек аз жерден күлүп жибере жаздады, анан бир минутача ойлонуп калды да, мурдунун учун кармагылап, столдон калем сапты алды да, дептерге мындай деп жазды: „Чет өлкөлүк Ботала Чамбулин". Седепкан гана куулантпастан дептерге өзүнүн кыскача атын жазып койду. Бул ишти бүтүргөндөн

кийин биздин достор коридор менен жүрүп олтурушуп, бир топ эшиктен өтүштү. „№96” деген жазуусу бар эшикти көрүп Седепкан мындай деди:

— Токсон алтынчы номер. Биздики.

Билбесбек эшикти ачып, алар менен комнатага кириштти. Маңдай жактан дагы экран жарк эте түштү, андан баягы күлүмсүрөгөн кыз көрүндү.

— Мына, сиздер өзүңүздөрдүн бөлмөңүздөргө да жеттиңиздер, — деди ал. — Эс алгыңыздар келеби! Сол тарабыңыздарда бөлмөнүн эшиги турат. Кирип эс алыңыздар. Калпагыңыздарды кире бериштеги илгичке илип же алды жагыңыздардагы шкафка койсоңуздар болот. Ал шкаф өркүндөтүлгөн чаң соргуч. Ал кийимди тазалап, чаңын автоматтык жол менен соруп алат. Он жакта жуунуучу бөлмөнүн эшиги. Мүмкүн сууга түшүүнү же жөн эле жуунуп алууну каалларсыздар! — ал Чамбылбекти жылмайып карап алды.

— Биз сиздин сунушуңуз жөнүндө ойлонуп көрөбүз,— деп жооп берди Чамбылбек.

— Ойлонуп көрүңүздөр! Мүмкүн суроолуздар бардыр?

— Менин суроом бар, сиз кимсиз, кайсы жерде турасыз, атыңыз ким?— деп сурады Чамбылбек.

— Мен мейманкананын дежурный директорумун, директордун кабинетинде турам, атым Кызгалдак.

— Менин атым Чамбылбек... тьфу!.. Ботала Чамбулин!

— Менин да суроом бар,— деди Билбесбек. —Чаң соргуч шкафты кантип жүргүзүү керек!

— Аны жүргүзүүнүн такыр эле кереги жок. Шкафка өзүңүздөрдүн буюмуңуздарды салып, оозун жаап койсоңуздар эле, шкафтын механизми автоматтык түрдө иштей баштайт. Дагы суроолуздар барбы?

— Азырынча жок,— деп жооп берди Билбесбек.

Кызгалдак Билбесбек менен Седепканга башын ийкеп,

Ал эшикти ачып, биздин саякатчылар тактайы жалтырата аарчылган кенен комнатага киришти. Комнатанын ортосунда тегерек стол турат. Дубалга такай буфет, жашыл материя капталган чон диван, эки жумшак кресло жана бир нече орундуктар коюлган. Терезенин жанында шахматтар, дойбулар коюлган анчалык чоң эмес стол турат. Үйдүн бир бурчуна радиоприёмник, экинчи бурчуна телевизор коюлган.

Ошол комната менен катар оң кол тарапта эки кровать бар чоң бөлмө, сол кол тарапта бир кроваты бар кичине бөлмө бар.

— Бул комната меники болот, эки кровать турган силердин комнатаңар болот,— деди Седепкан.

— Ортодогу комната жалпы комната болот, — деди Чамылбек. — Биз мында олтуруп радио угабыз, телевидение көрөбүз жана ар түрдүү маселелерди талкуулайбыз. Биринчи кезекте азыр тамак ичүү керек экендиги жөнүндө маселени талкуулоону мен сунуш кыламын.

— Тамак жөнүндө тынчсызданбай эле кой, — деди Седепкан. — Сыйкырдуу таягы бар адамда бардыгы — түшкү жана кечки тамак да болот. Сен адегенде сууга түшүп, жуунууга тийишсиң.

— Мен эмнеге сууга түшөм, азыр эле чаңымды сордуруп чыкпадымбы! — деп кыйыктанды Чамбылбек.

— Чаңыңды сордурсаң да, таза болуп калган жоксуң. Сендей булганч неме менен эч качан бир столдун жанына олтурбайм! Же азыр барып жуунуп кел, же тамак ичпейсиң!

Чамбылбек баш ийүүгө туура келди. Ал жуунуучу бөлмөгө барып бетин гана жууп, Седепканга сууга түштүм деп айтып келүүнү чечти. Жуунгучтун жанына келип, ал анын түзүлүшүн үйрөнө баштады. Кол жуугучтун үстүндө башкаруу пультуна окшогон пластмассадан жасалган тактача турган. Пульттун ортосунда тегерек күзгү бар. Күзгүнүн алдында сүрөттөрү бар кнопкалар тизилип турат. Күзгүнүн алдында бир нече туткалар бар. Пульттун жогорку бөлүгүндө, күзгүнүн үстүндө рупорго

окшогон ийрилген кенен түтүк, турат. Рупордун алдында тактага тегерек щётка тагылып коюлган. Жогору жакта бакчага суу төгүүчү челектин тешиктериндей көзөнөктөрү бар дагы бир түтүк ийилип турат. Күзгүнүн эки тарабында тең бир нече суурулма ящикчелер бар. Самындын сүрөтү тартылган ящикти тартып, Чамбылбек ага самын салынганын көрдү. Тиш щёткасынын сүрөтү тартылган ящикти тартып, андан тиш щёткасын таап алды. Тиш пастасынын сүрөтү тартылган ящикте тиш пастасы бар экен.

— Таң кала турган деле эч нерсе жок: эмненин сүрөтү тартылса, ошол жатат, — деп канааттануу менен айтып, Чамбылбек күзгүнүн алдындагы кнопкаларды карай баштады.

Бир кнопканын алдына рупорго окшогон түтүкчөнүн сүрөтү тартылган. Чамбылбек бул кнопканы басар менен эле жогору жакта турган рупор бир аз ылдый түшүп, андан жылуу жел чыга баштады.

— А-а! Бул башты жуугандан кийин чачты кургатуу үчүн керек түтүкчө болууга тийиш, — деп ойлонду Чамбылбек.

Ал идиш-аякты тазалоочу щёткага окшогон нерсенин сүрөтү тартылган кнопканы басканда, тегерек щётка тегеренип анын чачын тарай баштады. Чамбылбек адегенде коркконунан олтура калды, бирок тегерек бир калыпта тегеренгенин көрүп, кайраттана түштү да, ага чачын тосуп мындай деди:

— Корко турган деле эч нерсе жок тура! Жөн эле чачты автоматтык тарай турган щётка турбайбы!

Таранып бүтүп, ал атырдын кичинекей бөтөлкөчөсүнүн сүрөтү тартылган кнопканы басты, күзгүнүн жанындагы көзөнөктөн дароо атыр атылып чыкты. Чамбылбектин көзүн жумууга да чамасы келбей калды, көзү аябай ачышты. Көзүн колу менен сүртүп, көздөн чыккан жашын аарчып, ал мындай деди:

— Мунун да таң кала турган эч нерсеси жок! Атырдын сүрөтү тартылгандан кийин атыр атылып чыгууга тийиш.

Эгерде атырдын сүрөтү тартылып, ал эми сенин көзүңө сыя атылып чыкса, анда таң калууга болот эле.

Андан кийин ал крандын алдындагы туткаларды үйрөнө баштады. Бул жерде кандайдыр бир түшүнүксүз сүрөттөр тартылган болчу. Бир тутканын алдына жылаңач кортогой баланын кызыл түстөгү сүрөтү тартылган. Экинчи тутканын астына ошондой эле кортогойдун көк түстөгү сүрөтү тартылган. Үчүнчү тутканын алдына кызыл колдун сүрөтү турат. Төртүнчү тутканын алдында ошондой эле колдун көк сүрөтү бар. Булардын эч нерсесин түшүнбөй Чамбылбек колуна тийген биринчи тутканы бурады, анын үстүнөн суу куюлуп ага баштады. Чамбылбек атыр агып чыга баштаган экен деп көзүн жумду. Бирок атыр эмес экендигин бара-бара түшүнүп, көзүн ачса, душтан суу агып жаткан экен. Ал таң калайын деди эле, бирок ойлонуп:

— Токто! Таң кала турган эч нерсе жок. Мен жөн эле душту бурап алган турбаймынбы, — деди.

Муздак суунун алдында кийимчен туруу анчалык деле сонун нерсе эмес да. Чамбылбек сууну токтотоюн деди эле, бирок кайсы тутканы бураганын унутуп койду, ал туткалардын улам бирин бурай баштады. Муздак сууну токтотуучуну бурагандын ордуна, ал ысык суу келгичти бурады. Анын үстүнөн аккан суу көбөйүп, жылуу боло баштады. Айтор ал сууну токтоткондо бутунан башына чейин суу болгон эле.

— Ссуга кандай түштүң? — деп сурады Седепкан Чамбылбек комнатага кайтып келе жатканын көрүп.

— Түштүм, — деп кыска гана жооп берди Чамбылбек.

Анын кийим-кечигинен суу тамчылап турганын Седепкан эми гана байкады.



— Эмне, кийимиң менен сууга кошо түштүңбү? — деп кыйкырды ал.

— Анан кандай болсун дейсиз? Анда аябагандай амалдуу механика бар экен, кааласаң да, каалабасаң да сени кийимиң менен сууга түшүрөт.

— Амалдуу механика бекен? — деп кызыгып сурады Билбесбек.

— Барсаң өзүң көрөсүң.

Билбесбек барып, бир минутадан кийин башынан аягына чейин суу болуп кайтып келди. Анын үстүнө андан бурулдап буу чыгып турду.

— Башыма түшкөн бир азап болдуңар го! — деди Седепкан.

Ал жуунчу комнатага барып, тутканы үйрөнө баштады, Билбесбек менен Чамбылбек анын арт жагында карап турушат.

— Кана, түшүнүп көрчү, эмне үчүн бир тутканын алдында кортогой бүтүндөй бойдон, ал эми экинчисинин алдында бир кол гана тартылган,— деди Билбесбек.

— Анысы түшүнүктүү,— деди Седепкан.— Эгерде колдун сүрөтү бар тутканы бурай турган болсоң, кол жуугучтан гана суу атылып чыгат, эгерде кортогойдун сүрөтү турган тутканы бурасаң, душтан суу атылып чыгат.

— Туура! — Бардыгы жөнөкөй экен! Эмне үчүн бир кортогой кызыл, экинчиси көк,— деп сөздү улады Чамбылбек.



— Аны мен билемин,— деди Билбесбек.—Кызыл сүрөт бар кранды ачсаң — ысык суу атылып чыгат да, ысык суудан кызарасың; көк сүрөт бар кранды ачсаң муздак суу агып чыгат, ал эми муздак суудан үшүп көгөрөсүң. Бардыгы түшүнүктүү.

— Түшүнүктүү болсо, ваннага суу куюп алып, жуунгула,— деди Седепкан.

Билбесбек менен Чамбылбек жуунуп бүткөндөн кийин, ванна Седепкандын карамагына берилди. Анан үчөө столго олтурушту. Билбесбек сыйкырдуу таякчасын шилтеп:

— Столго дасторкон салгын!—деди.

Дароо столдун үстүнө дасторкон салынып калды. Ал өзүнөн өзү жыйылганда анын үстүнө түркүн тамак толуп кетти. Канчалык жесе да түгөнбөйт. Билбесбек менен Чамбылбек столдун жанында одеялдарды оронуп олтурушат, анткени алардын кийимин Седепкан жууп, кургасын деп илип койгон. Чамбылбек негизинен таттуу тамактарга чабуул коюп, конфеттерди чөнтөктөрүнө катып ала албагандыгына өкүнүп олтурат. Ошондой болсо да ал толуп жаткан конфеттерди уурдап барып, жаздыгынын алдына катып койду.

Акырында бардыгы тоюшуп, столдон турушту. Дасторкон өзүнөн өзү жыйналып, тамак-аш менен кошо көздөн кайым болду, ошентип аны жыйноонун да кереги жок болду. Седепкан терезени карап, эшикке караңгы кирип калганына таң калды. Анан ал уктоочу убакыт болду деп, өзүнүн комнатасын көздөй жөнөдү. Билбесбек менен Чамбылбек да уктаганы кетишти. Электричествону өчүрүшүп алар төшөктөрүнө жатышты. Чамбылбек көпкө чейин конфеттерди чайнап, кагаздарын тике эле астанага таштап жатты. Акырында бир конфетти чайнаган бойдон толук жебей уктап кетти. Билбесбек болсо эртең мененден бери өздөрү менен эмне болгонун ойлонуп, көпкө чейин уктаган жок. Ага Гүлстан шаарынан чыгышканына

бүгүн, кечээ эмес, абдан көп убакыт болгондой көрүндү. Мында таң кала турган эч нерсе жок, анткени кортогойлор өтө кичине, ал эми кичинекейлер үчүн чоңдорго караганда убакыт өтө жай өтөт.

## Он экинчи глава
## БИЛБЕСБЕК СЫРЫН АЧЫК АЙТТЫ

Билбесбектин көздөрү караңгылыкка бара-бара үйрөнө баштады. Үйдөгү буюмдардын караандары да даана көрүндү. Дубалга илинген кара чоң рамадагы сүрөт да көрүндү. Ал Билбесбек жаткан кроваттын дал маңдайында илинип турган болчу. Кроваттын баш жагында кичинекей шкафча турган экен, аны адегенде Билбесбек жөн эле тумбочка экен деп ойлогон. Ал жөн эле тумбочка эмес экендигин ал азыр байкады. Анда эшиктин ордуна майда-майда катар ак кнопкалары жана жылма бети бар. Ар бир кнопканын алдында жомоктордун аттары жазылган. „Кызыл шапкечен", „Бармактай бала", „Алтын короз", „Котофей Котофеевич" деген жазуулар жазылган. Тумбочканын үстүндө күзгү турат.

„Бул эмнеси? — деп Билбесбек өзүнөн өзү сурады.— Кнопканы басып койсо, шкафтан жомок китептер ыргып чыгып жүрбөсүн? Жомок окуп жатса, жаман болбойт да".

Көпкө ойлонуп турбастан Билбесбек биринчи колу тийген кнопканы басты. Бирок шкафтан эч кандай китеп ыргып чыккан жок, анын ордуна акырын ойнолгон уккулуктуу музыка угулду, кандайдыр бир коңур чыккан үн жомок айта баштады.

„Илгери, илгери бир туугандар — Алёнушка деген эжеси менен Иванушка деген иниси болуптур. Бир сапар алар саякатка чыгышат..."

„А! Бул жөн эле жомок айтуучу машина турбайбы,— деди Билбесбек.— Бул өзүң окугандан көрө кайра жакшы. Жатып алып уктаганча уга бер".

Бул арада тумбочканын үстүндөгү күзгү жарк эте түштү, анда жашыл шалбаа пайда болду, Шалбааны аралап жалгыз аяк жол кетет. Ал жол менен бир туугандар Алёнушка менен Иванушка кол кармашып бара жатышат.

Билбесбек жакшылап көрүү үчүн кырынан жатып карай баштады, үн жомокту улантып жатты:

„Ошентип Иванушка менен Алёнушка экөө жүрүп олтурушту — байламта бир көлгө келишти, көлдүн жанында уйлар жайылып жүрөт. „Менин суу ичким келет”, — дейт Иванушка. „Ичпе, иним, ичсең музоо болуп каласың”, — дейт Алёнушка...”

Билбесбек жомоктун акырына чейин угуп олтурду. Жомок ага абдан жакты, улак болуп калган Иванушкага гана боору аябай ооруду. Бул бүгүн өзүнө көчөдө жолугуп, эшекке айланып калган баланы эсине түшүрдү. Ал кортогой Билбесбектин эсинен такыр эле чыгып кеткен болчу, азыр ал бала жөнүндө улам көп ойлоно баштады. Ал бала эшекке айланага, буттары менен тротуарды такылдатып кеткенин, кетип бара жатканда кайгылуу көздөрү менен жоодурап карап койгонун эсине түшүрдү.

Жомок капкачан эле бүткөн, Билбесбек болсо улам бир кырына бурулуп, кайгылуу үшкүрүнүп жатты. Ал ичинен өзү менен өзү сүйлөшүүдө, бул ага ичиндеги кандайдыр бир башка үн өзү менен сүйлөшүп жаткандай көрүндү.



„Ал өзү күнөөлүү да, мени түртүп жибербедиби. Анан мен унчукпай коёюнбу”, — деп актанды Билбесбек.

„Карап кой мунун мырзалыгын! Түртүүгө да болбойт тура! Сени түртсө, сен да түрт!” — дейт башка үн.

„Түртөт болчумун!” Түрт деген

кармаш деген да? Урушкан жакшы иш эмес",—деп буркулдайт Билбесбек.

„Муну карап кой! „Жакшы эмес" деп коёт! - Анан сенин жасаганың жакшыбы? Сени кимдир бирөө эшекке айландырып койсо, эмне болор эле?" — дейт үн.

„Анан ал эмне үчүн түртөт?" —деп Билбесбек өжөрлөндү.

„Түртөт, түртөт" дегенден башканы билбей калгансыңбы! Ал байкабастан түртүп алганын өзүң деле билесиң да".

„Эч нерсе билбейм".

„Билесиң, билесиң, менден, тууган, жашыра албайсың!"

„Сенден эч нерсе жашыра албай тургандай сен кимсиң?" — деп Билбесбек сактана түштү.

„Кимсиң дейсиңби? — деп үн мыйыгынан күлдү.— Тааныбай жаткансып сураганын кара.— Мен сенин абийириң, уят-арыңмын".

„А, бул сен белең? Анда унчукпай олтура бер! Эч ким көргөн жок, эч ким мага эч нерсе деп айта албайт."

„Сен өзүңдүн жаман кылыгың үчүн бирөө тилдейт деп коркуп жатасыңбы? Менден такыр коркпойсуңбу? Бекер кыласың. Мен сени кыйнай баштаганда турмушуңа нааразы болосуң. Эгерде кимдир бирөө көрүп, сенин бул кылыгың үчүн жазаласа, сага кайра жеңил болбосун сен түшүнөсүң. Кана, азыр ордуңдан туруп, бардыгын Чамбылбекке айтып берчи!"

„Сен ушул убакка чейин кайда элең? — деди Билбесбек.— Эмне үчүн мурда унчуккан жоксуң? Башка кортогойлордун абийири абийир болуп, меники болсо башкача болбогон бир неме экен да! Бир жерге олтуруп алып унчукпай турат... Мен качан бир жаман нерсе иштегенде гана кыйнаганды билет".

„Мен сен ойлогондой эле күнөөлүү эмесмин,— деп актана баштады абийир. — Сенин абийириң азырынча кичине, бышыгып жете элек, анын үстүнө үнүм да акырын чыгат. Анын үстүнө айланада чуу болгон убакта эч нерсени айрып билбей калам. Бөтөнчө күндүз. Автомобилдер, автобустар дуулдап,

эл кыжы-кужу болуп сүйлөшүп, музыка ойнойт. Ошондуктан мен сени менен түнкүсүн, айлана жымжырт болуп, менин үнүмдү эч нерсе бузбаганда гана сүйлөшөм".

„А, сен чуудан коркот турбайсыңбы! Азыр сени угузбай коём!" — деп Билбесбек кубанып кетти.

Ал шкафтагы кнопканы кайрадан басты эле, Ерш Ершович жөнүндө жомок айтыла баштады. Абийир бир азга унчукпай калды, анан Билбесбек анын үнүн кайрадан укту:

„Мына сен жумшак төшөктө жатасың, сага жылуу да, жумшак да. Эшекке айланып кеткен кортогой эмне кылып жатканын сен билесиңби? Ал атканадагы сыз жерде жатса керек. Эшектер кроватка жатышпайт да. Мүмкүн ал жөн эле көчөдө жаткандыр... Анын кожоюну жок, ким карамак элё".

Билбесбек катуу кайгырып, төшөккө ооналактады.

„Мүмкүн, ал ачкадыр,— деп сөзүн уланта берди үн,—Ал тамак бер деп сурагандай тили жок. Өзүң бирдеме сурагың келгенде, тилиң жок болуп калса, кандай болор эле?"

— Ушундай да жаман жомок болобу, эч нерсени угузбай коё албайт! — деп буркулдады Билбесбек.

Ал башка кнопкаларды басып, башка жомокторду уга баштады. Анан шкафчанын дубалынан бир топ музыка кнопкаларын таап, марштарды, полькаларды жана вальстарды угууга киришти. Бирок үн бир минутага да тынбай, өз билгенин айтып жатты. Мындан кийин Билбесбек „Эртең мененки зарядкага" деген кнопканы басты. Түн ортосунда төмөндөгүдөй кыйкырык чыкты:

— Эртең мененки зарядкага даярдангыла! Терезени ачып, үйдү желдеткиле. Зарядканы басып жүрүүдөн баштайбыз. Терең дем алгыла. Бир эки, үч, төрт...

Билбесбек үйдө жылаңаяк басты, анан секирүүгө өттү: бутун ачып, кайра бириктирди, кайра дагы бириктирди. Анан олтуруп-тура баштады. Музыка катуу ойноп, команда даана берилип жатты. Билбесбек бардык көнүгүүлөрдү жакшылап

жасады, абийир болсо дал кулагынын тушунда туруп өзүнүн кеңешин айта берди:

„Чамбылбекти ойгот! Ойгот, ойгот, ойгот!"

Акырында Билбесбек туруштук бере албай, Чамбылбектин төшөгүнө барып, аны жулкулдатып ойготууга киришти:

— Тур, Чамбылбек, турчу, мен сага бир нерсе айтып берем!

Бирок ал ойгонбой койду. Чамбылбек замбирек менен атсаң да ойгонбоочудай катуу уктап жатат. Анан Чамбылбек муздак суудан аябай корко тургандыгы Билбесбектин эсине түштү. Ал кол жуугучка барып бир кружка суу алды да, аны Чамбылбектин бетине бүркө баштады. Чамбылбек дароо ойгонуп, төшөгүнөн ыргып турду.

— Бул эмне кылганың!—деп мурчуюп, ал көзүн ушалады.— Мен бүгүн жуунбадым беле.

— Чамбылбек, мен сага бир нерсе айтайын деп жатам, бул жөнүндө Седепканга айтпайм деп убада бер.

— Мен ага эмнеге айтмак элем.

— Жок, сен адегенде убада бер.

— Макул, айтпайм, тезирээк айтчы, уйкум келип жатат!

... - Билесиңби, Чамбылбек, бүгүн мен бир кортогойду эшекке айландырып койдум.

— Анан эмне болуптур? — деп ыйлактап жооп берди Чамбылбек. — Ошол үчүн мени ойготосуңбу? Айландырсаң болуптур!

— Мүмкүн ал эшек болууну өзү каалабас!

— Ал каалабаса эмне экен!

— Жок, Чамбылбек, бул жаман иш болду. Бул үчүн сен мени тилдечи.

— Эмне үчүн?

— Мени абийирим кыйнап жатат. Мүмкүн сен тилдесең мага жеңил болуп калар.



— Сени эмне деп тилдейин?

— Ойлонсоң, бирдеме деп тилдесең.

— Эмне деп тилдөөнү билбейм... Тилдегенди такыр билбейм.

— Мени барып жеткен дөдөйсүң де.

— Барып жеткен дөдөйсүң,— деп кайталады Чамбылбек.

— Мээси жок мал де.

— Мээси жок мал!

— Наадан де.

— Наадан!

— Дагы бирдеме деп тилдечи.

— Ак-ак эшек!

— Туура!

— Көңүлүң жайландыбы?

— Жок, жайланган жок. Сен чын эле тилдегенди билбейт окшойсуң. Андан көрө мени муштумуң менен катуу муштачы.

— Кайсы жерге муштайын, аркагабы же желкегеби?

— Аркага муштасаң, аркага муштачы... Дал ошондой, жакшы! Азыр желкеге муштачы... Ошентип! Дагы бир жолу... Дал ошентип! Дагы мушта, коркпой "эле кой... Ай! Жетет, жетет! Катуу муштаганын кара! Мен сага көрсөтөм! Муштай берем деп сүйүнгөнүн кара!

— Өзүң сурабадыңбы?

— И, ченемди билүү керек да. Билбесбек кайра төшөгүнө барып жатты.

— Шашпа, мен сага көрсөтөм!— деп ал ооруган желкесин карманды.—Азыр байланышкым келбейт.

— Ыраазы болууну билбеген чочкосуң! — деп жооп берди Чамбылбек.

— Карасаң муну! — деп жооп кайтарды Билбесбек.— Сөккөндү билбейм деп коёт да, чочко деп тилдейт.

Мына ушуну менен экөө уктап кетишти.

## Он үчүнчү глава
# ЖАЛБЫРАКБЕК МЕНЕН ТОПЧУКАН

Бул окуяда айтылып кеткен Жалбыракбек деген бала эң жакшы кортогой болчу. Ал Күнөстүү шаарындагы Момпосуй көчөсүндө турчу. Ошол эле көчөнүн башка бир үйүндө Топчукан деген кыз жашаган. Жалбыракбек менен Топчукан китеп окуганды аябай жакшы көрүшчү. Алар кээде китеп окууга аябай кызыкканда, театрга, киного да барышчу эмес, радиону да укпастан, телевизорду да карабастан кандайдыр бир кызык китепти окуп отура беришчү. Адегенде алар үйдөгү бардык китептерди окуп чыгышты, андан кийин тааныштарынан сурап же магазинден сатып ала башташты, анан китепканага жазылышты, анткени китепканада кызык китептер дайыма болот.

Качандыр бир кезде Жалбыракбек менен Топчукан бири-бирине тааныш эмес эле. Бирок экөө тең китепканага жазылгандан баштап, алар ошол жерде жолугуша башташты; китепканадан үйлөрүнө кайтып келе жатканда окуган китептери жөнүндө кызыктуу аңгемелешчү. Көп убакыт өтпөй эле алар достошуп алышты. Топчукан акылдуу болчу, ал мындай нерсени ойлоп чыгарды: ал китепканага экөөбүз тең барып жүргөндүктөн, убакытты үнөмдүү пайдаланбай жатабыз деди, ошондуктан алардын окууга убакыттары аз калып жатат. Эгерде китепканага улам бири барып, экинчиси үчүн китеп алып келген болсо, абдан үнөмдүү болор эле, эч ким тарынбасын үчүн кезек менен барууга да болот.

Алар мына ошондой кыла башташты: бирөө китепканага барып келгенче, экинчиси олтуруп китеп окуйт.

Күндүн артынан күн өтө берди. Жалбыракбек менен Топчукан көп жолугушат, көп убакыт өтпөй алар бири-бири менен сүйлөшмөйүнчө күндөрү өтпөс болду. Бир сапар Топчукан китеп жөнүндө аңгемелешүүгө сендей досум

болгондугуна абдан бактылуумун деди. Жалбыракбек да өтө бактылуу экендигин айтып, бардык кортогойлор эле китепти жакшы көрбөстөн, кээ бирөөлөрү китептердин сүрөттөрүн гана карап, ал гана турсун керели кечке топ ойноо менен алек болуп жүрүшкөндүктөрүнө аябай кейип жүргөндүгүн билдирди.

— Мен ошондой кортогойлорду абдан аяйм, — деди Жалбыракбек.— Кандай жыргалды көрбөй жатышкандыктарын алар өздөрү да билишпейт. Эгерде алар китеп окууга кызыгышса, бул кандай кызык экендигин өздөрү көрүшөр эле.

Топчукан бир азга ойлонуп туруп, мындай деди:

— Жалбыракбек, биз китеп театрын уюштурсак эмне болот?

— Кандай китеп театрын? — деп түшүнгөн жок Жалбыракбек.

— Ал театрда китеп окушат. Анда актёрлор да, декорациялар да, сахналар да болбойт. Анда эл олтуруп гана кызык китепти угушат.

— Андай театрды сен кайдан көргөнсүң?

— Эч жерден көргөн эмесмин, жөн эле өзүм ойлоп чыгардым. Экөөбүз өтө кызык повесттерди, жомокторду же аңгемелерди тандап алабыз да, кезек менен үн чыгарып окуп беребиз.

Топчукандын сунушу Жалбыракбектин көңүлүнө абдан жакты, алар дароо ишке киришишти. Адегенде окуу үчүн бир нече аңгемелерди тандап алышты: ал аңгемелердин бири — жүрөктү элжиреткен, экинчиси — кайгылуу, үчүнчүсү — көңүлдүү, төртүнчүсү — коркунучтуу, бешинчиси — дагы ар кандай болушу үчүн аракет кылышты.



Өздөрүнүн театры

үчүн өтө ылайыктуу жерди тандап алышты. Жалбыракбек жашаган үйдүн жанында бак десе бак эмес, короо десе короо эмес бир жайык жер бар. Аны тегерете гүл тигилген, ортосунда шахматты жана дойбуну жакшы көрчүлөр үчүн стол, тегерете орундуктар коюлган. Жайыкча эки үйдүн ортосунда, стол да, гүлдөр да, орундуктар да көчөдөн өткөн ар бир адамга көрүнүп турат.

— Биз мына ушул жерге китеп театрын уюштурабыз,— дешти Жалбыракбек менен Топчукан экөө.

Алар столду көчөгө жакын коюшуп, кешектерди анын алдына коюшту да, өздөрү үчүн үйдөн эки орундукту алып чыгышты. Анан Жалбырак бек китептерди алып келгени чуркап кетти да, Топчукан кичинекей жез коңгуроону алып келди.

Кечинде Күнөстүү шаардын бардык театрларында коңгуроолор чалына баштаганда, Топчукан коңгуроо чалып, Жалбыракбек төмөндөгүдөй деп кыйкыра баштады:

— Мында келиңиздер! Бул жерде жаңы театр ачылат. Эң кызык болот! Келип орундарды ээлегиле!

Бул убакта көчөдөн өтүп бара жатышкан кортогойлор бул кыйкырыкты угушту. Алардын кээ бирөөлөрү столдун жанындагы кешектерге олтурушуп күтүп калышты. Жалбыракбек бардык орундуктарга адамдар олтурганын көрүп, мындай деди:



— Азыр силердин алдыңарга Топчукан чыгат. Ал аңгемелерди окуп берет.

Топчукан биринчи аңгемени окуй баштады. Ал абдан жакшы окуду, бардыгы көңүл коюп угуп олтурушту, бирок алды жактагы кешекте олтурган бир кортогой жактырбагандай мурдун чүйрүп, мындай деди:

— Бул жерде китеп окуйт турбайбы! Мунун эмнеси театр!

— Болбогон бир кеп! Эч бир кызыктуу эмес! — деди башка бир кор-тогой.

Ал экөө орундарынан турушуп, кетип калышты. Башка кортогойлор да алардын артынан ээрчишип, кете башташты. Көп убакыт өтпөй коңшу үйдөгү театрдын коңгуроосу угулду. Бир топ кортогойлор орундарынан ыргып турушуп, ал жакты көздөй чуркашты. Бир уктап калган баладан башкаларынын бардыгы таркап кетишти. Иш ушуну менен бүттү. Жалбыракбек менен Топчукан аны ойготушуп китепти ага окуй башташты. Ал көңүл кош, ичиркенип, улутунуп коюп угуп олтурду. Акырында ал да ордунан туруп кетип калды.

Ошентип биринчи тажрыйба ийгиликсиз аяктады, экинчи күнү да ошондой эле болду. Адегенде эл көп жыйналып, Жалбыракбек китепти окуй баштаары менен эле таркап кетти. Топчукан ыза болуп, атүгүл ыйлагысы да келди, бирок Жалбыракбек мындай деди:

— Эл барбы же жокпу, театр баары бир иштөөгө тийиш. Эгерде эч ким укпаса, биз бири бирибизге окуп беребиз.

Ал Топчуканды эл олтурчу жерге олтургузуп, өзү окуй баштады. Көчөдөн өтүп бара жаткан кээ бир адамдар, токтой калышып, бир аз тыңшап турушуп, ары кетип жатышты. Жалбыракбек күлкүлүү аңгемеге жеткенге чейин мына ушундай боло берди. Дал ушул арада көчөдөн балдар менен кыздар өтүп бара жатышкан. Алар бир азга токтоп турушту да, анан бир аз уккандан кийин келип, кешектерге олтурушту. Жалбыракбектин окуганы алардын көңүлүнө аябай жакты,

аябай күлүштү. Көчөдөн өтүп бара жаткандар алардын күлкүсүн угушуп, кызыгып токтоп калышты.

— Бул жерде бир кызык күлкүлүү нерсени окуп жатышкан экен!— дешип, алар да жайыкка келип олтурушту.

Көп убакыт өтпөй эле кешекке эл жык олтурду. Кортогойлор бир сөздү калтырбай толук угуу үчүн көңүл коюп олтурушту, боорлору катканча күлүштү. Ал аңгеме бүткөндөн кийин Жалбыракбек башкасын, анан дагы башкасын окуй баштады... Угуп тургандардын эч кимиси кеткен жок, эмне үчүн дегенде өтө кызык болчу, китеп окуу бүткөндөн кийин бардыгы орундарынан турушуп, Жалбыракбек менен Топчуканга алкыш айтышты. Кортогойлордун бири эртең да окуйсуңарбы деп сурап, окуша тургандыгын билгенде, эртең да келемин деп айтты. Анан угуучулар таркап кетишти. Кичинекей кортогой да кетип, бир минутадан кийин кайтып келди да, эртең да ушул эле аңгемелерди окуйсуңарбы же жаңыларын окуйсуңарбы деп сурады. Жалбыракбек жаңыларын окуйбуз деп жооп берди. Кортогой кубанган бойдон эртең да келем деп дагы бир жолу кайталап, биротоло кетти.

Ошол убактан баштап Жалбыракбек менен Топчукан ал жерде күн сайын китептерди окушчу болду. Адегенде алар аңгемелерди жана жомокторду окуп беришчү, анан анчалык



чоң эмес, бир кечте окуп бүтүүгө боло турган повесттерди, атүгүл романдарды окуй башташты. Күн өткөн сайын алардын угуучулары көбөйө берди, акырында келгендер отуруу үчүн жайыкка дагы жыйырмага жакын кешектерди коюуга туура келди. Ал эми китеп окугандар үчүн театрдын эстрадасына окшогон кичинекей секичеви жасап коюшту. Кыш түшкөндө китеп театры үчүн жайыктын арт жагына атайы кышкы жайды жасашты.

Күнөстүү шаардын калкы өздөрүнүн китеп окуу театрын аябай жакшы көрүшөт. Алардын көпчүлүгү өз алдыларынча китеп окушчу болду, бул үчүн алар алкыш айтышып, китеп менен биринчи жолу китеп окуу театрында таанышкандыктарын эстерине түшүрүшөт. Жалбыракбек менен Топчукан өз иштерине өтө олуттуу мамиле кылышат. Алар мурдагыдай эле китепканага кезек менен барышып, өтө кызык китептерди алып жүрүшкөн. Жалбыракбек мурда эч качан азыркыдай бактылуу болгон эмесмин деп айтчу.

— Мен кызыктуу китепти окуган кезде кубанып, өз кубанчымды бирөө менен бөлүшкүм келчү,— деп эсине түшүрө турган Жалбыракбек. — Мен ал китепти калган кортогойлорго окуп бергим келчү, алар да ыракаттанышын каалайм, бирок көчөгө чыгып, жолуккан ар бир адамга эле китепти окуй берсе болбойт да! Азыр биздин китеп окуу театрыбыз бар, мен уккусу келген адамдардын бардыгына китеп окуп бере алам. Буга аябай ыракаттанам.

Коркунучтуу жаман окуя болгонго чейин бардыгы мына ушундайча жакшы өткөн эле. Бир сапар Жалбыракбек китепканага кетти, Топчуканга кайра келе жатканда сага кире кетем, анан экөөбүз китеп окуу театрына барабыз деп айтты. Топчукан аны болжошкон убакта күттү, бирок Жалбыракбек эмнегедир келбеди. Адегенде Топчукан Жалбыракбек китепканада кармалып калган экен деп ойлоду, анан тынчсызданып, аны тосуп чыгуу үчүн көчөгө чыгууну чечти.

Ал китепканага кирсе, китепканачы Жалбыракбек келип, каз Яшканын башынан өткөн укмуштуу окуялар жөнүндө деген китепти алып кетти деди. Топчукан ага кирип кетүү жөнүндө берген убадасы Жалбыракбектин эсинен чыгып кеткен экен деп ойлонду. Ал анын үйүнө барды, бирок үйүндө да жок болуп чыкты. Топчукан ал жолдон жолдошторунун бирин жолуктуруп, анын үйүнө кеткен экен деп ойлоду. Үйүнө кайтып келип, ал Жалбыракбекти күтө берди, улам терезени карайт, бирок Жалбыракбек көрүнбөйт.

Мына ошентип кеч да кирди. Топчукан окуй турган китепти алып, китеп окуу театрына жөнөдү. Ал Жалбыракбек ошол жакка барат деп ойлогон, бирок ал жерде да Жалбыракбек жок болуп чыкты. Бардык кешектерге эл толо олтурушкан, китеп окуунун башталышын чыдамсыздык менен күтүп турушат. Топчукан элди көп күттүрүүгө болбой тургандыгын билчү, ошондуктан ал китепти ачып окуй баштайын деди эле, бирок капалангандыктан бир ооз да сөз айта албады. Ар күнү кечинде бул столдо аны менен катар Жалбыракбек олтурчу, азыр ал жок. Топчукан анын бир кырсыкка учураганын сезген. Анын жүрөгү сыздап, бети менен китепти басып ыйлап жиберди.

Анын ыйлаганын көрүшүп, кортогойлор таң калышты. Бардыгы аны курчап алышып, эмне болду деп сурай баштады. Көз жашын жутуп, энтигип Топчукан Жалбыракбек жоголгонун айтты. Бардыгы табылар деп аны соорото башташты. Бирок Топчукан басылбады. Ал Жалбыракбек өтө унутчаак жана жолдо баратып китеп окуган адети бар эле деди. Китепканадан кайтып келе жатканда китеп окуп бара жатып, чырак илинген жыгачка урунуп, чекесин жарып алдыбы... Же унутчаактыгынын кесепетинен көчөнүн кесилишинде, кызыл жарыктын күйүп турган мезгилинде, шаардын ичинде кутургандай кубалап айдап бара жатып, тормоз бере албай калган машинанын алдына калып калдыбы...

Кортогойлор Топчуканга аябай боору оорушту жана ага

жардам көрсөтүүнү чечишти. Кээ бирөөлөрү милициянын бөлүмдөрүн кыдырышып, экинчилери ооруканалардан издей баштышты, анткени көчөдө кырсыкка учурагандар же милицияга же ооруканаларга жеткирилчү. Көп убакыт өтпөй эле алар бардык милиция бөлүмдөрүн жана ооруканаларды кыдырып, телефон менен сүйлөшүштү, бирок Жалбыракбек жок болуп чыкты.

Милициянын ар бир бөлүмү Жаябыракбекти издөө үчүн бир нечеден милиционерди бөлүп койду. Түн бою издешти, бирок эч нерсе чыкпады. Мына ошондо кимдир бирөө ал жөнүндө газетага жарыялоо керек деди. Эртеси күнү газетага Жалбыракбек менен Топчукандын окуясы толук бойдон басылып чыкты. Газетадагы макаланын акырында Жалбыракбек кайда экендигин билген ар бир адам ал жөнүндө редакцияга билдирүүгө тийиш деп айтылган.



### Он төртүнчү глава
## БИЛБЕСБЕК ГАЗЕТА ОКУП, ЖАЛБЫРАКБЕКТИ КАЙДАН ИЗДӨӨ КЕРЕК ЭКЕНДИГИН БИЛЕТ

Эртең менен Билбесбекти кандайдыр бир күнөмдүү чуу ойготту. Ага түшүндө аарылар ызылдагандай же чаң соргуч шкаф иштей баштагандай бирдеме угулду. Билбесбек көзүн ачып, кроватынан алыс эмес жерден укмуштай кичинекей машинаны көрдү, ал дуулдап, комнатынын бир жагынан экинчи жагына жылып жүрөт. Сыртынан караганда ал таш бакага окшош: үстү жагы ошондой эле тегерек, асты жалпак. Билбесбек төшөгүнөн ыргып туруп, аны абдан байкап көрүү үчүн бүкчүңдөп машинанын артынан ээрчий басты. Ал күңүрт жашыл түстө боёлгон. Анын үстүндө кепкир сүзгүчтүкү сыяктуу толуп жаткан майда тешиктери бар, ылдый жагында көзгө окшогон жалтыраган чоңураак катар тешиктери бар. Анын капталына кооз күмүш сымал тамгалар менен „Кибернетика" деп жазылып коюлган.

„Кибернетика дегени эмнеси, — деп Билбесбек өзү сурады.— Машинанын аты болууга тийиш".

Бул арада машина толуп жаткан конфеттердин кагаздары жаткан Чамбылбектин кроватынын жанына жылып келди.



Бир аз убакытка кроваттын алдынан дуулдаган үн угулду. Ал тигил кагаздарды ары-бери аралаганда, кагаздар көздөн кайым болду. Чамбылбек чуудан улам ойгонуп, аягын астанага коёюн деди эле, бирок кроваттын алдынан чыгып келаткан машинаны көрө коюп, кайра төшөккө ыргып кирди.

— Бул эмне? — деди ал корккондунан калтырап.

— Кибернетика, — деп жооп берди Билбесбек.

— Кандай ки-кибернетика?

— Кикибернетика эмес, кибернетика — астананы шыпыра турган машина.

— Ал эмне үчүн кроваттын алдына кирип кетти?

— Кызык экенсиң! Кроваттын алдын шыпыруу керек да.

Ал арада машина эшиктин алдына жылып барып, ышкырып жиберди. Эшик сигнал боюнча ачылгандай ачыла түшүп, машина коңшу бөлмөгө жылып жөнөдү. Машина ал комнатада да жылып жүрө баштады, атүгүл столдун алдына да кирди, акырында кымындай чаң калтырган жок.

Бул арада дуу-дууну угуп Седепкан да ойгонуп, комнатасынан башын чыгарды:

— Буерде эмне болуп жатат?

— Кибернетика,— деди Билбесбек, сөөмөйү менен машинаны көрсөтүп.— Өзү астананы шыпырат экен, кызык!

— Ой укмуш!—деп таң калды Седепкан.

— Ушул да укмушпу! — деди Чамбылбек колун булгап.— Эгерде ал астананы булгаган болсо, укмуш болот эле. Шыпырып жаткандан кийин эч кандай укмушу жок.

Үйдү жыйнап бүтүп, машина бөлмөнүн дал ортосуна чыкты, айланасын карагансып, бир жерде тегеренип туруп, анан бурчка жылып барды да, астананын үстү жагында дубалда турган кичине тешикке кирип кетти.

Эртең мененки тамактарын ичишип, (албетте тамак ичердин алдында кийинишип, жуунушуп, тиштерин тазалашты, биздин саякатчылар шаарга сейилдикке чыгууну чечишти,

анткени шаардан али эч нерсе көрүшө элек. Тепкичтер менен төмөн түшүшүп, мейманканадан чыгышып, алар көчөдө эл көп экендигин көрүштү. Ар бир адамдын колунда газета бар. Бирөөлөр кешектерге олтурушуп, калгандары тикеден тике эле бара жатышкан жерлеринде токтошуп, газеталарды окуп жатышат. Кээ бирөөлөрү басып бара жатышып газета окушуп бирин-бири сүзүп алып жатышат.

Бирок алардын эч кимиси буга көңүл буруп койбойт, анткени алардын бардыгы газеталарды кызыгып окуп бара жатышкан. Газеталары жоктор көчөнүн бурчундагы газета сатылчу дүкөнгө шашылып бара жатышты.

- Газетада маанилүү бир нерсе басылып чыкса керек, — деди Седепкан.

Тумбочканын үстүнө олтуруп алып газета окуп жаткан баланы көрүп, Седепкан мындай деп сурады:

— Эмне болуп кетти, айта аласызбы? Эмне үчүн элдин баары эле газета окуп жатышат?

— Жалбыракбек жоголуп кетти, — деп жооп берди бала.

— Кайсы Жалбыракбек? — Аты ошондой бала бар болчу.

— Эмне үчүн ал жоголуп кетти?

— Мына дал ушунусун мен билбеймин. Азыр аягына чейин окуп бардыгын силерге айтып берем.

Седепкан газета саткан дүкөнгө чуркап барайын деди эле, бул арада бир топ газеталарды көтөргөн бала көрүнө калды. Ал тез-тез басьш газета окууну каалаган ар бир адамга аны берип келе жатат. Ал Седепкандын жанынан өтүп бара жаткандыктан, ага да газета сунду. Билбесбек жана Чамбылбек менен бирге кешекте олтуруп, Седепкан Жалбыракбек менен Топчукан жөнүндө газетага жарыяланган макаланы бүт бойдон окуп чыкты. Жалбыракбек китепти басып бара жатып окуганды жакшы көргөнүн угары менен эле кечээ жолдо жолуктуруп, өзү эшекке айландырган бала дал ошол экендигин Билбесбек түшүндү. Аны абийири кайрадан кыйнай баштады.

Бирок өзүнүн ою жөнүндө Билбесбек Седепканга эч нерсе айткан жок.

Боорукер Седепканга бул макала катуу таасир тийгизип, ал ыйламсырап жиберди.

— Эсиңде барбы, Билбесбек, сен экөөбүз да Жалбыракбек менен Топчукандай достошуп, китеп окуп жүрбөдүк беле. Эгерде сен да жоголуп кетсең эмне болор эле?— деди ал.

— Карасаң бул макоо кызды, ыйлап жатат, Билбесбек жоголгон жок да! Ал мында олтурбайбы,—деди Чамбылбек.

Билбесбек газетаны алып башка макалаларды окуй баштады. Бир макала анын көңүлүн өзүнө бурду.

— Угуп турсаңар, мына бул жеринде минтип жазылыптыр, мындай деп ал макаланы угуза окуду:

„Кечээ кечинде Бисквит көчөсүндө ээси жок эшек табылган. Эшек күтүлбөгөн жерден пайда болуп, көчөдөн өтүп бара жаткан адамдарды коркутуп, тротуарда басып жүргөн. Ал кээ бир убактарда автомашиналардын кыймылы тынбай турган коркунучтуу көчөгө да чыккан. Аябай издесек да эшектин ээси табылбады. Милициянын кызматкерлери ээси жок эшекти кармап, зоопаркка жөнөтүп жибериштиˮ.

— Эшекти кармап, зоопаркка жөнөтүп жибериштиˮ. Анын эмнеси бар экен? — деди Седепкан.

— Бул мындай да...— деп Билбесбек сөзүн баштады эле.

Кечээ ал бир кортогойду эшекке айландырганын, ал ошол эшек го деп айтайын деди эле, сырын аз жерден айтып сала жаздап унчукпай калды.

— Бирдеме айтайын дедиң окшойт? — деди Седепкан.

— Мен... мен... Күнөстүү шаарда зоопарк да бар экен го деп айтайын дедим эле. Биз ал жакка барып, айбандарды көрө алабыз да.

— Туура, мен көптөн бери зоопарктан жаныбарларды көрө элекмин,— деп кубанып кетти Чамбылбек.

Кортогойлордун өлкөсүндө биздин өлкөдөгүдөй эле

арстандар, жолборстор, карышкырлар, аюулар, крокодилдер бар экендигин билүү керек. Бирок бул жаныбарлардын бардыгы биздегилердей чоң эмес, кортогойлордун өздөрүнө окшош кичинекей. Маселен, анда карышкыр чычкандай, аюунун чоңдугу момолойдой, эн чоң айбан пилдин чоңдугу мышыктай. Бирок мындай майда жырткычтар да чоңдуктары бармактай болгон кортогойлор үчүн коркунучтуу болуп эсептелет. Өздөрү кичинекей болгондугуна карабастан, кортогойлор эр жүрөк келишет. Алар эч бир коркпостон жырткычтарды кармашып, бардык эл келип көрсүн үчүн зоопарктарга тапшырышат.

Зоопарк жөнүндө укканда Чамбылбек ордунан ыргып турду да, ал жакты көздөй чуркоого камынып мындай деди:

— Эмне кылсак? Биз зоопарк кайсы жерде экендигин билбейбиз да...

— Ал оңой, азыр билебиз,— деп жооп берди Билбесбек.


Ал тротуардын четинде газета окуп жаткан баланын жанына келип мындай деп сурады:

— Зоопарк кайсы жерде экендигин айтып бере албайсызбы? Биз эшекти көргүбүз келет... тьфу!.. эшекти эмес жанагы эле жырткычтарды көргүбүз келет.

Зоопаркка чейин тогузунчу автобус алып барат, токтой турган жери мына бу мейманкананын жанында. Билбесбек ыракмат айтып, ошентип биздин саякатчылар автобустун токтой турган жерине жөнөштү. Алар көпкө күтүшкөн жок. Бир жарым, эки минутада эле автобус келип калды. Эшиги меймандостук менен ачылып саякатчылар ичине киришти да, автобус андан ары жол тартты. Автобус абдан жай жүрүп бараткандыктан, эч бир доңкулдаганы сезилбеди. Бул болсо анын дөңгөлөктөрү менен рессорунун өзгөчө түзүлүшү менен түшүндүрүлөт.

Автобустун ичи да өзүнүн өзгөчөлүгү менен айырмаланат. Ар бир терезенин түбүнө кичинекей стол коюлган, столдун эки жагында жумшак диван турат, ар бир диванга эки жүргүнчү олтурууга болот. Столдун үстүндө газеталар

менен журналдар, ошондой эле шахматтар, дойбулар, лото, домино жана башка оюндар жатат. Терезелердин ортосуна кооз сүрөттөр тартылган, шыгатын алдына ар түрлүү желектер илинген, алар автобустун ичин ушунчалык кооз кылып турат. Автобустун алды жагына телевизор орнотулган, каалагандар анын экранынан кинокартиналарды, футбол оюндарын жана башка телевизордук берүүлөрдү көрө алышат. Акырында, автобустун арткы бөлүгүндө мылтык атуучулар үчүн тир турат. Автобустун кондуктору жок экенин, анын ордуна токтой турган жерлердин аттарын айтып тура турган репродуктор коюлганын биз унутуп айтпай койгонубузда сүрөттөөбүз жетишсиз болор эле.




Билбесбек жана анын жолдоштору автобуска киришери менен баштарын ылдый салышып, газета окуп отурушкан жүргүнчүлөрдү, лото ойноп олтурган эки баланы, дагы башка эки жуп шахмат ойноп олтурганын көрүштү. Үч бала алды жагына олтурушуп, телевизор көрүүдө. Эки бала кезектете аба аркылуу атылуучу мылтык менен бута атышып жатышты. Ал эч кимди кыжырлантпады. Бир нече балдар, ал жөнүндө газетага жарыяланган, Жалбыракбектин жоголушу жөнүндөгү кокустукту кызыгуу менен талкуулап жатышты. Жүргүнчүлөрдүн бирөө, анын бир таанышы Жылаажынбек деген кортогой бир жолу түн ичинде көчөдө жоголуп кетип, үйүнө жол таба албаганын айта баштады.

Бул аңгемеге Билбесбек абдан кызыкты, бирок автобус зоопарктын жанына келип токтоп, түшүүгө туура келип, аңгеменин аягына дейре уга албай, Жылаажынбек жөнүндөгү бул окуянын эмне менен бүткөнүн билүүгө ага мүмкүнчүлүк болбоду.

## Он бешинчи глава
## ЗООПАРКТА




Гүлстан шаарынын калкы али зоопарк жасай элек болгондуктан, Билбесбек жана анын жолдоштору аны такыр көрүшө элек болчу. Алар айбанаттардын капастарын торчолору бар түрү суук чоң темир ящиктер сыяктуу элестетишчү, бирок чындыгында, алар жашыл бак-дарак менен гүлдөрдүн арасына коюлган киши кызыгарлык кичинекей кооз үйлөр эле. Алардын чатырлары ар түрдүү түстөгү ачык боёктор менен боёлгон. Бул кичинекей үйлөрдүн баарынын бет маңдайлары темир торчолордон жасалгандыктан, алардын ичиндеги айбандар дапдаана көрүнүп турушчу. Зоопаркта капастардан башка сууда сүзчү ар кандай канаттуулар менен тюлень жана бегемоттор өңдүү айбандар жашай турган көлмөлөр да жасалган. Учуучу куштардын өздөрүнчө зым сокмодон жасалгаи кенен-чонон жайлары бар эле. Ал эми тоос жана күрп сыяктуу учууну да, сүзүүнү да билбеген канаттуулар каалаган жерлеринде жүрө беришчү. Зоопарктын дал ортосунда жапайы эчки-текелер жүрө турган жасалма аскалуу тоо тургузулган.

Билбесбек зоопаркка кирип алып, айбандардын арасынан баягы өзү эшекке айландырып жиберген Жалбыракбекти жанталашып карай баштайт, себеби, ал өзүнүн кылган ишине уялып, көптөн бери жүрөгү түпөйүл болуп жүргөндүктөн, аны тезирээк кайра кортогой кылып коюуга ашыгып жүргөн. Седепкан да айбандарды аң-таң болуп кароодо. Ал абдан боорукер болчу. Ошондуктан, ал кайта-кайта үшкүрүнүп, капаланып жатты:

— Алда байкуштар ай! Силерди капаска эмне камап коюшту? Ойногуңар келип да турган чыгар...

Бир гана Чамбылбек эч нерсеге таңыркабай, өзүнүн адатын карматып, капастан обочоpоок болууну гана ойлоп жүрдү. Карышкырды көрө когоп:

— Карышкыр имиш! Мунун чоң иттен эмне айырмасы бар? — деп өзүнчө керсейди.

Жолборсту көрүп мындай деп койду:

— Чоң мышыктын эле өзү. Ушунун эмнесинен киши коркмок эле.

— Эгер коркпосоң жакыныраак барчы,— деп калды Билбесбек.

— Мен жакын жерден жакшы көрө албайм. Менин көзүм ыраактан жакшы көрөт.

Жолборс турган капаска жакыныраак жерде газдалган суу сатылчу дүкөн бар эле. Анда сатчу киши жок болчу да, каалаган киши барып кнопкасын басса, газдалган суу өзү эле стаканга куюлуп кетчү. Чамбылбек муну байкай койду да, өзүнүн ысып, газдалган суу ичкиси келгенин айта салды.

— Ичүүгө болот,— деп Билбесбек ага макул болду.

Алар дүкөндүн жанына келип, катары менен турган бир нече кнопкалуу чорголорду көрүштү.

— Эми кайсы кнопканы басуу керек? — деп Чамбылбектин башы ката түштү.

Билбесбек кеңешин берди:

— Тиги чиенин сүрөтү тартылган кнопканы баса бер.

Чамбылбек манжасы менен жанында чиенин сүрөтү тартылып турган кнопканы басып калды. Ошол замат чоргонун астындагы тешиктен таптаза стакан ыргып чыкты да, ага газдалган мала кызыл суу көбүгүн быжылтатып куюла баштады. Чамбылбек сууну ыракаттанып ичип жиберип, анан стаканды кайра чоргонун астына койду. Чоргонун астынан ошол замат тешик ачыла калып, стакан төмөн түшүп кетти.

— Муну көр! — деп Чамбылбек таарыныч кыла сүйлөдү.— Мен дагы бир стакан ичейин дедим эле.

— Ичсең кнопканы дагы бас,—деп Седепкан кеңешин айтты.

Чамбылбек жанына апельсиндин сүрөтү тартылган кнопканы басып калды. Ошол замат чоргонун астынан таза стакан дагы ыргып чыкты да, ага апельсиндин ширеси аралашкан кызгылт-сары суу куюла баштады, Чамбылбек бул сууну да ичип жиберди. Анан:

— Кана, эми мына бу лимондун сүрөтү тартылган кнопканы басып көрөйүн да,— деп калды.

— А мен мына бу клюкванын сүрөтү тартылган кнопканы басам,— деди Билбесбек.

Седепкан бир жагынан чыкты:

— Мен тиги жер-жемиш тартылганды...

Баары тең кнопкаларды басышып, суу иче баштаашат. Акыры ичкен суулары ичин кулдуратып, андан бөлүнүп чыккан көмүр тек мурдун өрдөй баштаганда, Чамбылбек эми азырынча ичким келбейт деди да, биздин достор андан ары жөнөштү. Алар бир аздан кийин маймылдар турчу жайга барышып, маймылдарды карап турушат. Маймыл дегендин өзү тынч тура албаган, шамдагай айбан болушат экен. Алардын капастарына шатылар, таяктар, селкинчектер орнотуп коюшуптур. Маймылдар узун таяктарга жармашып, селкинчек тебишип, шатыларды төрт

колу, атүгүл куйруктары менен да шап кармашып, аркы-терки секирип жүрүштү. Бир маймыл кан-дайдыр бир жерден кичинекей күзгү таап алып, аны колунан түшүрбөй капастын ичинде чарк айланып жатты. Ал адамдын күлкүсү келгидей кылып, күзгүгө улам-улам бир шумдуктуу кылык менен карана берди. Билбесбек ал маймылды көрүп каткыра күлүп жиберди да, анан аны Чамбылбекке окшош экен деп калды.



— Окшош-мокшош эмес! - деп Чамбылбек таарына түштү.

— Анын куйругу бар, а менин куйрук түгүл балакетим да жок.

Алар талаша кетишти. Чамбылбектин жини келе түштү:



— Карап тур, сен кортогойду эшекке айландырып салганыңды Седепканга айтам.

— Мен сага көрсөтөм „айтканды”! Сен эч кимге айтпайм деп убада бердиң беле, чыккынчы! — деди Билбесбек, муштумун түйө Чамбылбекти демитип.

— Койгула, ой койгула! Уят эмеспи, — деп Седепкандын кыжыры кайнай түштү.— Жок дегенде маймылдардан уялсаңар боло! Жүргүлө, кеттик.

Чамбылбек ачуулана мурчуңдады:

— Мен бул жерден кетпейм!

— Эми сен маймылдарды керели кечке кайрайсыңбы? Биз али пилди көрүшүбүз керек.

Достор пилди көрүүгө жөнөп калышты. Жолдон алардын көздөрүнө жапыз эле тосмо менен курчалган бир жыгач

сарай урунат. Сарайдын жанында сур эшек турган экен. Анын кулактары делдейип, көздөрү мүгдүрөйт. Башын жерге салып шылкыйып турушу бир нерсе жөнүндө ойлоп турган сыяктанып көрүнөт. Чамбылбек эшекти көрүп кыткылыктап күлүп жиберди да, анан чыканагы менен Билбесбекти түрткүлөдү:

— Тигине, сенин баягы эшегиң.

— Унчукпа! — деди Билбесбек ызырына, — жап оозуңду, билдиңби?

— Силер эмне эле ит менен мышыкча ыркырашып жатасыңар? —деп калды Седепкан.

Чамбылбек билмексен киши болду:

— Ырылдашканыбыз жок. Мен жөн эле тетигини, баягы газетага чыккан эшек го деп жатам.

Саякатчылар эшекти көрүп болушкандан кийин, пил турган жайга барышты. Бирок пилди киши оңоюу менен көрө ала турган эмес, себеби ал турган капасты кортогойлор топурап курчап алышыптыр. Седепкан ошол замат эле топурашкан кортогойлордун арасына жөргөлөп кире баштады. Чамбылбек анын артынан жөнөдү.

Билбесбек жалгыз калганын байкай койду да, ошол замат баягы эшекти көргөн жерге кайра чуркап келди.

Эшек кашаанын ичиндеги мурдагы эле ордунда турган. Ал бир аз эшекке жакыныраак келди. Билбесбек эки жагын



карады да, эч ким жок болгондон кийин койнунан сыйкырдуу таякчасын сууруп чыгып, аны шилтегилей күбүрөдү:

— Эшек кайра кортогой болуп калышын каалайм.

Ушуну айтып, оозун жыйып алгыча болбой, эшек эки арткы буту менен өйдө туруп түзөй бергенинде, ал кадимки эле бала болуп калды. Үстүндөгү кийгени жеңдери чолок, чыпыйта тигилген бешмант, багелеги балпактаган жашыл-саргылт түстөгү шым экен. Башындагы кызгылт сары темгилдери бар, чоктуу көк калпагы деле сонун. Узун көкүлү анын алдынан каштарын жаба салбырай түшүп турат. Кортогой Билбесбекти карап чырт түкүрүп койду да, мурдун шор тартып, муштумун түйө көрсөттү. Анын муштуму чоң, ал эми сепкил баскан мурду топчу кебетеленип кипкичинекей болчу. Ал буту менен эшикти тээп ачты да, сыртка чыкты. Бир азга токтоло калып, анан Билбесбек жакка бурулду. Анын тырмактай көздөрү ойноктоп, үстүнкү калдайган эрини мурдуна чейин түйрүлө түштү. Оозунун жылмайганынан жамажайлары аз эле жерден кулактарына жете берген жок. Мурда эшек болуп жүргөн кичинекей бала дал ушундай кебете менен Билбесбекти карапкойду да, анан эки колун шымынын чөнтөгүнө салып, ары көздөй басып кетти. Билбесбек анын артынан көпкө чейин карап турду. Анын үстүнөн оор жүк түшкөндөй болду. Аны кыйнап жаткан абийир токтоду, ал кубанды да, өзүнүн досторун көздөй кайра чуркады.

Седепкан Билбесбек жокто пил турган капастын жанына барып, аны өз оюнча көрүп алды. Ал бул укмуштуудай айбандын чоңдугуна аябай таңыркады. Бирок ал баарынан да анын ар түрдүү буюмдарды кол сыяктуу эле ала турган узун тумшугуна өзгөчө айран-таң болду. Чамбылбек болсо буга окшогон чоң айбандан коркконунан ага жакындап да бара алган жок. Ал пилди алдында турган кишилердин далдасынан эле көрүп, топурашкан элдин арасында айланчыктап жүрдү. Ошентип жүрүп, ал пилдин кулактары

шалпайган башын эле көрүп калды. Анан Чамбылбек эми бул жаныбардын дагы эмнесин көрмөк элем деп ойлоп, топтун ичинен сыртка чыга берди. Ошол учурда Билбесбек кайра келип калган.

— И, пилди көрдүңбү? — деп ал Чамбылбектен сурап калды.

— Таң каларлык эчтеме жок! — деди Чамбылбек колун шилтеп,— элдин „пил, пил!" дешкени жөн эле болбогон сөз экен. Көргөндө анын эмнесин көрөсүң? Башы менен эле кулагы бар.

Аңгыча болбой топтун ичинен Седепкан да чыга келди:

— Сен кайда житип кеттиң, Билбесбек!? Пилди эмне үчүн көргөн жоксуң?

— Анын жалаң кулагын көргөндө эмне кылмак элем! Жүргүлө, андан көрө барып дагы газдалган суу ичебиз.

— Абдан туура! — Чамбылбек сүйүнүп кетти.— Эмнегедир менин да суу ичким келип жатат.

Седепкан макул болбоду:

— Бар, барып келгиле, мен силерди мына бул кешекке отуруп күтүп турайын. — Ушинтти да ал жолдун боюндагы кешекке олтуруп алды.

Билбесбек менен Чамбылбек газдалган суу сатылчу киоскага жөнөштү.

— Мен жанагы эшекти кортогойго айландырып жибергенимди билдиңби, Чамбылбек! — деди Билбесбек мактанып.

Чамбылбек эстей койду:

— Ошондой, жана бир жакка чуркап кеткенсидиң.

Бир аздан кийин алар курчоолонгон жерге кайра келишип, Чамбылбек тээ ары жакта турган эшекти көрө койду.

— Ал тигил жерде эле турбайбы! — деди анан каткыра күлүп. Билбесбек таңыркай түштү:

— Эмне?

— Сенин эшегиң!

— Ай, ушу сени! — Эч нерсе болбогон өңдүү көзүн үлдүрөтө ирмегилеп, өзүн карап турган эшекти көргөндө, Билбесбектин ичи быша түштү. Анын кайра эшекке айланып калышы, мүмкүн эмес! Балким, бул ал эшек эместир?

— Ырас эле!— Чамбылбектин ою да ушуга кетти.— Бул башка болсо керек. Кыясы, сарайдан чыга келди окшойт.

— Биздин муну көрүп калганыбыз жакшы болбодубу,— деди Билбесбек. — Балким, жанагы мен издеп жүргөн эшек ушул чыгар. Берки мен кортогойго айландырып жиберген эшек бул эмес, башка көрүнөт.

— Чын эле! — деди Чамбылбек, аны коштоп.— Балким, бул ошол, а ал болсо бөлөк, болбосо, бул ал эмес, ошол ушул болушу мүмкүн...

Билбесбек сөздү бөлүп жиберди:

— Кой, ушул эшектерден башымды катырбай, мунусун да кортогойго айландырып жибергеним түзүк болот окшойт.

Эшектин кантип кортогойго айланып кетерин көргүсү келип араң жүргөн Чамбылбек жан дей түштү:

— Туптуура!

Билбесбек таякчасын жаңсагылап, өзүнчө күбүрөй кетти:

— Ушул эшектин да кортогой болуп калуусун каалаймын.

Билбесбек менен Чамбылбек көздөрүн ирмегенче эле, эшектин ордуна кортогой чыга келди. Анын кийгени да чолок жеңдүү бешмант, төбөсүндө чогу бар калпак эле. Бирок бешмантынын өңү жашыл эмес, ачык сары калпагы болсо көк эмес, актемгилдүү көгүлтүр түстө экен. Ал эми шымынын түсү баягыныкындай жашыл-саргылт. Мунун да кичинекей кара көздөрү, маңдайынан салаңдап турган узун көкүлү, түйрүйгөн үстүңкү эрини жана сепкил баскан кичинекей муруну дал эле биринчи кортогойдукунун өзүндөй болуп турат. Булардын айырмасы эле ушул: биринчисиникинде сепкил мурдунун

учунда гана болчу, ал эми мунун сепкилдери мурдунан бетине чейин чаап кеткен.

Кортогой эки жагын эңги-деңги болуп кишиче карап алып, сепкил баскан мурдун чүйрүп койду да, анан же чүчкүргөнү же бышкырганы билинбей башын чулгуп алды. Анан Билбесбек менен Чамбылбекке назар да салбастан кашаанын жанына барып, андан секирип өттү да, ары бурулуп басып кетти.

Чамбылбек бул таң каларлык окуяны көрүп, дал болуп туруп калды. Ал кортогой кашаадан ары бурулуп кеткенден кийин гана эсин жыйды.

— Баягыбы?

— Баягың кайсы? — деп Билбесбек түшүнбөй калды.

— Кечээ сен эшекке айландырып жиберген кортогойчу?

— Аны шайтан билиптирби! — Билбесбек колун шилтеп койду.— Мен анын кандай экенин да унутуп калдым. Буларды койчу эми, кайсынысы болсо да баягы экөөнүн бирөө да... Токтосоң, эми тигиниси кайсы болуп кетти? — деди ал күтпөгөн жерден чочуп. Чамбылбек сарайдын эшигинен чыгып турган узун кулактуу башты көргөндө, андан бетер болду:

— Акетай! Дагы бир эшек!

Билбесбек өкүнө сүйлөдү.


— Мурдагылары аз келгенсип, эми мунусун көрбөйсүңбү? Дагы бирди кортогойго айландырмак болбодукпу.

— Тура турсаң, — деп калды Чамбылбек.—Бул эшек эмес эле ат көрүнөт.

— Сен эмне деп жатасың! Ат буга караганда алда канча чоң болот эмеспи.

— Ырас эле, — деди Чамбылбек ага кошулуп. — Бир жагынан карасаң ат, бир жагынан карасаң эшек сыяктанып көрүнөт. Кыясы, бул жөн эле чоң эшек болсо керек, бар болгону ошол.

— Койчу деги, булар менен алышып жүрө турган убактым да жок! — деди Билбесбек. — Кортогойго айландырып салып



жанын тындырам. Көп болсо бир кортогой ашыгыраак болуп калар.

Булар ушинтип сүйлөшүп турушканда эшек сарайдан чыгып, түз эле аларды көздөй басып келди. Билбесбек дал анын маңдайына туруп таякчасын жаңсагылап жиберди:

— Ушул эшек да кортогой болуп калуусун каалаймын.

Ушуну айтты да чыйрыйып калды. Анан башын көтөрсө, эшек жок болуп, анын ордуна кортогой туруп калыптыр. Мунун боюнун гана бир аз узунураактыгы болбосо, эрини калбайып, мурунку экөөнүн эле өзү. Ал эми сепкилдери мурду менен бетинде гана эмес, колдорунда да бар экен. Ал кашаага жакындап келди да, Билбесбекке тикирее карап, сурап калды:

— Шоктуяк менен Алабаш кайда?

— Шоктуяк менен Алабашың ким? — деп Билбесбек чочуп кетти.

— Эшектерчи. Жана ушул жерде турган эки эшекти көргөн жок белең?

Билбесбектин шаштысы кетип, калпты шыпырта айтты:

— Көргөнүм жок.

— Эмне калп айтасың? Же маңдайга бирди жегиң келип турабы?

— Маңдайга дегениң кандай? — деди Билбесбек түшүнө бербей.

— Ал мына мындай!



Кортогой кашаанын үстүнөн колун созуп туруп, Билбесбекти чекеден ары коюп калды эле, ал аз жерден чалкасынан кеткен жок.

— Аа, ушинтишмейби!

Билбесбектин жини кайнап, туттуга кыйкырды.

— Демек, сенин мушташкың барбы? Сагабы!.. Сага!..

Кортогой тиреше чыкты: - Сен эмне деп жатасың? Азыр мен сага көрсөтөм! Ушинтти да кашаадан бери түшө баштады. Билбесбек анын түшүп келишин күтпөй эле, безген бойдон качып жөнөдү. Чамбылбек анын артынан чү койду. Алар айбандардын капастарынын жанынан аткан октой сызышып, артынан жаңы пайда болгон кортогой бутун атча тарсылдатып кууп бара жатты. Кортогой күтпөгөн жерден чөп-чарга чалынып жыгылып калбаганда, булардын эрегиштери эмне менен бүтөөрү белгисиз эле. Ал өйдө тура калганда Билбесбек менен Чамбылбек бир топ узап кетишкен болчу. Эми аларга жете албай турганына көзү жетип, муштумун түйө кыйкырды:

— Шашпа, биз дагы көрүшөрбүз! Дал сени бөйпөңдөттүрбөсөм эле, карап тур!

— Анан эки колун багелектери балпактаган жашыл-саргылт шымынын чөнтөгүнө салып, басып кетти. Ал көрүнбөй кетип калгандан кийин, Билбесбек менен Чамбылбек Седепканга кайта келишти.

— Силер кайда жүрдүңөр? — деди Седепкан ачууланып. — Мен силерди издемек болуп жаттым эле.

— Бизди ушул жерде бир келесоо эшек кууп жүрдү,— деди Билбесбек.

— Кайсы келесоо эшек?

— Мен сага анан айтып берем.

— „Анан" дегениң эмне! Азыр эле айт!

Билбесбек кечээ Жалбыракбекти эшекке айландырып жибергенин жана ага байланыштуу бардык окуяларды айтып берүүгө аргасыз болот.

— Сен ушундай каардуу экенсиң го, ээ, Билбесбек! — деди Седепкан, анын айткандарын угуп болуп.—

Сыйкырдуу таякча сага кортогойлорду эшекке айландыруу үчүн берилди беле?

— Седепкан, мен каардуу эмесмин! Мен ушул Жалбыракбек менен Топчукан үчүн аябай жапа чегип жүрөм. Мен уятыма чыдай албай араң жүрдүм. Сен ачууланбай эле кой. Иш жакшылык менен эле бүтпөдүбү. Эмгиче Жалбыракбек Топчуканга барып калгандыр.

— Биз Жалбыракбекти кайдан издөө керек экендигин газетадан окуп алганыбыз жакшы болуптур, — деди Седепкан.

## Он алтынчы глава
## БИЛБЕСБЕК, СЕДЕПКАН ЖАНА ЧАМБЫЛБЕК АЛАБАШКА КАНДАЙЧА ЖОЛУГУШТУ ЖАНА АНДАН КИЙИН ЭМНЕЛЕР БОЛДУ

Саякатчылар мурда көрүшө элек али бир топ айбандар бар болгондуктан, кечке маалкы убактыларын зоопаркта өткөрүштү. Алар кечинде гана мейманканага келишип тамактанышты да, анан уйкуга киришти. Бул жолу жүрөгүн өйүгөн эч нерсе жок болгондуктан, Билбесбектин көзү тез эле илинип кетти.

Бирок чындыгын айтканда, кимдир-бирөө жанагы ал кортогойго айландырып жиберген үч эшектин ичинде Жалбыракбектин карааны да жок болчу деп айтып койгон болсо, ал минтип тез уктамак эмес. Табылган эшек циркке жөнөтүлдү деп айтуунун ордуна зоопаркка жиберилди деп басып жиберишип, жаңылыштык газетадан башталган. Анан Жалбыракбек ошол бойдон циркте калып, зоопарктагы үч эшектин ордуна үч кортогой пайда болот. Алардын биринчиси— Алабаш, экинчиси — Шоктуяк, ал эми үчүнчүсү—Качыртай деп аталчу. Качыртайды зоопаркта кадимки эле эшек катары эсептешкен менен, ал эшек эмес эле качыр болчу. Адатта, качыр аттан кичинекей, эшектен чоңураак болот эмеспи.

Шоктуяк менен Алабаш кадимки эле кортогойго айланса, Качыртайдын бою алардыкынан кырдуураак келген кортогой пайда болду. Анын бою тогуз жарым эле эле. Кортогойлордун өлкөсүндө узундук чени эли менен чектеле турган. Биздин узундук чендерге айландырганда эли — бир, анан чейрек сантиметрдей келет. Мына ушул чен тогуз жарымды бир жана чейрек сантиметрге көбөйтүп, Качыртайдын боюнун бийиктиги канчалык экенин ар ким эсептей алат.

Алабаш, Шоктуяк, Качыртай үчөө тең өздөрүндөгү болгон өзгөрүүлөргө аябай таңыркашты. Баарынан да алардын мурдагысындай төрт буттап эмес, эки буттап басышьш, дароо эле сүйлөшкөндү үйрөнүп алышкандары айрыкча таң каларлык болду. Колдорунун башында туяк болбой, манжа болуп калганы да укмуштуу көрүнүш эле. Ушулардын баары алардын күлкүлөрүн келтирип жатты. Колдорун же манжаларын карап коюшкандары эле ыкшып күлүп калышат. Бирок ошондой болгон менен, бул жерде күлө турган эч нерсе жок экендигин түшүндүрө ала турган биринин да кебетеси жок. Алардын баары эч нерсени ойлонбостон эле, ойлоруна эмне түшсө ошону кылган кортогойлор болуп калышыптыр. Муну мындан ары китеп окуучулардын өздөрү да баамдап калышар.

Эртеси Билбесбек, Седепкан, Чамбылбек үчөө уктап турушуп, каякка барып ойносок, же дагы зоопаркка барсакпы деген ойго түшүштү. Бирок Седепкан көчөлөр менен аркы-терки басып, шаарды көрүүнү сунуш кылып калды. Алар аны алиге чейин жакшылыктуу да көрүшө элек болчу.

Биздин саякатчылар эртең мененки тамактарын ичишти да, тепкичтер менен төмөн түшүшүп, мейманканадан көчөгө чыгышты. Тротуар менен эл аркы-терки топурашып өтүп жатышкан. Тротуарга бойлото тигилген гүлдөрдүн жыты эртең мененки салкын желге кошулуп, мурунга урунуп жатты. Күн жаңы эле үйлөрдүн чатырларынан өйдө көтөрүлүп, кишилердин жону-башын, беттерин, мурундарын жана кулактарын

жылыта баштаган эле. Ошондуктан баарынын жүздөрү жайдары тартып, пейилдери чечилгендей көрүнөт.

Билбесбек менен анын жолдоштору тротуардын четинен ак фартук, жылтыраган кара резина өтүк кийген бир кортогойду көрүп калышты. Ал Көкүлбек деген бала болчу. Көкүлбек резина түтүгү менен гүл сугарып жүрүптүр. Суу түтүктөн атылып чыгып жатат, кортогой болсо жолдон өтүп жаткан кишилерге чачырап кетпесин деп аны этияттык менен гүлдөргө септирүүдө.

Биздин саякатчылар анча көп алысташпай токтоп калышты да, анын ишин кызыгып карап калышты. Аңгыча болбой, ары жактан дагы бир кортогой чыга келди. Анын кийгени ичке жеңдүү бешмант, жашыл-сары түстөгү шым, ал эми башындагысы кызгылт чоктуу калпак экен. Бул кечээ өзү кортогойго айландырып жиберген эшек экенин дароо биле койду. Ал чынында эле Алабаш болчу. Ал эртеден бери кылаарга иш таппай, көчөнүн эки жагын алактай карап, шаарды кыдырып жүргөн. Гүл сугарып жаткан кортогойду көрүп, ал да аны карап токтой калды. Бир убакта анын түтүктөн агыш жаткан сууну сепкиси келип, чыдай албай минтип жиберди:

— Түтүгүңдү берсең, мен да бир аз кармап турайын. Менин да гүлдөрдү сугаргым келип жатат.

Көкүлбек жылуу жүз менен жылмая күлүп, түтүктү Алабашка суна берди:

— Ал, ал.

Алабаш сүйүнүп кетти да, түтүктү кош колдоп кармай коюп, гүлдөргө суу себе баштады.

— Суу гүлдөрдүн үстүнөн чачырагандай кылып, түтүктү бир аз бийиктете кармаңыз,— деди Көкүлбек.— Эгер сиз сууну тике чачыратсаңыз, анда ал гүлдөргө зыян келтириши мүмкүн.

Алабаш анын айтканындай түтүктү бийигирээк кармады.

— Мына, эми туптуура! — деди Көкүлбек, кубаттай сүйлөп.— Сиз гүл сугарууга жөндөмдүү окшойсуз. Мен үйгө

чуркап барып келе койгуча, сиз иштей турсаңыз. Эгер сизге кыйынчылык болбосо гана - деп кошумчалады.

— Жок, жок! Эмнеге кыйынчылык болмок эле! — деди Алабаш.

Көкүлбек кетип калды да, Алабаш гүлдөрдү өзү жалгыз сугарып калды. Суу катуу тээп атылып чыгып жаткандыктан түтүк анын колунда солкулдап турду. Ал Алабашка жаны бар сыяктуу сезилип, ушундай орчундуу

милдет аткарып жаткандыгына сыймыктанып жатты. Бир убакта маңдай жагында турган Билбесбек, Седепкан жана Чамбылбекти көрө койгондо:

„Эгер суу менен ушуларды бир аттырып калсам эмне болор экен, ыя?" — деген шоктуу ой эсине түшө калды.

Ушинтип ойлогончо болбой эле, анын колундагы түтүк өзүнөн өзү бурулуп, суу Билбесбектин башынан ылдый карай шорголой баштады.

Билбесбек кыйкырып жиберди:

— Ой! Мага эмне чачасың?

Алабаш анын сөзүн укмаксан, болгон сууну - мындай буруп кетти да, анан кокусунан өңдөнтүп, сууну кайра Билбесбекке жаадыра баштады. Билбесбек ачуусуна чыдабай, суу чачып жаткан кортогойдун сазайын бермекчи болуп жулунду эле, бирок Седепкан колдон кармап калды:

— Жүр, бул жерден кетебиз! Башкасы бүтүп сенин ушул чатак чыгарганың эле жетпей жатыптырбы!

Үчөө тең бурулушуп, кетмек болуп жатышканда, Алабаш сууну Седепкандын дал желкесин көздөтө аттырып калды.

— Ай-ий! — Седепкан муздак суунун мойнунан ылдый куюла түшкөнүнөн чочуп, чыңырып жиберди.

— Аа, сен Седепканды да суу кылгың барбы! — деп Билбесбек ачуулана кыйкырды,— мен сага азыр көрсөтөм!

Ал чуркап барып түтүктү Алабаштын колунан жулуп алмакчы болгондо, Алабаш түтүктү мындай буруп кетти эле,

суу тротуарды бойлото атылып, аркы-терки өтүп жатышкан кишилерге чачырай баштады. Билбесбек түтүктү алууну ойлоп, каптал жагынан баргысы келди эле, бирок Алабаш ага артын сала бурулуп, буту менен тээп жакындатпай койду.

— Тигини, эми бутуң менен да тепкиң келдиби! — деди Билбесбек ачуусу менен күбүрөп.

Акыры анын колу түтүккө жетип, аны алууга аракеттенди эле, бирок Алабаш бере койгон жок. Суу, түтүктүн оозунан бир тыякты, бир быякты көздөй ойкуп-кайкып, күч менен атылып жатты. Жолдон өтүп жаткан кишилер туш-тушка качып жөнөштү, Алар тротуардан обочорook жерге топтолушуп өздөрүнө эмне үчүн суу чачып жатышкандарына түшүнө албай туруп калышты. Кай бирлери Билбесбек менен Алабаш тамашаңарды койгула деп да кыйкырып жатышты.



Седепкан да ошентип кыйкырды, бирок, Билбесбек менен Алабаш алардын кыйкырыктарына эч көңүл бөлбөстөн, түтүктү бир биринин колдорунан талаша беришти.

— Ушулардан түтүктү алып койсо болмок, — деп калды кимдир-бирөө.

— Туптуура! — деди дагы бирөө топтун ичинен,— жабылып барып эле колдорунан түтүктү алып койсок суу чача албай калышат.

Бул ишти баштаганга киши четтен чыкты. Ал Балыкбек аттуу кортогой

эле. Анын кийгени ачык күрөң түстөгү спорттук костюм, башында кырбуусу калдайган калпак болчу.

— Кана, туугандар, жүргүлө! — Балыкбек ушинтип кыйкырып, чуркап жөнөдү.

Алабаш көрө коюп, сууну анын дал бетине кармай койду. Балыкбектин калпагы башынан ыргып, тигинден ары калдаландап тоголонду...

— Токто! Токто! — деди Балыкбек калпагынын артынан кууй жөнөп.

Ошол учурда Билбесбек ыгын келтирип туруп Алабаштын колунан түтүктү жулуп алды. Бирок Алабаш да ага жемин жедирген жок, Ал түтүктүн учундагы темирин кайра кармай калып, күч менен булкуп алды эле, ал түтүктөн суурулуп кетти. (Билбесбек суу али куюлуп жаткан түтүк менен башка берип калайын дегенинче болбой туш-туштан чуркап калышкан кортогойлор аны колдон кармап калышты. Окуянын ушундай жоболондуу болуп бара жатышын байкап коюп, Алабаш бир азга ойлонуп турду да, анан колундагы темир түтүкчөнү ыргытып жиберип, сызган бойдон жөнөдү.



Билбесбектин тегерегине кортогойлор заматта топурап жыйыла түшүштү. Алар тротуардын бетин бербей, чоң жолго да толуп кетишти. Автомобилдердин кыймылы токтоп, көчөдө эл шыкырайт, аңгыча болбой, кайдандыр бир жактан милицио-нер чуркап келип, кыйкырып калды.

— Баарыңардын тарооңорду өтүнөм! Сиздер транспорттордун жүрүшүнө тоскоол болуп жатасыздар!

— Сууну мына бу чачып жатты! — деп Балыкбек Билбесбекти көрсөтө кыйкырды.

— Мен чачкан жокмун! — деди Билбесбек да кыйкырып,— кайра өзүмө чачышты.

— Муну карап койгула! Буга суу чачышкан имиш! Ха-ха!

Бул бака-шака түшүп жатышкан жерге туш-туш жактан башка кортогойлор да келе башташты. Автомобилдер Көчөлөрдүн кесилишкен жерине чейин шыкырашып калышты. Бушайман болгон эле — байкуш милиционер. Ал:

— Тарагылачы деги, тарагылачы, теңир жалгагырлар!— деп кыйкырып жатты.

Бирок эч ким кетчүдөй эмес. Бул жердеги окуяны көргөндөр билгендеринин баарын көрө элек кишилерге айтып берүү үчүн кетпей жатышты, ал эми көрбөгөндөрү болсо, Билбесбекти көрүүгө ашыгышат. Билбесбек бул жерде турганда эч кимдин кетпей тургандыгына көзү жетип, милиционер аны алып кетүүнү ойлоду. Милиционер Билбесбекти колдон жетелеп, аны көчөнүн аркы имерилишинде турган автомобилге алып барды. Милиционер Билбесбекти машинага түшүрүп жатканын Седепкан менен Чамбылбек көрө коюшуп, аларга чуркап барышты да:

— Бизди да ала кеткиле! Бизди да! — деп кыйкырышты.

Бирок аңгыча машина ордунан козголуп жүрүп кетти. Седепкан менен Чамбылбек анын артынан жанынын бардыгынча нууй чуркашты. Бирок аны эмненин кууп жеткени! Машина алардан заматта эле капкайда узап кетти. Анткен менен милиция бөлүмү анча алыс эмес экен. Машина бир бурчтан кайрылды да, анан бир аз жүрүп барып, томпок тарткан чатырчасы күмүш өңдүү жаркыраган бир кабат, анча чоң эмес үйдүн жанына токтоду. Седепкан милиционер менен Билбесбектин машинадан түшүп, ошол үйдү көздөй кеткенин да көрүп калды.

Билбесбек милиционер менен эшикти ачыш эле, заңгыраган жарык бөлмөгө кирип барышты. Ал жерде дагы бир милиционер бар экен. Ал милиционер тегерете орнотулган ар кандай белги бергичтердин, күйгүзүп кайра өчүргүчтөрдүн, микрофондор менен телефондордун ортосундагы тегеренме орундукта олтуруптур.

Алар менен төрт катар кыдып шар түрүндөгү элүү эки телевизордук экран тургузулган. Ошол экрандарга шаардагы элүү эки көчөнүн үч кошкону, бүт үй-сүйлөрү, жүрүп бара жаткан машиналары, жолдогу кишилери, айтор көчөдөгү болгон бардык нерселер күзгүгө чагылышкан сыяктуу чагылышып көрүнүп турат. Бөлмөнүн ортосуна да шар түрүндөгү бир чоң экран илинип коюлган.

Билбесбекти ээрчитип келген милиционер менен жанагы аппараттарды башкарып олтурган милиционердин экөө тең башка кортогойлордой эле кийинишкен. Бирок алар элдин баары баш ийе турган милиционер экендиктери билинип турсун үчүн, баштарына өрт өчүргүчтөрдүкү сыяктуу жалтыраган жез калпак кийип алышкан. Аппараттардын жанында олтурганынын бою кичикей, бирок толмоч болчу. Анын аты Сакчыбек эле. Ал эми Билбесбекти ээрчитип келгени узун бойлуу, арык болчу. Мунун аты Ышкырыкбек.

Сакчыбек милиционер Ышкырыкбек Билбесбекти ээрчитип келгенин көрө коюп, дароо суракка алды:

— А, суу чачкыч келдиби! Сиз эмне үчүн көчөдө суу чачышып жүрөсүз, тууган?

Билбесбек карбаластай түштү:

— Мен чачышкан жокмун.

— Чачышкан жокмун дегениңиз кандай? — деди Сакчыбек таңыркап. — Биз көрүп турбадыкпы. Бизде бардыгы көрүнүп турат. Мына, берирээк келиңизчи.

Милиционер Ышкырыкбек телевизордук экрандар жакка

баскын дегенсип Билбесбекти акырын аркасынан түртүп койду.

— Биздин милиция бөлүмүбүздүң карамагында туура элүү эки көчөнүн үч кошкону бар,—деди Сакчыбек.—Биз ар бир көчөдө болуп жаткан бардык иштерди ушул элүү эки шарча — экрандардан көрүп турабыз

Эгер кичинекей шарчалардан бүдөмүк көрүнө турган болсо, биз чоң экранды иштетебиз.


Милиционер Сакчыбек ушинтти да, анан экранды иштеткич тээкчеш бурап койду. Бөлмөнүн ортосунда илинип турган күзгүлүү шар кубулга көгүлтүр түскө айлана түшүп, андан машиналар ортосуна токтоп калышкан жолдун үч кошкону көрүнө баштады.

— Мына, Пряник жана Галенной көчөлөрүнүн бурчундагы сыгылышып көрбөйсүзбү. Бардык кыймыл токтоп калды!

— Сакчыбек ушинтип жемелей сүйлөп, анан шарды көрсөтүп койду.

Ал ошонун жанындагы башка тээкчени бурап жиберди эле, экранда башка көчөнүн үч кошкону көрүнө калды.

— Кант жана Котлет көчөлөрүнүн бурчунда да сыгылышуу болуп жатат, — деди Сакчыбек.— Эми көчөдөгү кыймыл



иретке түшкөнчө бир топ убакыт бар. Ал эми машиналардын бардыгы кайдадыр бир жакка барууга тийиш. Ушундай токтоп туруулардын кесепетинен шаардагы иреттүүлүк бузулат.

Ошол учурда Ышкырыкбек экрандардын кичинекей шарчаларынын бирин карады:

— Тиги Чыгыш көчөсүндөгү топураган эл али таркаша элек.

— Азыр Чыгыш көчөсүнүн экранын иштетебиз,— деди милиционер Сакчыбек.

Анан ал дагы бир тээкчени бурап калганда, чоң экрандан так баягы Билбесбек менен Алабаш түтүк талашып мушташып кетишкен Чыгыш көчөсү көрүнө түштү. Билбесбек экранга жакынырaак келсе, көчө толгон эл. Балыкбек баарынын алдына чыгып алып, ал жерде болгон окуяны айтып берип жатыптыр.

— Бул биздин шаардын эли деги эмне болуп кетишкен! — деп Сакчыбек чыртыя түштү.— Эми ушинтип эле topoлоң боло беришет. Кыясы, сен ал жерге дагы барып, тарап кетүүлөрүн сурап келбесең болбойт го, Ышкырыкбек. Сүйлөшүшсө да бир жерге чогулушпай, башка жакка барып сүйлөшсүн. Алардын топтолушкандары көчөдөгү кыймылды бузуп жатат.

Ышкырыкбек макул боло сүйлөдү:

— Азыр аткарам.

Ал Билбесбекти ортосуна стол жана бир нече орундуктар коюлган коңшусундагы бөлмөгө ээрчитип барып, олтургузуп койду:

— Мени бир аз ушул жерде күтө турууңузду өтүнөм. Мен заматта эле келем.

Милиционер Ышкырыкбек эшикти жаап кетип калды. Ал эми Сакчыбек болсо, элүү эки көчөнүн үч кошкону көрсөтүлүп турган шарчаларга байкоо жүргүзүүсүн уланта берди. Ал чоң экрандан Ышкырыкбектин барыш, кортогойлорду тарап кетүүгө эптеп көндүргөнүн, анан элдин бир аз суюла баштаганын көрүп турду.

Ышкырыкбек ал жердеги жумушун тындырып, машинага түшөт да кайра тартат.

— Эми тиги кармап келгенди эмне кылабыз? — деди милицияга кайтып келип.

Сакчыбек ийнин куушурултуп койду:

— Эмне кылаарды да билбей жатам.

— Мен дагы,—деди Ышкырыкбек,— милицияда нечен жылдан бери иштеп келе жатам, бирок көчөдөгү кишилер бир- бирине суу чачышкан учур такыр болгон эмес. Менимче, ага бир аз акыл-насаат айтып туруп гана үйүнө жөнөтүп жиберүү керек. Болбосо бизге тарынып да калабы...

— Тарынып калабы деп менин да эсим чыгып жатат. Бар, Ышкырыкбек, бошотуп жиберчи. Суу чачышуу жакшы эмес экендигине кылдаттык менен ынандырып, анан биздин бир аз кармап тургандыгыбыз үчүн сылыктык менен кечирим сурап кой. Биз муну элдин тезирээк тарап, көчөдөгү транспорттун кыймылы калыбына келсин үчүн иштегенибизди да айт.

— Макул,— деди Ышкырыкбек.

— Баса, аны мында да ээрчитип келчи. Аны менен катаалырак сүйлөшүп койгондугум үчүн мен да кечирим сурап коёюн.

Милиционердин ушинтип сүйлөшүп жатышкандары башка бирөөлөргө таң каларлык, атүгүл ишенерлик эмес көрүнүшү да мүмкүн эле. Себеби, тартип бузуп кармалган кишиге кайсы милиционер болсо да андан кечирим сурап олтурбай, кандайдыр бир кичинекей жаза ойлоп таба коёру белгилүү эмеспи. Бирок Күнөстүү шаарында бардыгы жөндүү болчу. Башка шаардагылар өңдүү, качандыр бир убактарда Күнөстүү шаарында да кай бир кортогойлор бейбаш боло турган. Алар бир-бири менен мушташып, топурак, таштар менен урушуп, суу чачышып, атүгүл кай бирлери башка кишинин буюмун уурдап да алып, айтор чыр-чатактар көп боло берчү. Мына ушундай тартип бузуучулар менен күрөш жүргүзүү үчүн

милиция түзүлгөн. Алардын күнөөлүүлөрүнө жаза колдонууга да укуктары бар. Эгер кимдир бирөө тентектик кылып эликтесе, көчөдө жүрүүнүн эрежесин бузса, автомобиль менен баратканда тийиштүү жерине отурбай башка бир жерине олтуруп алса, суу чачса, түкүрүп же итти тукурса, милиционер күнөөлүүлөргө туура иш кылбагандарын сездирип, бештен элүү мүнөткө чейин акыл-насаат айтууга милдеттүү болчу. Күнөөсү чоңго көбүрөөк акыл-насаат айтылчу. Өтө чоңураак кылмыш кылгандарга катуурак чара колдонулчу. Мисалы, муштум менен көкүрөккө, же аркага, же бөйрөккө, же желкеге ургандык үчүн бир сутка камакка алынчу, бетке же башка ургандык үчүн эки сутка, таш же таяк менен ургандык үчүн үч сутка камалчу. Эгер ошол урган учурда бир жери көгөрүп, териси сыйрылып же айрылып кетсе беш сутка, ал эми канап кете турган болсо он сутка бериле турган. Эгер кимдир-бирөө бөлөк кишинин буюмун алса, ал эң жогорку жазага тартылып, он беш сутка камакка алынчу.

Кээ бир кишилер уурулук үчүн он беш сутка анча көп мөөнөт эмес деп да ойлоолору мүмкүн. Бирок бизге караганда убакыттары эң эле жай өткөн кичинекей кортогойлор үчүн бул мөөнөт алда канча көп. Айтор аз болсо да, көп болсо да ушул убакыт алардын күнөөсүн сездиргенге жатат.

Кортогойлор эс-акылдарына киришкенге чейин, бул жолдун тартипбузуучулар менен күрөшүүдө анча жакшы натыйжаларды бербегенин да айта кетүү керек. Бирок кийинчерээк алар бир-



бири менен такыр урушпай, мушташпай, башка бирөөнүн буюмун алышпай абдан эстүү болуп калышкан эле. Ар кимдин мамилесине жараша иш кылууну бардыгы түшүнө башташкан болчу. Тартип бузуучулар уламдан улам азайып, милиционерлер бир убактарда өздөрүндө камап коюу өңдөнгөн катуу жазалар болгонун унутуп бара жатышкан. „Камакка алуу" деген сөз унутулуп, анын эмне деген сөз экенин эч ким билбей калган.

Эски убактагы жазалардан бир гана көчөдө жүрүүнүн эрежесин бузгандарга, айрыкча автомобиль айдоочу кишилерге айта турган милиционерлердин эскертүүсү калган болчу. Кыскасын айтканда, милиционерлерде автотранспорттордун жүрүшүн башкаруу менен өздөрү жолдон өтүүдөн коркушкан кичинекей бөбөктөрдү өткөрүп, каякка бararын билбеген кишилерге жолун айтып берүү эле милдети калган. Иштин ушундай абалда болушуна милиционерлер абдан ыраазы эле, анткени, алардын кортогойлорду тарбиялоо боюнча түйшүктөрү өтө азая түшкөн болчу. Ал эми автомобиль транспорту өтө ылдамдык менен көбөйүп, көчө кыймылын башкаруу күндөн күнгө татаал болуп бара жаткан учурда тартиптүүлүктүн өкүм сүрүшү ойдогудай иш эле.

## Он жетинчи глава
## ЧАКМАКБЕК МЕНЕН ЖОЛУГУШУУ

Милиционерлер Ышкырыкбек менен Сакчыбек экөө сүйлөшүп жатышканда, Билбесбек ээн бөлмөдө жалгыз олтурган. Ал ага барганда абдан корккон болчу. Анын биринчи эле ою качуу болду. „Эшикти түртүп көрсө, ал бекилүү экен, терезени ачмакчы болду эле, ал дагы ачылбады. Анан Билбесбек айнекти сындырмакчы болуп, муштуму менен койгулап кирди, бирок айнек калың, анын үстүнө катуу болуп, деги сынчудай эмес.

Билбесбек суй жыгыла чарчап, терезенин текчесине барып

олтура кетти. Ага терезеден алакандай эшиктин алды менен эле коңшусундагы үйдүн теп-тегиз боз дубалы көрүнүп турду. Ал дубалды карай берип, акыры зериге да баштады. Билбесбек мындай камоодо өмүрүндө олтуруп көргөн эмес. Ал ар убакта оюндагысын иштеп, барам деген жагына каалаган учурунда бара берчү, сүйлөшүп, ойноп-күлүп, тамашалашууга жолдоштору да көп эле, эми ал жападан-жалгыз. Анын эмнегедир ыйлагысы келип, көзүнөн жашы куюлуп да кетти. Анан ал ошол учурда Седепкан менен Чамбылбектин жерде жүрүшкөнүн көрө койду. Ал эки жагын элеңдей карашып, анан терезеден Билбесбекти көрө коюшту да, бирдемелерди айтып кыйкыра баштады. Билбесбек алардын айткандарын угууга канчалык жан талашса да, терезе калың болуп, эч үн өткөрбөгөндүктөн, бир да сөзүн уга алган жок! Седепкан Билбесбекке колун булгап манжалары менен кандайдыр белги берди, бирок Билбесбек эч нерсе түшүнбөгөндүгүн билгизүү үчүн башын чайкады. Ал түшүнбөгөн сон Седепкан жерде жаткан таякты алып булгалай баштады.

„Ал тиякта эмнени булгалап жатат? — Билбесбек эч нерсеге түшүнбөстөн өзүнө өзү суроо берди.—Келесоону карасаң! Жерде жаткан бир таякты алып булгалайбы".

Ушул учурда Билбесбек күтүлбөгөн жерден алаканы менен чекесин тарс бир койду да, кыйкырып жиберди:

— Эх, мен эшекмин! Менде сыйкырдуу таякча бар экенин такыр унутуп калганымды карасаң!



Ал сыйкырдуу таякчаны алып чыгайын деп шашып-бушуп койнуна колун салды эле, бирок ошол учурда эшик ачылып милиционер Ышкырыкбек кирип келди. Ал Билбесбекке колун берип, бир нерсе айтмакчы болду. Билбесбек корконунан андан оолактай берди, шашып-бушуп таякты сууруп чыгып, аны булгалады да:

— Милициянын дубалы кулап кетсин да, мен аман-эсен, эркиндикте болууну каалайм! —деп кыйкырды.

Айлана качырап, калдыр-шалдыр болуп, күрс-тарс этти. Бөлмөнүн дубалы күтүлбөгөн жерден кулап, үстү түшө баштады да, чаң уюлгуду. Билбесбектин үстүнө бир нерсе куюлуп жатты. Милиционердин темир калпагына кыш келип бир тийди эле, кулагы дүңгүрөп тунуп барып жыгылды. Билбесбек көпкө ойлонуп турбастан короого чуркап чыкты. Седепкан менен Чамбылбек аны колдон алышты да, дарбазаны көздөй чуркаган бойдон алып жөнөштү. Милиционер Ышкырыкбек урандынын алдынан араң суурулуп чыкты. Башынан темир калпагынын ыргып кеткенине да көңүл бурбастан, ал качкындардын артынан жөнөдү.

Ал катуу күшүлдөп-бышылдап чуркады. Кыш тийген башы катуу ооруп, ал гана эмес, айлана да баштады. Ушундан улам ал түз чуркай албай ийрелендеп-муйраландап бара жатты. Башы зыңылдап катуу ооруп бара жатканын сезди да, милиционер Ышкырыкбек Билбесбекке муштумун көрсөттү да, кубалабай токтоп калды.

Билбесбек, Седепкан жана Чамбылбек бир топ убакытка чейин артын карабастан көчө менен чуркай беришти, бир аздан соң алардын артынан эч ким кууп келе жатпаганын көрүштү да, жай жүрө башташты. Седепкан Билбесбекти жемелеп уялта баштады.

— Эх, сени да саякатчы дейт ээ! — Седепкан жекирип сүйлөдү.— Биз бул жакка эмне кылып келдик? Урушканы жана өтүп бараткандарга суу чачканы келдикпи? Шаарды көргөнү келесиң да, ал эми өзүң резина ичеги үчүн мушташасың!

— Седепкан, сен ачууланба,—деп Билбесбек жооп кайтарды.—Мындан ары мен мындай кылбаймын. Биз эми кадимки саякатчылар сыяктуу шаарды көрүп чыгабыз.

Достор магазиндердин витриналарына көз жүгүртүшүп,

көчө менен бара жатышты. Алар зоопарктан өздөрү кездештиргендей газдалган сууну бурчтагы дүкөндөн көрүштү. Краны менен кнопкасы бар дүкөндү көрө коюп, Чамбылбек мындай деди:

— Ушинтип чуркап келаткандан кийин шире кошулган газдалган суу ичсек жаман болбос эле.

Достор дүкөндүн жанына келишип, кнопканы басты да, ар түрдүү ширелер кошулган газдалган сууну ичишти. Чамбылбек алты же жети стакан ичип жиберди окшойт. Андан ары ичүүгө мүмкүн болбосо да, дүкөндүн жанынан кеткиси келген жок. Дүкөндөн алыс эмес жердеги кешекти көрүп, Билбесбек мындай деди:

— Келгиле, олтуруп эс алалы, эгерде ким суу ичкиси келсе, ал дүкөнгө чуркап барып ичип турат.

Бардыгы кешекке келип отурушту. Алардын алдыңкы жактагы көчөнүн аркы бетинде беш кабат үй турат. Тамдын боорунда токойдон кезиккен Кызыл Шапкечен кыз менен сур карышкырдын сүрөтү тартылган чоң сүрөт турат. Седепкан ошол замат Кызыл Шапкечен кыз жөнүндөгү жомокту айтууга киришти. Жомок абдан кызык болчу. Анткени аны угушуп, сүрөттү карап отурушту. Ошондой болсо да Билбесбек менен Чамбылбек анчалык көңүл коюшуп угушкан жок жана суу ичүү үчүн ар бир минутада дүкөнгө чуркап барып келип турушту. Алардын жоругу Седепканды капа кылды. Анткени жомок айтып жатканда сени алагды кылып турса такыр болбогон иш.

Ошентип улам токтотуп, кайта баштап жатса да жарым саат уба-кыт кетти, акыры жомок айтылып бүттү. Дүкөнгө барып келиш үчүн Билбесбек ордунан ыргып тура калам дегенде, эмнегедир муундары шалдырап Седепкан менен Чамбылбектин колун кармады.

— Сага эмне болуп кетти? — деп Седепкан коркуп кетти.

— Башым айланып жатат! — деп Билбесбек онтоп, аз жерден жыгылып калган жок.

Седепкан менен Чамбылбек аны колдон кармашып, кешекке кайрадан отургузушту.

— Балаа болуп сен газдалган сууну көп ичип алгансың го,—деди Чамбылбек.

— Өзүңдү кандай сезип турасың? — деп Седепкан тынчсызданды.

— Азыр бир аз жакшы болуп калды, адегенде үй да айланып жаткандай болуп көрүндү эле.


— Кайсы үй?

— Тээтиги маңдайыбыздагы турган.

— Седепкан менен Чамбылбек үйдү караштыда, эмнегедир алар да бири-биринин колун кармаша башташты. Аларга үй мурда маңдай жагынан, азыр каптал жагынан тургандай болуп көрүндү. Боорунда турган сүрөт кыйгач болуп калды да, сур карышкыр менен Кызыл Шапкечен кызды ажырата таануу кыйын болду. Чамбылбек күтүлбөгөн жорукка башын чайкап, Билбесбектин жанына барып жыгылды. Мына ушул учурда Күнөстүү шаардын жашоочусу бир кортогой алардын жанына келип мындай деп сурады:

— Силерге эмне болду?

— Башыбыз айланып кетти. Кандайдыр бир үй айланып тургандай болуп көрүнүп жатат, — деди Седепкан.



— Силер башка жактан келгенсиңер го, — деди кортогой, алардын катарына отуруп жатып, — Жолоочубуз,— деди Седепкан.— Кантип билдиңиз?

— Аны билүү кымбат эмес, анткени бул жерде жашагандар үй чыны менен айланып турганын билишет.

—Кандайча айланып?—деп Билбесбек менен Чамбылбек жарыша кыйкырышты.

— Жөнөкөй эле айланып турат, — деди кортогой.— Мындайча караганда, айланып турганын байкоо кыйын, ал жай айланып турат, бирок абдан көңүл коюп карасаңар, анын айланып турганын байкоого болот. Саякатчылар бир аз эсин жыйышып, үйдү караштырды эле, арт жагы менен айланып келе жатканын көрүштү. Кызыл Шапкечен кыздын сүрөтү такыр көрүнбөй калган.

— Мына, таң каларлык жорук, — деди Чамбылбек.— Балакет баскырдыкы, мен эмне деп жатам. Мында таң каларлык деле эчтеке жок экен. Кадимки эле айланып тура турган үй тура.

— Айланып эмес, тегеренип тура турган үй,— деп кортогой анын сөзүн оңдоп кетти.

— Мен такыр түшүнбөй жатам, анын кандайча тегеренип турганын,— деди Билбесбек.

— Аны түшүндүрүү мага анчалык кыйын эмес, анткени менин адистигим архитектор жана бул кандайча жасала тургандыгын билемин,— деди кортогой.

— Бул абдан кызык нерсе экен, айтып бериңизчи,—деди Седепкан.

— Силер качандыр болбосун чоң жана көп кабаттуу үйлөр жылып турганын көрдүңүздөр беле? — деп баштады өзүнүн аңгемесин архитектор. Ошентип саякатчылар мындай нерсени мурда көрүшпөгөндүгүн билди да андан ары мындайча улантты: — Үйдүн алдына рельс коюлат. Үй дөңгөлөктүн үстүндө турган сыяктуу жаңы орунга көчүрүлөт. Тегеренип

турган үйдү куруу абдан оңой, анткени үйдү куруп жаткан учурда анын алдына тегерек рельс коюлат. Үй тегеренип турсун үчүн, үйдү көчүрүүгө талап кылганга караганда анча чоң эмес, кубаты аз электромотор керек.

— Бул түшүнүктүү, — деди Билбесбек. — Ал эми үйдүн тегеренип турушу эмне үчүн керек? Үй тегеренбей эле бир калыпта турса жаман болмокчубу?

— Бул жаман болбос эле,— деп архитектор ага макул болду.

— Бирок тегеренип турган үйдүн кээ бир артыкчылыгы бар. Үйлөрдүн терезелери дайыма төрт жакты: түндүктү, түштүктү, чыгышты жана батышты карап турууга тийиш. Терезеси түштүктү карап турган үйлөрдө эртеден кечке күн тийип турат, ал эми терезеси түндүктү карап турган үйлөргө такыр күн тийбейт. Мындай бөлмөлөрдө жашоо албетте көңүлсүз болот, анткени, ар ким күн көргүсү келет. Бул кемчилик тегеренип турган үйлөрдө толугу менен четтетилген. Биздин маңдайыбызда турган үй бир сааттын ичинде толук тегеренет. Ошондуктан, анын терезеси кайсы жакты карабасын ар бир саатта бөлмөгө күн тиет. Мына ошентип, ар бир тегеренип турган үйдө бардык бөлмөлөр жарык жана көңүлдүү.

— Мен эми бир азыраак түшүнө баштадым,— деди Билбесбек.— Кызык, тегеренип турган үйдү ким ойлоп тапты экен?

— Тегерене турган үйдүн биринчи долбоорун архитектор Бөтөлкөбек түзгөн. Бул мындан бир нече жыл мурда болгон. Мына ошондон бери көп архитекторлор анын идеясын колдоп, бизде көп сандагы үйлөр ошол долбоордо курулуп келе жатат. Бир сааттын ичинде эмес, ал эми эки, үч, ал гана эмес төрт сааттын ичинде бир тегерене турган үйлөр да бар. Эгерде сиздер каалasaңыздар бир аз экскурсия жасап, шаардын архитектурасы менен таанышып чыгалы.

— Бул абдан кызык! — деп кыйкырып жиберди Седепкан.— Бирок ал сиз үчүн кыйын болбос бекен?

— Анын эмне кыйынчылыгы бар? — деди Чамбылбек.— Отун жарып жаткан жери жок да!

— Деги сен сүйлөбөй эле койчу, Чамбылбек, сылык жооп бере албагандан кийин эмне кыласың,— деди Седепкан.

— Чамбылбектики туура,— деди кортогой ак көңүлү менен жооп берип.— Чыны менен отун жарып жаткан жерим жок да, бир нерсени билүүгө кызыккан саякатчылар менен таанышуу, менин өзүмө да жакшы. Менин атым Чакмакбек. Архитектор Чакмакбек боломун.

— Менин атым Билбесбек, тигинин аты Седепкан, — деди Билбесбек.

— Ушинтип биз тааныш болдук, — деди Чакмакбек, өзүнүн жаңы тааныштарынын колун кармап жатып.— Абдан кубанычтуу! Абдан кубанычтуу! Кана, мени ээрчүңүздөрдү сурайм.

Чакмакбек алдыга түшүп, көчө менен бара жатты. Билбесбек, Седепкан жана Чамбылбек анын артынан жөнөштү. Чакмакбек адегенде саякатчыларга тепкич катарында жасалган бир үйдү көрсөттү. Мына мындай үйлөр тепкичтүү үй деп аталат деди ал. Бул бир нече тепкичтүү үйдүн эскалатору жок, бирок жылып жүрө турган транспортёр өңдүү конвейердүү жолдору бар, анда жашагандар ошого олтуруп алышып, өөдө чыгышып, ылдый түшүшөт. Андан кийин мунара тибинде тегеренип турган үйлөрү бар көчөнү кыдырып чыгышты. Ал үйлөрдүн жылма спираль сыяктуу тепкичтери аркылуу килемдин үстү менен барууга болот. Андан кийинки көчөдө Чакмакбек саякатчыларга абдан кооз эки үйдү көрсөттү. Ал үйлөрдүн бири иретсиз, таштан жасалган жарым шарлар сыяктуу эле. Ар бир жарым шарларда жарым тегерек терезелери жана эшиктери бар. Бул үйлөрдүн бөлмөлөрү да жарым тегерек болууга тийиш деп ойлоого болот. Ал эми экинчи үй бири-

бирине жанаша коюлган челектер сыяктуу болуп турат. Ар бир челек эки кабаттуу бийиктикте, биринчи кабатында да, ошондой эле экинчи кабатында да терезе чыгарылган. Бул эки үй тең, Чакмакбек айткан сыяктуу тегерек бөлмөлөрдө жашоону каалашкандар үчүн курулган.

Саякатчылар бурчтан бурулушуп, Музыканттар көчөсүнө келишти. Бул көчөдө бардык үйлөр кандайдыр бир музыкалык инструмент сыяктуу курулган. Бир үй пианино сыяктуу курулса, экинчиси — рояль сыяктуу, үчүнчүсү — арфа сыяктуу, төртүнчүсү — аккордеон, бешинчиси — барабан сы-яктуу курулган. Жалгыз гана бурчтагы үй эмнегедир топурактан жасалган кумура сыяктуу курулган. Андан кийинки көчөдөн саякатчылар такыр башкача курулган үйлөрдү көрүштү. Алар жердин үстүндө турбастан, зор аба шарына чиркештирилген сыяктуу калкып турат.

— Мына ушундай абадагы үйдө жашоону каалагандар да бар экен го? - Седепкан таң калды.

— Такыр тынчтык бербей жатышат, — деди Чакмакбек.— Каалагандар абдан көп, ошондуктан биз дагы бир нече ушундай үйлөрдү курууну чечтик. Күн сайын кыйынчылыктарды жана коркунучтарды жеңүү бул жерде жашагандар үчүн: анткени зымдан жасалган тепкичтер менен тырмышып чыгуу, парашют менен ылдый секирүү, трос менен тырмышып түшүү сыяктуу кыйынчылыктар аларга абдан жагат.

— Мына мындай үйдө жашоону мен да каалар элем,— деди Билбесбек. Бир аз токтой туруңуздар, мен эми сиздерди байыркы архитектура менен тааныштырайын, — деди Чакмакбек.— Азыр сиздер менен архитектуралык корук деген жерге туш келебиз.

Саякатчылар көчө менен өтүшүп, түркүктөй болуп курулган кварталга келишти. Бул үйлөрдүн түрлөрү ар кандай түз да, кыйшык да, буралгандай да, чыйратылгандай да, оролгондой да, жалпайгандай да, кыйшайгандай да, бөйрөгү

бир жагына чыгып калгандай жана куймактай да үйлөр бар, кайсы бирөөлөрүнө ат таба албайсың. Үйлөрдүн кырбуулары да түз эмес кыйшайып, ийрейип, сынып калган жана өөдө-ылдый болуп турат. Кайсы бир үйлөрдүн түркүктөрү адаттагы сыяктуу ылдый жагында эмес, жогору жагында, үйдүн үстүндө турат, кайсы бир үйлөрдүн түркүктөрү алды жагында, мына ошондуктан ал үйлөр түркүктөрдүн үстүндө турат, кайсы бир үйлөрдүн түркүктөрү кырбуусуна илинип коюлгандыктан, ары-бери өткөндөрдүн үстүндө салаңдап тургансыйт. Кырбуусу ылдый жагынан чыгарылып, аяк-башы курулган, бир жагына кыйшайып калган үйлөр да бар. Түркүктөрү түптүз кылынып, ал эми үйдүн өзү кыйшайтылып курулгандар да жок эмес. Андай үйлөр өтүп бараткандардын үстүнө кулап кетчүдөй болуп турат. Түркүктөрү бир жагына кыйшайтылып, ал эми үйдүн өзү башка жагына кыйшайып, мындай алып караганда мына азыр кулап кетет деп ойлой турган үйлөр да бар.



— Сиздер бул кыйшайган үйлөргө карабай эле коюңуздар, Чакмакбек.— Бир мезгилдерде эч бир нерсеге окшотбой турган үйлөрдү куруу мода болгон. Мына ошентип, ушундай жаман үйлөрдү кура берген. Азыр көрүүдөн уяласың. Ошентип, кандайдыр бир табигый күч жалпайтып жана бир жагына кыйшайтып койгон сыяктуу болуп турат. Анда баары: терезелери да, эшиктери да, дубалдары да, үстү

да кыйшык. Мына ушундай үйлөрдө бир жума жашап көрүңүздөрчү, сиздердин мүнөзүңүздөр да тез эле өзгөрө баштайт. Ачуу-луу, көңүлсүз болуп калтырап-титиреп каласыздар. Сиздерге бардык убакта кандайдыр жаман иш боло турган сыяктуу болуп көрүнөт. Мына мунун бардыгы сиздер жашаган бөлмөнүн кыйшайып турган керегеси кулап кетчүдөй болуп, коркутуп, кандайдыр бир кырсыкка чалдыгам го деген ойдон эч бир чыга албайсыз. Кудай жалгап дубалдары кыйшайып калган үйлөрдө азыр эч ким жашабайт. Бир убакта бул үйлөрдү бузмак да болушкан, бирок аларды келечекке насыят кылып калтырууну чечишкен, анткени, келечекте мындай үйлөрдү куруу эч кимдин оюна келбөөгө тийиш.



— Мына ошол жардам бердиби? — деп сурады Билбесбек.


— Жардам берди, — деп жооп кайтарды Чакмакбек, — Бирок анчалык узак убакка эмес. Кээ бир архитектор өздөрүнүн эски адаттарын таштапкан жок. Алардын кайсы бирлери колуң менен көрсөтүп турсаң да ошондой жаман үйлөрдү курушту. Ошондой болсо да акырында, белгилүү архитектор Дарбызбек ал фокустарсыз эң эле кооз үйлөрдү куруунун жакшы жолун тапты. Аны менен бирге ал бир катар курулуш материалдарын, маселен, абдан жарашыктуу портативдүү үйлөрдү курууга керек боло турган же-

ңил пресстелген пено-резинаны, суукка да, ысыкка да, шамалга да, жаанга да чыдамдуу гидрофобдуу картонду жабыштырып коздоого керектүү синтетикалык пластилинди жана сууда күйбөй турган, отко чөкпөй турган... тьфу!.. андай эмес, отто күйбөй турган, сууда чөкпөй турган курулуш пенопластмассаны ойлоп тапты. Ошондой жөнөкөй буурчактын кабыгынан жасалган ар түрдүү түстөгү жаркырак пенофеногорохту да ойлоп тапты. Ал эчтекеден коркпойт, абдан жеңил келип, ошону менен бирге болот сыяктуу катуу. Мен азыр сиздерге курулуштук пенопластмассадан жана пенофеного-рохдон жасалган, архитектор Дарбызбек тарабынан курулган үйлөр менен тааныштырайын. Ал алыс эмес, Чыгармачылык көчөсүндө.

Чакмакбек алардын алдына түшүп жөнөдү. Күнөстүү шаарда ар бир бурчта кнопкасы бар газдалган суу сата турган дүкөндөр бар экенин айта кетүү керек. Билбесбек менен Чамбылбек ар бир дүкөнгө токтоп бир стакандан суу ичүүнү өздөрүнүн башкы милдети деп ойлошту. Бул болсо алардын көңүлүн көтөрүп, архитектура менен таанышуу көңүлдүү болду. Күтүлбөгөн жерден Чакмакбек токтоп калып, саатына карады да, алаканы менен чекесин бир коюп, кыйкырды:

— Капырай, такыр эсимден чыгып кеткен турбайбы! Мен бүгүн архитектуралык комитеттин заседаниесине барышым керек эмес беле. Анда тегеренип турчу үйлөрдүн курулушу жөнүндөгү маселе чечилмекчи. Мени менен барууну каалабайсызбы? Ошондон кийин мен архитектура жөнүндө айтып берүүнү улантамын жана биз сиз менен Дарбызбектин үйүн карап көрөбүз.

— Мен макулмун,— жооп кайтарды Билбесбек. — Мен мурда эч качан архитектуралык комитеттин заседаниесинде болгон эмесмин.



— Мен жан-дилим менен баруута даярмын,— деп макул боло калды Седепкан.

— Мен дагы макулмун,— деп кубаттады Чамбылбек. Албетте, эгерде бул сиз үчүн эч кандай кыйынчылык туудурбай турган болсо,— деп кошумчалады ал.

— Жок, бул эч кандай кыйын эмес,— деп күлүмсүрөп жооп кайтарды Чакмакбек,— бул отун жаруу эмес да!


## Он сегизинчи глава
## АРХИТЕКТУРАЛЫК КОМИТЕТТЕ

Күнөстүү шаардын ар бир бурчунда дээрлик ак жана кара түстөгү сырлар менен тилкеленип сырдалган, алардын аркасында алыстан көрүүгө мүмкүн болгон жыгач мамычалар тургандыгын Билбесбек эбак эле байкаган эле. Өзүнүн жолдоштору менен ушул сырдалган мамычаларга жакындап келип, Чакмакбек токтоп калды жана анын чокусундагы кнопканы баса койду.

— Бул кнопканын эмне кереги бар? — деп сурады Билбесбек.

— Таксини чакыруу үчүн, — деп түшүндүрдү Чакмакбек.— Сизге такси керек болгон учурда мамычага жакындап келип кнопканы басыңыз, бир минутадан кийин машина жетип келет.

Чындыгында да бир минута өтпөй эле көчөнүн аягынан автомобиль көрүндү. Ал да мамычаларга окшош ачык ак жана кара түстөрдө сырдалган экен. Бат жакындап келип автомобиль тротуардын жанына токтой калды



да, эшиги шарт ачыла түштү. — Айдоочусу кайда? - деп Билбесбек машина айдаган киши рулдун жанында жок экенин байкап таңыркап сурай кетти.

— Айдоочу кишинин кереги жок, — деп жооп кайтарды Чакмакбек. — Бул автоматтык кнопкалуу машина. Мында айдоочунун ордуна өзүбүз көрүп тургандай көчөсү жана токтоочу жери көрсөтүлгөн кнопкалар бар. - Сиз керек болгон кнопканы баса койсоңуз, машина керек болгон жакка алып жөнөйт.

Бардыгы машинага түшүштү, Чакмакбек:

— Мына караңыздар, мен „Архитектура көчөсү" деген жазуучсу бар кнопканы бастым жана...

Ал тактайчадагы аспаптардын бириндеги кнопканы басты эле машина ордунан козголуп жөнөп кетти — Токтогула, силер эмне кылып жатасыңар? — деп кыйкырды Чамбылбек Чакмакбекти колунан кармап.— Кокусунан машина бирөөнү басып кетсе эмне кыласыңар? - Машина эч кимди тебелеп кете албайт, анткени ультраүндүк локатордук аспап бар. Анын жардамы менен бирөөнү басып кетүү же болбосо кагылышуу жок кылынган,— деди Чакмакбек.— Алды жакта орнотулган эки чоң рупорго көңүл буруңуздар. Бир рупор ар убакта ультраүндүк сигналдарды алды жакты көздөй жиберип турат. Алдыда кандайдыр бир тоскоолдуктар боло калса, ультраүндүк сигналдар жооп кайтара баштайт. Башкача айтканда, алардан арт жакты көздөй чегинет жана экинч рупорго өтөт. Мында ультраүндүк энергия электрлик күчкө айланат. Электрлик энергия тормозду же имерилүү механизмин бириктирет. Эгерде тоскоолдук анчалык чоң болбосо, машина аны айланып өтөт. Мында имерилүү механизми бириктирилет, чоң рупорлор машинанын арт жагында жана капталдарында бар. Ал аркылуу ультраүн сигналдары ар тарапка бериле алат...

— Ал кандайча болгон ультраүндүк болду экен? — деп сурады Чамбылбек.

— Бул... сизге кантип түшүндүрсөм болот... бул эң эле ичке, сиз менен биз уга да албай турган үндөр, бирок алар ошондой болсо да энергияга ээ болгон сиз менен биз уккан үндөрдөй эле болот.

Ушул убакта машина көчөнүн кайчылашкан жерине келип жана светофордун жанына келип токтоп калды.

— Машинада оптикалык жабдуулар да бар, алар кызыл түстөгү светофор пайда болгондо тормозду бириктирет,— деди Чакмакбек.

Автомобиль чындыгында да светофордун жанында жашыл свет күй-гөнгө чейин токтоп турду.

— Эмне экен, мунун эч кандай да таң каларлык жери жок,— деди Чамбылбек.— Таң калтырганы, кайсы жакка бара тургандыгын машина кантип билет.

— Машина, албетте эч нерсени биле албайт,—деп жооп кайтарды Чакмакбек.— Бирок ошондой болсо да ал сизди кнопканы басарыңыз менен кайсы жакка баруу керек болсо ошо жерге жеткирет, анткени механизмде электрондук эсте тутчу деп аталган жабдуу бар. Эсте тутчу деп бул аспаптын аталышы машина өзү барчу маршруттарды эсте кармап калгансыйт. Ушундай жабдуулар менен жабдылган ар бир жаңы автомобиль биринчи кездерде айдачу кишинин жардамы менен жүрөт жана кандайдыр бир үйрөнчүк курстан өтөт. Мына ушундай үйрөнчүк жүрүүлөрдү баштоо менен айдоочу демейдегидей кандайдыр бир көчөнүн аты жазылган кнопканы басат, ошондон кийин машинаны ошол көчөгө багыттап айдайт, андан кийин башка көчөнүн аты жазылган кнопканы басат да, машинаны башка көчөгө айдайт. Автомобилдин рулун башкаруучу электрондук эсте тутчу түзүлүш менен байланышкан, ошондуктан келеркиде кнопканы баскан кезде, электрондук түзүлүш белгилеген маршрут боюнча автомобилди өзү багыттайт жана машина эч кандай айдоочусу жок эле өзү жүрүп кете берет.

— Ал эми ошондой болсо, таң каларлык эчтемеси чындыгында жок экен,— деди Чамбылбек.— Мына мында эч кандай түзүлүш аспаптар болбосо, ал эми машинанын өзү бизди кайсы жакка алып барса бул таң каларлык иш болор эле.

— Кызык, — бул электрондук түзүлүш аспап кандайча жасалган болду экен? —деп сурады Билбесбек.— Ал эмне электрдик лампочкалардабы, же башкача жабдылганбы, кандай?

— Ал лампочкаларда эмес, жарым өткөргүчтөр аркылуу бириктирилген, — деди Чакмакбек.— Бирок мен так айтып бере албайм, анткени мен өзүм да жакшы түшүнө бербеймин.

— Кайсы жакка барса да өзү жеткире турган болсо, машинага рулдун эмне кереги бар? — деп сурады Чамбылбек.

— Бул эгерде сиз кандайдыр бир алыс жакка барчу болсоңуз керек болот. Шаардан тышкары жактарга кнопкалуу машина баралбайт, ошондуктан өтө татаал, эсте тутуп калчу аппараттар керек болор эле. Бирок сиз өзүңүз эле рулду кармап жана машинаны өзүңүз айдай бере аласыз. Рулду колуңуз менен кармар замат эсте тутчу аспап автоматтык жол менен бириктирилет да машина кадимки автомобилдей иштей баштайт.

Машина ошол замат көчөнүн бурчунан имерилип жана төрт кабаттуу сонун үйдүн алдына келип токтоду. Бул үйдө ар нерсе ар башкача эле: дубалдары ар түрдүү, балкондору да түрдүүчө, түркүктөрү да башкача, эшиктери ар түрдүү, терезелери да ар башка, тегерек да, жарым тегерек да, үч бурчтуу да, төрт бурчтуу сүйрү да, чарчы да, ромбага окшош да, жумуру да болчу. Үйдү тегерете айланып чыксаң эле терезелердин, каалгалардын, балкондордун, түркүктөрдүн, ж. б. архитектуралык буюмдардын кандайча боло тургандыгын үйрөнүүгө болот. Үйдүн чатырында көп сандаган мунаралар кирпичтен жасалган шиштүү чатырлуу жана жөнөкөй

беседкалар да бар эле. Алар бири-бирине жабыштырылып жасалып, дүмүрдүн тегерегиндеги козу карындарга окшош болчу. Үйдүн төбөсүнө кандайдыр бир мунаралардын шарчасы орнотулгансып көрүнөт. Эгер кимдир бирөө жаңы үй куруп жана анын чатырын мунаралар менен коздогусу келсе, ушул жерге келип көрсө эле мунаралардын кайсы формасын тандап алууга, каалашынча жасоого болор эле.

Үйдүн алдындагы төшөлгөн кеңири аянтчада түрдүү системадагы автомобилдер жана ар башка түстөгү мотоциклдер жыкжыйма болуп турса, ал эми кире бериш жердин өзүндө велосипеддер аябай үйүлүп жаткан экен.

— Көрдүңүзбү, бардыгы чогулуп калышкан, биз бир азыраак кечигиптирбиз. Бирок эчтеме эмес,— деди Чакмакбек.

Саякатчылар машинадан чыгышты да, Чакмакбекти ээрчип үйдү көздей басышты. Кенен тепкич менен өйдө чыгышып, каалганы ачып киришип, алар кенен жарык залга туш келишти. Анын ичине кортогойлор жык толушкан экен. Алды жактагы столдун жанында председатель отурат. Анын оң жагына кафедра коюлган. Анын жанында турган кара костюмчан кортогой доклад жасап жатыптыр. Анын алдындагы кафедрада түтүктөй оролуп коюлган чертёждор жатат, аларды докладчы кортогой ачып жана угуп олтургандарга көрсөтүп жатат. Ал эмне жөнүндө айткандыгын өзү унутуп коюп жана минута сайын жазылып коюлган дептерчесине карай берди. Бирок ал начар көрчү жана улам көз айнегин мурдунун үстүнө түшүрө коюп кайра чөнтөгүнө сала коюп, анысын таба албай карбаластайт.

— Бул Бөтөлкөбек,— деди жолдошторуна шыбырап Чакмакбек. Ал докладын баштаган экен, бирок бул эчтеке эмес. Көңүл коюп уксак баарын түшүнөбүз. Арткы катардан үч бош орунду издеп таап аларга Билбесбекти, Чамбылбекти, Седепканды отургузду да, ал эми өзү экинчи катардагы бош орунга отурду.

Билбесбек менен Седепкан ыкласы менен көңүл коюп угушту, бирок эч нерсе түшүнө алышпады, анткени Бөтөлкөбек өтө окумуштуулардын тили менен сүйлөдү. Чамбылбек да аз болсо да түшүнгүсү келип тырышып укту, бирок ал ынтаасы менен бардык сезимин коюп уккандыктан бир минутадан кийин башы бир жак ийнине кыйшайып терең уйкуга кетти. Седепкан капталга түртө баштады, ойгонду, бирок бир минутадан кийин башы экинчи жак ийнин көздөй шылкыйды да, үргүлөй баштады. Билбесбек жаны калбай көзүн алайтып карап турса да уйкусу келе баштагандыгын сезе койду.

Бакытка жараша Бөтөлкөбек бат эле докладын аяктады, а председатель:

— Эми талкуулайлы, тегеренип турчу үйдү курууга болобу же жокпу?

Ошол замат ак жолдуу көк костюмчан, ошондой эле ала галстукчан кортогой столго жакындап келди. Ал мындай деди:

— Бөтөлкөбек докладды эң эле жакшы жасады. Тегеренип турчу үйдү тажрыйба көрсөткөндөй курууга болот экен, ага эч ким да каршылык кылбайт. Бирок андайды бизде куруунун зарылчылыгы барбы, кеп мына ошондо турат. Негизги балаакет тегеренип турчу үйлөрдө турган кортогойлор, айланада болуп жаткан чындыкты туура элестете албагандыгында болуп жатат. Мен эмне жөнүндө айтып жатканымды билем, кандайча болуп жатканын: бир күндө менин квартирамдын терезелеринен күн он - он эки жолу көрүнөт жана ошончо жолу көрүнбөй калат. Күн көрүнгөндө мен таң аткан экен деп сеземин, күн көздөн кайым болгондо кеч кириптир, уктоого жата турган убакыт болуптур деп



ойлойм. Түшкү маалды мен такыр билбейм, бүгүн — бүгүнбү же кечээби, же эртеңки күнбү билбей да каламын, ал эми кечке маал бир күн өтпөстөн он эки күн өткөнсүп сезилет. Эми мен бул учурда бир суткада мурда болгондой жыйырма төрт саат эмес, бир гана саат бар деп ойлоймун, ошондуктан мен дайыма шашылып жана эч нерсе иштеп жетише албаймын. Мага азыркы кезде күн асманда акырын жылбай чымынга окшоп учуп жүргөнсүйт. Бардыгы каткырып күлүп калышты. Столдун жанына ак көйнөкчөн кыз жакындап келип мындай деди:

— Булардын бардыгы анчалык да коркунучтуу эмес, анткени сиздер оңдон сол жакты көздөй тегеренген үйдө жашайсыздар, ошондуктан сиздер терезеге караган кезде сизге күн солдон оңду көздөй жүргөнсүп көрүнөт, башкача айтканда, демейдегидей чыгыштан батышты карай тегеренет. Бирок менин бир курбум бар, ага күн аяк өйдө жүргөнсүйт, анткени, анын үйү сиздердин үйүңүздөрдөй тегеренбейт, анын тескерисинче тегеренет. Ал, башкача айтканда, менин курбум баарыдан мурда таң атабы же күн батабы анысын билбейт, чындыгында батыш кайда, чыгыш кайда экенин да түшүнбөйт. Анын башы такыр айланып калды жана кийинки кездерде өзүнүн оң жана сол колу кайда экенин ажыратып биле албай калды.

Бардыгы дагы каткырып күлүп калышты. Ал эми ушул кезде столго дагы бир архитектор жакындап келди. Ал бекене, арык чырай, башы бадыраңдай сүйрү киши эле, өтө шашып сүйлөп, сөзү буурчактай төгү-этүн кетчү. „Х" деген тамганын ордуна „ф" деп, ал эми „п" деген тамганын ордуна „ф" деп сүйлөөр эле.

— Мунун бардыгы чефуфа —деди ал.— Күн муфа эмес жана ал асманда учуп жүрө албайт. Илим күн бир жерде турат жана жер аны тегеренип жүрөт деген. Биздин бардыгыбыз жер менен кошо тегеренебиз, ошондуктан күн асманда жүргөнсүп

байкалат. Муну биз жөнөкөй гана байкагандыктан, анын кандайча жүргөнү баары бир эмеспи, бат жүрөбү, же акырын жүрөбү, солдон оңго карай жүрөбү, же чыгыштан батышты карай тегеренеби — баары бир эмеспи?

Ушул кезде жаңы чечен чуркап келип мындай деп кыйкырды: — Бул кандайча баары бир болсун? Биздин бардыгыбызга ар бир нерсе кандай болсо ошондой сезилсин, ал эми жоктун бизге кереги да жок. Биз оң менен солду ажырата билбегенибиз гана жетишпей турат. Эгерде бардыгы аркасына чегинип жүрө баштаса эмне болор эле? — Жок, ага чейин көп бар! — деп кыйкырды кимдир бирөө. Талаш-тартыш күчөдү. Архитекторлор кандай чечимге келе тургандыгы Билбесбекти өтө кызыктырды. Эми ал үргүлөгөн да жок. Бирок Чамбылбек ушунчалык катуу уктагандыктан, Седепкан аны ойгото алган жок. Бирок ал аны жөн коюп өзүнчө уга берди, адегенде иш жайынча жүрүп жатты, бирок кийинчерээк орундуктан тоголонуп түшө баштады, Седепкан аны кежигесинен бек кармап жыгылып калбагай эле деп кучактап отурду. Андан кийин иш дагы начарлады, анткени Чамбылбек катуу коңурук тарта баштады жана Билбесбек аны канчалык ойготоюн десе эч ойгото алган жок. Кийин Билбесбек менен Седепкан колтуктап эшикти көздөй жөнөштү. Чамбылбек эптеп бутун сүйрөп басып баратты, бирок шамал теңселткен эгиндин башындай башы бир тыякка, бир быякка шылкылдады.

— Көрдүңөрбү, эси ооп калган тура! — деди Билбесбек.— Эчтеке эмес, биз аны азыр көчөгө алып чыгабыз. Балким ал таза абада оңолор.



## Он тогузунчу глава
## ТЕАТРДА

Билбесбек менен Седепкан көчөгө чыгышып, үйдүн жанындагы бакка Чамбылбекти сүйрөп киргизишти. Бактын орто ченинде фонтаны бар экен, анын тегерегине стол жана орундуктар коюлган. Алар, болжолу, чогулуштардын ортосундагы эс алуу убагында архитекторлор отуруп жана таза абаны жутсун үчүн коюлса керек. Чамбылбекти фонтанга жакын сүйрөп келишип, Билбесбек менен Седепкан анын бетине суу чача баштады. Чамбылбектин уйкусу ачылып эсине келди да, мындай деп сурады:

— Бул эмнеңер? Эмне үчүн жуунуш керек? Тамак ичебизби?

— Абдан туура! Жуун, анан тамак ичебиз, — деди.

Билбесбек сыйкырдуу таякчаны колуна алып, үчөө тең фонтан суусуна беттерин жуушуп жана столдун жанына отурушту, анын үстүндө сыйкырдуу таякчанын буйругу боюнча жайыл дасторкон жайылып, ар түрдүү тамак-аштар жайнады. Саякатчылар тамактанып алышып, архитектуралык комитеттин чогулушуна кайра баратышкан кезде, как эле ошол убакта көчөдөн музыканын үнү угулду. Чамбылбек, Седепкан жана Билбесбек бактан көчөгө жү-гүрүп чыгышып карашса, эки кортогойду көрүштү, алар көчөдө келе жатышкан экен. Колдорунда укмуштуу музыкалык аспаптары да бар. Алардын бири ийнинен арта сала кичине челек окшош бирдемени илгичине илип коюптур, челекченин эки жак бетинде тең кичинекей ак седепчелери бар болчу. Кортогойдун бирөө ошол седепчелерди манжалары менен басканда кыяк же аккордиондун



үнүндөй чыгат. Экинчи бир музыкант колуна анчалык чоң эмес түтүкчөнү кармаган, ал түтүкчөнүн капталындагы клапандарын баскан кезде, ал кандайдыр ышкырыкты өзүнөн-өзү чыгара баштады. Анын үнү таза жана кыяктыкындай назик эле. Ал эми андан чыккан обон өтө көңүлдүү болгондуктан кунт коюп уккуң эле келет.

Үчөө тең — Билбесбек да, Седепкан да, Чамбылбек да бири-бирине үн катпай музыканттардын аркасынан ээрчип жүрүп отурушту. Ал эми музыканттар болсо көчөнү кыдырып жана дайыма ойногондорун улантышты. Бир обон аяктаары менен алар ошол эле замат экинчисин башташат. Көчөдөн өтүп бараткан эл аларга мээримдүү карашып жана аларга жол да беришет. Күнөстүү шаарда эл музыканы жакшы көрө тургандыктары жана жандили менен угууну каалашкандыктары байкалып турду.



Бир аздан кийин музыканттар токтоп калышты, ийнине челекчени асынган бирөө:

— Токтогулачы, бир туугандар, челектин ичиндеги жел чыгып бүттү. Абаны толтуруш керек, — деди.

Ал чөнтөгүнөн велосипеддин насосун алып жана анын бир жак башын челекчеге кийирип аба толтура баштады. Бул кандай аспап экендигин өтө билгиси келген Билбесбек мындай деп сурай кетти:

— Айтыңыздарчы, сиз ойноп жаткан бул эмне деген челекче?

— Бул челекче эмес, пневматикалык кыяк,—деди музыкант.

— Анын ичине эмне үчүн аба толтуруп жатасыз?



— Абасыз кантип болсун? — деп таңыркады музыкант. — Абасыз ал ойнобойт.

Ал ошол замат челекченин түбүн ачып жана анын ичиндеги металлдан жасалган пластинкасы бар тешиктерди көрсөттү.

— Мына караңыздар: аба ошол тешиктер аркылуу өтүп, металл пластинкаларды дирилдетет, ошондо алар үн чыгара баштайт. Кадимки кыякта аба чыгыш үчүн аны улам тартып чоюш керек, ал эми пневматикалык кыякты ойногон кезде аны чоюп кереги жок. Анткени аба атайын баштыкчага алдын ала толтурулуп коюлган. Мына ошол баштыкча, карагылачы.



— Ал эми бул болсо пневматикалык най, ал дагы кысылган аба менен ойнолот,— деди саякатчыларга өзүнүн найын көрсөтүп жатып экинчи бир музыкант.— Жөнөкөй ойногон кезде музыкант дайыма анын ичине абаны үйлөп кийирип, башы ооруганча үйлөп турушу зарыл. Ал эми пневматикалык найды мен керели кечке ойносом да башым эч кандай оорубайт. Мурда бизде жөнөкөй найды ойноп жүрчү, ал эми азыр алар пайдаланылбай калды.



Музыканттар дагы ойноого киришишти да жолдорун улантышты. Билбесбек менен анын жолдоштору да көчө менен жүрүп олтурушту. Алар музыканы угушуп жана кортогойлордун көчөдөгү жүрүш-



турушун байкап бара жатышты. Убакыт түшкө жакындап калган эле, ошондуктан көп балдар жана кыздар столдун жанында отурушуп, ачык абада тамактанып жатышкан эле. Бир тобу тамактанып бүтүшсө да, эч жакка кетишпей, ошол жердей калышып шахмат, дойбу жана башка оюндарды ойной башташты. Айрымдары газета, журнал окушуп же китептердин сүрөттөрүн карай башташты.

Күнөстүү шаардын калкынын мүнөзү эң эле көпчүлүктү сүйгөндүгүн айта кетүү керек. Эгерде кимдир- бирөө китептен кызык бирдемени учуратса, өзү күлүп бүткөндөн кийин ал ошол замат башка кортогойлорго кай-рылып, бардыгы күлсүн үчүн, баягы жерин үн чыгарып окуп берет. Эгер кимдир бирөө журналдан кызык сүрөттү таап күлө баштаса, ал эми калгандары эч кандай уялбай ошол сүрөттү көрүүгө жакындап келишип көрүшөт да, алар да күлө башташат.

Күн кечкирип калды. Күндүн ысык илеби кайтып калгандыктан көчөдө кичинекей балдар менен кыздар улам барган сайын көбөйө баштады. Аларга музыканттар көп учурады. Балдар көбүнчө пневматикалык кыякты, найды жана түтүктү колдоруна кармап ойношуп, ал эми кыздар болсо музыкалык добулбасты колдоруна кармап ойноого киришти. Музыкалык бул аспап элекке окшогон тегерек нерсе. Анын бир жагында майда коңгуроолору бар, экинчи бетине кыл тартылган. Мындан башка анын капталдарына коңгуроолор орнотулуп, алар ар түрлүү үндөрдү чыгарып шыңгырашат.



Азыр музыка бардык жактан угула баштады, бул өтө ыңгайлуу эле, анткени бир жерде туруп каалашыңча уга берүүгө болот.

Дубалында жарым тегерек аркасы бар үйдүн жанына токтоп калышып, Билбесбек жана анын жолдоштору бир



нече балдардын үйдүн ичинен отургучтарды алып чыгышып көшөгөнүн алдына коё башташканын көрүштү.

— Бул отургучтардын кереги эмне? Мында эмне болот? — деп сурады Билбесбек.

— Эстрадалык театр, — деп жооп кайтарды балдардын бирөө.

— Олтур мобу отургучка, көрөсүң.

— Олтуралыбы? — деп сурады Билбесбек Седепкан менен Чамбылбектен.

— Олтуралы — деп макулдашышты алар.

Бардыгы көшөгөнүн алдындагы биринчи катарга отурушту. Катар-катар коюлган отургучтар акырындык менен көрүүчүлөргө жык толду, көчөдө бат эле караңгы кире баштады. Коңгуроо кагылды. Арканын тегерегиндеги фонарлар жаркырап жарык күйүп жана жарык түшкөн көшөгөнүн алдында көпөлөк өңдүү ак галстук, кара костюмчан кортогой пайда болду. Мындай галстуктарды артисттер өтө жакшы көрүшөт эмеспи, анткени, ал аларды жөнөкөй кортогойлордон айырмалап турат. Анын кара чачтары жылмакай таралып жана фонардын жарыгы түшкөндө жалтырап турду.

— Саламатсыздарбы! — деп үнүн катуу чыгарды кара кортогой. — Эстрадалык көрсөтүүлөрүбүздү баштайбыз. Тааныштырып коюуга уруксат этиңиздер. Мен конферонсьемин. Менин атым Тасмабек. Мен артистерден кимдер чыгып турарын жарыялаймын. Мен азыр сиздердин алдыңыздарга атактуу артист-трансформатор, Куймакбек чыгат деп билдиремин.

Билбесбек менен Чамбылбек бул кызык атты укканда бырс этип күлүп жиберишти. Көшөгө көтөрүлгөндө, сахнага анын артынан колунда найы бар ак костюмчан артист чыкты. Ал толмоч тоголок жана эки бети кыпкызыл куймактай тептегерек эле.

— Карасаң чынында да куймактай экен! — деп шыбырады Билбесбектин кулагына Чамбылбек.

Алардын экөө тең боору эзилип күлүп калышты. Артист болсо элге башын ийкеп амандашты да найды тарта баштады. Билбесбек менен Чамбылбек күлкүлөрүн токтотушту. Куймакбектин ойногону аларга өтө жагып жана аны кадырлай башташты. Ойноп бүткөндөн кийин Куймакбек сахнанын ары жагына чыгып кетти, бирок ошол замат сахнанын артынан колунда жез түтүгү бар көк костюмчан артист чыга келди.

— Куймакбек эмне үчүн чыгып кетти? — деп сурады Билбесбек.

— Кызык экенсиң сен! — деп күлүп калды Седепкан.— Бул ошол эле Куймакбектин өзү эмеспи.

— Чын элеби? — колун шилтеп койду Билбесбек.— Куймакбек ак костюмчан эмес беле.

— Ал эми көк костюмду бат кие койбодубу,— деп жооп кайтарды Седепкан.

— Кеп эмес! Ал минтип бат эле кийинип алмакчы эмес! — деп улантты Билбесбек.

Алар айтышып отурганча, артист сурнайын ойноп бүтүп жана сахнанын, ар жагына кетти, бирок ошол эле секундада колунда кыягы бар жашыл костюмчан чыга келди.

— Ал эми бул ким? — деп таңыркады Билбесбек.— Бул да Куймакбек дейсиңби?

— Албетте Куймакбек, — деп жооп кайтарды Седепкан. — Түшүнөсүң, бул кийимди ушундай бат алмаштырып кие турган артист. Тасмабек: „Артист-трансформатор”, —деп айтканын уктуң беле? Сенин оюңча трансформатор ким?



— Трансформаторбу? Билбейм. Мен мынчалык бат кийим алмаштырууга болбой тургандыгын гана билемин. Эгерде ал жалаң гана күрмөсүн алмаштырып кийсе дагы бир сөз, ал эми ал шымын да алмаштырып жатпайбы?

— Сен анын шымына караба. Сен анын бетине карасаң эле Куймакбек экенин көрөсүң.

Билбесбек көңүл коюп карады да, жашыл костюмчан артисттин бети Куймакбектин бетиндей тегерек жана кыпкызыл экенин көрдү.

— Как эле Куймакбектин өзү! — деп кыйкырып жиберди Билбесбек.

— Карасаң Чамбылбек, бул Куймакбек!

— Кайсы Куймакбек? — деп таңыркады Чамбылбек.

Билбесбек бул ошол эле бир артист экендигин Чамбылбекке түшүндүрө баштады. Чамбылбек мурда иштин жайын түшүнгөн жок, түшүнгөндөн кийин каткырып күлө баштады. Куймакбек болсо бир тигиндей, бир мындай өңүн кубултуп, кийимдерин алмаштырып жана ар түрдүү музыкаларда ойной баштады. Эми анын жалаң гана кийими алмашылбастан, бети да кубула баштады. Адегенде ал мурутсуз болсо, андан кийин муруттуу, кийинчерек кара сакал, башына кара тармал чачтуу кеп да кийип алды. Андан кийин анын сакалы жоголуп, кашка башы жылтырады. Ал эми мурду узарып, кыпкызыл болуп кандайдыр бир жак капталына кыйшайып турду. Билбесбек мындай өзгөрүлмөнү карап туруп каткырып күлгөндө трансформатор-артисттин оюнун көрсөтүү аяктагандыгын жана Тасмабек чыгып, келерки номерибизде Жылдызкан аттуу ырчы чыгып ырдайт деген кулактандыруусун байкабай да калды. Мына, сахнада ырчы Жылдызкан. Анын үлпүлдөгөн ак жакасы бар ар жагынан эти көрүнүп турган жука узун жеңдүү, этеги жерге тийген ак көйнөгү бар эле.





— Ырчы аялды көрүп Билбесбек каткырып күлдү.

— Карасаң! Карасаң! Жеңин! Карасаң! — деп шыбырады Чамбылбекке.

— Шумдук көйнөк кийип алган турбайбы!

— Ким аялдын көйнөгүн кийип алган? — деп Чамбылбек түшүнгөн жок.

— Куймакбек.

— Койсоңчу, бул эмне, Куймакбек деп турасыңбы?

— Анан ким? Албетте Куймакбек.

— Мен бул ырчы Жылдызкан деп турбайымбы?

— Каяктагы Жылдызкан? Бул трансформатор да!

— А кокуй...— деп үнүн созолонтту Чамбылбек, анан каткырып күлүп калды.— Мен ырчы аял кайдан келе калды деп карап отурбаймынбы! Көрсө бул Куймакбек турбайбы! Мына сага кызык!

Ушул кезде оркестр ойной баштады, ырчы аял үнүн кошуп ырдады, Билбесбек менен Чамбылбек боору эзи-лип күлүп калышты. Алар Куймакбектин үнү ушунчалык ичке деп эч качан күткөн эмес. Айланада отургандар кы-жырланып жана аларды кыйкырбагыла деп өтүнүштү, ал эми Билбесбек болсо күлкүсүн токтото албай Чамбылбекке мындай деди:

— Кызык немелер экен! Алар бул чын эле ырчы аял деп отурушат.

Ыр аяктаган кезде колдорун чаап калышты, ал эми Билбесбек болсо үнүнүн бардыгынча катуу кыйкырып: - Жарайсың, Куймакбек!

— Жетишет эми сага, болбогон нерсени айта берип эмне керек,— деди ага Седепкан.— Сен көрбөй турасыңбы? Бул Куймакбек эмес?

— Бул ким? — деп таңыркады Билбесбек.

— Бул ырчы аял Жылдызкан. Тасмабек кулактандырганда уккан жок белең?

— Түү! — деп кыжырланып түкүрүнө баштады Билбесбек.— Көрсө анын бети Куймакбектикине такыр окшобойт... Уксаң, Чамбылбек, бул Куймакбек эмес.

— Кандайча Куймакбек эмес? — деп таң калды Чамбылбек.
— Жөн эле, Куймакбек эмес — ушундай эле.

— Анда бул ким?

— Шайтан билеби! Кандайдыр Жылдызкан аттуу ырчы аял.

— Мына сага! — Кыжырланып тескери карады Чамбылбек. — Бир Куймакбек, бир Куймакбек эмес дешет! Биротоло элдин башын айландырышты! Булар биротоло жинди кылат го!

Ушул кезде ырчы аял жаңы ырды ырдады, бирок Билбесбек аны уккан жок. Эми анын алдында чыныгы ырчы аял экендигин билгенден кийин жана кийимин алмаштырып турчу шумдуктун жок экенин байкаган соң ага кызык эместей туюла баштады. Көңүлсүздүктөн анын бул жерде олтургусу келбей, ары-бери айланып жадады, оозун чоң ачып эстеди, акыры аягында өзүнчө көңүл ачууга киришти, алаканы менен кулагын басып жана ошол замат кайра ачып олтурду. Мына ошондуктан ырдап аткан ырчынын ордуна таш баканын чардаганы угулгансыды. Ырчы аял тынчсызданып ага карай калды, анткени ал көрүнүктүү жерде алдынкы катарда олтурган эле. Ошондой болсо да, ал ырдын аягына эптеп чыгып, көшөгөнүн аркасына чыгып кетти да, экинчи кайрылып келген жок. Билбесбек өтө кубанды, бирок ошол замат Тасмабек келип мындай деп кулактандырды:

— Эми сиздердин алдыңыздарда атактуу ырчы Баштыкбай ырдайт.

Сахнага жакшынакай күрөң костюм кийген ырчы Баштыкбай чыкты. Анын чөнтөгүнөн чачылуу бет аачысы көрүнүп турду. Ал эми мойнунда Тасмабектикиндей кылып байлаган ак тасма

көрүнүп турду. Баштыкбай калктын алдында башын ийкеп амандашты да, назик үнү менен ырдай баштады. Бардыгы таңыркап карап отурушту. Ыр аяктагандан кийин катуу кыйкырыктар көтөрүлдү. Кээ бирлери алакандарын чабышса, кээ бирлери буту менен астананы тарсылдатып тепкилешти. Айрымдары „сонун, сонун” деп кыйкырышты. Седепкан да күчүнүн барынча алаканын чаап жана „сонун” деп кыйкырды. Ырчы кайрадан ырдаганга чейин үн токтолгон жок.

— Мына эмесе! — деп ачуулуу кыйкырды Билбесбек.— Бир саат болду! Бая Жылдызканы чыңылдаса, эми бул Баштыкбайы кыңылдай баштадыбы!

— Сен, Билбесбек, кандайдыр бир кызыксың,—деди Седепкан.— Ырдаганы элдин бардыгына жагат, жалгыз гана сага эмне үчүндүр жакпайт.

— Э койчу! — деп колун шилтеди Билбесбек.— Бардыгы эле ырды түшүнгөндүктөрүн көрсөткүсү келет, мына ошондуктан жактырымыш болгондуктарын көрсөтүшөт.

— Мына эми натура сүйлөйсүң! — деп жооп кайтарды Седепкан.— Мисалы, мен өзүмдү эч кандай көрсөтүүгө тырышпаймын. Мага чынында Баштыкбайдын ырдаганы жагат.

— „Баштыкбай, Баштыкбай!„—деп бети-башын бырыштырып Билбесбек туурап койду.— Ушул Баштыкбайды жакшы көрүп калдым деп жөн эле айтпайсыңбы!

— Менби? — деп ачуулана түштү Седепкан.

— Сен! — көңүлсүз мурчуя түштү Билбесбек.

— Жакшы көрүп калганмынбы?!

— Жакшы көрүп калгансың.

— Ай сен.., Ай сен...

Седепкан кыжырланганынан эч бир сөз табалбай колун көтөрүп муштуму менен Билбесбекти чокудан ары бир коёрдо өзүн-өзү токтотуп калды. Бирок Билбесбекке артын салып ачууланган бойдон:

— Сен мага жакшы көрүү жөнүндө дагы бир ооз сөз катсаң — көрөсүң көргүлүгүңдү! Карап тур, мен сени менен сүйлөшпөймүн!

Бул кезде концерт улана берди. Баштыкбайдан кийин ар түрдүү фокус көрсөтүлүп, акробаттар, бийчилер, клоундар чыгышты. Булардын бардыгы өтө кызык номерлер эле, бирок Седепкан аларды карап отуруп жылмайып да койгон жок. Ал Билбесбекке чындап эле ачууланган эле. Карасаң муну! Ал кантип гана аны кимдир бирөөнү жакшы көрүп калдың деп айта алды! Чындап эле анын көңүлү бузулуп капалана берди. Артисттердин оюн көрсөтүүлөрү эч кандай кызык болгон жок. Бирок Билбесбек менен Чамбылбек жыгылганча күлүштү, башкача айтканда, оюндун аягында отургучтарынан жерге тоголонуп түшүштү, ал эми Чамбылбек болсо отургучтун бутуна башы менен барып тийип, чокусу томпоё түштү. Ушуну менен оюн аяктады жана бир нече минутадан кийин биздин саякатчылар кнопкалуу автомобилге түшүшүп, мейманкананы көздөй кайра зымырап жөнөштү. Алар ушул убакка чейин түн ичинде шаарда машина менен кыдырып жүрбөгөндүктөн, терезеден көздөрүн айырбай сонун көрүнүштөрдү байкап отурушту. Асманда караңгы түн, бирок айлана күндүзгүдөй жапжарык. Адегенде жарык кандайдыр асмандан түшүп тургансыды, кийинчерээк жарык кандайдыр ылдый жактан жаркырагандай болуп туюлду. Чындыгында да жарык бардык жактан түшүп турду, анткени, үйлөр да, газета саткан дүкөндөр да, газдуу суу саткан жерлер да ал гана эмес, тротуарлардагы тумбочкалар да — бардыгы тең жарык берчү сырлар менен сырдалган эле.

Күнөстүү шаарда дубалдарды сырдоо үчүн сары, ачык көк, жашыл, мала кызыл жана саргылтым түстөр пайдаланылчу. Чатырлар, үйлөрдүн кырлары жана балкондор, терезелердин кашектери кыпкызыл түскө, жап-жашыл, ачык көк, сыя жана күрөң түстөргө сырдалчу. Үйлөрдүн түркүктөрү демейде

жаркылдап турган ак түстөргө же саргылтым түскө сырдалган. Күндүзгүсүн бул сырлар жөнөкөй жарык бербечү сырлардан эч кандай айырмаланбайт, бирок күндүн нурларын өзүнө тартып алып жана нурдун энергиясын топтоп калчу сапаттары бар эле. Ымырт жабылып, кеч кирери менен алар ар түрдүү түстөрдү туш-тушка чачып турат. Бул нурлар өз ара бир-бирине кошулушуп, жыйынтыгында сырдалган түркүктөрдөн, үйлөрдөн, үйлөрдүн чатырынын кырларынан жана башка буюмдардан көргөн көзгө жумшак, жайбаракат, жагымдуу жарыктар пайда болуп эч кандай фонардын зарылдыгы жок болчу.

Күнөстүү шаарда жарык берчү сырлар менен жалаң гана курулуштар сырдалбастан, ошондой эле автомобилдер жана автобустар, чоң көчөлөр менен өтчү бардык кыймылдагылар сырдалчу. Эгерде ушул иштерге бардык үйлөрдүн дубалдарында болгон көрүнүштөр жарык берчү сырлар менен коозлолуп жасалгандыгын кошо айта кетсек Күнөстүү шаар түн ичинде кандай сонун түскө келгендигин көз алдыга элестетүүгө болот.

## Жыйырманчы глава

## БИЛБЕСБЕК ЖАНА АНЫН ЖОЛДОШТОРУ ИНЖЕНЕР КЫПЧЫБЕК МЕНЕН КАНДАЙЧА КЕЗИГИШТИ

Кийинки күнү Седепкан бардыгынан мурда ойгонду. Билбесбек менен Чамбылбек уктап жатканда газета алып келүү үчүн көчөгө чуркап чыкты жана кайра келгенден кийин үн чыгарып окуй баштады. Мурда ал жай гана окуй баштап, бирок коркконунан анын жүзүндө кандайдыр бир көрүнүш пайда болду. Комнатасына чуркап келип, Билбесбек менен Чамбылбек уктап жаткан жерде ал мындай деп кыйкырып жиберди:

— Батырак тургула! Биз жөнүндө газетага жазышыптыр!

— Эмне дейсиң сен? — деп таңыркады уйкусуроонун ортосунда Билбесбек.— Биз менимче алгылыктуу эч кандай жакшы нерсе жасаганыбыз жок.

— Ооба, мында эч кандай сонунду жазбайт. Ме, оку! Билбесбек газетаны алып андагы окулбаган макаланы окуй баштады. Анда мындай деп жазылган экен:

"Ширин кичине көчөдөн алыс эмес Чыгыш көчөдөн өтүп бара жаткан эки чоочун киши гүлдөргө суу сепчү резина түтүктү алышып, аны тийиштүү жерине гүлдөргө суу себүүгө пайдаланбастан көчөдө өтүп бара жаткан кишилерге себишкен. Окуянын болгон жерине келип жеткен Ышкырыкбек тартипти бузгандардын бирин кармап, аны милиция бөлүмүнө жөнөткөн. Ошол замат милициянын имаратында кыйроо пайда болот. Дубалдары жана комнатанын шыбы урап түшөт, анда милиционер Ышкырыкбек менен тартипти бузган киши бар эле. Экөө тең урандылардын арасынан табылбай жана азыркы кезде алардын кайда кеткендиги табышмак катарында гана болуп турат. Токтоосуз издөөлөрүнө карабастан милиционер Ышкырыкбек да, аты дайынсыз, тартипти бузган киши да эч жерден табыла элек. Кызматын аткарып жаткан милиционер Сакчыбек уроонун себептери жөнүндө эч кандай түшүнүк бере алган эмес, анткени ошол кезде экинчи бир имаратта болгон экен. Тартипти бузуучуну жана милиционер Ышкырыкбекти издеп табуу үчүн бардык чара көрүлүүдө. Үйдүн урап түшүү себептери текшерилүүдө".

— Мына, сен өзүңдүн сыйкырдуу таякчаң менен имаратты уратып түшүрдүң деп табышса эмне кыласың бул үчүн сени мактабас,— деди Билбесбекке Седепкан.

— Демек, менин сыйкырдуу таякчам бар экенин унчукпай, эч кимге айтпай коюу керек экен да,— деп жооп кайтарды Билбесбек.

— Бирок милиционер сенин таякчаңды көрбөдү беле? — деди Седепкан.

Ушул кезде эшикти такылдатып калышты. Билбесбек бул өзүн алуу үчүн келген милиционер экен деп ойлоду да, андан столдун алдына кирип жашынып калгысы келди, бирок эшик ачылып, бөлмөгө Чакмакбек келип кирди.

— Саламатсыздарбы, кымбаттуу достор! — деп кыйкырды ал жылмайып күлүп.— Силерди издеп тапканыма абдан кубанам! Кечээ силер кайда жоголдуңар?

— Биз эч жакка жоголгонубуз жок,— деп жооп кайтарды Билбесбек. Чамбылбек заседаниеде үргүлөп кеткендиктен биз аны азыраак желдетүү үчүн көчөгө алып чыктык.

— Иш ушунда турбайбы! — деп үнүн көтөрүңкү сүйлөдү Чакмакбек. Мен болсом эсим чыгып жана эмне кыларымды билбей калдым. Мен өзүмдүн убадамды — архитектура жөнүндө силерге айтып берүү жана Дарбызбектин үйүн көрсөтүү жөнүндөгү убадамды аткара алган жокмун.

— Эчтеке эмес! —деп колун шилтеди Билбесбек.

— Жок-жо-ок, бул эч нерсе эмес, дегенге болбойт, бизде берген убаданы аткарыш жагымдуу нерсе. Бул үчүн мен капалангандыгым түн бою көз ирмеген жокмун. Андан кийин мен эртең менен силерди кайдан болбосун издеп табууну чечтим, ошондон кийин гана уктай алдым.

— Сиз бизди кантип таптыңыз? — деп сурады Седепкан.

— Силерди, башка шаардан келгениңерди мен билемин, ошондуктан мен бардык мейманканаларга телефон аркылуу кабарлап жана аларда Билбесбек, Чамбылбек, Седепкан жокпу деп сурадым. Мына ушул мейманканадагылар Седепкан бар деп айтышты.

— Сиз өтө байкагыч экенсиз,— деп мактап койду Чакмакбекти Седепкан.

— Муну карасаң!—деп мурчуя түшгү Чамбылбек.— Муну ар бир эшек биле алат!

— Эгерде сен бир азыраак сылыкболууну сезип койсоң жакшы болор эле,— деди Седепкан.

— Чамбылбек туура айтат — деп күлүп калды Чакмакбек.— Муну ким болсо да билген болор эле.

— Эми биз Чыгармачылык көчөсүнө баралы, андан архитектор Дарбызбектин үйүн көрүү үчүн жөнөп кетүүгө мүмкүнчүлүгүбүз болот.

Баардыгы бөлмөдөн чыгышты. Корридордо Чамбылбек Билбесбекти токтотуп жана анын кулагына мындай деди:

— Бул эмне деген кеп ыя? Эмне, бүгүн эртең менен тамактанбай жөнөйбүзбү?

— Тамагыңды коё турчу! — деп ачуулуу жооп кайтарды Билбесбек.

— Чакмакбектин көзүнчө мен тамак ичирип тура албаймын да! Биздин сыйкырдуу таякчабыз бар экенин эч ким да билүүгө тийиш эмес, түшүндүңбү?

Саякатчылар тепкич менен ылдый түшүшүп, мейманкана-дан көчөгө чыгышты. Билбесбек чочуп жан-жагын карады, ал кокус болуп милиционер Ышкырыкбек көрүп койбогой эле деп өтө коркту. Жакын арада дагы милиционердин жок-тугун байкагандан кийин, Билбесбек жаны тынчый түшүп үшкүрүп койду. Бирок ушул замат тротуардын жанына ав-томобиль токтой калды да, анын ичинен ачык күрөң түстөгү кыска шымдуу спорттук костюм кийген кортогой секирип түштү. Анын башында уктургучтары туш-тушту караган жалтыраган тегерек тебетейи бар эле. Ал каскага да, шлемге да окшош эмес эле. Билбесбек бул милиционер болсо керек деп ойлоп жана баштан ылдый муздак суу куюп жиберген-сип сестее түштү. Бирок кортогой Билбесбекке көңүл бур-бастан, Чакмакбекке чуркап келип мындай деп кыйкыра баштады:

— Саламатсыңбы, Чакмакбек! Сонун гана кезикпедикпи! Ха-ха-ха! Сен кайда кетип баратасың?

— Саламатчылык, досум! — деп сүйүнүчтүү жооп кайтарды Чакмакбек.

— Мен өзүмдүн досторум менен сейилдеп жүрөмүн. Биз Чыгармачылык көчөсүнө барышыбыз керек. Таанышып кой: бул Седепкан, бул Билбесбек, ал эми бул болсо Чамбылбек.

— Эң эле сонун болбодубу, таанышалы! — деп кортогой катуу кыйкырды да, каткырып күлүп калды.

Саякатчылар менен таанышуу ал үчүн чындыгында да жаккандыгы өзүнөн өзү байкалып турду. Ал Седепкандын жанына чуркап келип колун кыса кармады эле, байкуштун көзүнүн жашы атылып кете жаздады. Ошондой эле бойдон чуркап Билбесбек мененЧамбылбектин жанына келип алар менен амандашты да, мындай деди: — Менин атым Кыпчыбек. Башкача айтканда, инженер Кыпчыбек.

— Чамбылбек бул кызык атты укканда бырс дей түштү.

— Бул кандай кызык ат — Кыпчыбек? — деп таңыркады ал.

— Сиз, болжолу, Бөрүбек деп айткыңыз келсе керек?

— Ха-ха-ха! — деп катуу каткыра күлүп, Кыпчыбек жолдоштук кыял менен Чамбылбекти далыга чапкылады.

— Ал эми сен, Чамбылбек, айтуудан мурда бир азыраак ойлонсоң болор эле,— деди Седепкан. — Эгерде кимдир бирөө сенин атыңды Чамбылбек эмес, Жамбылбек деп атоочу болсо, сен деле капа болор элең.

— Жамбылбек! Мындай ат болбойт, — деп жооп кайтарды Чамбылбек.

— Эмесе Бөрүбек да эч кандай болбойт, — деп буйрук бергенсип айта кетти Седепкан.

— Жок, жаңылышасыз,— деп күлкүсүн улантты макул болбой Кыпчыбек.— Менин таанышым бар, чынында да анын аты Жамбылбек. Бирок ал такыр башка, кортогой, мага такыр окшош эмес. Аттар түрдүүчө боло берет. Ал гана эмес бир катары күлкүлүү экенин да мен сизге ишендире аламын. Ха-

ха-ха! Ал эми менин атым женүндө болсо,— деп Чамбылбекке кайрылды ал,— менин атым чындыгында да Кыпчыбек, бирок эгер менин атымдын өзгөрүшү сизди кызыктыра алса, Жамбылбек деп айта берсеңиз да болот.

— Апий, койгулачы! — деп нааразы боло түштү Седепкан.— Ал сизди болгонундай Кыпчыбек деп эле атайт. Аны ээнбаш кылуунун зарылдыгы жок!

— Менин курбуларым Күнөстүү шаарда биринчи жолу болуп отурушат,— деди Чакмакбек.— Алар бизге Гүлстан шаарынан келишти.


— Ошондой турбайбы!—деп жооп кайтарды Кыпчыбек.— Демек сиздер бизге мейман турбайсыздарбы? Анда биз бул жерде эмне турабыз? Сиздер Чыгармачылык көчөсүнө барасыздарбы? Түшүңүздөр. Мен дагы сиздер менен бирге барамын. Эгер кааласаңыздар, жолдон кийим тигүү фабрикасына кирип жана аны карап чыгабыз. Андагы устаттардын бардыгы мага тааныш.

Кыпчыбек машинага бат түштү да, рулду башкарууга киришти. Анын автомобили кандайдыр сүйрү жана өзүнүн тышкы көрүнүшү жагынан бир нече жарылган жумурткага окшош эле. Булардын жарык тумшугу алды жагында болуп, сүйрү жагы арт жагында. Төрт дөңгөлөккө коюлгансып көрүнөт. Кузовдун өйдөкү бөлүгүндө эки тешик бар эле. Анын ичине машинаны айдоочу жана жүргүнчүлөр олтурчу орундар жасалган. Олтурчу орундун өйдө жагында кол чатырга окшош тегерек чатыры бар эле. Дөңгөлөктөрдүн алды жагында өтүккө окшош буферлери да бар.

Кыпчыбек кнопкаларды жөн гана басып автомобилдин кузовундагы төрт тешикти тең ачты да, биздин жолдошторду олтурууга чакырды Чамбылбек көп эле өтүндүрө бербестен алды жактагы машина айдоочунун ордуна отурду, ал эми Седепкан, Чакмакбек жана Билбесбектер арт жагына түшүштү.

Бардыгы олтуруп бүткөндөн кийин төрт эшик тең шарт

жабылды. Кыпчыбек кандайдыр бир педалды басып коёру менен мотор күрүлдөп, машина алдын көздөй жөнөп калган кезде, муну күтпөгөн Чамбылбек ордунан учуп кете жаздады. Алды жактагы кармалчу жерден шап кармап жүрөгү түшкөн бойдон асты жагын карады. Машина зымыраган бойдон жөнөп олтурду, ал алды жактагы автомобилдердин бардыгынан озуп өтүп, бир топтон кийин атайын секиртчү аспаптардын жардамы менен бир топ жерге секирип түштү.



Бул секиртчү аспаптын түзүлүшү эң эле жөнөкөй болчу. Төрт дөңгөлөктүн огунун ар бирине бирден пружиналуу темир өтүк кийгизилип коюлган. Машинанын моторун өчүрүп койгон кезде бул өтүктөр такаларын алдын көздөй серейтип буфер өңдүү турар эле, бул амортизациялоого, башкача айтканда кагылышкан кездерде жумшагыраак уруунуга жардам берет. Бирок секирткич аспаптар бириктирилген кезде пружиналуу төрт өтүк тең дөңгөлөктөр менен өзүнүн огунун тегерегинде айланчу. Бул учурда өтүктөр согончоктору менен жерге тирелип айланып олтурчу. Өтүктүн такасы жерге такалар замат машина өйдө секирип турар эле. Жана бул кезде жолдо кезиккен бардык нерселерди секирип өтчү. Көчөнүн кайчылаш жерлериндеги кызыл светофорлор да машина үчүн эч кандай тоскоолдук эмес эле, анткени ал туура көчөлөрдөн өтүп бара жаткан адамдардын жана автомобиль транспортунун үстүнөн жеңил гана секирип өтчү.

Машинанын шумдуктай секиришине таң калган Чамбылбек өзүнүн оюн айтайын деген эле, бирок өз убагында токтой калды, анткени өзүнүн эрежеси жөнүндө эстей калды. Ал айтпайын дегени менен оозун ачып калгандыктан мындай деп сурады:

— Эгер капа болбосоң айтчы, Кыпчыбек, эмне үчүн сен кыска шым кийип жүрөсүң? Же сенин узун шымың жокпу?

— Кыска шым менен жүрсөң серүүн болот,— деп жооп кайтарды Кыпчыбек.

— Эмне үчүн сен кулагыңды жаба тумак кийгенсиң? Анда сага ысык да.

— Мына көрдүңбү, автомобиль менен жүрүүнүн жолун сен эч кандай билбейт турбайсыңбы. Бул эч кандай тумак эмес, шлем, анын сырткы бети, болот коргогуч менен капталган, ал эми ичинде кебеси бар. Эгерде авария боло калса жана мен жолго барып шлемчен башым менен жыгылсам башым, эч нерсе болбойт, эгерде шлемсуз болсом, ал кезде . . . ха-ха-ха! Кыпчыбек катуу күлгөндүктөн сөзүн уланта алган жок.

— Кокусунан сенин дагы бир шлемиң жокпу?—деп кам көргөнсүп сурап калды Чамбылбек.

— Жок, дагы бир шлем жок.

Чамбылбек эси чыгып ийиндерин куушуруп койду да, арт жагын карады. Ал алды жакта отурганына өкүндү. Эгерде башка машина менен кагылышып кала турган болсо арт жакта олтурсам жакшы болмок экен деп анын оюна кетти.

Ушул учурда автомобиль арыкка жакындап келди, бирок аны жээктеп өтүүнүн ордуна тосмодон ыргып өтүп суунун ичине түштү. Чамбылбек эси чыгып ыңгырана баштады, машинанын эшигин ачып секирип түшсөмбү дегенде Кыпчыбек аны кежигеден алып кайра ордуна отургузду.

— Коё бериңиз! Сууга чөгүп кетебиз! — деп кыйкырды колунан суурулуп чыкмакчы болгон Чамбылбек.

Биз эч кандай чөкпөйбүз, сүзүп бара жатабыз,— деп тынчтандырды Кыпчыбек.— Мындай конструкциядагы автомобиль кургакта эмес, сууда сүзүп жүрүүгө да жарамдуу.

— А сүзүүчү болсо да чөгүп кетиши мүмкүн, - деп жооп кайтарды бир азыраак тынчтана түшүп Чамбылбек.

— Бул, албетте, туура, - деп жооп кайтарды күлүмсүрөп Кыпчыбек.— Бирок сиз коркпоңуз. Автомобилде ар бир отургучтун асты жагында куткаргыч тегеректер бар. Чамбылбек ошол замат отургучун өйдө көтөрүп, куткаргыч тегеректи алды да, башына кие койду.

— Биз азырынча чөгө элекпиз,— деди Билбесбек.

— Эч нерсе эмес,— деп жооп кайтарды Чамбылбек.— Чөгө баштаган кезде кечтик кылат.

— Бирок мындан башкалары да бар,— деди Кыпчыбек.

— Менин машинам сууда сүзүү үчүн гана эмес, ошондой эле абада учуу үчүн да ыйлайыкташтырып жасалган.

Ушул сөздөрүн аяктары менен ал бет маңдайындагы аспаптарынын биринин тушундагы кнопканы баса койду. Машина ыжылдай баштады. Билбесбек менен Седепкан өйдө караштып. Жанакы үстүндө турган тегерек кол чатырга окшош чатыры пропеллерге айланып, катуу тегерене баштады. Мына ошол кезде машина акырын гана өйдө көтөрүлүп чукул бурулду да, суунун үстү менен учуп жөнөдү.

— Ал эми сиздердин папарашюттарыңыздар отургучтун алдында сакталабы?—деп сурады коркконунан кекечтенип Чамбылбек.

— Бизде парашюттар эч жерде сакталбайт, анткени эч кандай парашюттун зарылчылыгы жок.

— Бул эмне үчүн андай?—деп түшүнбөстүк менен сурай кетти Чамбылбек.

— Анткени, эгерде сиз парашют менен секирип түшө турган болсоңуз, ал ошол замат пропеллердин алакандарына оролуп, сизди парашютуңуз менен майда бөлүктөргө бөлүп

салат. Авария боло калса эч кандай парашюту жок эле секирип түшсөң жакшырак болот.

— Парашюту жок жерге барып талкаланбайсыңбы,— деп айтты Чамбылбек.

— Эмне үчүн жерге барып түшөсүң? Биз суунун үстүнөн учуп баратпайбызбы, ал эми суунун үстүнө барып түшсөң анчалык деле эч жериң ооруй койбос.

— Анда эч нерсе эмес,— деди Чамбылбек.—Сууга жыгылып түшсөң — бул анчалык деле коркунучтуу эмес.

— Албетте,— деп кубаттады Билбесбек.— Бирок сен сууга түшкөндөн кийин жүзүңдү жууганды унутпа. Бул сага зыян болбос.

Бардыгы каткырып күлүп калышты, анткени чындыгында да Чамбылбек жүзүн жуур кези келген эле.

Автомобиль өйдөлөп бийик учуп бара жатты жана бардык шаар алакандагыдай даана көрүнүп турду. Бул өтө кооз көрүнүш эле. Үйлөрдүн чатырлары седептей күнгө жалтырап, күндүн кулагынын ар кыл түстөрү менен чагылышып көрүнүп турду. Алардын түзүлүшү быдыракай эле.

— Эмне сиздердин үйлөрдүн чатыры балыктын кабырчыктарынан жасалганбы? — деп сурады Билбесбек.

— Жок,— деди Кыпчыбек.— Сиздер көрүп турган кабырчыктар — бул күндүн батареясы, башкача айтканда үйлөрдүн чатырына орнотулган фотографиялык элементтер болуп саналышат. Бул фотоэлементтер күндүн энергиясын атайын аккумуляторлорго чогултуп электр тогуна айландырат. Ал имараттарды жарык кылуу, жылытуу, көтөргүч тепкичтерди жана эскалаторлорду жүргүзүүгө кызмат кылат, вентиляторлордун моторлорун жана башкаларды кыймылга келтирет. Электр тогунун артык башы фабрикаларга жана заводдорго берилет, калганы борбордук электростанциясына жөнөтүлөт. Анда алар радиомагниттик энергияга айландырылып, аны каякка кааласа эч кандай зымсыз бере берет.

— Эмне үчүн батареялар чатырдын үстүнө орнотулган? — деп сурады Билбесбек.

— Андан жакшырак жер таба албайсың, — деди Кыпчыбек. Биринчиден, чатырдын үстү дайыма бош, анда эч ким жүрбөйт жана пайдасыз жөн эле турат — экинчиден, чатыр дайыма күн жакта, анын үстүнө күндүн өтө көп нурлары топтолот.

Суунун үстүндө тегеренип чыккандан кийин Кыпчыбек ылдый түшүүнү чечти. Машина чукулунан ылдый болуп жана суунун үстүнө чалп этип түштү, айланага суу чачырап жатты. Суунун үстүндө бир нече жолу тегеренгенден кийин машинанын сүзүү жөндөмдүүлүгүн көрсөтүп бүтүп Кыпчыбек жээкти көздөй бет алды. Билбесбек, Седепкан жана Чамбылбек, же сүйүнөрүн, же күйүнөрүн билишпеди, анткени Кыпчыбектин машинасы менен жердин үстүндө жүрүү, же сууда, же абада учуп түрүү — кайсынысы коркунучсуз экендигин өздөрү билише албады.

## Жыйырма биринчи глава
## БИЛБЕСБЕК ЖАНА АНЫН ЖОЛДОШТОРУ КИЙИМ ТИГҮҮ ФАБРИКАСЫНА ЭКСКУРСИЯГА БАРЫШТЫ

Катуу жерге секирип чыккандан кийин автомобиль көчө менен зымырап жүрүп олтурду жана бир нече минутадан кийин эң эле кооз, күрөң түскө сырдалган эки кабат тегерек имараттын жанына келип токтоду.

— Мени ээрчип жүрүп олтургула! — деп кыйкырды Кыпчыбек. — Келип жеттик!

Ал бат эле машинадан секирип түшүп эч токтоосуз үйдү көздөй жөнөп калды. Чакмакбек, Билбесбек жана Седепкан машинадан чыгышып жана куткаргыч тегеректен башын чыгарууга жардам бергенге чейин Кыпчыбек эшикти ачып кирип, кайра чыгып жатты.

— Сиздер эмне кечиктиңиздер? — деп кыйкырды канатын жайган куштай колун булгап.— Мени ээрчигиле!

Акыр аягында биздии саякатчыларыбыз машинадан түшүшүп имаратты көздөй бет алышты.

— Чамдагыла!— деп буйрук берди Кыпчыбек.—Мени менен жүргөндө эч нерседен коркпой эле койгула. -Мындагы устаттардын бардыгы мага тааныш.

Курбулар эшикти ачып ичине киргенде, аппак астанасы жаркыраган тегерек чоң залга туш келди. Анын дубалдары жана шыбы да аппак кардай эле. Анын туш-тушунан машиналардын күрүлдөгөн дабышы угулуп турду.Даяр кийим-кечелер акырын гана жылдырылып жатты. Ошол эле замат саякатчыларга таптаза, жакшы үтүктөлгөн, астында ак чоң топчулары бар комбинезон кийген, жакасы ачык көйнөкчөн ак галстуктуу кортогой жакындап келди. Кортогой топтоголок жана семиз эле, бирок анын ийини бүрүш, ошондуктан курсагы орто ченинде бөрсөйгөнсүп, ал эми баш жагы менен аяк жагы балык же ийик сыяктуу ипичке болуп көрүнүп турду.

— Саламатсызбы, Ийикбек,— деди Кыпчыбек. Ушул сүрөттөлгөн кортогойго жакындап келип.— Мен сага экскурсияга алып келдим. Тууганым, биз үчүн кандай кийим тигип жатканыңыздарды көрсөткүн.

Ийикбек жооп берүүнүн ордуна ошол замат театрдагыдай эки колун бөйрөгүнө жабыштыра коюп какая тура калды да, муштумдарын түйүп сөз сүйлөөгө кирищти:


— Мени ээрчүүңүздөрдү өтүнөмүн. Мен сиздерге, курбулар, бул жердин бардык сырын ачып беремин!

Андан кийин колун алдына сунуп сестейип жана кандайдыр коркунучтуу үн менен мындай деди:

— Алдыга баскыла, курбулар, эч кандай коркпогула жана күнөм санабагыла!

Чамбылбек үнү каргылданган кыйкырыктан эси чы-гып, Чакмакбектин аркасына жашынды.

— Бул эмне, жинди болгон немеби? — деп эси чыгып сурады ал.



Бирок Ийикбек эч кандай жинди эмес эле. Иш мында, ал жалаң гана кийим тигүү фабрикасында устат болуп иштебестен, ошону менен бирге театрда актёр да болуп иштечү. Өзү жалгыз кандайдыр бир роль жөнүндө ойлогон кезде, абдан бирдеме сурасаң эчтеме билбеген эмедей боло түшөт да, ошол учурда актёрдун ролун аткаргансып театрдын сахнасындагыдай жооп кайтарчу.

Анын актёрдук жөндөмдүүлүгү Чамбылбекке кандайча таасир эткендигин көргөндөн кийин, Ийикбек өзүнө өзү ыраазы болуп жана саякатчыларды залдын ортосуна алып барды, анда металлдан жасалган капкагы бар бийик цилиндр турган экен.

Ал курч болоттон жасалып жана көтөрүңкү тартып турган эле. Анын тегерегинде бурама тепкич буралып, өйдө жагы аянтча менен бүтүптүр. Цилиндрге ар жактан зымдар жана манометри бар металлдан жасалган түтүктөр, термометрлер, вольтметрлер жана башка ченегич аспаптары жеткирилген болчу.

Ийикбек цилиндрдин жанына келип токтоп, театралдык үн менен эмес, өзүнүн жөнөкөй үнү маанисиз көп сөздөрү менен „мындайча айтканда”, „ушундай деп айта турган болсок”, „бул сөз үчүн кечирип коёсуздар” — деп айта берди.

— Менин досторум, сиздердин алдыңыздарда турган, ушундай деп айтууга мүмкүн болсо, Калпакпайдын системасындагы чоң текстилдик казан, — деп баштады Ийикбек.— Казандын ичине, мындайча айтканда, каакумдун майдаланган сабактарынан жасалган сырьё толтурулат. Мындагы сырьё, эгерде ушундай деп айтууга мүмкүн болсо, өтө жогорку температурада ысытылып жана башка заттар менен химиялык реакция болот, ушунун натыйжасында, бул сөзүм үчүн кечиресиздер, суюк, килкилдек, желимге окшош масса пайда болот, анын аба менен тийишкен кезде бат сууна турган касиети бар. Бул масса казандан түтүк аркылуу компрессорлордун жардамы менен, бул сөзүм үчүн кечиресиздер, түтүктүн башындагы майда тешиктер аркылуу сыгылып чыгарылат. Килкилдек масса майда тешиктер аркылуу тешиктен чыккан кезде муздап жана миңдеген ичке булаларга айланат, алар казандын тегерегиндеги токуучу станокко келип түшөт. Жиптер токуучу станокто кездемеге айланганын өзүңүздөр да байкай аласыздар, андан кийин кездемелер станоктон токтоосуз, эгерде ушундай деп айта турган болсок, тилке менен чыгып, андан кийин штамптын астына түшөт. Мында кездеме, сиздер көрүп олтургандай, майда бөлүктөргө кесилип, алар өз ара өзгөчө зат менен жабыштырылып жана мындайча айтканда, даяр көйнөккө айланат. Сиздер көрүп турган айланада башка штамптарда да бул сөзүм үчүн кечиресиздер, ар түрдүү өлчөмдөгү ички кийимдер тигилет.

Өндүрүп чыгаруу жолдорунун бардыгын — жип ийрүүдөн тартып тигилген даяр көйнөктөрдү кутуларга салып таңууга чейинки иштерди карап көргөндөн кийин, биздин саякатчыларыбыз экинчи кабатка чыгышты жана анда ар түрдүү күрмөлөр, шырымалдар, пальтолор жана кемселдер да ошондой эле жол менен тигилерин байкап көрүштү. Мындагы иштин айырмасы эле, жиптер токуу station станогуна түшө электе,

боёкко салынып, башкача айтканда, ичине боёк салынган идиштерге чыланат. Ийикбек жиптер ошол эле бир буладан ийрилсе да түрдүү кездеме чыгарылат деп түшүндүрдү. Бул жиптердин химиялык жактан иштетилүү жолдорун жана токуу станокторунун түзүлүшүнө байланыштуу эле, алар согулган кездемелерди гана эмес, жиптен токулган, башкача айтканда, согулган, ийрилген жана өрүлгөн, ошондой эле фетр, велюр өңдүү согулган кездемелерди жана аралашма, мисалы, согулуп-токулган же өрүлүп-кийиз өңдүү басылган кездемелерди да чыгарчу.

Дагы бир кабат өйдө көтөрүлгөндөн кийин саякатчылар ар түрдүү фасондогу жана ар кыл өлчөмдөгү шымдар тигиле турганын көрүштү Төртүнчү, бешинчи жана алтынчы кабаттарда ар түрдүү көйнөктөр, юбкалар, блузкалар, кофталар тигилип жатыптыр. Мында токуу станокторунан жеткирилчү кездемелер тегерек басмалардын арасына түшүп, натыйжада алардын бетине чакмактар, темгилдер, жолдор, гүлдөр жана башка ар түрдүү сүрөттөр салынчу. Жетинчи кабатта кийиз байпактар, сокмо байпак, носкилер, галстуктар, ботинкалар, ленталар, тасмалар, курлар жана ошолорго окшогон майда-чүйдөлөр, бет аачылар, ал эми сегизинчи кабатта — ар түрдүү баш кийимдер, тогузунчу кабатта болсо, — бут кийимдер тигилчү. Бул жерде сокмо, жука фетрлер, жана дагы жоон жиптүү өтө татаал жана басылган кездемелер көп колдонулчу, алардан Күнөстүү шаарда ботинкаларды тигүүнү жакшы көрүшчү.

Биздин саякатчыларыбыз тогуз кабаттын бардыгында тең Ийикбектен башка эч бир кортогойду кезиктиришкен жок, анткени мындагы иштин бардыгын даяр кийимдерди таңып байлаганга чейинки иштин баарын машиналар аткарчу. Ал эми онунчу кабатта болсо бардыгы анын тескерисинче экен, башкача айтканда, машина такыр жок экен, эркек жана кыз балдар өтө көп болчу. Алардын айрымдары сүрөт тартуучу

жерде сүрөт тартышса, башкалары столго отуруп бирдемелерди чиймелешип, үчүнчүлөрү ар түрдүү кездемелерден бирдемелерди тигип жатышат. Айланада кортогойлордун өздөрүнүн чоңдугундай көп сандаган куурчактар турат, тигилген көйнөктөрдү ошолорго ченеп жатышат.

— Биздин бул жерде, бул сөзүм үчүн кечиресиздер, көркөмдөөчү бөлүм,— деди Ийикбек, өзүнүн досторун ээрчитип жүрүп, онунчу кабатка чыккан кезде.

Ошол замат ага татынакай боз халат кийген кичине кыз бала чуркап келип жана ачуулуу сүйлөй баштады:

— Бул эмне деген кеп — „бул сөз үчүн кечиресиз" дегениңиз? Бул жерде сага кечирим суроонун эмне зарылчылыгы бар? Көркөмдөөчү бөлүм — бул көркөмдөөчү бөлүм, мында кечирим суроонун эч кажаты жок.

— И, көркөмдөөчү бөлүм, мындайча айтканда, „көркөм" деген сөздөн алынган эмеспи, — деп жооп кайтарды Ийикбек.

— Эч кандай „көркөм" деген сөздөн алынбастан, "көркөмдөөчү" деген сөздөн алынган.

— Кечиресиз, Ийнекан, мен билбептирмин. Мынакей, мен сага экскурсанттарды алып келдим.

— Алып келсең — жакшы болуптур! — деди Ийнекан. — Эми жолто кылбай мындай четке тур, мен өзүм бардыгын түшүндүрөмүн... Мына эмесе — деп кайрылды ал экскурсанттарга.— Биздеги балакет эмнеде?.. Биздеги балакет баарыдан мурда — бул модада болуп олтурат. Дайыма эле бир көйнөктү кийип жүрүүнү эч ким каалабагандыгын, ар качан кандайдыр бир жаңы, сонун кийим кийүүгө умтулгандыгын сиздер өзүңүздөр да байкасаңыздар керек. Бирде узун, бирде кыска, бирде тар, кээ бир кезде кенен, же болбосо бүйрүлгөн, кээде кош этек, же болбосо, чакмак кээде жолдуу, кээде темгилдери бар, кээде ала-була, кээ бирде жемиштин сүрөтү бар, кээде гүлдүү көйнөктөрдү кийишет... Иши кылып эмнелерди гана ойлоп чыгарышпайт! Ал гана эмес ар бир түскө өзүнчө

мода тандашат. Кээде бардыгы жашыл, кээде бир заматта эле күрөң түстөгү көйнөктөрдү кийип алышат. Сиз жаңы костюм кийип үлгүргөнүңүзчө, сизге, бул азыр модадан чыгып калды дешет, ошентип, сиз эс-учуңузду билбей жаңысын табуу үчүн шашууңуз керек болот...

Мындай деп айтуу инженер Кыпчыбектин күлкүсүн келтирди, ошондуктан ал бырс күлүп жиберди.

— Мен түшүндүрүп жаткан кезде бышкырбай туруууңузду суранар элем, — деди буйрук кылган үнү менен Ийнекан.— Бышкыргандай сиз атканадагы ат эмессиз да, атканага барган кезде бышкырарсыз.

Аткана жөнүндөгү эскертүү, өз кезегинде, Чамбылбектин күлкүсүн келтирди, ал араңдан зорго күлкүсүн тыйып турду. Ийнекан ага жаман көзү менен карады да, мындай деди:

— Мына эм... Бардыгыңыздар жакын келүүңүздү сураймын. Сиздердин алдыңыздагылар художниктер, алар жаңы кездемелер үчүн сүрөт тартышып жана жаңы фасондорду ойлоп чыгарышат. Художник кызыбыз Келепкан менен таанышып коюңуздар... Өйдө турууңду өтүнөмүн, Келепкан, сени бардыгы көрүүгө тийиш.

Келепкан орундугунан турду. Бул ак халатчан кичинекей кыз эле, өңү кубарыңкы жана чачтары зыгырдын буласындай аппак-саргыл экен. Ал көзүн сүзүп кичи пейил мүнөзү менен тура берди, ошондуктан анын узун кир-пиктери ого бетер узарып көрүндү. Ал уялганынан эмне кыларын билбей, сүрөт тартып жаткан кисточкасын жула берди.

— Келепкан — биздин эң эле мыкты художнигибиз,— деп улантты Ийнекан.— Азыр ал „Карагайлуу токойдогу таң" деп аталган жаңы кездеме үчүн сүрөт тартуунун үстүндө эмгектенип жатат. Мынакей, караңыздарчы, тегерете токой, ал эми бул жерде кете аюу мамалактары менен жатат. Чынында да эң эле сонун эмеспи? Жакында Келепкан „Эл кайда көчөт" конусу аттуу кездеменин үлгүсүн түздү. Жашыл кездеменин үстүнө

түшүрүлгөн жонунда кара тагы бар кызыл эл кайда көчөттүн жыбыраган кара темгил сүрөттөрүн көз алдыңыздарга элестетип көрүңүздөрчү. Бул сонун да! Мындай кездемеден тигилген көйнөктөрдү бат эле талап кетишти. Башка кездемеден тигилген көйнөктү эч кимдин кийгиси келген жок. Бирок бир нече күн өткөндөн кийин, кандайдыр бир акылман, мен көчөгө сейилдикке чыгуудан да коркомун, анткени өтүп бара жаткандардын бардыгынын үстүндө эл кайда көчөт быжырап жүргөнсүйт, дептир. Мына ошондон кийин, бул көйнөктөрдү эч кимдин да кийгиси келбей калды. „Биздин үстүбүздө эл кайда көчөттүн жыбырап жүрүшүн каалабайбыз" дешти бардык эл. Дагы бир жолу Келепкан „Жылдын төрт маалы аттуу кездеменин сонун сүрөтүн тартты. Бул кандайдыр бир өзүнчө жомоктогудай эле — кездеме эмес, өзүнчө бир сүрөт эле! Аны сегиз боёк менен боёшту, ал үчүн басып чыгарчу сегиз валик камдашты. Бул сүрөтү бар кездемеден тигилген көйнөктү бүт шаардыктар кийишти. Бир кезде бир мода чыгарчу мындай дей калды:

„Бул көйнөк мага жакпайт, бардыгы мага карашпастан, менин көйнөгүмдүн сүрөтүн карашчу болду". Мындай окуядан эмне болду деп ойлойсуздар? Экинчи күнү көйнөк модадан чыгып калды, ошондон кийин бизге экинчи бир сүрөтү бар кездемени шашылыш табууга туура келди.

Кыпчыбек дагы күлүп калды, өз убагында эсин жыйып, оозун алаканы менен баса баштады эле, анда күлкүнүн ордуна кандайдыр коркулдоо пайда болду.

— Мен сизден коркулдабасаңыз деп өтүнөр элем! — деп чымчылап сүйлөдү Ийнекан.— Бизде коркулдоого жарабайт, эгерде сиз эң эле каалосаңыз, ал кезде үйүңүзгө барып коркулдап, кайра келсеңиз болот. Ошентип!.. Биз эмнеге токтолдук эле? Ооба! Модага токтолгон экенбиз. Мына эмесе, өзүңүздөр көрүп олтургандай, биз модага такыр баш ийбейбиз. Анын тескерисинче, мода бизге баш иет, анткени кийимдердин жаңы модалуу үлгүлөрүн биз, өзүбүз түзөбүз. Ал эми моданы

өзүбүз түзгөндүктөн, ал бизди эч нерсе кыла албайт, биздин ишибиз ийгиликтүү алдыга жылууда. Бирок бизди айтыла жүрчү безгек кыйнайт.

Күлкүсүн тыя албаган Кыпчыбек дагы алаканы менен оозун басып, дагы коркулдай баштады. Ага карап турган Чамбылбек да коркулдады.

— Мына эмесе! — деди колун жайып Ийнекан.—Жаман адат, эл айткандай, бат тарайт. Мурда бирөө коркулдаса, эми экөө коркулдайт! Бул жерде биз бардыгыбыз коркулдап үй-үйүбүзгө тарап кетебизби... Ооба! Мына ошентип... Сиздер мени дагы жаңылыштырдыңыздар! Биз эмнеге токтолдук эле?

— Биз бардыгыбыз коркулдап жана үйгө тарайбыз дегенде,— деп жооп кайтарды Билбесбек.

— Жок, бизде безгек болот деген сөздө,— деп көңүлүнө салды Келепкан.

— Ооба, туура! Бизди безгек кармайт. Бул бизге экинчи бир шаардан саякатчылар келген кезде болот. Алар кийген демейдегиден башкачараак костюмдарды же дагы башкараак калпактарды көрүп алышып, биздин шаардын калкы жаңы мода чыкты деп ойлой баштайт да, ошол костюмдарды жана калпактарды издеп магазиндерге чуркай баштайт. Магазиндерде андайлар жок болгондуктан, жаңы продукцияны шашылыш түрдө даярдоого туура келет. Ал эми булардын бардыгы жөнөкөй гана иш эмес, анткени, кездемелердин жаңы түрлөрүнө жаңы үлгү камдап, жаңы штамп басуу үчүн жаңы валиктерди камдоо зарыл болот. Калк күткөндү жакшы көрбөйт, ошондуктан булардын бардыгын биз шашылыш түрдө иштешибиз керек. Мына ошондуктан бизди безгек кармады дейбиз. Бул безгекти кантип жок кылуу керек?.. Анын жолу оңой. Биз магазиндер менен байланышып турабыз. Магазиндерден бизге кортогойлордун жаңы талаптары жөнүндө кабар беришет. Мисалы, кечээ бизге бир топ

кортогойлор сары шым издеп келишиптир деп кабар кылышты. Ошондуктан биз шаарга кимдир бирөө сары шым кийип келиптир деп жыйынтык чыгарабыз... Мына айтыңыздарчы, сиздер биздин шаарга келгениңиздерге көп болдубу? — деп сурады Билбесбектен Ийнекан.

— Мурдагы күнү,— деп жооп кайтарды Билбесбек.

— Көрдүңүзбү,— деп сүйүнүп кетти Ийнекан.— Сиздер мурдагы күнү эле келсеңиздер, ал эми бизде шаарда сары шымчан бирөө пайда болду деп кечээ бизге маалым болду. Бул эң аз болгондогусу. Сары шым тигип чыгарууга биз өзүбүз камынып жатабыз. Жакыныраак келип художник Топчукан менен таанышып коюңуздар. Бизде ушул убакка чейин сары шым тикпегендиктен, Топчукан сары шымдын долбоорун түзүп жатат.

Билбесбек жана анын жолдоштору Топчуканга жакындап келишип жана анын чоң барак кагазга кадимки сары шымдын сүрөтүн тартып жатканын көрүштү. Бул кезде Ийнекан болсо Билбесбекти бардык жагынан карап чыгып, ал гана турсун анын шымынын кандай кездемеден тигилгенин билдирбестен колу менен кармап да көрдү.

— Сиздин биздикине келгениңиз түзүк болбодубу,—деди ал Билбесбекке.— Болбосо биз шымдарды такыр башкача, талапка карата окшоштурбай тикмек экенбиз: Мындай учурлар мурда бизде болгон эле... Сен, Топчукан, байкап туруп жана өзүңдүн долбооруңа оңдоолорду киргиз. Шымдардын багелектери тар да, кенен да, узун да, кыска да болбостон, тизеден аз-аз эле төмөн, кызыл ашыктан азыраак гана өйдө болууга тийиш. Бул эң эле жакшы фасон, анткени аны кийгенде жүрүүгө оңтойлуу. Кездеме болсо жибекке окшош, жалтырак. Бул да өтө жакшы, анткени жалтырак кездеме бат кирдебейт. Мындай түстөгү кездеме көрөр көзгө да жакшы. Ошондой эле ылдый жагына эч кандай топчунун да кереги жок. Балдар шымдарынын ылдый жагын

топчуланышын анчалык да жакшы көрүшпөйт, анткени, алар дайыма ар бир жерге илинип жана акыр аягында баары бир үзүлүп да калат эмеспи.

Билбесбек менен кезигүү Ийнеканга өзүнүн түзүк таасирин тийгизди. Ал өзүнүн күлкүсү менен эсин оодарган Кыпчыбекти жаман көзү менен караганын да койду. Меймандарын диванга олтургузуп, алар менен өтө кичи пейил сүйлөшө баштады. Биздин саякатчыларыбыз Гүлстан шаарынан келгенин уккандан кийин, ал Гүлстан шаарындагы балдар жана кыздар кандайча кийине тургандыктарын жана кандай модалар бар экендигин Седепкандан тактап сураштырды. Аңгемелешүүгө калган көркөмдөөчү кыздар да катышышты. Бекемкан аттуу бир көркөмдөөчү кыз Күнөстүү шаарда эмнелер өзгөчө жаккандыгын Чамбылбектен сурай кетти.

— Газдаштырылган, башкача айтканда, шире кошулган газдуу суу,— деп жооп кайтарды Чамбылбек.—Негизгиси, газдуу сууну бардык эле дүкөндөн каалашынча иче берүүгө болот.

— Тапкан экенсиң таңыркоочу эмени! — деп кийлигише кетти Кыпчыбек. — Бизде да баары ошондой. Сиз каалаган ашкананызга кирип жана эмне жегиңиз келсе, ошону жей бересиз. Кайсы гана магазинден сурасаңыз каалаган буюмуңузду берет жана сизден ал үчүн эч акы да албайт.

— Эгерде кимдир бирөөнүн автомобиль алгысы келсечи? — деп сурады Билбесбек.— Автомобилди кантип эле бере койсун!

— Эмне үчүн бербейт? Берет! Кнопкалуу таксилер чыккандан бери, ал автомобилдерди эч ким алгысы да келбей калды,— деди Чакмакбек.— Эгерде мен эч кандай машакаттанбай эле кнопкалуу такси менен каалаган жериме жете турган



болгон соң, айтыңызчы, мага автомобилдин эмне кереги бар! Өзүмдүк машинанын машакаты өтө көп. Аны жууп, тазалаш керек, майлап, оңдоп, май куюш керек. Ал үчүн гараж да керек болот. Сиз өзүмдүк машинаңыз менен барчу болсоңуз аны айдоо керек, бир нерсени, же бирөөнү тебелетип кетпесем экен деп ушунчалык тикчийип, көзүңдү албай карап олтурушуң керек. Ал эми сиз кнопкалуу такси же автобус менен жөнөөчү болсоңуз, анда эч кандай кайгы-капасыз кете бересиз! Сиз жайбаракат гана газета же китеп да окуй аласыз, эмне жөнүндө кааласаңыз, ошону ойлой бересиз, кааласаңыз такыр ойлобой эле коёсуз жана ал гана эмес, уктап же ыр жазсаңыз да болот. Бир кезде менин өзүмдүк машинам бар эле, бирок аны таштап койгондон бери, мен өзүмдү чыныгы эркин кортогойдой сезе баштадым.

— Бирок сиздерде көп эле кортогойлордун өзүмдүк машиналары бар эмеспи,— деди Билбесбек.— Мисалы, Кыпчыбектин да өзүмдүк машинасы бар.

— Менби, меники башка да,— деп жооп кайтарды Кыпчыбек.— Мен болсом эски автомобилчимин, каалаган жакка алып жөнөөчү бул жаңы автомобилдер менен жүрүү жана эч кандай кокустуксуз жүрүү жөн эле кыдыруу мага жакпайт. Рулду өзүм башкарып жана машинаны өзүмдүн айдашым — мен үчүн бир ыракат. Жол жүргөндө кандайдыр бир кокустуктардын болушун мен жакшы көрөмүн, анткени мен ага көптөн бери көнүп бүткөнмүн жана өзүмдүн көнүмүш адатымдан кол үзүү мага кыйын. Бул мендеги көптөн бери туздалып олтурган неме экенин, мындайча айтканда, көптөн берки калдык экенин мен түшүнөмүн, бирок азырынча ал адаттан кантип кутулууну өзүм дагы билбейм.

Эртең мененден бери ачка болгон Чамбылбек чыдай албай, акыр аягында мындай деди:

— Туугандар, бул жерде сиздерде жей турган бирдеме же жок дегенде ширеси бар газдуу суу жокпу? Мен эртеден бери эч тамак иче элекмин да.

— Ай, биз, эшектер! — деп кыйкырып жиберди эсине келе түшкөн Кыпчыбек.— Биз мында эмне кылып олтурабыз жана сөз менен алек болуп турубуз! Батыраак ашканага баралы. Торгойду тамсил менен азыктандырбайт деген ылакап бар эмеспи.

Бул ылакап Чамбылбекке өтө жагып калды, ошондон тартып ал курсагы ачары менен: „Торгойду тамсил менен тамактандырбайт" деп айтчу болду

## Жыйырма экинчи глава
# МИЛИЦИОНЕР ЫШКЫРЫКБЕКТИН ОКУЯЛАРЫ

Милицияда дубал урап түшкөндөн кийин милиционер Ышкырыкбек мурда Билбесбекти кууп чуркап барып, бирок башы ооругандан кийин кууганды токтотуп үйүнө кетип калганы окуучулардын эсинде болсо керек.

Ал милицияга барбай, күтүп олтурган Сакчыбекти эстен чыгарып, үйүнө барууну чечкени азырынча дайынсыз. Эмне үчүн анын ооруканага барбаганы да дайынсыз. Балким, бул анын башына кирпич түшүп кеткендиктен, кайда баруунун зарылдыгын өзү да жакшы сезбей калгандыгы менен да түшүндүрүлө тургандыр.

Бир сөз менен айтканда Ышкырыкбек милиционер өзүнүн үйүн көздөй бет алды. Ал жакын, Кесме көчөсүндө турчу, ошондуктан автомобиль же автобус менен баруунун зарылчылыгы да жок эле. Кесме көчөсүнө барып жеткенден кийин жана аны менен эки квартал жүрүп олтуруп, ал өзүнүн үйүнүн тушунан келип чыкты. Эгерде күтүлбөгөн жерден дагы бир окуя келип чыкпаса, бардык иш дээрлик өз жайында болмок эле.

Ышкырыкбек турган үй, жөнөкөй эмес, ал мунара түрүндөгү айланып турчу үй эле, мындайча айтканда, архитектор Тегеренме бөтөлкө тургузган үйлөрдөн болчу. Бул үйдүн

төрт тарабында төрт каалга болор эле. Эгерде үй тегеренбей бир калыпта турса, ал учурда бул каалгалар төрт тарапка тең, башкача айтканда, түндүккө, түштүккө, чыгышка жана батышка карап турар эле. Бирок үй токтоосуз тегеренип тургандыктан тигил же бул каалга кайсы тарапты карай ачылып тургандыгын байкоо кыйын эле.

Милиционер Ышкырыкбек кызматынан дайыма бир убакытта кайтчу. Мына ошол кезде анын каалгасы Кесме көчөсү тарапты карап, ачылып турар эле. Бирок бул жолу Ышкырыкбек демейдегисинен бир саат мурда келгендиктен, Кесме көчөсү жагынан башка каалга ачылып турган. Эмне кылып жаткандыгын өзү да байкабай Ышкырыкбек чоочун каалгадан кирип демейдегисиндей лифтиге түшүп төртүнчү кабатка көтөрүлдү жана чоочун үйгө кирди. Бул үйдүн кожоюндары ошол кезде үйлөрүндө жок эле, андык-тан Ышкырыкбектин жаңылыпп-тыгын эч ким айткан жок. Чындыгында Ышкырыкбек үйдүн ичиндеги эмеректер мурдагысындай эмес, башкачараак экендигине бир аз таңыркады, бирок анын башы өтө ооругандыктан ал бул жөнүндө ойлонуп олтурууну туура таппады, батыраак кийим-кечесин чечип төшөккө жата кетти жана ошол замат катуу уйкуга кирди.

Башына кирпич байкоосуздан келип тийгенденби, же башка себептен экендиги белгисиз, бирок Ышкырыкбектин жаны жер тартып уктагысы келди да, ал керели кечке, түн бою жана эртеси эртең мененкиге чейин уйкудан көзүн ача алган жок. Тагыраак айтканда ал эртең мененки саат ондо жатып уктап, эртеси күнү саат 11 де гана уйкусунан ойгонду, ошентип ал катары менен 25 саат уктады, башкача айтканда, толук бир сутка жана ага кошумча бир саат ашык уктады.Эгерде  Ышкырыкбек өзүнүн үйүндө жатып уктаса, аны бат эле таап алышат эле, анчалык окуя да болмок эмес, бирок ал чоочун имаратта уктады, андан аны эч ким издеп да тапкан жок жана ошондуктан өтө чон баш аламандык пайда  болду.

Милициядан дубал урап түшкөн кезде милиционер Сакчыбек кандайдыр дабыш чыкканын угуп жана телевизордук экранды кароону токтотту да, коңшулаш бөлмөгө чуркап кирди. Урап түшкөн дубалды көрөр замат, ал токтоосуз көчөгө чуркап чыкты да, өтүп бара жаткан адамдарды токтотуп ошолордун жардамы менен урап түшкөн дубалдын жана шыптын урандыларын чыгара баштады. Бардыгы жан аябай эмгектеништи, бирок бул эч кандай натыйжаны берген жок, анткени мурда кармалган Билбесбек дагы Ышкырыкбекке да урандылардын арасында жок болуп чыкты, ал эми андан Ышкырыкбектин жез калпагын таап алышты.

Бул милиционер Сакчыбекти бир аз тынчытты жана ал Билбесбек качып кетип милиционер Ышкырыкбек аны кууп жөнөсө керек деген ойго келди. Убакыт өтө берди. Ал эми Ышкырыкбек болсо кайра келген жок. Сакчыбек көчөлөрдүн бирөөнөн Ышкырыкбек көрүнүп калбас бекен деп өзүнүн телевизордук экрандарын улам карай берди, бирок бул кезде Ышкырыкбек чоочун бирөөнүн төшөнчүсүндө уктап жаткандыгы китеп окуучуларга белгилүү болчу, ошондуктан ал эч бир экрандан көрүнүшү да мүмкүн эмес эле. Милиция бөлүмүнө кызмат аткаруу үчүн дагы жаңы эки милиционер Калпакбек менен Чыбыкбек келишти. Милиционер Сакчыбек аларга дежурлугун дайындап коюп жана өткөн окуя жөнүндө айтып берди да, Ышкырыкбекти издөөгө жөнөдү. Ышкырыкбек үйүнө барса керек деген ой менен бириичи кезекте ага телефон шыңгыратты, бирок телефонго эч ким келип, трубканы албагандыктан, Сакчыбек өзү анын үйүн көздөй жөнөдү. Ал үйдөн эч кимди таба алган жок жана өзүнүн үйүнө кайра келгенден кийин ооруканалардын баарына телефон шыңгыратты.



Ооруканалардын баарынан милиционер Ышкырыкбек дарылануу үчүн аларга келбегендигин кабарлашты. Ошондон кийин ал шаардагы башка милиция бөлүмдөрүнө телефонду шыңгыратып, Ышкырыкбекти издеп табууга жардам берүүлөрүн өтүнүп сурады. Милициянын бөлүмүндөгүлөрдүн бардыгы бул чакырыкты кызуу кабыл алышты, Ышкырыкбекти табуу үчүн жүздөгөн милиция шаардын бардыгын тинтип чыгышты. Милиционер Сакчыбек улам жарым саат өтөрү менен анын үйүнө келе берди. Күндүн калган бөлүгүндө жана түнү менен ал ооруканаларга телефонду шыңгыратып жана докторлордун бардыгын жадатып бүттү.

Эртеден кечке издөөлөргө карабастан милиционер Ышкырыкбекти эч жерден таба алышпады жана эртеси бардык газеталардын бетине бул жаңы сыйкырдуу жоголуу жөнүндө кабар жарыялады. Эгерде милиционер Ыш-кырыкбек эртең менен ойгонор замат газеталарды окуса, ал өзү мынчалык ызычуу болгонуна таң калар эле. Бирок Ышкырыкбек бул күнү эч кандай газета окубады, мына ошондуктан алардын бетине эмне жарыялангандыгын биле да алган жок. Эртеси күнү ойгонуп ал саатын карады да, анын жебеси он бирдин тушунда турганын көрдү. Ал уктар алдында саатына караган кезде он экенин эсине түшүрүп, жыйырма беш саат эмес, бир гана саат уктаган экенмин деп ойлоду. Ошентип ал бир күн өтүп эртеси күнү болгонун байкабай да калды. Анын башы бир аз ооруп жана ал аябай ачка болгонун сезди, албетте, ал табигый иш, анткени, ал бир “сутка тамак ичпей уктаган эле жана бул мезгилде ал эч кандай тамак ичкен жок.

Өзүнүн бөлмөсүндөгү ашкананын түзүлүшүнө окшогон ашканага келди да, милиционер Ышкырыкбек дубалдын бетиндеги кичинекей эшиктин эки капталындагы кнопкасын басып ачты. Алардын бет маңдайында „Сорпо”, „Ботко”, „Кисель”, „Компот”, „Нан”, „Пирог”, „Кесме”, „Чай”, „Кофе” жана башка жазуулары бар эле. Мындан кийин тушунда

чакмактуу тешиги бар жазуусу жок эшикчени ачты да, милиционер Ышкырыкбек орундуктун жанына барып олтурду, тамак качан келет деп күтө баштады. Эки же үч минутадан кийин астананын астындагы тешик ачылып, анчалык чоң эмес ашкананын өйдө көтөрчү тепкичи көтөрүлө түштү. Бул кабина ак сыр менен сырдалып жана өзүнүн тышкы көрүнүшү жагынан муздаткычка окшош болчу. Ышкырыкбек кабинанын эшигин ачып, анда коюлган сорпосу бар табакты, боткону, киселди, таттуу тамак салынган көмөч казанды, кофе куюлган чайнекти, кант салгычты, пирогу бар тарелканы жана кесилген нандарды жана башкаларды бирден алып столго койду. Булардын бардыгын өтө ачка болгондуктан биринен сала бирин сугуна баштады.

Өйдө көтөрүлүүчү ашкананын тамак коюлчу кабиналары Күнөстүү шаардын бир катар үйлөрүндө бар болчу. Алар эртең мененки тамакты, түшкү тамакты жана кечки тамакты ошол үйдө жашаган калкка ылдыйкы кабаттагы ашканадан өйдө көтөрүп жеткирчү. Күнөстүү шаардын жашоочулары үйдө тамак жешке мүмкүнчүлүгүн өтө сейрек пайдаланганын айта кетүү керек, анткени көбүнчө ашканадан тамактанууну жакшы көрчү, анда бир кыйла көңүлдүү болор эле. Ашканада тамакты кадимки эле балдар жана кыздар алып келип беришчү, алар менен сүйлөшүүгө, тамашалашууга, күлүп көңүл ачууга да болор эле. Бул жерде болсо өйдө көтөрүлүүчү кабинанын жардамы менен тамак жеткирилип, аны менен тамашалаша албайсың. Бирок ошондой болсо да керек болгон учурда, анчалык ылайыктуу жана көңүлдүү болбосо да, үйдөн тамактанасың.

Милиционер Ышкырыкбек курсагы тойгондон кийин кайра төшөгүнө жатып жана дагы бир аз уктоону чечти. Ал түшкү тамакка чейин бир гана саат уктабадымбы, бул анчалык да көп эмес деп эсептеди. Эмне болсо ошол болсун, ал кайра уйкуга кетти. Түн жарымында үйдүн кожоюндары келип аны ойготушпаса, ал дагы таң эртеңге чейин уктап жатышы

мүмкүн эле. Кийинчерек сураштыра келгенден кийин, көрсө бул үйдө Шайырбек менен Көмөчбек деген эки дос тургандыгы белгилүү болду. Шайырбек өзүнүн тамашакөйлүгү менен элге маалым болгон. Анын эң жакшы көргөн тамашаларынын бири, ар бир сөзүнөн кийин „мен чынын айтканда Шайырбекмин да" дегенди сөзүнө кыпчып сүйлөгөндү өтө жакшы көрөр эле. Ал эми Көмөчбек болсо анчалык деле даңкы чыккандардан эмес. Алардын экөө тең конфет фабрикасында шофёр болуп иитешчү, алар конфеттерди магазиндерге жеткиришип, өз ара өтө ынтымактуу турушчу. Милиционер Ышкырыкбек жаңылыштык менен алардын үйүнө келип конгон түнү Шайырбек менен Көмөчбек үйлөрүндө түнөшпөптүр, анткени, кызматтан кийин алар өздөрүнүн таанышы Ачкычбектикинде жаңы үйдүн тоюнда болушту, бул той түнү менен таң аткыча созулду. Эртеси күнү алар өздөрүнүн конфет фабрикасына жөнөп кетишти да, түшкү тамактан кийин өздөрүнүн экинчи бир таанышыныкына—Челекбектикинде дагы үй тоюнда болушту. Мында да үйдүн тою таң атканча созулду. Бирок биздин досторубуз өткөн түлү көз ирмебегендиктен Челекбек алар менен макул болуп жана эртерээк үйлөрүнө кетүүлөрүнө, башкача айтканда, түнкү саат он бирде меймандар менен коштошту.Түнкү саат он бир — бул дагы эрте эмес, анын үстүнө биздин тааныштарыбыз да түз эле үйлөрүнө жөнөп кетишпеди, элден мурда алар милиция бөлүмүнө туш келишти, анда милиционер Көмөчбекке көчөдө жүрүү эрежесин бузгандыгы үчүн жыйырма минуттук акыл-азат айтты. Бир сөз менен айтканда үйлөрүнө түн ортосу ооп кеткенден кийин келишти.

Эмне болсо да алардын экөө тең жетишкен ийгиликтери үчүн ыраазы болушту жана Шайырбек мындай деди:

— Мына эми үйүбүзгө да келип жеттик, чынын айтпасам мен Шайырбек болбой калайын! Эми тамактанып алып батырак уктайлы.

— Чындыгы чын эле,— оозун арандай ачып эстеп жатып макул болду Көмөчбек.— Мейманда болгондо канча жесең да үйдөн бир аз шамшуң этсең ашык болбойт.

Эки курбу түз эле ашканага барышып, анын көтөрүлмө эшиктеринин жанындагы кнопкаларды баса баштады. Бир нече минуттан кийин столдун жанына олтуруп тамактанууга киришти. Алардын жаактары акырын гана кыймылдап, көздөрү аргасыздан жумула берди, бирок алардын экөө тең арандан зорго бирдемелер жөнүндө кеп салымыш болуп жатышты. Акыр аягында Шайырбек курсагы тойгондон кийин унчукпастан олтурган ордунан туруп бөлмөсүн көздөй жөнөдү. Ал бөлмөгө кирери менен электр жарыгын өчүрдү да, кийимин чечинип жана төшөгүнө жата кетти. Анын артынан Көмөчбек кирди. Шайырбек жарыкты өчүрүп койгондугун көрүп, караңгыда өзүнүн кроватына жакындап келип, кийимин чечинип жатайын деп колун созуп жуурканды ачарда кимдир бирөө төшөгүндө жатканын байкады. Көмөчбек бул жаңылышкан бойдон анын кроватында жаткан Шайырбек болсо керек деп ойлоп жана каткырган бойдон мындай деди:

— Эй, бул эмнең? Сен эмне менин төшөгүмө жатып алгансың?

— Эй, сен анда эмне келжиреп жатасың, мен Шайырбек болбой калайын,— деп жооп кайтарды өзүнүн кроватында жаткан бойдон.

— Кандайча — эмне дейсиң? — деп таң калды арт жагын айланып карап Көмөчбек.— Сен кайдасың?

— Мен бул жердемин, мен Шайырбек болбой калайын калп айтсам. — Мен кайсы жакта болмок элем?



Шайырбек таптакыр башка тараптан жооп кайтарганын

угуп, Көмөчбек караңгыда төшөгүн көздөй кайра колун сунду да, кроваттын үстүндө жаткан Ышкырыкбектин төшүн сыйпалады, ал катуу уйкуда жаткандыктан кыймалдап да койгон жок.

— Ай, сен билесиңби менин төшөгүмдө кимдир бирөө жатат — деди Көмөчбек

— Ал ким болду экен?—деп таң калды Шайырбек.

Көмөчбек караңгыда уктап жаткан Ышкырыкбектин мойнун, андан кийин бетин, мурдун, чекесин, чачтарын кармалады...

— Шайтан билсинби аны! Чачтары саксайган кимдир бирөөнүн башы жатат...— деди ал, таңыркаган бойдон колун жайып.

— Мына сага керек болсо!—деп каткырды Шайырбек.

Шайырбек менен Көмөчбек өздөрүнүн үйүндө чоочун кортогойду көрөр замат анчалык да эстери чыккан жок. Ал гана эмес, алар такыр коркушкан да жок. Күнөстүү шаарда уурулардын же баш кесерлердин кылмыштуу окуялары эч кандай болбогондугуна көп убакыт өткөндүгү себеп болсо керек. Кортогойлордун бардыгы өз ара ынтымактуу жашашып жана кимдир бирөөнүн үйүнө кара ниеттик менен келиши мүмкүн деген эч кимдин башына түшчү эмес.

— Чынын айтсам, мына мен Шайырбек болбой калайын, мында кандайдыр бир жаңылыштык болуп кетсе керек,— деди күлкүсүн токтото албай Шайырбек.

— Билесиңби, болжолу биздин тааныштарыбыздын бири, биз жок кезде биздин үйүбүзгө кирсе керек. Күтүп олтура берип андан кийин жадаганда кокусунан уктап кеткен окшойт,— өзүнүн божомолдоосун айтты Көмөчбек.

— Туура айтасың!— деп сүйүнүп кетти Шайырбек.— Кана, жарык кылчы.

Көмөчбек жарык кылды, эки дос кроватка жакындап келип жана эч кандай иш менен капары жок уктап жаткан Ышкырыкбекти карай башташты.

— Бул ким болду экен? Сен муну таанıйсыңбы?— деп сурады Көмөчбек.



— Биринчи эле жолу көрүп олтурам, болбосо мен Шайырбек болбой калайын!

— Тьфу!—деп Көмөчбек жерге бир түкүрдү.—Мен да биринчи жолу көрүп олтурам. Баарынан да өзүнүн үйүндө жаткансып уктап жатпайбы!

— Бул кандайдыр күнөмдүү, Көмөчбек, чын эле! Мен Шайырбек болбой калайын, мүмкүн сен экөөбүз чоочун үйгө жаңылышып кирип жүрбөйлү. Батыраак кетиш керек, ал ойгонуп калып жүрбөсүн.

Көмөчбек качууга камынды, бирок айлана тегерегине көз жүгүртүп карады да, мындай деди:

— Жок, менимче бул биздин эле үйүбүз болуу керек. Муну ойготолу да, биздин үйгө кандайча келип жатканын сураштыралы.

Шайырбек Ышкырыкбекти ойгото баштады. Акыр аягында Ышкырыкбек ойгонду.

— Сиздер бул жерге кандайча келдиңиздер?—деп сурады жанында ич көйнөкчөн турган Шайырбек менен Көмөчбекке таң калган бойдон көз жүгүртүп.

— Бизби?—деп шашып калды Шайырбек.— Угуп атасыңбы Көмөчбек, муну карасаң... укмуш, мен Шайырбек болбой калайын. Кандайча бул жерге келдиңер деп сурап жатпайбы! Жок, биз, сиз бул жерге кандайча келдиңиз деп сураганы жатабыз?

— Менби? Дайым кандай келсем, ошондой келдим,— деп ийнин куушуруп койду Ышкырыкбек.

— „Дайым эле дейт тура!" — деп кыйкырып жиберди Шайырбек.— Сиздин оюнузча кайда жатам деп турасыз?

— Өзүмдүн үйүмдө. Анан кайда болмок эле?

— Мына сага тамаша, мен Шайырбек болбой калайын! Көмөчбек, угуп атасыңбы, ал өзүмдүн үйүмдөмүн деп жатпайбы. Андай болгондо биз, экөөбүз кайдабыз?

— Ооба, чын эле,— сөзгө кийлигишти Көмөчбек да.— Ал эми сиздин оюңузча бул экөөбүз кайда турабыз, ыя?

— Силер да менин үйүмдөсүңөр?

— Көрсөң муну! Сиз муну ишенимдүү айтып атасызбы?

Ышкырыкбек айланасын бир сыйра карап чыкты да, таңыркаган бойдон башын өйдө көтөрдү.

— Уксаңыздар,— деди акыр аягында ал,— мен мында кандайча келип калдым.

— Капырай, эмне болуп калгансың, мен Шайырбек болбой калайын, чын эле айтам! Бул жерге кандайча келдиңиз деп жарым сааттан бери сурап жатпайбызбы,— деди Шайырбек.


— Баш аламандыктын бардыгы өзүнүн күнөөсү боюнча келип чыккандыгына көзү жеткенден кийин Ышкырыкбек өтө уялып жана күңкүлдөп мындай деди:

— Кечирисиздер, достор! Кечирим сураймын! Жаңылыштык менен чоочун үйгө келгендигимди эми гана байкадым. Үйдүн ичиндеги эмеректер менин үйүмдөгүдөй эмес, дубалдагы сырлар дагы башкачараак, менин үйүмдө сары эмес беле! Ал эми мында болсо кандайдыр көк түстө...

Ушул сөздөрдү айтып Ышкырыкбек жууркандын астынан суурулуп чыкты да, эшикти көздөй бет алды.

— Токтоңуз,— деп аны Көмөчбек токтотту.— Сиз элден мурда кийимиңизди кийинип алыңыз.

— Ооба, ооба! Кечиресиздер!—деп уялган бойдон Ышкырыкбек күңкүлдөп кайра келип кийимдерин кие баштады. Ал өтө шашылды жана ошондуктан анын иши илгерилебей, кийимин оң кие албай койду. Галстугун аңтара мойнуна илип, байпактары бутунун башына чалынып, анын оң буту шымынын багелегине такыр киргиси келбеди, ошондуктан



ал сол буту менен көпкө чейин бөлмөдө секирип жүрдү, акыр аягында гүл өсүп турган карапага урунуп жана аны бытчытын чыгарып талкалады. Ал шашкалактаган бойдон Көмөчбектин бешмантын ийнине сала коюп жөнөп кетти, ушуну менен баш аламандык да аяктады.

Бул түнү Шайырбек менен Көмөчбек өтө кеч жатышты. Көмөчбек өзүнүн бешмантынын жоголгонун эртеси күнү эртең менен гана байкады. Чындыгында анда Ышкырыкбектин бешманты калган эле, бирок чатак — бешмант менен кошо Көмөчбектин автомобиль айдоого укук берилген күбөлүгүнүн жоголгондугунда болду, ал анын жан чөнтөгүндө эле. Кара басканда эки дос тең Ышкырыкбектин атын да, адресин да сурашпаптыр жана азыр аны кайдан издөөнү билишпеди.

Кемчилигинди оңдоого болот, анткени бул шашкалактаган кортогой, башкача айтканда, жанакы Ышкырыкбек чөнтөгүндө чоочун кишинин күбөлүгүн байкаганда, ал өзүнүн бешмантын эмес, башканыкын кийгенин түшүнөт жана күбөлүктү бешмант менен кайра алып келер деп айтты Шайырбек. Муну укканда Көмөчбек бир аз тынчтана түштү.

Бирок акыры иштин бардыгы Шайырбек болжолдогондон такыр башкача болуп чыкты, анткени Ышкырыкбектин башынан өткөргөндөрү муну менен гана аяктаган жок. Эгерде Качыртай, Шоктуяк жана Алабаш ишке кийлигишпеген болсо, балким иш жайында болор эле. Бул үч шумшук кортогойлорго айлангандан бери, алар ишсиз көчөдө тентип жүрүшүп, акыр аягында бир жерден кезигишип калат. Бул күтүлбөгөн жерден

кезигишүү өтө кубангандыкты билгизип жатты. Качыртай Шоктуяк менен Алабашты көр-гөндө күлкүсүн тыя албады, ал эми Шоктуяк менен Алабаш Качыртайды карап катуу каткырып күлүштү. Үчөө тең бири-бирин бат эле таанышты. Аларда болгон өзгөрүүлөргө карабастан, ар биреөндө өткөндөгү көрүнүштөрүнөн сакталып калыптыр, мына ушул кырдаал алардын күлкүсүн келтирди.

Күлкүлөрүн токтотуп, Качыртай мындай деди:

— Мына эмесе, достор, биздин кезигишүүбүздү кандайдыр бир эсибиз оогончо белгилешибиз керек, ал биротоло эсте калгыдай болсун.

Үчөө тең терең ойлонушту жана түн ортосу оогончо ойлонушту. Адегенде эч кимиси да иштиктүү эч нерсе ойлоп таба алышпады, бирок бир топтон кийин Алабаш мындай деди:

— Менимче, эң эле эсти оодарчу иш бул, эгер биз бардыгы мүдүрүлүп жыгылсын үчүн жана сулап жатып калсын үчүн эл өтүп жаткан жолго туурасынан аркан тартып койсок жакшы болот.

— Сен акылмансың!—деп кубаттады Качыртай Алабашты.

Кандайдыр аркан таап алышып, достор аны жолдун караңгыраак жерине туурасынан тартып коюп, мындай кылгандыктарыбыз үчүн кимдир биреө моюндарыбызды толгоп алып жүрбөсүн деп чочулап, батыраак көздөн кайым болушту. Бул Кесме көчөсүндө Шайырбек менен Көмөчбек турган үйдөн анча ыраак эмес жерде, алар милиционер Ышкырыкбек өздөрүнүн үйүндө уктап жатканда үстүнөн чыккан түнү болгон эле: Андан ары эмне болгонун эми угуңуздар.



— Милиционер Ышкырыкбек Шайырбек жана Көмөчбектикинен чыгып, көчөдө арышын кере басып келе жатты, айланасын таңыркап карап, өзүнүн кайда экенин түшүнбөдү.

Бир топтон кийин ал Кесме көчөсү менен кетип баратканын байкады, бирок өзүнүн үйүн көздөй эмес, тап-такыр тетири тарапка кеткенин сезе койду. Ал кайра кайтууга ниеттенди эле, бирок бир аз сергип жана аба жутууну чечти.

Бул чечим ал үчүн жакшы натыйжа менен аяктабады. Ал он кадам шилтей электе жолго туурасынан тартылган арканга буту чалынып мүдүрүлүп оңкосунан түштү. Жыгылганда да жолго чекеси менен тийип, эс-учу жок сулап жатып калды.

Эгерде ушул кезде Кесме көчөсү менен өзүнүн машинасына түшкөн кичинекей Гүлгаакы чыга келбесе, эси-учун жыя албаган Ышкырыкбек канча убакка чейин жатып каларын, балким эч ким билбейт эле. Жолдун ортосунда кыймылсыз жатып калган Ышкырыкбекти көрүп, Гүлгаакы машинасын токтотту жана Ышкырыкбекке медициналык шашылыш жардам көрсөтүүнүн зарылдыгына көзү жетип, аны машинага сүйрөп салды, ал өңдүү кичинекей кыз үчүн бул бир кыйла кыйын болбой да койгон жок, ошентип ооруканага алып жөнөдү.

Ооруканада Ышкырыкбектин ошол замат кийимин чечиндирди да, кроватка жаткырышты. Доктор Таңгычбек ошол замат ага суюк дары жазып жана чекесине муз коюуга буюрду, андан кийин Гулгаакынын колун өзү кыса кармап жана оору адамды жеткиргендиги үчүн ага ыракмат айтты. Ышкырыкбектин атын ал оорулардын журналына каттагысы келди эле, бирок Ышкырыкбек дагы эле эси ооогон бойдон сулк жатты жана өзүнүн атын айта албады. Анын аты ким экендигин Гүлгаакы да билбеди. Ошондуктан Таңгычбек нянялардын бирине оорунун бешмантынын чөнтөгүнөн анын атын



билүүгө мүмкүндүк берүүчү кандайдыр бир документ табылып жүрбөсүн, карап келчи деп буюрду.

Нянечка бешманттын чөнтөгүн аңтарып жана анда Көмөчбектин атына жазылган катты жана Көмөчбектин атындагы шофёрлук күбөлүктү тапты.

— Иш түшүнүктүү: мунун аты Көмөчбек. Чоочун катты жана документти өзүнүн чөнтөгүндө эч ким алып жүрбөйт,— деп чечти доктор Таңгычбек жана Ышкырыкбекти оорулуулар журналына Көмөчбек деген ат менен жазып койду.

Милиционер Сакчыбек эртеси күнү ооруканага дагы телефон шаңгыратып жана аларга дарылануу үчүн милиционер Ышкырыкбек келген жокпу деп сураганда, ага бизде эч кандай милиционер Ышкырыкбек жок, болгон да эмес, көчөдө эси ооп калган шофер Көмөчбек гана бар деп жооп кайтарышты. Ооруканада Ышкырыкбектин бар экендиги жөнүндө эч кимдин билбегендиги да мына ушуну менен түшүндүрүлөт жана милиция аны анын жаткан жеринен башка бардык жерден издөөнү улантты.

Милиционер Ышырыкбекти эч жерден таба албай жатышкандыктары жөнүндөгү кабар күн сайын газеталарга жарыяланып турду. Кээ бир газеталар милициянын өзү жоголгон милиционерди издеп таба алышпайт деп шылдыңдай баштады. Ал гана тургай бир газетага колунда фонары бар милиционер күндүз өзүн өзү издеп жүргөнүн көрсөткөн карикатураны да басып чыгарды.

Мунун бардыгы жоголгон милиционер жөнүндө ар түрдүү какшыктарды жана күлкүлүү аңгемелерди да жарыялоого алып келди, жана ал гана турсун, милиционер Ышкырыкбек деген такыр жоголгон жок, ал эми аны таба алышпаган себеби эч кандай Ышкырыкбек дүйнөдө такыр жашаган эмес деп да жазышты.

Бирок Күнөстүү шаардын калкы ачуулуу, башка кортогойдун башына түшкөн кыйынчылыкты шылдыңдап күлүүгө жөн-

дөмдүү экен деп ойлоого жарабайт. Жок, алар өтө мээримдүү жана кулак салгыч болчу, бирок Күнөстүү шаардын калкынын арасында автомобилчилер көп эле, автомобилчилер көчөдө жүрүүнүн эрежелерин бузган сайын, аларга өтө узун акыл-азат айтышкандыктары үчүн милиционерлерди анчалык жакшы, көрүшпөгөндүктөрү белгилүү. Эгерде жөнөкөй кортогой жоголсо, ал кезде күлүү эч кимдин да оюна келбес эле, бирок милиционер жоголгондуктан, бул ар бир автомобиль айдоочуну күлүүгө аргасыз кылат, ошону менен бирге бир катар эл чындыгында эч кандай милиционер Ышкырыкбек дүйнөдө болгон эмес жана бул сөздүн баары — газета окуучулардын көңүлүн ачуу үчүн күлкүлүү ойлоп чыгарылган маселе,— деп ишенип калышты.

Эртеси күнү Ышкырыкбек ооруканада эс-учун жыйганда, дагы эле кайдадыр чоочун үйдө жаткан экемин деп таң калуу менен ишенди. Ал өйдө туруп жана мында кандайча келип калганын билүүгө баргысы келди эле, бирок абалы начар экенин сезип, кайра жаздыгына жатты.

Бул кезде бөлмөгө нянечка келип кирди.

— Жакшы жатып, жай турдуңузбу, Көмөчбек!—деди ал мээримдүүлүк менен.— Саламаттыгыңыз түзүкпү?

— Мен кайда жатамын?—деп эси чыгып сурай кетти Ышкырыкбек, нянечка аны Көмөчбек деп айтканына көңүл бурбастан.

Нянечка ага ал кокусунан көчөдө жыгылып жана чекеси менен тийгенин, ошондуктан анын мээси козголуп калганын, азыр ал ооруканада экенин жана эч нерседен кам санабай жата беришин түшүндүрдү, анткени аны жакында айыктырып чыгарат. Анын айткандарынан Ышкырыкбек деги эч нерсе түшүнгөн жок, анткени башын мертинтип алгандыктан, анын мээси жакшы иштебей калган, бирок, нянечканын жумшак үнү аны тынчтандырды. Толкунданып коюп, Ышкырыкбек эртең мененки тамакты жакшы ичип жана бир кашык ачуу суюк дарыны ачырканбай кылт эттирип жутуп жиберди.

Доктор Таңгычбек оору Ышкырыкбектин өзүн кармай билишине өтө ыраазы болуп калды жана улам бир саат өтөрү менен суюк дарыны ичирип, чекесине муздак чүпүрөк коюп туруууга, эгерде башы ооруй баштаса чекесине муз коюуну буюрду.

Доктор Таңгычбектин өзү күнүнө бир нече жолу Ышкырыкбекти келип көрүп жана ага күлкүлүү көп окуяларды айтып берчү болду. Ал бат айыгып кетүүгө көңүлдү көтөрүүдөн жакшыраак эч нерсе жок деп эсептөөчү, көңүлдүн көтөрүңкүлүгү, оорулуу адам күлүп, жылмайган кезде болору белгилүү. Доктор Таңгычбек ушул максатта ооруканага бүт күлкүлүү сүрөттөрдү, шаржрдарды, карикатураларды илип коюуну жана бош убакыттарында ооруларга күлкүлүү аңгемелерди жана жомокторду окуп берип жана дагы аларга көңүлдүү тамсилдерди, күлкүлүү ырларды жана башкаларды айтып берүүнү бардык нянечкаларга жана дежур врачтарга буюрган.

## Жыйырма үчүнчү глава
## АБИЙИР БИЛБЕСБЕКТИН ТЫНЧЫН КАЙРАДАН КЕТИРДИ

Биздин саякатчыларыбыз таанышкан инженер Кыпчыбек өзүнчө бир башка кортогой эле. Анын негизги өзгөчөлүгү, бардык ишти укмуштуудай бат аткаргандыгында болчу. Анын буттары, колдору жана тили опсуз бат кыймылдоочу. Демейде ал жөн басып жүрбөстөн, чуркоочу жана эч качан дээрлик жөн тура алчу эмес. Эгерде чуркоочу жери болбосо, сүйлөшөр киши табылбаса, анда ал минут сайын бүткүл көөдөнүн солкулдатып же чыдамсыздык менен турган ордунда секирчү. Эгерде ал автомобиль менен жүрчү болсо, аны өтө бат айдоочу, ошондой эле дайыма кокусунан ордунан козголуп жөнөп кетчү, токтогондо күтпөгөн жерден тык токтоочу. Анын мээсиндеги

ойлор жарыктын ылдамдыгындай элес-булас боло түшчү, жарык секундуна үч жүз миң километр аралыкты басып өтө тургандыгы баарыга белгилүү. Ал ойлонбостон туруп эле ар башка тыянакка келчү, аларды чагылгандай тез аткарууга киришет, эгерде аны аткаруу кандайдыр өзүнө жакпай калса, ошол замат анын аягына чыкпай ал оюн бузчу.

Кыпчыбек менен кезигүүгө туура келгендердин бардыгы анын ишкердүү таасирине кирип жана өзүнүн жеке ойлорун жана ниеттерин эстеринен чыгарып коюп, кимдин оюна эмне келсе, ошону аткарышчу.


Жумшак пейил Чакмакбек Чыгармачылык көчөсүнө саякатчылар менен кошо барам жана аларга Дарбызбектин үйүн көрсөтөмүн деп ниеттенди, бирок Кыпчыбек тартынбастан, ага али жетишесиздер деп түшкү тамактан кийин дароо бардыгын ар түрдүү мебель жасоочу мебель фабрикасын көрсөтүүгө алып жөнөдү.

Саякатчылар мебель фабрикасына келгенден кийин, мында отургуч, стол, шкафтар, дивандар, кроваттар жыгачтан жасалбастан, ар түрдүү пластмассадан жасалгандыгын көрүп, өтө таң калышты. Өндүрүш процесси эң жөнөкөй эле. Мурда камдалып коюлган пластмасса штампталчу машинанын тешигине салынчу. Анда ал presстин жардамы менен кысылат, натыйжада, машинадан даяр отургуч, стол же кровать ыргып чыгуучу. Шкафтарды, буфеттерди же дивандарды жасоо үчүн штамптоочу бир машина эмес, эки, үч жана андан да көбүрөөк машина талап кылынуучу. Ушундай машиналардын биринде шкафтын өзү штампталчу, экинчисинде анын эшиги жана текчелери, үчүнчүсүндө ящиктери жана башкалары жасалчу.

Пластикалык массалар ар башка түстөрдө жана түрлөрдө даярдалчу. Жыгач пластмасса деп аталганы да бар эле. Андан жасалган мебелди жыгачтан жасалгандан ажыратып алгыс. Ошондой эле металл пластмасса да бар, ал металлды толук бойдон алмаштырат. Мебелден тышкары металл

пластмассадан люстралар, эшиктин туткасы, сүрөт, күзгү үчүн рамалар да жасалат.


Акыр аягында мамыктай жумшак эластпластмасса бар эле, ал төшөк, матрастарды, жана дагы диван, ошондой эле кресло үчүн жаздыкчаларды жана алардын аркасын жасоо үчүн жумшалчу. Фабрикаларда жөнөкөйлөрдөн тышкары аралаш мебелдер да жасалат. Мисалы, комбинацияланган диван-кровать, аны диван ордуна да, кровать ордуна да пайдаланууга болот, стол-муздаткыч, отургуч-чаң соргуч, кровать-китеп салгыч шкаф, кресло-велосипед жана башкалар жасалуучу. Бирок биздин саякатчыларыбызга барынан да үйлөнүп коюлган, башкача айтканда пневматикалык мебелдер өтө жагып калды. Шкафтар, столдор, креслолор, дивандар резинадан жасалып жана алардын ичине аба толтурулган. Бул мебелдерди бир жерден экинчи жерге алып жүрүү эң эле ыңгайлуу, анткени, анын ичиндеги абасын чыгарып салып, бир бөлмөдөгү мебель кичирээк чемоданга гана батат. Аба толтурулган креслолор, дивандар жана кроваттар өтө сулуулугу менен айырмаланчу, анткени аба толтурулган кезде алар көөп, жып-жылма боло түшөт, ал отурууга жана жатууга да ыңгайлуу.







Мебель фабрикасын карап чыккандан кийин биздин саякатчыларыбыз киного, андан кийин театрга барышты.



Эртеси күнү Кыпчыбек менен Чакмакбек эртерээк аларды ала келүүгө келишти жана бардыгы телевизор жана радиоприёмниктерди жасоочу фабрикага

чогуу жөнөштү. Негизинен, мында алар эмнелерди көрүшпөдү: чоң жалпак, кеңири экрандуу дубалга илинген телевизорлор даярдалган эле. Күнөстүү шаардын кинотеатрларында жогоруда айтылгандай кеңири экрандуу дубалга илинген телевизорлор орнотулган, ошондуктан картиналар бардык кинотеатрларга түздөн-түз телевизордук студиядан берилет. Бул өтө ыңтайлуу болчу, анткени ар күнү кечинде бардык кинотеатрларга жүздөгөн кино ленталарды жеткирүүнүн, жүздөгөн кино механиктерди иштетүүнүн кереги да жок эле, ошондой эле бул ленталардын бардыгын жасоонун да зарылдыгы жок болчу. Бир гана лентаны жасап, аны кино көрчү телевизордук станция аркылуу берүүгө болор эле жана картинаны бардык театрлардан көрүүгө мүмкүнчүлүк түзүлчү. Ушундай эле телевизорлор, бирок кичирээк көлөмдөгүлөр бардык үйлөрдө бар, бирок Күнөстүү шаардын калкы үйдөн кино көрүүнү жактырышчу эмес. Алар көпчүлүктү өтө жакшы көрүшчү жана бардыгы бирге чогулуп кино көрүү аларга жакчу. Ошол себептүү картина эмнегедир аларга бир кыйла жакшыраак жана кызык көрүнчү.

Бул фабрикада, дубалга илинүүчүлөрдөн тышкары, столдун үстүнө коюлуучу телевизорлор да, жана дагы ар түрдүү системадагы радиоприёмниктер да, бөлмөлөргө коюлчу чоң радиола жана радиотумбочкалардан тартып микроскопиялуулар да, чөнтөккө салынчу катуу чыйылдоочу жана топчу сыяктуу катуу шыбыроочу радиоприёмниктер да жасалчу.

Мына ушундан кийин Кыпчыбек саякатчыларды чарбачыл буюмдарды жасоочу фабрикага алып жөнөдү, мында ар түрдүү чаң соргучтар, кир жуучу автоматтар, механикалык шыпыргычтар, астананы сүрткүчтөр, жана шире сыгып чыгаруучулар, герметикалык (ачылбоочу) карапалар жана пневмати-калык кастрюлдар жасалчу, саякатчыларга мында баарынан да автоматикалык өзү жөнгө салчу электр утюгу өтө жагып калды. Бул утюгдун өзгөчөлүгү — ал автоматтык

жол менен, эч кимдин жардамысыз жуулган кийим-кечени баса тургандыгында. Ушул максатта утюгдун асты жагында эки кичине телевизор өңдүү көзү, алардын жардамы менен утюг эмнени басуу керектигин көргөн сыяктанып турар эле. Көздөрүнүн ылдыйраак жагында утюгдун темир электр мурду бар. Эгерде басылып жаткан кийим-кече күйө баштаса, утюг өзүнүн ошол мурду менен күйгөн бөздүн жытын алып, ушуга байланыштуу автоматтык түрдө утюг чыгарылат да, коңгуроо шыңгырайт. Андан кийин саякатчылар китеп фабрикасында болушту, мында ар түрдүү китептер жасалчу: кичине жана чоң, жука жана калың китептер, сүрөт китептер, жана калканч, кыяк чыгырык түрүндөгү кызык жомоктуу, аңгемелүү, ребустуу, фокустуу, табышмактуу, кыймылга келчү жана сүйлөчү сүрөттөрү бар оюнчук китептер жасалып чыгат.

Мында ондогон басуучу машиналар иштеп жатышты. Мындай машинанын тешигине жазуучу тарабынан алып келинген кол жазманы жана художник жасаган сүрөттөрдү сала койсоң, ошол замат экинчи бир тешиктен сүрөттөрү бар даяр китептер чубуруп түшө баштайт. Бул машиналарда китептерди басуу электр жолу менен жүргүзүлчү. Анын мааниси, басмаканалык боёктор машинанын ички бетине сепкич менен себилип жана электрленген кагаз тамгалары жана сүрөттөрү турчу жерине чапталып калгандыгында. Китептердин бат басылып чыгышы да мына ошону менен түшүндүрүлөт.

Андан ары карай Билбесбек жана анын жолдоштору музыкалык куралдарын жасоочу фабрикада куурчак театрлары үчүн куурчак жасалчу жана автомобиль заводунда жана башка көп жайларда болушту. Алар күндүз Кыпчыбек жана Чакмакбек менен ар түрдүү кызык экскурсияларда жүрүү менен алек болушса, кечинде киного, театрга, концерттерге барышып же кандайдыр бир спорттук оюндарды жана машыгууларды көрүп турушту. Бул саякатка кээде бир учурларда Балыкбек да катышчу булар аны менен кийим тигүү фабрикасында

таанышкан Балыкбек, мурда айтылгандай, актёр эле, андыктан ал кайсы театрда кандай кызыктуу оюндар болорун жакшы билчү жана дайыма саякатчыларга кайсы спектаклге баруу жакшыраак экенине кеңеш бере турган.


Жалпы алганда, булардын турмушу өтө кызык өтүп жатты. Билбесбектин көңүлүн бузган бир гана нерсе, бул милиционер Ышкырыкбек жөнүндө эске түшүрүү эле. Милиционер Ышкырыкбектин жоголуп кетиши жөнүндөгү кабар биринчи жолу газетага жарыяланган күнү Билбесбек ал бат эле табылып калат деп өтө чочулады. Бирок эртеси күнү газеталар токтоосуз издөөлөргө карабастан милиционер Ышкырыкбек эч жерден табылган жок, деп кабарлады. Билбесбек ага кубанды жана акырындап тынчтана баштады. Бирок кечинде абийири адатынча күчөп жана аны жемелей баштады.

„Мен эмне кылмакчымын?—деп актанды Билбесбек.— Милиционердин жоголгонуна мен күнөөлүү эмесмин да".

„Сен күнөөлүү эмессиң, бул туура,— деп макул болду абийир.— Бирок сен ал жоголду деп сүйүнбөдүң беле. Башка бирөөнүн кырсыгына сүйүнүүгө жарайбы?"

„Сенин мында эмне ишиң бар?—деп ызырынды Билбесбек,— өзүңө тиешеси жок жерге эмне деп кийлигишесиң?"

„Кандайча тиешеси жок?—деп таңыркады абийир.— Мен сенин жакшы болушуңду каалайм жана эгерде сен жаман иш кылсаң, дайыма жемелейм".



Билбесбек уяла түштү да, ал эми эч качан сүйүнбөймүн деп өзүнө өзү сөз берди. Бирок эртеси күнү эртең менен ал дагы тынчсыздана баштады жана Билбесбек өзүнүн сыйкырдуу таякчасы менен милициянын дубалын уратып түшүрүпсүң, милиционер Ышкырыкбек акыр аягында табылып жана баарыга айтып бериптир деген кабарды окуп жүрбөйүн деп чочуп, колу калчылдаган бойдон газетаны алды. Газетадан Ышкырыкбек мурдагысындай эле табыла элек деген кабарды окуп, Билбесбек эс ала түшкөндөй дем алды жана сүйүнгөнүнөн секирип кеткиси келди, ал эми кечинде мунусу үчүн дагы өзүн жемеледи. Бирок эртең менен дагы сүйүнө баштшты. Акы-рындап ал абийирдин жемесине көңүл бурбай турган болду жана анын жашап турушун эч нерсе капаландыра алган жок. Ошондой эле жаңы достор биздин саякатчыларга капалануууга эрк берген жок. Чакмакбек менен Кыпчыбек алар үчүн аз жерден чатакташып кала жаздады. Чакмакбек архитектура жөнүндө өзүнүн сөзүн уланткысы жана Дарбызбектин үйүн көрсөткүсү келди эле, бирок Кыпчыбек бир сөз айтууга да мүмкүндүк бербей, саякатчыларды өзүнөн бир кадам да ыраак жибергиси келбеди. Чакмакбек Билбесбекти, Седепканды жана Чамбылбекти Кыпчыбек менен тааныштырганына ызаланды.

— Эгерде мен мындай болорун билсем, ал кезде сени алар менен тааныштырбаган болор элем,— деди ал Кыпчыбекке.

Бир жолу ал Кыпчыбек келгиче эртерээк барып жана Билбесбекти жана анын досторун ала кетүүнү ойлоду. Эртеси күнү эртең менен ал чындыгында да таң заарынан ойгонду жана ошол замат мейманкананы көздөй жөнөп калды. Саякатчылардын эбак кетип калышканын көргөндөн кийин ушунчалык таң калды дейсиң.

-Дагы бул Кыпчыбек менден мурда келген экен!—деп Чакмакбек өтө ызаланды.— Менин колума түшөрсүң! Аны эмне кылсам, такыр айламды түгөтмөй болду.

Кабагын салып ызаланган бойдон, Чакмакбек көчөгө чыкты эле, анда өзүнүн секирип жүрчү автомобили менен эми гана келген Кыпчыбекти көрдү.

— Сен шашып кайда барасың?—деп шектенип сурап калды андан Чакмакбек.

— Кайда барасың дегениң кандай?—деп таң калды Кыпчыбек.— Билбесбек менен Седепканга.

— Аларды бул жерден кимдир бирөө эбак алып кетиптир!

— Ким алып кетиптир?—деп таң калгандан Кыпчыбек турган ордунан секирип кетти.

— Мен кайдан билейин,— деп кулачын жайды Чакмакбек.

— Ай!—деп кыйкырды Кыпчыбек жана алаканы менен өзүнүн чекесин чаап.— Билем! Ал Балыкбек! Балыкбек аларды кайдадыр бир жакка алып кетпесе, жашабай калайын!

Бул чындыгында да ошондой болуп чыкты. Балыкбек биздин саякатчыларды Күнөстүү паркка өзү менен кошо баруугa алда качан макул кылган болчу, ал ар түрдүү завод жана фабрикаларга баруудан бул болсо бир топ кызык деп ишендирген. Бирок Кыпчыбектин парк жөнүндө такыр уккусу да келген эмес жана бул ойлорду аткарууга ар түрдүү тоскоолдуктарды жасады. Акыр аягында Балыкбек куулук кылып саякатчыларга мурдагысынан эрте келип, аларды Күнөстүү паркка алып кетиши менен аяктады.

Бул парк Күнөстүү шаардын күн чыгыш тарабында эле жана бир кыйла чоң аянтты ээлеп турчу. Ал бир нече бөлүктөн же аларды, башкача айтканда шаарчалар деп аташчу, алар: Спорттук шаарча, анда ар түрдүү спорттук оюндар жана машыгуулар өткөрүлөт; сүзүүчү бассейн, сууга се-кирип түшчү бийик текче жана кайык токтоочу пристандары бар Суу шаарчасы, анда ар түрдүү театрлар, кино, жана дагы цирк бар. Театр шаарчасы анда шахмат, дойбу оңдой турган Шахматтык шаарча жана акыр аягында көңүл ача турган ар түрдүү аттракциондору бар, Көңүлдүү шаарча болчу.

Бул шаарчалардын ар бири өзүнүн жекече өзгөчөлүгүнө жараша түзүлгөн. Шахматтык шаарча өзүнчө кызыктуу түзүлгөн. Анын бардык аянты чоң чарчы шаарга бөлүнүп жана ал өзүнчө кандайдыр бир чоң шахматтык досканы түзөт. Бардык үйлөр, дүкөндөр жана павильондор, мында шахматтык фигуралар түрүндө: мунара, ферзи, пил, ат жана башкача түзүлгөн. Айлана-тегерегиндеги тосмолор пешке түрүндө жасалып, ал эми ар бир кире бериш жерде экиден кара же ак аттар турат.

Мындагы шахматтык тартипте тигилген гүлдөрдүн арасында, столдор коюлуп, адардын үстүндө каалагандар шахмат же дойбуларды ойной алышат. Бул жерде шахматчылар, балдар жана кыздар өтө көп. Шахматчылар дайыма чакмак жолдуу көйнөктөрдү кийишип, ал эми шахматчы кыздар ар түрдүү шахмат фигураларынын гүлү түшүрүлгөн көйнөктөрдү кийчү. Алар шахматтык оюндар жөнүндө лекцияларды окушуп, атактуу шахматчылардын турмушунан алынган ал түрдүү кызык окуяларды айтып беришер эле, шахматтык турнирге катышчу, аны көрүүгө көп сандаган кортогойлор келише турган; акыр аягында шахматты көргөндөр менен, башкача айтканда, шахмат ойноону сүйгөн жөнөкөй балдар менен кыздар бир маалда шахмат ойноочу.

Бир маалда ойноонун мааниси, бир шахматчы бир нече оюнчулар менен бир нече тактада ойной алат. Бир маалда



он же он беш тактада ойноочу адистер да бар эле, ал эми эң мыкты шахматчы, Күнөстүү шаардын чемпиону Түспөлбек тактага карабастан туруп, бир эле учурда жыйырма тактада ойной алчу. Ага кандай жүрүш болгонун айтчу, ал китепчеге жазып жана өзүнүн ага каршы жүрүшүн айтат. Мындай бир маалда ойноочу оюндарга көп сандаган кортогойлор келишет.

Бирок Шахматтык шаарчадагы эң кызыктуусу — бул шахматтык автоматтар эле. Шахматтык автоматтар — бул буту, колу жана ал гана тургай башы бар кадимки кортогойлордой жасалган машина. Автоматтын ичинде эсте тутуучу эсептөөчү электрондук аспап бар, электр зымдары аркылуу шахматтык тактадагы чакмактар менен бириктирилген. Жөнөкөй кортогойлор менен шахмат ойноп, автомат электрлик аспаптын жардамы менен утушка алып келчү туура жооп кайтаруу жүрүшүн табат жана шахмат тактасында фигураларды жылдырат. Мында таң калгыдай эчтеме жок, анткени шахматтык оюндун өзүнүн аймагы бар жана партияны утуп чыгуу үчүн фигураны кандайча алдын ала жылдыруу керектигин дайыма эсептеп чыгууга болот.

Шахматтык автоматтарды жасоочу, ошондуктан мындай шахматтык машина менен ойноодо кандайдыр бир шахматтын чемпиону гана утуп чыгат, ал да кээде утулуп калат. Кээде конструктордун өзү жасаган автоматтан утулуп калган учурлары да болор эле. Анын себеби конструктор чарчайт, ооруп калат же кашаңдыгы менен керектүү жүрүштү өткөрүп жиберет, ал эми автомат болсо бузулуп калбаса эч качан чарчабайт жана дайыма бат жана баш тартпай аракеттенет.

Шахматтык шаарчанын павильондорунун биринде чоң шахматтык автомат орнотулган, ал бир маалда отуз эки тактада ойной алчу. Автомат



тегерек столдун борборуна орнотулуп, анда отуз эки шахмат тактасы бар. Ал такталардын жанына автомат менен ойноону каалагандар келип олтурушат. Бир тактадагы жүрүштү жасап коюп, автомат бир аз бурулуп, экинчи тактада жүрүш кылат, анан дагы бурулуп, жана ошентип, дайыма тегеренип улам жүрүп турат. Бул өтө бат болгондуктан, кээ бир ойноочулар өздөрүнүн жооп берчү жүрүшүн жасоого да жетише алышчу эмес. Мындай учурларда автомат токтоп жана жүрүш болмоюнча күтүп турат.

Шахматтык шаарчага келгенден кийин биздиң саякатчыларыбыз бул чоң шахматтык автоматтык оюнун көпкө карап турушту. Акыр аягында Седепкан карап атып жадады, бирок Билбесбектин жаңы гана карап тургусу келди. Ойноочулардын бири утулуп, столдун жанынан өйдө болгонун көрө коюп, Билбесбек анын ордуна олтура кетти жана ойногусу келгенин айтты. Седепкан ага каршы болду да, шахмат ойногонду карап тура албаймын деди. Чамбылбек да карап турууну каалабаганын айтты, бирок Билбесбек кашайып жана такыр кеткиси келбеди. Ошол кезде Балыкбек, Седепкан жана Чамбылбек болуп Көңүлдүү шаарчага сейилдикке бара турганын билдирди, ал эми Билбесбек азырынча шахмат ойноп, андан кийин - бизге келерсиң деди. Ушуну менен алар макул болушту.

## Жыйырма төртүнчү глава
## ШАХМАТТЫН КЫЗЫГЫНА БЕРИЛГЕН БИЛБЕСБЕК КАНТИП ООРУП КАЛДЫ

Седепкан жана Чамбылбек Балыкбек менен Көңүлдүү шаарчага кетишти, ал эми Билбесбек автомат менен шахмат ойной баштады. Ал он жолу жүрүп үлгүрө электе эле шах жана матка туш болду. Ал дагы бир партия ойногусу келди,

аны да уттурду, бул жолу беш же алты гана жүрүш жасай алды. Автомат Билбесбек оюнда кандай ката жибергенин байкай койгонсуп жана аны эң эле кыска убакытта утуунун жолун тапты.



Билбесбек менен бир столдо катар олтурган оюнчулардын бири мындай татаал машина менен ойноо азырынча ага эртерээк, андан көрө кандайдыр бир кичине, жөнөкөйүрөөк автомат менен ойноо туура экенин айтты. Шахматтык шаарчада дагы башка автоматтар бар экенин билгенде, Билбесбек столдун жанынан өйдө турду да, өзүнүн күчүнө жараша машинаны издеп табуу үчүн жөнөп кетти. Он кадам алыстай электе, ал кортогой кызды кезиктирди. Анын үстүнө ар түрдүү шахматтык фигуралардын сүрөтү тартылган сонун ак көйнөгү, башында шахматтык канышаныкындай таажысы бар экен. Ал Билбесбекке эски таанышындай жылмайып жана мындай деди:

— Саламатсызбы?

— Саламат, — деп жооп кайтарды Билбесбек.— Биз сиз менен кандайдыр кезиксек керек эле?

— Билбесбек, сизге уят эмеспи? Кантип эле унутуп койдуңуз. Сиз биздин кийим тикчү фабрикага келбедиңиз беле.

— Ооба, ооба, туура! — деп эстей койду Билбесбек — Эми мен эстедим. Сиз Келепкансыз да.

— Туура,— деп ырастады Келепкан.— Бир аз олтургучка эс алып олтуралы. Мында эң эле сонун.

Алар олтургучка олтурушту жана Келепкан мындай деди:

— Биз сизди унута элекпиз. Сиздердин келишиңиздер жөнүндө дагы эле эстеп калабыз. Ал кездерде бизге өтө көңүлдүү болгон. Ийнекандын Кыпчыбекке: „Сиз ат эмессиз

жана атканада турган жериңиз жок. Үйүңүздө корсулдаңыз" деген сөздөрү эсиңиздеби? Ха-ха-ха! Эми биздин ичибизден кимдир бирөө күлүп калса, биз ага: „Сиз ат эмессиз жана атканада турган жериңиз жок. Үйүңүзгө барып корсулдап, андан кийин кайра келерсиз" дейбиз. Келепкан менен Билбесбек каткырып күлүп калышты.

— Айтыңызчы, биздин шаарыбыз сизге жактыбы? — деп сурады Келепкан.

— Өтө жакшы,— деп жооп кайтарды Билбесбек.— Сиздердин бул жерде ар түрдүү машиналар да, кино да, театр да, магазиндер да, ал гана турсун ашканалар да бар экен. Сиздерде баары бар!

— Эмне, сиздерде биздердикиндей эмеспи?

— Кайдан андай болсун?! — деп колун шилтеди Билбесбек. — Бизде, эгер алма жегиң келсе, анда жыгачтын башына чыгыш керек: бүлдүркөн жеш үчүн, аны элден мурда өстүрүш керек, жаңгак кааласаң — токойго барыш керек. Сиздерде болсо жөнөкөй, эмне кааласаң ашканага барып жей бересиң, ал эми бизде болсо барыдан мурда иштеп туруп, андан кийин жейсиң.

— Бирок биздегилер да иштейт эмеспи,— деп макул болбоду Келепкан. Кээ бирөөлөр талаада, огороддо иштешсе, айрымдары фабрикаларда ар түрдүү буюмдарды жасашат, андан кийин өзүнө керегин магазинден алышат.

— Иштөө үчүн сиздерге машина жардам берет да,— деп жооп кайтарды Билбесбек,— ал эми бизде машина жок. Бизде магазиндер да болбойт. Сиздер бардыгыңыздар чогуу жашайсыздар, а бизде ар бир үй өз алдынча. Ошондуктан баш аламандыктар көп болот. Мисалы, биздин үйдө эки механик бар, бирок бир дагы кийим тигүүчү жок. Экинчи бир үйдө жалаң гана кийим тигүүчүлөр жашап, бир да механик жок. Эгерде, сизге, мисал үчүн алганда шым керек болду дейли. Сиз кийим тигүүчүгө барасыз, бирок ал шымды бекер бербейт, анткени эгерде бардык элге шымды тегин бере баштаса...

— Ал кезде бат эле өзү шымсыз калар! — деп күлдү Келепкан.

— Андан да жаманыраак! — деп колун шилтеди Билбесбек.— Ал жалаң гана шымсыз калбастан, ошондой эле оокатсыз да калар эле, анткени ал кийим тигүү менен бирге олтурган жерден тамак да таба албайт эмеспи!

— Бул, албетте, ошондой,— деп макул болду Келепкан.

— Демек сиз шым үчүн кийим тигүүчүгө алмурут бересиз дейли,— дея улантты Билбесбек.— Эгерде кийим тигүүчүгө алмурут эмес, мисал үчүн, стол керек, ал учурда сиз жыгач устага барып, ал стол жасап бергени үчүн алмурут беришиңиз керек, андан кийин ошол столду кийим тигүүчүгө алып барып шымга алмаштырасыз. Бирок жыгач уста алмурут эмес, балта керек деп айтышы мүмкүн. Сиз темир устага барууга аргасыз болосуз. Сиз жыгач устага балтаны алып келгениңизде, ал эми мага балта керек болбой калды, анткени башка жерден алдым эле деп айтышы мүмкүн. Мына ошентип, сиз шымдын ордуна балтаңызды кармап кала бересиз.

— Ооба, бул чындыгында да чоң коркунуч! — деп күлүп калды Келепкан.

— Коркунуч мында эмес, анткени ар бир түзүлгөн абалдан чыгуу үчүн жол табууга болот,— деди Билбесбек.— Такыр жок дегенде жолдошторуңуз куткарып алышат жана кимдир бирөө сизге шымды белек кылып берер, же убактылуу кийип турууга мүмкүн болор. Мына ушул негиздерде кээ бир кортогойлордо өтө коркунучтуу ооруу — ач көздүк, же сараңдык пайда болот. Ошондой сараң кортогой колуна түшкөндүн бардыгын: кереги бар, же такыр кереги жок болсо да, өзүнүн үйүнө ташый баштайт. Бизде ошондой бир — Боорсокбай деген кортогой бар. Анын үйүнүн ичине ар түрдүү акыр-чикир жык толгон. Ал булардын бардыгы, балким бир кездерде алмаштырыш үчүн керек болор деп ойлойт. Мындан тышкары анда толуп жаткан баалуу буюмдар бар, алар кээ бир адамдарга керек

да болор эле, аныкында болсо чаң басып жана чирип жатат. Анын ар түрдүү бешманттарына, күрмөлөрүнө сан жеткис! Жалаң костюмдары гана жыйырма даана, ал эми шымдары болсо, болжолу, элүү жуп болор. Булардын бардыгы астанага үйүлүп коюлган, ал жерде эмнелер бар жана эмнелердин жок экени анын эсинде да жок. Кээ бир кортогойлор мындан пайдаланышат. Эгер кимгедир шым же бешмант керек болуп калса, ал учурда ар ким эле ошол үймөктөн өзүнө жакканын тандап алышы ыктымал, ал эми Боорсокбай болсо буюмунун кайсынысы жоголгонун байкабай да калат. Эгер байкап калса, ал кезде көзүңдү ач, анын кыйкырган үнүнөн үйдөн чыга качардай болосуң!

Келепкан бул сөздөрдү угуп олтуруп күлө эле берди. Андан кийин мостоё түшүп, ал мындай деди:

— Оору адамдарды шылдың кылуу уят! Бизде мындай коркунучтуу оору менен эч кимдин оорубагандыгы жакшы болбодубу. Эгерде каалаган убакта магазинден түзүк эле костюм алууга мүмкүн болгон соң, бизге үймөктөлгөн костюмду өзүбүздүкүндө кармап туруунун эмне зарылчылыгы бар дейсиз. Ошондой эле модалар дайыма өзгөрүлүп турат, эгерде костюмдун модасы эскирип калса, аны бары бир кийип чыга албайсың. Айтмакчы,— деп эстей калды Келепкан,— сиздин досторуңуз кайда болду экен? Седепкан жанакы... Бозумбек беле?

— Бозумбек эмес, Чамбылбек,— деп оңдой койду Билбесбек.— Алар Балыкбек менен Көңүлдүү шаарчага кетишкен, ал эми мен болсом автомат менен шахмат ойноо үчүн ушул жерде калгам.




— Кандай, ойнодуңузбу?

— Үч жолу ойноп, бир жолу да ута албадым.

Билбесбектин чоң автомат менен ойногонун билген соң, Келепкан бул автоматты шахматтык чемпион Түспөлбек жасаганын, ошондуктан аны тажрыйбалуу шахматисттердин да утушу кыйын экенин айтып берди. Оюнду жеңише албай бүтүрүү да чоң жеңиш болуп саналат, ал эми ким утуп чыкса, ал биринчиликти жеңип алуу максатында чемпион Түспөлбек менен беттешүүгө укук алат.

Билбесбек окшош тажрыйбасы аз оюнчулар үчүн, Шахматтык шаарчада андан жөнүрөөк, толуп жаткан автоматтык шахматтар да бар болчу. Бул машиналардын электрондук түзүлүшү жөнөкөй жасалып жана аны утуу бир кыйла жеңил экен. Булардан тышкары, көп автоматтарда ойноочулардын көңүлүн ачуу максатында кошумча нерселер жасалыптыр. Мисалы, алардын биринин кебетеси өтө күлкүлүү эле. Ошондой эле ал мурдун шуу тартып жана колу менен өзүнүн кежигесин тырманып коюучу бул аргасыздан күлкүндү келтирет. Экинчи бирөөнүн бети жумшак пластмассадан жасалыптыр. Ага жүрүштү жакшы аткарууга мүмкүндүк боло калса, анын жүзүндө салтанаттуу жылмаюу пайда болот. Ал партиясын ута баштаган кезде, анын оозу кулагына чейин жайылып күлө баштайт, бирок эгерде утула башгаса, бетоозун өтө эле коркунучтуу кыйшаңдатканда, күлбөй карап олтура албайсың. Мурдунун ичинде электр лампасы жылт эте түшкөн автомат да бар экен, мына ошондо бүт мурду кызыл түстө жаркырап, ал эми башындагы чачы үрпөйүп, тик тура калат.

Булардан тышкары, мында ойноочулардын түрдүү мүнөздөрүн берип турчу автоматтар да бар экен. Алардын бири жүрүштү баштоодон мурда чекесин көпкө бырыштырып, эмне үчүндүр өзүнүн мурдун ушалай берет. Фигураны тактадан арсарсып алып көпкө кармап турат да, кайда койсом деп ой жүгүрткөндөй болот, акырында жүрө баштап, ошол замат фигураны кайра тартат да, мурдакы турган ордуңа коёт жана ойлоп олтуруптур деген көрүнүштү түзүү үчүн, кайра



ыргылжың болумуш болот. Автоматтын мындайча жоругу чыдамсыз оюнчулардын айрымдарын кыжырлантат жана ошондуктан ойноо алар үчүн анчалык көңүлсүз болгон жок. Экинчи бир автомат жүрөрдөн мурда олтуруп, үшкүрүнүп, тамагын жасап, башын чайкап, ийинин куушуруп, колдорун жаят; үчүнчүсү ар түрдүү сөздөрдү айта баштайт, мисалы: „Ий, сиз ошондой жүрдүңүзбү? Эмесе, биз мындайча кеттик!" Же: „Азыр биз сизге шахматты кандай ойноону көрсөтөбүз". Же: „Азыр сиз көргүлүктү көрөсүз" дешет, Бул сөздөр магнитофондун жардамы менен, башкача айтканда, магниттик лентасы бар үн жазуучу аппарат менен иштелет, аны менен ар түрдүү сөздөр жазылат. Ар бир жүрүштүн алдында магнитофон автоматтык жол менен бириктирилип жана тигил же башка сөздөр угулат. Ар бир автоматтын өзүнчө аты бар эле. Мисалы, отуз үч орундуу автомат „Титан" деп аталчу. Жанакы „Азыр сиз көргүлүктү көрөсүз" деп айтуучусу, ошондой эле „Көргүлүктү көрөсүң" деп аталат. Тигил кежигесин тырмана берчүсү эмне үчүндүр „Кумайык" деп аталыптыр. Келепкан Билбесбекти автоматтардын бардыгы менен тааныштырды, Билбесбек болсо алардын ар кайсынысы менен бир партиядан ойноп көрдү, бирок жалгыз гана „Кумайыкты" ута алды.

— Мына көрдүңүзбү? Эми сиз жеңишке ээ боло баштадыңыз! — деди Келепкан.— Сиздин бул жерге көбүрөөк келип жана машыгып турушуңуз керек.

Билбесбек шахмат ойноп отурган кезде, Седепкан менен Чамбылбек Көңүлдүү шаарчада сейилдеп жүрүштү. Бул жерде көңүл ачуу сейилине келгендер шаардын өзүнө кире электе, башкача айтканда анын кире беришинде башталат. Ал жерде дарбаза да, каалга да жок, анда тешкен тоого окшогон металлдан жасалган чоң труба бар. Труба токтоосуз тегеренип жана ал аркылуу жөнөкөй жол менен өтүүгө аракеттенген ар бир киши, милдеттүү түрдө жыгылып кетет, анткени анын басып турган буттары кандайдыр өйдө көтөрүлө баштайт. Тең салмактыкта кармалып туруу үчүн түз кадам шилтебестен, буттары менен кыйгачтап басуу зарыл эле. Кээ бир кортогойлор бул иште жетиштүү машыгышып жана труба аркылуу теңселбей өтүп кетишчү. Бирок мындай аз болор эле. Келүүчүлөрдүн көпчүлүгү трубанын ичинде бир сыйра оонап турмайынча, шаарчага кире алчу эмес.

Дайыма дээрлик бул тегеренген трубанын алдында кортогойлор топурап турушуп жана труба аркылуу өтүүгө аракеттенип тартынбай баскандарга күлүп турушар эле. Кыпчыбек, Балыкбек жана Чамбылбек бул топураган элге келип кошулушту да күлө баштады. Чамбылбек өзгөчө катуу каткырып күлүп жатты. Ага труба аркылуу өтүү эч кандай кыйын эместей, бирок бардыгы өздөрүнүн олдоксондугунан жыгылып жаткандай сезилди. Далайга күлгөндөн соң Чамбылбек өзүнүн шамдагайлыгын көрсөтүүгө ниеттенип жана тартынбастан трубанын ичине кадамын үч шилтей электе оңкосунан түшүп жыгылды да жана трубанын ичинде дөңгөчтөй тоголоно берди. Анын чөнтөгүндөгү конфети бүт чачылды. Чамбылбек аларды чогултуп кайра чөнтөгүнө салды да, ошол замат өйдө турууга аракеттенди, бирок ал кайра тоголонуп түштү. Акыр аягында аны трубанын экинчи башынан сыртка ыргытып салгыча, ал

трубанын ичинде көмөлөнө берди. Бул окуялардын бардыгы карап туруучулардын дүркүрөгөн күлкүсүн туудурду.

— Көрдүңүзбү, биз али көңүлдүү шаарчага келе элегибизде көңүл ача баштадык,— деди Балыкбек Седепканга.— Байкасаңыз, бул жерде күлкү жөнөкөй гана жол менен пайда болот — келүүчүлөр өздөрүн өздөрү күлдүрүшөт: адегенде сиз башка бирөөгө күлөсүз, андан кийин өзүңүз трубанын ичине киресиз, жана ошол кезде башкалар сизге күлүшөт.

Өз сөзүн аяктап, Балыкбек трубаны көздөй басты. Өзүнүн бою узун болушуна карабастан, ал бүт жолду дээрлик шамдагайлык менен басып өтүп жана трубадан чыгарына эки гана кадам калганда оңкосунан түштү, бул да көрүүчүлөрдүн күлкүсүн жаңылады. Андан кийин Седепканга кезек келди. Бардыгы ал да жыгылат деп ойлошуп, аябай каткырып күлүүгө камынып калышты, бирок Седепкан буттарын шамдагай шилтегендиктен, бир жолу да мүдүрүлүп койгон жок.

Биздин саякатчыларыбыз көңүлдүү шаарчага келип, аллея менен кетип бара жатышты жана дароо эле аянтчага келишти, анын ортосуна жыгачтан чоң айлантма орнотулуптур. Бул тегеректи шайтан дөңгөлөгү деп аташчу. Каалоочулар ага түшкөндөн кийин дөңгөлөк бат-бат тегеренип жана борбордон качуучу күч олтургандарды туш тарапка ыргытып жатты.

Шайтан дөңгөлөккө түшүп тегеренип жана көмкөрөсүнөн жерге тоголонуп түшкөндөн кийин, биздин саякатчыларыбыз жолун улантышты да, сыйкырдуу күзгүнүн бет маңдайына келип токтошту. Бул күзгү сүйрү эмес, кыйшык болчу, ошондой эле ал ар дайым ийилип турду, андыктан, ага караган кортогойлордун башы сүйрү, буттары каздын балапанынын бутундай кыска болуп көрүндү, кийинчерээк анын тескерисинче: буттары макарондой узарып, ал эми башы көмөч казандай жапжалпак боло түшөт. Мына ошондон кийин мурду узарып, бети бир жагына кыйшаят, акыр аягында жүзү эч нерсеге окшобой калат.

Мындайча өзгөрүлүп туруучуларды күлмөйүнчө кароо мүмкүн

эмес, көп күлсөң курсагың бат ачат эмеспи, ошондуктан биздин жолоочулар тамактаныш үчүн ашканага кетишти, тамактан кийин чыгырыктуу атомдук автоотургучтарда жана дөңгөлөктүү өзү жылуучу-конькилер менен жылгаяк тебишти.

Атомдук автоотургуч жөнөкөй отургучка же бут коюучу жери бар креслого окшош эле, бирок буттардын ордуна аларда жумшак резина чыгырыктар орнотулган. Отургучунун алдында кичирээк атомдук кыймылдаткычы бар, ал отургучту кыймылга келтирип турат.

Автоотургучка түшүп жүрүү үчүн, аны башкарууну үйрөнүүнүн зарылдыгы да жок. Анын үстүнө олтуруп: „Алдыга жыл!" деп койсоң эле, отургуч өзүнөн өзү жүрүп кетет. „Батыраак!" же „жайыраак!" дечү болсоң, отургуч ошол замат батыраак кыймылдап же жүрүшүн басандатат.

„Оңго" же „солго" деген кезде отургуч тигил же бул жакка бурулат. Эгерде: „Токто!" дечү болсоң, отургуч тык токтойт.

Бул сөздөрдүн бардыгын акырын гана шыбырап айтууга мүмкүн жана ал гана турсун үн чыгарып айтпай эле өз ичинден ойлоп койсоң эле жетиштүү болот. Седепкан менен Чамбылбек эмне үчүн мындай деп кызыгып калышты. Балыкбек отургучтун ылдый жагына орнотулган электр сигналы тиги олтурган кортогойлордун буту аркылуу кармалган сигналды атайын электрондук аспапка жеткирип, ал кыймылдаткычты жүргүзүп, ылдамдыгын жөнгө салып, оңго жана солго буруучу механизмди бириктирет.



— Менин бутум аркылуу кандай сигнал берилмекчи? — деп түшүнбөй сурап калды Чамбылбек. — Менин бутум эч кандай сигналды өткөрбөйт.

— Сиз аны жөн гана сезбей каласыз,— деп жооп берди Балыкбек,— анткени бул сигналдар өтө акырын, бирок алар ошондой болсо да бар. Сиз өз ичиңизден ойлонуп, башкача айтканда, оюңуздан „алга" деген сөздү айттыңыз эле, ошол замат сиздин мээңизден нерв аркылуу нервдик электр импульс чуркайт, мындайча айтканда, бутка алдыга же артка барууга, оң же сол тарапка бурулууга, же ордунда токтоп калууга буйрук берет. Мына ушундай электрлик импульстар электрлик аспаптар аркылуу кармалат.

Чамбылбек автоотургучка отуруп сейилдей баштады да, орундук анын оюн кандай аткарарын кызыгып байкады. Андан кийин мындай деди:

— Эмне экен, менимче, мындай отургуч Билбесбектин сыйкырдуу таякчасына караганда жакшыраак! Мында ушундай деп гана ойлонуп койсоң жетиштүү. Оңго же солго бурулууну каалабайын деп ойлосоң, каалаганың ошол замат аткарылат. Анда болсо таякчаны булгалап, эмне каалаганыңды угуза айтуу керек. Бир сөз менен айтканда — машакат!

Автоотургучтарда жетишерлик жүрүшкөндөн кийин Чамбылбек, Седепкан жана Балыкбек өзү жүрчү дөңгөлөктүү коньки менен жылгаяк тебүүгө киришти, алардын түзүлүшү да авто отургучтардыкындай электрондук аспаптан турат, башкача айтканда жылгаяк тепкен кортогойдун буту аркылуу алынган электрондук импульсту кармап алып жана аны керек жагын көздөй алып жөнөйт.

Балыкбек бул автоотургучтар жана өзү жылуучу конькилер азырынча паркта гана бар, бирок жакын арада алар менен шаардын бардык жерлерине барууга болот, балким келечекте автомобиль менен эч ким да такыр жүрбөй калышы ыктымал, анткени бардыгы автоотургуч менен жүрө баштайт деди.

Күн байкатпай өтүп кетти, ошондуктан Седепкан, Балыкбек жана Чамбылбек Шахматтык шаарчага кайра келишип, андан Билбесбек менен Келепканды издеп табышты, кийинчерээк

бардыгы чогуу спектакль көрүү үчүн Театралдык шаарчага жөнөп кетишти.

Ошондон кийин Седепкан менен Чамбылбекти Көңүлдүү шаарчадан дайыма көрүүгө болот. Билбесбек болсо керели кечке Шахматтык шаарчада жүрөр эле. Мында ал Келепкан менен кезигип жана аны менен ар түрдүү темада аңгемелешчү. Эң негизгиси шахмат ойногондуктары жөнүндө болчу. Келепкан шахматка ышкылуу болгондуктан, Билбесбек да шахмат ойноого кызыга баштады, же башкача айтканда Күнөстүү шаарда шахматка абдан азарт болуп ойношчу.

## Жыйырма бешинчи глава
## ЫШКЫРЫКБЕК КАНТИП ТАБЫЛДЫ

Ышкырыкбек ооруканага келгендин алгачкы учурларында, ооруканадагы нянялар же болбосо врачтардан кимдир бирөө аны Көмөчбек деп атаганына абдан таң калчу. Бирок ал өзүн эмне үчүн минтип кызык ат менен аташарын билүү - эсине келген жок. Анткени анын мээси чайкалып калгандыктан, акыл жөндөмдүүлүгү мурунку таза кезине караганда бир далай начарыраак болуп калган. Бара-бара анын акыл жөндөмдүүлүгү калыбына келди, ошону менен бирге өзүнө коюлган жаңы атка билинбестен көнө баштады. Ал тургай бир нече күн өткөндөн кийин анын аты Көмөчбек өңдөнүп сезилип калды. Бирок аны ушул ат менен чакырганда айрым учурда селт эте түшчү да, дароо жооп бере койчу эмес, анткени ал адегенде мени чакырып жатабы же башканы чакырып жатабы деп ойлонуп калчу.

Доктор Таңгычбек Ышкырыкбектин жүрүш-турушунун укмуштуудай өзгөчөлүгүн дароо эле байкаган. Бирок бул өзгөчөлүк оорунун себебинде — нерв системаларынын козголуп жана токтолуп калышына байланыштуу болсо керек деп түшүнгөн. Ал өзүнүн дарылоосун өзүнүн адаты боюнча башкача айтканда күлкү аркылуу айыктыра баштады.

Бирок алгачкы учурларда анын тапшырмалары оорулууга эч кандай таасир кыла алган жок. Ошондой болгону менен Ышкырыкбектин акыл-сезими оңоло баштаган сайын оорулуунун жүзүндө жылмаюу да көрүнүп калчу болду. Бул белгилер кортогойлордун акылынын өнүгүшү мындай тамашалардын кызыкчылыгын түшүнүүгө али жетише элек экендигин далилдөөчү.

Ышкырыкбектин жылмайуусу улам барган сайын көбөйгөндүктөн, доктор Таңгычбек дарылоонун экинчи этабына өтүүгө чечим кылды. Ал дарылоо күлкүлүү тамашалардын тарыхын айтуу менен бирге шайыр мүнөздөгү китептерди кыйкырып окуп берүү болчу. Мына ушул максат менен „Тамашалуу отуз үч таан" деген жазуучу Ластиктин китебин ага окуп берди. Ышкырыкбек ал китепти угуп отуруп абдан күлдү. Бул күлкү доктор Таңгычбектин көңүлүн абдан көтөрдү. Мына ушул себеп менен ал оорулуусу китепти өз алдынча окуса болот деген чечимге келди. Ошол убакытта милиционер Ышкырыкбектин жоголуп кетиши жөнүндөгү күлкүлүү окуяны басып чыгарып жаткан газеталардын бир тобун алып келип берди.

Бирок бул күлкүлүү окуя Ышкырыкбек милиционердин өзү үчүн анчалык күлкүлүү болгон жок. Ал өзүнүн атын газетадан көрөр замат баякы жоголгон милиционер өзү экенин, аны ооруканада Көмөчбек деп атап жүргөндүгүн дароо эле биле койду. Ышкырыкбектин эс-акылы толук ордуна келгенден кийин болгон окуянын баарын: Билбесбек сыйкырдуу таякча менен аны көздөй шилтеп койгону жана ошо замат милициялар турган дубалдын кулап түшкөнү эсине келди. Ал газеталардын баарын өзүнөн алыстата түртүп, төшөктөн тура качайын деген учурда доктор Таңгычбек ага мындай деди:

— Жата бергин Көмөчбек, кайда жөнөйүн деп камынып калдың?

— Мен Көмөчбек эмесмин, мен милиционер

Ышкырыкбекмин деп жооп кайтарды Ышкырыкбек.— Мен мүмкүн болушунча тезирээк өз милдетимди аткарууга киришип, сыйкырчыны кармоого тийишмин, антпегенде үйлөрдү— кыйратып жана дагы ошондой иштери менен көп кырсыктарга учурата турган сыйкырдуу таякчаны андан тартып алышым керек.

Доктор Таңгычбек айрым оорулуулар акыл-эси ордунда болбой калгандыктан ар кандай нерселерди сүйлөп, аларды жез тумшуктар кубалап, көз боочулар же кара ниет сыйкырчылар кубалап жүрүшкөнсүп калышарын жакшы билчү. Ошондуктан ал эч бир сыйкырчынын болбогондугун жана болбой тургандыгына ишендире баштады. Бирок Ышкырыкбек милициянын үйүнүн дубалдарын талкалаган сыйкырчыны өзүм көргөмүн деп ишендирүүгө тырышты.


— Ал сыйкырчы кандай неме эле? — Доктор Таңгычбек ушинтип сурап жылмайып койду.

— Кандай болмок эле, кадимки бардык кортогойлордой эле болчу, бирок анын шымы гана сары эле. Колунда кармап жүргөн сыйкырдуу таякчасы бар,— деп Ышкырыкбек жооп берди.

— Анын баары түшүнүктүү, ал сиздин көзүңүзгө көрүнгөн гана нерсе,—деп Таңгычбек жооп кайтарды.—Кортогойлордун сары шым кийип жүргөнүн сиз кайсы жерден көрдүңүз эле! Андай кийинүү мода да жок!

— Андай моданын болбогондугу абдан жакшы, анын ошол сары шымынан тезирээк таап алабыз да, анын сыйкырдуу таягын тартып алабыз.

Доктор Таңгычбек башын катуу-катуу чайкады да, оорулуусунун чекесин колу менен басып көрдү, ал анын ушул сөздөрдү айткандан кийин эти ысып кетти бекен деп ойлогон эле.



— Балким, сиздин башыңыз ооруп тургандыр?

— Менин башым дегеле оорубайт! — Ышкырыкбек ачуулана жооп кайтарды.

— Сизге ошондой болуп көрүнүп жатса керек, а чындыгында сиздин башыңыз катуу ооруп турат,— деди Таңгычбек.— Азыр биз сиздин чекеңизге муз баскандан кийин сиз дароо эле жеңилдене түшөсүз.

Доктор Таңгычбек няняны чакырып мындай деди:

— Нянечка, Көмөчбектин чекесине муз басыңызчы.

— Мен Көмөчбек эмесмин, милиционер Ышкырыкбекмин деп сизге бая эле айттым эле го!

Эчтеке эмес, эчтеке эмес,— Таңгычбек аны жубата сүйлөдү.— Мээси чайкалып калган оорулардын баары көп учурларда белгилүү адамдардан болчумун дей беришет. Мынакей, сиз азыр эле газетадан атактуу Ышкырыкбек деген милиционер жөнүндө окуп чыктыңыз да анан өзүңүз милиционер Ышкырыкбекмин дей баштадыңыз.

— Жок, мен чынында эле Ышкырыкбекмин.

— Сиз өзүңүздүн күбөлүктөрүңүздү көргөндөн кийин өзүңүздүн Көмөчбек экениңизди, Ышкырыкбек эмес экендигиңизди билесиз......Няня, Көмөчбектин күбөлүктөрүн алып келиңизчи.

Няна Көмөчбектин бешмантын алып келди да, анын чөнтөгүнөн шофёрдук күбөлүктү алып чыкты.

— Мынакей эмесе, мына эмне жазылганын азыр окуп көрөбүз.—Таңгычбек ушинтип сүйлөп күбөлүктү колуна алды.— Сиз Макарон көчөсүндө турасызбы?

— Ооба, ошондо турам,— Ышкырыкбек буга макул болду.

— Үйүңүздүн номуру отуз жетиби?

— Ооба, номурубуз отуз жети.

— Демек, Көмөчбек деген сиз болосуз!

— Андай болушу мүмкүн эмес!

— Кантип андай болушу мүмкүн эмес? Мынакей, карап көрүңүз, бул жерде „Көмөчбек” деп дапдаана жазылып турат. Мынакей „Көмөчбек”.

Ышкырыкбек күбөлүктү колуна алып окуп чыкты да, бушайман боло сүйлөдү.

— Карасаңыз, чын эле: „Көмөчбек Макарон көчөсүндө, номуру отуз жетинчи үйдө, алтымыш алтынчы квартирада турат...” Бирок бул жерде эмне үчүн квартирасы алтымыш алты болуп жатат. А меники токсон тогуз.

— Катуу тийгенде сиздин башыңызда бир нерсе баш аягы болуп калса керек,— деди Таңгычбек.— Сиз алтымыш алтыны баш аягы кылып койсоңуз, токсон тогуз болуп калат.

Ышкырыкбек колундагы күбөлүктү баш аягы кылып кармады да күлүп жиберди:

— Карасаңыз, чын эле токсон тогуз болуп калды! Мен Ышкырыкбек эмес экенмин, эгер мен Көмөчбек болбосом, жок жок... тьфу! Мен Көмөчбек экенмин, эгерде мен Ышкырыкбек болбосом! Мен чынын айтып жатамбы?

— Абдан туура,—Таңгычбек жактыра сүйлөдү.—Сиз тиги-муну ойлоп кайгылануунун ордуна уктап калуу үчүн аракеттениңиз. Ошондон кийин сиз ойлогондо Ышкырыкбек жөнүндө таптакыр унутуп каласыз. Мунун баарына мен өзүм айыптуумун, сизге газетаны берүүнүн кереги жок болчу.

Ышкырыкбек бара-бара тынч алды да, бат эле уктап калды. Ошондой болгону менен ушул сүйлөшүүдөн кийин доктор Таңгычбек ойлоно баштады. Ал Көмөчбек деп ишенбей жатканы менен ал Көмөчбек эмес. Жок! Өзү Көмөчбек экендигине ишенимдүү — бул Көмөчбек. Бирок ошондой болгону менен анын санаасы тынган жок. Шофёрдук күбөлүктү колуна алды да, Макарон көчөсүн көздөй жөнөдү. Андагы отуз жетинчи номурлуу үйдү издеп таап, анын төртүнчү кабатына чыкты да, алтымыш алтынчы квартиранын каалгасын черткиледи. Шайырбек ага эшик ачып берди.

— Көмөчбек деген ушунда турабы? —Доктор Таңгычбек андан ушинтип сурады.

— Ооба, кириңиз,— деди Шайырбек.

Доктор бөлмөгө кирди, Шайырбек үйдө отурган Көмөчбекке кайрылды:

— Мынакей, Көмөчбек, сага келиптир, мен Шайырбекмин.

Көмөчбек Таңгычбектин алдынан утурлай басты.

— Көмөчбек деген сизсизби? — Таңгычбек өзүнүн алдында турган Көмөчбекти көрүп, таң кала сүйлөдү.

— Ооба, мен. А эмне үчүн мен Көмөчбек боло албайт экенмин?

— Ооба, ооба, албетте,— Таңгычбек анын айтканына макул болгуча шашылды.— Сиз эмне үчүн Көмөчбек боло албай коймок элеңиз... Бирок иштин жайы мында болуп жатат. Бизде дагы бир Көмөчбек бар, башкача айтканда... тьфу! Мен эмне деп сүйлөп жатам!.. Сиз кокусунан шофёрдук күбөлүгүңүздү жоготуп жиберген жок белеңиз?

— Жоготпогондочу, жоготком! — Көмөчбек сүйүнүп кетти.—Мен жоготком... Жок мен жоготкон эмесмин, ушунда, биздикине түнөп кеткен бир чунак менин бешмантым менен кошо алып кетиптир.

Доктор Таңгычбек чөнтөгүнөн күбөлүктү алып чыкты да, Көмөчбекке көрсөттү.

- Чын эле меники! — Көмөчбек күбөлүктү көрө коюп, кубана сүйлөдү.— Бул сизге кайдан барып кабылып жүрөт?

Доктор Таңгычбек Көмөчбек менен Шайырбекке Гүлгаакы деген кыз алардын ооруканасына алып барган бир кортогой жөнүндө айтып берди. Ал эми Шайырбек менен Көмөчбек болсо кандайдыр бир себептер менен келип алардыкына түнөп калып, Көмөчбектин бешмантын жаңылыштан алмаштырып кийип кеткен кортогой жөнүндө докторго айтып беришти.

Шайырбек жана Көмөчбек доктор менен бирге оорукананы

көздөй Ышкырыкбектин бешмантын алып жөнөштү. Уктап жаткан Ышкырыкбекти алар көргөндөн кийин, алардыкына түнөп кеткен кортогойдун өзү ушул экендигин алар дароо таанышты. Көмөчбек бешмантын алып үйүнө кетти. Алар тиги оорулуу кортогой алардын квартирасына кандай болуп барып калгандыгын билүү үчүн анын эртеси ошол ооруканага келишмек болду. Шайырбек менен Көмөчбек кетери менен доктор Таңгычбек көпкө чейин катуу ойлонуп отурду да, акыры мындай деди:

— Биздин Көмөчбек Көмөчбек эмес экендиги эми ачык болду. Демек ал Көмөчбек болбогондон кийин, жоголуп кеткен милиционер Ышкырыкбектен башка киши болушу мүмкүн эмес экендигине эч кандай шек жок. Доктор Таңгычбек ушундай жыйынтыкка келгенден кийин газетанын редакциясына телефон шыңгыратты да, милиционер Ышкырыкбек жоголбостон өзүнүн ооруканасында жаткандыгын билдирди. Ошо замат анын ооруканасына газетанын Калембай деген кабарчысы келип, доктор Таңгычбек жана милиционер Ышкырыкбек менен аңгемелешти да, андан кийин Шайырбек менен Көмөчбектикин көздөй жөнөдү. Бул иш боюнча алардын билгендеринин баарын айттырып алгандан кийин Гүлгаакы деген кичине кыздыкына келип, анын да көргөн-билгенин сурап алды. Андан соң, ал милициянын бөлүмүнө келип талкаланган дубалды көрүп, милиционер Сакчыбек менен аңгемелешти.

Эртеси эртең менен милиционер Ышкырыкбектин окуясы жөнүндөгү толук маалыматтар газетага чыкты да, бүт шаардын эли күтүлбөгөн жаңылыкка таң калышты. Шаардыктар ушунча ызы-чуу түшүргөн милиционер Ышкырыкбек акырында табылыптыр деген кабар басылган газеталарды колдон талашып жүрүштү. Бүт элдин сүйлөгөнү жалгыз гана ошол Ышкырыкбек жөнүндө болуп жатты.

Билбесбек Шахмат шаарчасына эртең менен эрте барып „Кумайык" автомат менен шахмат ойноп жатып анын

айланасында жолдун боюнда газеталар окулуп кандайдыр бирдеме жөнүндө кызуу талкуулашып жана аңгемелешип жатышкан кортогойлорду таң калып карады. Алардын эмне деп жатканын билүүгө Билбесбек канчалык кызыкканы менен, шахматка алагды болбой коё алган жок. Анткени ал баштап алган оюндун аягына чыккысы келди.

Так ушул учурда жолдо келаткан Келепкан көрүнүп калды. Ал колунда кармаган газетасын булгалай кыйкырып катуу чуркап келатты.

— Билбесбек! — деп кыйкырды Келепкан Билбесбекти алыстан көрө салып.— Ышкырыкбек табылыптыр!

— Кайсы Ышкырыкбекти айтып жатасың? — Билбесбек түшүнө бербей кайра сурады.

Ал Ышкырыкбек дегендин бар экенин эчак эле эсинен чыгарып коюптур.

— Жанакы жоголуп кеткен милиционер Ышкырыкбекчи.

Билбесбек дароо баарын эсине түшүрдү. Келепканды утурлай чуркап барып, анын колундагы газетаны сууруп алды да, окуй баштады. Ал газетада Шайырбек менен Көмөчбектин, Гүлгаакынын, милиционер Сакчыбектин, доктор Таңгычбектин жана Ышкырыкбектин өзүнүн айткандары басылган эле. Ышкырыкбек милициянын үйүнүн дубалын талкалаган сыйкырчынын кийген шымы жол-жол сары болгондуктан, аны оңой эле таап, көп зыяндарды келтире турган андагы сыйкырдуу таякчаны тартып алууга мүмкүндүгү бар экендигин жазган.



Билбесбек Ышкырыкбектин бул далилдөөсүн окугандан кийин катуу коркуп кетти. Анын өңү кубарып, кешекке отура кетти да, өзүнүн жол-жол сары

шымын газета менен калкалай баштады. Муну көрүп турган Келепкан каткырып күлүп жиберди.

— Билбесбек, сен эмне болуп кеттиң? — деп сурады ал кыз.— А билем! Сен да сары шым кийип жүрбөйсүңбү. Сени сыйкырчы деп кармап алышат деп коркуп жатасың го?

— Ооба, ошентип жатам,—деп Билбесбек чынын айтты.

— Билбесек, сен ошенткенден уялсаң боло!—Келепкан ушинтип үнүн көтөрө сүйлөдү, — дүйнөдө сыйкырчынын жок экендигин сен билбейсиңби?

— Анда эмне үчүн Ышкырыкбек сыйкырчыны өз көзүм менен көрдүм деп айтат?

— Дөдөйлүк! — деди Келепкан.— Ышкырыкбек ооруп жатат, анын мээси чайкалып калгандыктан жөөлүй берет да. Мунун баары анын көзүнө көрүнгөн нерсе. Ал жөнүндө мына бу доктор Таңгычбектин жазгандарын окуп көрсөң.

Билбесбек доктор Таңгычбектин ошол газетадагы аңге-месин окуй баштады. Доктор Таңгычбек милиционер Ыш-кырыкбек али толук айгып кете элек деп жазыптыр. Анын акыл-эси толугу менен калыбына келбей, мээси чайкалып калган залдары алиге чейин болгондуктан, анын элестетүүсү да мээси менен кошо чайкалгандыктан кандайдыр бир сары шымчан сыйкырчыны кеп салып жөөлүйт, башкача айтканда андай нерсени чындыгында көрбөсө да көргөндөй сүйлөйт. Бул дарттан бара-бара айыгат, ал айыгып ооруканадан чыкканга чейин, сырттагы элге зыяны тийбегендей абалга жеткенде анын сөзүнө ишенүүгө болот.

Билбесбек Ышкырыкбектин ооруканадан таппай турганын газетадан окугандан кийин гана бир аз тынч алып калды, бирок айланадагылардын баары тең анын сары шымын тиктеп турган өңдөнгөндүктөн ордунан козголуудан да чочулады.

— Мына,— деди Келепкан.— Сары шым кийген жалгыз эле сен бекенсиң. Тегеректегилердин баарын карап көрсөң.

Билбесбек айланасын карап көрдү да, көп кортогойлор сары шым кийип жүргөнүн көрдү.

— Сиз биздин фабрикага келгенде сүрөтчү Топчукан сары шымдын үлгүсүн түзүп жатканын көрбөдүңүз беле! — деди Келепкан. Азыр фабрикада ошол эле шымдын үлгүсүн өздөштүрүп тиге баштаган, кечээтен бери бардык магазиндерде сатылып жатат. Азыр ушундай түстүү шымдар мода болуп кетти.

## Жыйырма алтынчы глава
## МААНИЛҮҮ ОКУЯ

Өзүнүн сары шымына эч ким назар салбагандан кийин, Билбесбектин жүрөгүнүн болкулдаганы басылып, милиционер Ышкырыкбек жөнүндө ойлонууну токтотту. Ал кечке чейин шайыр мүнөздө жүрдү да, кечкирген соң уктаганы жаткандан кийин гана күтүлбөгөн жерден эмнегедир тынчсыздана баштады. Адегенде ал өзүнүн эмне болуп жатканын да түшүнө алган жок. Ал адегенде бир нерсесин жоготконсуп, же бирөөгө бирдемени берем деп убада кылгансып, бирок убадасын аткарбай калгандай болуп, же бирөө бирдеме берем деп коюп бербей калгансып жатты.

„Менин эмне болуп жатканымды шайтан да билбесе керек! — деп Билбесбек эмне болгонун жакшы түшүнө алган жок. Кечке чейин баары эле жакшы болду эле, анан азыр эле эмне болуп кетти!”

Ал кроватында улам бир жамбашына оодарылып чабалактап укташ үчүн күчүнүн болушунча аракеттенип жатты, бир оокумда күтүлбөгөн жерден эле чиркейдин кыңылдаганына окшогон ичке үндү угуп калды:

„А сен милиционер жөнүндө унутуп калды-ы-ңбы? Унутту-уң-бу?”

„Көрсөң муну! — Билбесбек таң кал сүйлөдү. — Көрсө бул абийир тура! Ха-ха-ха! Мындайды көптөн бери уга элек элем!”

Бирок абийир анын тамашалай сүйлөгөнүнө назар салбастан сөзүн уланта берди:

„Сен бул жерде уктап жатасың, а тиги милиционерди сенин саатыңдан ооруканада кармап жатышат. Сен андан көрөкчө Таңгычбекке барып Ышкырыкбек сендеги сыйкырдуу таякчаны чын эле көргөн деп айтып берсең жакшы болбойбу. Таңгычбек Ышкырыкбекти акылы ордунда эмес деп айыктыруунун аракетинде болуп жатат".

— Мына дагы бир түйшүк! — Билбесбек ушинтип тиштене сүйлөп алды. Мен уктаганы жатайын десем эле ал ойгонот да ушинтип кыңылдай берет. Эмнегедир ал түн бою уктабайт көрүнөт.

Ошондой болгону менен абийир басылып калбастан өзүнүн айткандарын ынандыруунун аракетинде болду:

„Мен сенин жакшы болушуңду каалайм. Сенин жаман кылыктарыңды көрүп отуруп мен эч убакта уктай албаймын".

„Болуптур эмесе, болуптур! — Билбесбек кыжырлана сүйлөдү.— Эртең барам да бардыгын айтып берем. Милиционер мени жазаласа мейли. Ал эмес сыйкырдуу таякчаны да ала берсин. Ал таякчасыз деле күн көрөм. Ошону алып жүргөндөн бери деле кырсыктын үстүнө кырсык дуушар келип туруп алды!"

Билбесбек ушуну айтып бүтөр замат абийир тынчтанып калды да, ал уйкуга кетти. Албетте, эртеси Билбесбек эч жакка барган жок. Эч кимге эч нерсе айткан да жок. Кечинде абийир аны кайрадан жемелей баштаганда, ал убадасын эртең аткарам деп койду. Ошентип ал абийирди кандай тынч алдыруунун жакшы жолун таап алды. Абийир менен талашып-тартышып отурбастан, ал жемелей баштаганда эле: болуптур эмесе, эртең ошентип коёюн десе гана болот да калат. Абийир убадага ишенип тынчтана түшөт, андан кийин жайбаракат уктай берсе болот.

Биздин саякатчыларыбыз каалайсынча эртеден кечке чейин

паркты аралап жүрө беришет. Ошол учурларда Күнөстүү шаарда абдан маанилүү окуялар болуп, шаардыктардын турмушунда кичине кичинеден болсо да маанилүү өзгөрүүлөр болуп жатты. Ал окуялардын башкы себепкери мурда эшек болуп жүрүп кортогойго айлангандар, башкача айтканда, Качыртай, Шоктуяк жана Алабаш болду. Бул үчөө Макарон көчөсүнөн кезиккенден кийин Алабаш тротуарга жип керип коюуну ойлоп тапты. Ал жиптен милиционер Ышкырыкбек көп азаптарды чекти. Тигил үчөө ошондон бери бири-биринен айрылышпай коюшту. Үчөө такыр эрикчү эмес, буга кошумча Шоктуяк менен Качыртай Алабаштын дагы кандайдыр бир кызыктуу нерселерди чыгарышына толук ишенишчү. Алабаш эң кызык неме эле, аны билгендери — жолдо өтүп бараткандарга түтүк менен суу чачуу, андан кийин дагы бир нерсени ойлоп чыгарабыз деди.

Эртеси эртең менен гүлгө суу чачуучулар келер замат Качыртай, Шоктуяк жана Алабаш алардын бирөөнүн түтүгүн тартып алышты да, ары-бери өткөндөргө суу чача баштады. Болуп жаткан ишке түшүнгөнгө чейин ары-бери өткөндөрдүн көпчүлүгү шөлбүрөп суу болуп алышты. Качыртай, Шоктуяк жана Алабаш мындай иштерди экинчи көчөдө да, андан кийин үчүнчү көчөдө да кылышты. Алардын бул кылыктары билинбей жылма гана өтүп кетти. Анын эртеси газетага жаңы билдирүү басылып чыкты, анда мына мындай сөздөр жазылган эле:

„Биздин газетабызда белгисиз эки киши гүл сугаруучу түтүк менен көчөдөн өткөндөрдү суу кылганын жарыялаган элек. Кечээ күнү ошондой эле акмактык кылган бир нече окуя болду. Өтмө катарынан өтүп суу болгондордун бирөөнө суук тийип ооруп калды. Азыр ал ооруканада жатат, болжолу ал дагы бир нече күн жатууга аргасыз көрүнөт.

Көчөдөн өткөндөргө муздак суу чачуу жапайылык жана биздин шаарыбызда көптөн бери болуп көрбөгөн ойлонбогон акмактык экендигин белгилей кетиш керек. Мындан бир нече

ондогон жыл мурун ушундай иштин эң акыркысы болгон. Ал бизден көп мурдагы убакытта башка кортогойлордун жапа чегип, азап тартышын жан жыргатары катары эсептеген кортогойлор жашаган. Мисалга алсак, алардын айрымдарына бирөөнүн артынан жашына басып келип муштуму менен аны күтүлбөгөн жерден аркага муштоону же бир кружка муздак сууну башынан ылдый куюп жиберүүнү жакшы көрүшкөн. Алар бутка тээп ойногонду жакшы көрүшкөн. Алар көчөдө өтүп бараткандарды бутка тээп жыгып коюшуп, чымын-куюн болуп чуркап кетип калышчу, ошондуктан аларды жел жетпестер деп аташчу.

Ар кандай тарбия иштери жүргүзүлүүнүн натыйжа-сында жел жетпестер биздин шаарда жашабай калганына көп жыл өтүп кетти. Кортогойлорду суу кылгандар жел жетпестер болуп эсептелээрин чечүү гана калды. Алар мурункулардын жолун жолдогондорбу же кандайдыр бир жаңы немелерби ким билет, бул жел жетпестердин кайдан келип калгандары да белгисиз. Мындан ары алардын ким экендиги толук аныкталарына ишенүү керек".

Тилекке каршы биздин жел жетпестердин кызыккандары жалгыз гана өткөндөргө муздак суу чачуу эмес болчу. Алар Күнөстүү шаардын кишилеринин көп учурларда жашынмак ойношорун көрүшөт да, алар да кошулуп ойноп жүрүшөт. Бирок алар бул оюнга бир азыраак жаңылык киргизишет. Ушул өзгөртүүнүн негизинде ал оюн көп кортогойлордун арасына жайылат да, жел жетпестердин жашынмагы деп аталат. Бул оюнду ойногондордун ар кимиси колдоруна бир кружкадан суу алып жүрүшчү да, жашынып калганын издеп жүргөнү мүрда көрсө колундагы сууну ага куюп жиберчү, эгер таба албай өтүп кетсе



жашынып калганы колундагы суусун издегенге төгүп калчу. Так эле ушундай мүнөздө жел жетпестердин бутка тепмейи деген дагы бир оюн чыкты. Бул оюнда да куушуп бараткандар жеткенде суу куюп жиберишчү. Качып бараткаsuccessfully музда суу куюлгандан кийин оюндун бир саамы бүтчү да, суу куйганы качып суу болгону аны кууп жөнөөчү. Ал дагы кууп жетип ага суу куюуга аракеттенчү.

Жүгүрчү оюндардан башка дагы столдо отуруп ойноочу, мисалы: лото домино, бильярд, дойбу атүгүл шахмат оюндарын да Качыртай, Шоктуяк жана Алабаш тез эле өздөштүрүп алышчу. Ошондой болгону менен аларга бардык эл ойногондой эле ойноо жакчу эмес, ошондуктан алардын эң мыкты ойлоп табуучусу болгон Алабаш чекеге чертмей сайып ойноону сунуш кылган. Мына ушундай шартта шахматтан, дойбудан, доминодон же бильярддан утулган киши чекесин тосуп берчү да, уткан киши бир же бир нече жолу ойноодон мурун сүйлөшүп алган шарт боюнча чекеге чертишчү.

Мына ушул жапайы тентектердин баары Качыртай, Шоктуяк жана Алабаштардын кадимки кортогойлордон болбогондугунун негизинде чыгып отургандыгын эскерте кетиш керек. Алардын ар биринде мурдагы айбан болуп жүргөн мүнөздөрдүн калдыктары сакталган. Айрыкча Шоктуяк орой болчу. Ал жолдор кетип баратканда эч кимге жол бербестен, тескерисинче каршы өткөндөрдүн баарын жөөлөп өтүүнү, бирөөнүн бутун басып алууну жана туш келген жакты көздөй түкүрө берүүнү жакшы көрчү. Акырын күлүүнүн ордуна ал үнүнүн бардыгынча катуу каткырып күлгөндүктөн, өтүп бараткандардын баары чочуганынан ыргып кетип, колдору менен кулагын басып калышчу. Эгер ага бир нерсе керек болуп калса ал сурап алууну билчү эмес, жөн эле тартып алып



койчу. Эгер ага бербесе буту менен тепкилеп, ал тургай тиштеп да алчу. Ал көрүнгөндү уйгак деген өңдүү жаманаттылар менен атап, кулагыңды жулуп алам деп коркутчу. Ээси уктап жаткан учурда чоочун үйлөргө кирип, суроо-сопкутсуз эле алардын буюмдарын алып кетчү.

Алабаш менен Качыртай да мындан артык эмес эле. Алардын үчөө тең мурункусундай эле төрт аяктап баспай, эки буту менен басып жүрүшкөнүнө таң калышчу. Алар дайыма төрт аяктап басуу көнүмүшүнө, эшекче кыйкырууга кызыкчу, бирок кандайдыр бир алардьш ички сезими аны токтотуп калчу. Мына ушул кызыгуулардын аткарылбагандыгынан эригишчү да, жарык дүйнө жакшы көрүнбөстөн кашыктап канын соруп жаткансып жаман көрүнчү. Мына ошондуктан кандайдыр бир адамга жагымсыз тамашаларды чыгарып, башкалардын жүрөгүндө да ошолордукундай жагымсыз иштин болуп турушун каалашчу. Эгер булардын ушинтип кыйналып жүрүшкөндөрүн Билбесбек билген болсо, аларды ошол замат эле кайра эшекке айландырып коймокчу. Бирок ал бул жөнүндө эч нерсе билчү эмес.

Күнөстүү шаардын эли алардын үчөө бирге жүргөнүн көрө турган. Алардын өз ара окшоштуктарын ар ким ай кинээлеп байкоочу. Чындыгында алар үчөө тең окшош кийинчү: сур бешманттары чыпыйып тар жана жеңдери кыска болчу да, андан алардын токмоктой болгон муштумдары чыгып турчу. Узун жана кең шымдары жашыл-саргыч түстө, баштарында калпак же шапканын ордуна кандайдыр бир чаар ала топу кийип жүрүшчү. Эгер байкап караган киши алардын жүздөрүнүн окшоштугун да ачык эле көрчү. Айрыкча алардын топчуга окшогон кыска мурундары, үстүнкү



эриндеринин жазылыгы дароо эле байкалчу да, кандайдыр бир чала-була түшүнүктөгү акылсыздар экендиги көрүнүп турчу. Алардын бар болгон бири-биринен айрымасы Алабаштын сепкили мурдунда гана болчу. А Шоктуяктыкы мурдунда жана чекесинде, Качыртайдын бүт бети сепкил эле.

Күнөстүү шаарда кийимге жана жалпы модага зор маани бергендиктен шаардыктар Качыртай, Шоктуяк жана Алабаш кандай кийинип жүрүшкөндөрүн дароо эле байкап калышты. Айрымдар жаңы мода келип калган экен деп ойлошуп, дүкөндөрдү көздөй жүгүрүштү. Бирок жеңи тар сур бешмант да, чаар топулар да магазиндерде жок экен. Жалгыз гана сары шымдарды сатып алууга болот. Ошондуктан көпчүлүгү ошо замат сатып ала баштады. Бирок көп узабай эле ал шымдар тигилердикине окшобогонун байкашты. Биринчиден багелектери абдан кең эмес. Экинчиден кыска, үчүнчүдөн ал шымдар жөн гана сары экен, а тигилердики болсо жалаң сары эмес жашыл сары түстө эле. Ошондуктан кийим тигүү фабрикасынан чыгарылган эң көп сандагы сары шымдар магазиндерде өтпөй жыйылып калды. Аларды эч кимдин алгысы келген жок. Ызасына чыдабай Ийнекан чачын жулууга да даяр эле. Мына ушул учурда дүкөндөрдүн баарынан багелеги кең жашыл саргыч шымдарды, жеңи тар бешманттарды жана чаар ала топуларды жибергиле деген көп талаптар фабрикага келди.

— Мындай талаптардан жинди болуп кетүүгө да болот!

— Ийнекан ушинтип кыжырланды.— Багелеги кең шымдар менен жеңи тар бешманттарды алар кайдан көрүшүптүр! Жок, биз андайды чыгара албайбыз! Андай кийим эч кимге жакпайт.

— Албетте ошондой! — Топчукан өзүнүн үлгүсү боюнча тигилген шымдар өтпөй калганга кыжырланып тигинин сөзүн кайталай сүйлөдү.— Шымдын жашыл-саргыч болгонун кайдан көрүшүптүр! Ал көркөмдүккө жатпайт! Дегеле ылайыксыз болот!



— Жок-жок! — Ийнекан анын сөзүн коштой сүйлөдү.— Биздин фабрика мындай шымдарды чыгарбайт. Мейли, алар маа демектен шымсыз жүрүшсүн, алар менен биздин ишибиз жок! - Айрым моданы жакшы көргөндөр фабриканын керек кийимдерди чыгарышын күтпөстөн эле, жашыл-саргыч материалдардан өздөрү каалагандай узундуктагы жана кеңдиктеги шымдарды өздөрү эле тигип ала башташты. Ал эми мода болгон бешмант менен чаар топуларды табыш андан да оңоюраак болду. Дүкөндөрдөгү жөнөкөй эле бешманттарды алып, алардын жеңин гана тар кылып коюу жетишерлик болду, ал эми чаар топуларды жасаш үчүн кадимки эле шляпалар колдонулду. Ал шляпалардын кырбуусун кесип таштап, топуларга айландырып койду. Ал топуларга башкача бир боёктор менен чаар ала кылып төбөсүнө чачы гана тагып коюшчу болду. Айрым моданы жакшы көрчүлөр ишмечилик менен зор жетишкендиктерге ээ болушту. Ал тургай бир үйдө кийим бычууну жана тигүүнү үйрөнүү боюнча коомчулук уюшулду. Мурдагы үч эшекти тууроо иши бир гана кийим менен токтолуп калбагандыгын айта кетүү керек. Айрым кортогойлордун моданы абдан жакшы көргөндөрү Качыртай, Шоктуяк жана Алабашка толук окшошуу үчүн катуу аракет кылышкан.

Бир саатка чейин бир колу менен өзүнүн мурдун өзү таңырайта жогору түртүп, экинчи колу менен үстүнкү эрдин илгери карай чоюп, мүмкүн болушунча мурду кыскараак, үстүнкү эрди мүмкүн болушунча узунураак болуп калууга аракеттенип күзгүнүн алдында турган айрым кортогойлорду көп көрүүгө болор эле. Алардын ичинде мода болгон бешмант, шымдарды кийип алып, бекеринен эле көчөдө ары-бери басып,

алдынан чыккандарга кичине обочо болуп жол берүүнүн ордуна жөөлөй өтүп, туш-туш жакка түкүрө беришчү кортогойлор да бар эле.

Мына ушул учурда: кандайдыр бир жерде кимдир бирөө жолго туура тартылып коюлган жипке чалынып жыгылып, чекеси жарылыптыр, кандайдыр бир жерде кимдир бирөөнө терезеден катуу неме уруп жибериптир деген өңдүү кабарлар газетага анда-санда жарыяланып калчу болду.

Албетте, ак ниеттүү кортогойлордун көпчүлүгү шаарда жашашчу, алар булардын баарына нааразы болуп, газета окугандын бирөө болгон Букарбай деген газетага чоң макала жарыялап жиберди. Ал макаласында Букарбай болуп жаткан жаман окуялардын баарына ушунча салкын көз менен караган жалпы элге нааразы болуп кыжырдангандыгын жазган. Ал бул жаман иштердин баарынын себепкери кайдан белгисиз болгон жел жетпестер экендигин, алар ушу күндө ошол шаарда жашап жаткандыгына ишенчиликтүү экендигин көрсөткөн. Букарбай ал жел жетпестер кайдан келишсе да, алар менен сөзсүз күрөш жүргүзүү керек экендигин жазган. Ошол жел жетпестер менен күрөшүү үчүн Букарбай тартипке көз салууга бүт коомчулукту тартуу шартын белгилеген. Ал коомчулуктун мүчөлөрү көчөлөрдө ары-бери басып жүрүшүп, күнөөлүү болгон жел жетпестерди кармап, камакка алып, алардын күнөөлөрүнө жараша кээсин бир суткага чейин, кээсин андан да көп убакытка чейин коё бербей коюуну сунуш кылган.

Букарбайдын макаласына жооп иретинде башка газетага Тараканбек деген окуучунун макаласы чыккан. Анда тартипке көз салуу үчүн эч кандай коомчулукту уюштуруунун кереги жок. Анткени, жалпыга маалым болгон ошондой коомчулук эчак эле уюшулган. Аны азыр милиция дейбиз, бирок алар мына ушундай иштер менен күрөш жүргүзүү керек экендигин унутпасы зарыл, алар так ушундай иштер үчүн уюшулган. Тараканбектин айтуу боюнча Күнөстүү шаарда мурда эч кандай

автобустар жүрбөстөн, көчөлөрдө жөө кишилер гана жүрүшү керек экен да, милиционерлер ал жөөлөр тентектик кылбоо үчүн, хулигандык кылып, бири-бири менен мушташпоо үчүн тартип сакташкан экен. Анткени, ошол учурда кортогойлордун көпчүлүгү көпкөлөң мүнөздө болушуптур. Жылдар өткөн сайын кортогойлордун мүнөзү өзгөрүп, тартип жагы жакшырыптыр. Бардык иш тарбияланган мүнөздө сылык иштелип, ар ким өзүн маданияттуу түрдө жакшы алып жүрө баштайт. Мына ушундан кийин көчөлөрдө автомобилдер, мотоциклдер, велосипеддер жүрө баштайт. Милиционерлер болсо көчөдөгү кыймылдарды тейлөөгө абдан алагды болушат да, ошонун негизинде шаарда жашачулардын жүрүш-турушуна көз салып, өзүн алып жүрө албаган жел жетпестерди тартипке чакыруу керек экендигин унутуп да коюшкан. Тараканбек макаласынын аягында милиция өзүнө түздөн түз тиешелүү болгон ишине кайрадан киришип, жел жетпестер менен күрөш жүргүзүп, кандайдыр бир коомчулукту же коомчулуктун биригишин күтүп отурбоо керек деген жыйынтыкка келет.

Мына ушундан кийин ар кандай башка газеталарда ар кандай кортогойлордун көп сандаган макалалары пайда болду. Кортогойлордун бир даары Букарбайдын оюн жактап, милициянын азыр көчөдөгү кыймылды тейлөө өңдөнгөн көп иштери бар, ошондуктан элдин тартибин сактай турган коомчулукту уюштурбаса, бул тартипсиздик менен күрөшүүгө мүмкүн эмес дешет. Айрымдары анын тескерисинче, болуп жаткан тартипсиздикке эч кандай коомчулуктун көз салышынын алы жетпейт, мындай иште иштеген эч кимдин тажрыйбасы жок, мына ушул себептүү жел жетпестер менен болгон күрөштү милиционерлер жүргүзүш керек дешет. Бул маселе Гүлүмбек, Мүлүмбек, Сууларбек, Таштанбек, Кондурбек, Сандырбек, Тютелбек, Чиркейбек, ошондой эле профессор Тумшукканга окшогон кортогойлор өздөрүнүн макалаларын жарыялашты.

Кондурбек деген кортогойдун макаласы айрыкча элдин

көңүлүн бурду. Ал өзүнүн макаласында жел жетпестерди сыныктар, калдыктар, хулигандар, салпаяктар, кынжыйгандар, таш бакалар, питекантроптор, печенегдер, тегерек туяк айбандар деген өңдүү жаман аттар менен атап, кескин түрдө сынга алган. Ал эми милиционерлерди болсо алаңгазарлар, маңыроолор, жүүнү боштор, делдең кулак, ачык ооздор, үлдүрөгөндөр, алсыздар жана өзүн өзү унуткан жатып ичерлер деген жаман сөздөр менен сынга алган. Кондурбектин мына ушундай кескин түрдө сынга алышыныш себеби, мына ушул макаланы жарыялардан мурда ага түтүк менен суу куюшкан, андан көп алыс эмес жерде турушкан милиционер башка жакты карап тургандыктан ага назар салып да койгон эмес.

## Жыйырма жетинчи глава
## ЖЕЛ ЖЕТПЕСТЕРДИН ӨКҮМҮНДӨ

Газеталарда милиционерлер керек жана керек эмес деген талаш-тартыштар жүргүзүлүп жаткан учурда, милиционерлер өздөрү эле жел жетпестер менен күрөшүп киришти. Көчөдө кандайдыр бир жаман иш болуп калганда, ошо замат кортогойлор алардын тегерегине үймөлөктөшүп калышат. Окуяны көрүүнү каалагандар ушунча көп болгоидуктан жыйылган эл тротуарга гана эмес, бүт көчөгө да толуп кетишет. Мына ушуга байланыштуу чоң көчө менен жүрчү автомобилдер да өтө албай туруп калат. Ал жердеги дежур болуп турган милиционер каалаcа да, каалабаса да чогулган элди таратып, жол ачыш үчүн чатакка аралашат.

Бир жолу мындай окуя болду. Көчө менен бирине бири карама-каршы Сорпобай жана Токочбай деген эки кортогой келе жатат. Экөө тең эң акыркы мода болгон багелеги кең жашыл-сары шымчан жана жеңи тар бешмант кийип алышкан. Алардын экөө тең бири бирине жол бербейт да, ошонун негизинде биринин бутун бири басып алат (кимисинин бутун

кимиси басып алгандыгы азыр да белгисиз). Бул окуя болору менен алар бири бирине жаман аттарды коюп сөгүшө баштайт. Ошол замат алардын айланасына эл чогулат. Көчөдөгү автомобилдердин жолу буулуп калгандыктан, милиционер Өтүкбай жүгүрүп келет да, элдин тарашын талап кылат, бирок эл тарабайт. Бул учурда Сорпобай Токочбайды шилиге муштайт да, көзүнүн алдын көгөртө коёт. Мына ошондо милиционер Өтүкбай Сорпобайды желкеден алып милиция бөлүмүнө сүйрөп кетет. Жолдо келе жатканда Сорпобай бошонуп качып кетиш үчүн аракеттенип милиционердин колун тиштеп да алат. Өтүкбай абдан ачууланып, милиция бөлүмүнө келгенден кийин белгисиз бир убакытта жазылган закондордун жыйнагын шкафтан алып чыгат. Андан ар бир муштумга бир сутка, көзүнүн астын көгөртө койгонго үч сутка жана колду тиштеп алганга да үч сутка камакка алынышы керек экендигин окуп берет. Өтүкбай бул байыркы законду Сорпобайга колдонуш үчүн: бардык кылган күнөөлөрүң үчүн жети суткага камакка алындың дейт да, ар бир милиция бөлүмүндө болчу жана „муздаткыч» деп аталган өзүнчө бир бөлмөгө камап салат. Бул муздаткыч деген аттын эмне себептен чыгып калганын бул учурда эч ким билчү эмес. Аты сакталып калганы менен ал ат эмнеден келип чыккандыгы өткөн замандын иңиртине кирип жок болуп кеткен. Бул бөлмө чындыгында муздак эмес болчу, балким анда илгерки бир замандарда төмөнкү температура болгондур.

Бул бөлмөнүн азыркы айырмасы жалгыз гана анын каалгасындагы кулпусу болгон.

Сорпобайды «муздаткычка» киргизип коюп, милиционер Өтүкбай ашканадан кечки тамакты алып келип берди да, өзү үйүнө эс алганы кетти. Мына ушул жерден Билбесбектин башына келип жүргөн окуя милиционердин да башына келе баштады. Кыскартып айтканда, анын абийири тынчын ала баштады. Ага боштон жүрүүгө жана ээн-эркин уктоого укугу

жок өңдөнүп көрүндү. Анткени ошого окшогон эле бир кортогой камалуу жатат, жана эки жакка чыга албайт. Түн ортосуна чейин Өтүкбай кыйналып жатат да, туруп алып милицияга келип Сорпобайды «муздаткычтан» чыгарып жиберет. Ошондой болгону менен ал үйүнө келгенден кийин анын .абийири кайрадан кысмакка алат. Абийир өзүнүн кылган күнөөсү үчүн жети сутка камакта отура турган жел жетпести законсуз түрдө бошотуп жибердиң деп жемелейт.

Мына ошондон кийин мындай окуялар башка милиционерлердин да башына келет. Алардын баары милиционер Өтүкбайдын жөрөлгөсү боюнча кармап келгендерин „муздаткычтын» ичине камашат да, андан кийин алардын өзүн өздөрүнүн абийири кыйнай баштайт. Өз абийирлеринин кысымына чыдабай кармалган күнөөлүүлөрдү божотуп жиберишет да, андан кийин алардын законду бузуп, бекер эле бошотуп жибердим го деген ой жүгүртүүлөрү санаа тарттырат.

Мына ушундай иштердин негизинде көп милиционерлер уйкудан да, тамактан да калышып, өздөрүнүн тынчсыздангандарынан кирерге жер таба албай калышат. Бир милиционер ушундай бир күнөөлүүнү бошотуп жиберет да, анан кийин аны бошотуп жибергенине абдан катуу өкүнүп, аргасы кеткенде өзү анын ордуна төрт сутка «муздаткычтын» ичинде отурат. Ошондон кийин гана көңүлү жайында болот.



Милиционер Өтүкбай Сорпобай менен болгон окуядан кийин аркы-беркини көпкө чейин ойлонот да, жел жетпестерди „муздаткычка” камоо жакшы болбойт экен деген ойду жактап, телевидение боюнча доклад жасайт. Минткенден көрөкчө аларды шылдыңдап,

газета, журналдарга жазып, карикатураларын тартып, алардын иштеген жаман иштери жөнүндө кичинекей ырларды жана аңгемелерди чыгаргандан кийин алар дароо оңолушат жана акылга келишет деген ойду айтат. Бул сунуш элдин баарына жагат. Ошол замат газеталарга ар кандай жолдоштук азилдер жана карикатуралар чыга баштайт.

Жел жетпестердин багелеги кең жашыл-саргыч шымдарын, такыр турмушта болбой тургандай ичке жеңи тар бешманттарын кийгизип тартылган сүрөттөр чыгат. Алардын мурундарын кичинекей кылып, үстүнкү эриндерин көргөн адамдын жүрөгү түшө тургандай узун кылып коюшкан. Газетанын ар бир санында жел жетпестердин турмушунан кандайдыр бир кызык аңгемелерди окууга болот. Ошолордун баарын эл абдан кызыгып окуй тургандыгын да айта кетүү керек. Газета окуучулардын айрымдарына жел жетпестердии кылык-жоруктары жөнүндө жазылган сүрөттөгү аңгемелерге абдан кызыкчу, анткени алар үчүн газетадагы окуя абдан күлкүлүү болчу.

Ушундай туш-туш жактан болгон шылдыңдарга карабастан жел жетпестердин саны азайган жок. Маселенин негизгиси кортогойлордун жашыл-саргыч шымдары менен жеңи тар бешманттарды кийип жүрүшүндө эмес эле. Негизги маселе алардын улам башка түргө өзгөртүп түрдүү-түрдүү жоруктарды чыгарып, жел жетпестердин амалданышында эле. Мурда кандайдыр бир жаман иштерди иштөө башына да келбеген көп кортогойлор азыр үйдүн бешинчи кабатында туруп, кимдир бирөөнүн башына кадимкидей эле түкүрүп жиберчү болду. Алар муну кандайдыр бир чукугандай табылган акыл катары эсептешти. Айрымдары китепканадан алган китептеринин барактарын айрып кагаз көгүчкөн жасашат. Алар айрым барактары айрылгандан кийин ал китеп окуганга жарабай кала тургандыгын эстерине да алышчу эмес. Атүгүл чекеге чертмей ойноону өтө жакшы көргөн-

дөр да чыкты. Ал гана эмес, чекеге чертишмейден өтүшүп, андан эти катуу ооруй турган оюндарга өтүштү. Алар оболу бир жолу шилиге муштоонун ордуна беш жолу жаакка чаап жиберүү же он жолу чекеге чертүү менен алмаштырып ойноочу болушту. Ар бир уттуруп жибергени утуп алганга он жолу чекеге черткендин ордуна бир жолу жаакка чабууга же беш муштоого, же шилиге эки жолу коюп жиберүүгө алмаштырыш үчүн укуктуу болчу.

Жалпысынан алганда жел жетпестер биз жогоруда айткандай башкалардын баарына, өздөрүнөн башка кортогойлорго бүт оңтойсуз жаман иштер болуп турганын жакшы көргөн немелер эле. Айрым жел жетпестер шаарда жашоочу кортогойлордун көпчүлүгүн бир мезгилде кандайдыр бир жаман абалда калтырууну иштей албагандыгына көздөрү жетип, көчөдө ар башка нерсеге алагды болуп жүрүүнүн ордуна кортогойлор эл көп жашаган чоң үйлөргө кирип тополоң түшүрүүнү эңсеп калышты. Бул эңсөөнү бир нече жел жетпестер чогулуп алып, концерт берчү залга келишип эл көп чогулгандан кийин күүгө келбей турган жана бузулуп калган музыкакалык инструменттер аркылуу концерт бермекчи болушат. Алардын музыкасы ушунчалык жапайы мүнөздө болгондуктан, эч кандай кулак чыдап уга алган жок. Бирок жел жетпестер ал



музыкасын эң жаңы модадагы какофрния деп аталган музыка деген сөздөрдү таратышты.

Бул какофония бүт шаарга тарап кетти да, көп узабай эле бузулган жана сынган инструменттерде ойноочу дагы бир нече оркестрлер пайда болду. Бул учурда „Ветрофон» деген какофондук оркестр эң жакшы модада деп эсептелчү. Ал анча көп эмес, бар болгону он чакты гана кортогойлордон турчу. Ал кортогойлордун бирөө консерва калайын койгуласа, экинчиси ырдайт, үчүнчүсү чыйылдайт, төртүнчүсү чыңырат, бешинчиси коркулдайт, алтынчысы мыёолойт, жетинчиси бакача чардайт, калгандары башка-башка үндөрдү чыгарып, көмөч казандын сыртын койгулашат.

Музыканы жакшы көргөндөр бул модалуу оркестрдин концертине келип, кулагы тунганча угуп отурушуп, үйүнө келишчү да, бул дүйнөдөгү какофония, ветрофониянын баарын каргап шилеп, ал тургай өзүнүн жашап жүргөнүнөн да аша кечишчү.

Театр да жаңы таасирден качкан жок. Булардын баарына моданын зор таасир тийгизгенин айта кетиш керек. Көрүнүктүү театрлардын режиссёрлорунун бири далысы кең бешмант, жашыл саргыч шым, үкү тагылган чаар топу кийип модаланып чыгып; театр музей эмес, ал турмуштан артта калбоо керек, турмуш азыр кадимкидей болбой турган учурда театрды да бардык жагынан баш-аягы кылып өзгөртүш керек деп калды. Эгер мурда көрүүчүлөр залда, артисттер сахнада болушса, азыр анын тескерисинче, көрүүчүлөр сахнада, артисттер залда болууга тийиш. Бул режисёрдун аты Даанабай болчу, ал өзүнүн театрын так ушул айтканындай өзгөрттү. Сахнага отургучтарды коюп көрүүчүлөрдү отургузду, бирок, көрүүчүлөр көп болгондуктан сахнага батпай калгандардын баарын залга жайгаштырып, актёрлорду ошол элдин ортосунда туруп ойноого аргасыз. кылды.

— Бул кызыктын-кызыгы болот!—деп кубана сүйлөдү Даанабай.—Мурда көрүүчүлөр өздөрүнчө отуруп, актёрлор



өздөрүнчө ойноочу эле, азыр болсо актёрлордун баары түз эле көрүүчүлөрдүн ортосуида болот.

Албетте, эч бир актёр элдин арасында жүрүп, өзүнүн жүзүн элдин баары көрүп тургандай кыймылда боло алган жок. Бирөөлөрүнө актёрдун бети гана көрүнсө, калгандарына артистин шилиси гана көрүнүп калды. Декарация иши да таптакыр жаман болду. Айрым көрүүчүлөр актёрлорду жана декарацияны көрсө, айрым керүүчүлөр ал экөөнү тең көрбөй калып жатты, анткени декарация аларды карай, тескери айланып көрүнгөнү аз келгенсип, актёрлорду да каптап калчу. Оюн жүрүп жатканда ушундай кызыксыз иш болбосун үчүн режисёр Даанабай бир нече актёрлорго оюн жүрүп жатканда залды аралай чуркап, көрүүчүлөргө ар түрдүү түстөрдөгү таарындыларды чачып, шалдырактар жана жел толтурулган шарчалар менен отургандарды башка койгулап турууну сунуш кылат.

Бул театрдын кылыгы элге анча жага берген жок, бирок режисёр Даанабай так ушундайы жакшы деген жыйынтыкка келди. Анткени дейт ал мурда көрүүчүлөргө жаккан спетакль жакшы деп эсептелсе, азыр бардык иш тескерисинче болуп калган учурда, эч бир көрүүчүгө жакпай калган спектаклди жакшы деп эсептөө керек дейт. Мындай аныктама эч кимди ынандыра алган жок, көп учурларда көрүүчүлөр спектаклдин аягына чыга электе эле кетип калышчу болду. Бул көрүнүш режисёр Даанабайдын тынчын алып, көңүлүн өйүгөн жок. Ал кандайдыр бир башка нерсени ойлоп чыгаргандан кийин көрүүчүлөрдүн баары ал жаңылыкка кызыгып, мык менен кагып койгон немедей болуп отурушат деди. Чындыгында эле ал жаңылыкты ойлоп тапты да, спектакль башталардын

алдында отургучтардын баарына көрүүчүлөрдүн эч кимиси туруп кете албагандай кылып, чайыр шыбатып салды. Бул чоң жардам деди, бирок бир гана жолу ушундай болду, андан кийин Даанабайдын театрына ушул күнгө чейин эч ким барбай коюшту.

Билбесбек, Седепкан жана Чамбылбек адегенде Күнөстүү шаарда болгон өзгөрүүлөрдү байкашкан жок, анткени алар күнү бою парктын ичинде жүрүшчү, анда билинерлик өзгөрүүлөр боло элек эле. Бирок көп узабай эле жел жетпестер ал жерге да барышты. Алар адегенде паркка келгендерди жөөлөй басып, аларга оозуна келген жаман аттарды коюп, колуна тийген таш же баткактар менен көрүнгөндү ургулашып, кандайдыр бир жаман ырларды уккулуксуз үндөрү менен ырдашып, парктын аллеяларында жүрө беришчү болду. Алар Суулуу шаарчадагы жел үйлөтүп койгон резина кайыктардын баарын ийне менен сайгылашып, Шахматтык шаарчадагы шахмат автоматтардын баарын сындырышты.

Кылт эткен жаман иштердин баарын дароо сезе коюучу Седепкан бул парктын ичинде ушундай жаман элдердин бардыгын эмне үчүн мурдатан сезбей жүргөндүгүнө абдан таң калды.

— Мындан ары бул жерге келбей эле коёлу,— деди ал Билбесбек менен Чамбылбекке.— Мындан көрөкчө мурункубуздай көчөдө сейилдеп жүрө берели.

Алар сейилдеп көчөлөрдө жүрүштү да, ошол замат шаардын турмушунун езгөргөндүгүн байкашты. Азыр кубанычтуу шайыр мүнөздө жүргөн элди анда-санда гана көрүүгө болот. Элдин баары ууру кылып жүргөн немедей элтеңдешип, бирдемеден качып бараткансып алаңдашып, туш-туш жагын улам-улам карашат, корко тургандай учур, анткени кадам сайын кимдир бирөө бурчтан чыга калып, жел жетпестердин тмашасына батып, жыга түртүп кетиши мүмкүн, же болбосо түкүрүп, кружка менен сууну чачып жибериши, же болбосо арт

жагыңдан аңдый басып келип, күтүлбөгөн жерден кулагыңды жара кыйкырып, же андан да жаманыраак оюнун баштап, тээп, же шилиге муштап жибериши да мүмкүн.

Азыр бул шаарда мурдагыдай шайыр шандуу кыймыл көрүнбөйт. Жөө жүргөндөр эң эле аз. Таза аба жутуп же кандайдыр бир таанышы менен сүйлөшүп токтоп турган адам көрүнбөйт. Ар бир кетип бараткан киши көчөдөн билинбей өтүп, тезирээк үйүмө жетсем экен деп шашылат. Тамашага кызыккан кандайдыр бир жел жетпестер келип, акмак кылып кетүүдөн корккондуктан элдин көбү ашканадан тамак да ичпей калышты. Элдин көбү эртең мененки, түшкү жана кечки тамактарын ашкана лифти аркылуу үйүнө алып, тынч отуруп тамактанууну жакшы көрүп калышты. Көпчүлүгү какофондук музыкадан жана башка жел үйлөтүлгөн шарчалар менен койгулоочу залы бар оюндардан же отургучтарына чайыр сүйкөп койгондон коркушуп, театрларга жана концерттерге да барбай калышты.

Күнөстүү шаарда жашоо мурункусундай кызык болбой калды. Ушундан көп узабай эле чоң бир окуя болду, биздин саякатчыларыбыз Гүлстан шаарына кайра кетишмек болушту. Бир жолу алар дарыянын жээгинде сейилдеп жүрүшкөндө, Чамбылбек жел үйлөтүлгөн кайыкка түшүүнү сунуш кылды. Ошентип алар кайык берчү пристанга келишет да, бир кайыкты тандап алышып, дарыянын ортосуна чейин сүзүп барышат, так мына ушул учурда кандайдыр бир жел жетпес алардын артынан акырын сүзүп келип, төөнөгүч менен тигилердин кайыгын сайып өтөт. Резина кайыктын жели чыгып, биздин саякатчыларыбыз чөгө баштайт. Албетте, аларды көргөндөр аман алып калышты, бирок үчөө тең абдан суу болушту.



Алардын кырсыктуу

иштери ушуну менен гана бүткөн жок. Алар кечинде каадасынча театрга барышты. Ошол күнү жаңы модадагы синтетикалык деп аталган спектакль болмок эле. Бул спектаклде концерттик жана театралдык искусствонун эң жаңы жетишкендиктери чогуу бириккендиктен синтетикалык спектакль деп аталган эле. Какофондук деген чоң оркестр өзүнүн угуучуларын музыкасы менен азапка салса, буга кошумча декарациялуу узакка созулган оюндар коюлчу да, декарацияларына эч бир адам түшүнбөгөн сүрөттөр тартылган актёрлору дегеле бир түшүнүксүз нерселердин ролун аткарып, көрүүчүлөргө таарындылар чачылып, шалдырактар жана жел толтурулган шарчалар менен башка койгулаганы менен айырмаланчу.

Билбесбек, Седепкан жана Чамбылбек таарындыларды чачканга, жел толтулурган шарчалар менен башка койгулаганга унчукпай отура беришти, анткени алар мунсуз театр болбой калгандыгын билишчү. Бирок андан ары да режисёрдук жаңы кылыктар башталып, алар мурда көрө элек окуялар болду. Ал окуялардын бири мындай эле: көшөгөлөрдүн арасында болгон дем алууларда көрчү залдын жарыгын жакчу эмес. Бирок муну дайыма эле жасашчу, анын тескерисинче, таптакыр өчүрүп салышчу, мына ушунун негизинде көрүүчүлөр антрак убагында көзгө сайса көрүнгүс караңгылыкта отурууга аргасыз болушкан. Мынакей, биринчи көшөгөдөн кийин залдагы жарык өчтү. Кимдир бирөө жердеги таарындыларды чогултуп ууштап алып, Седепкандын мойнуна салды. Ушул эле мезгилде Билбесбекке да ушундай кылды. Ал эми Чамбылбектин мойнуна кимдир бирөө муздак суу куюп жиберди. Караңгы болгондуктан кимдин минткенин эч ким көрө алган жок. Седепкан, Билбесбек жана Чамбылбектер мындай жаман мамилеге таарынышты да, театрдан кетип калууну туура табышты. Бирок туралы дегенде отургучтарга жабышып калгандарын сезишти. Күч менен жулунуп жатышып отургучтарынан бошонушту да, эшикти кездөй жөнөштү, алар

театрдан чыгып бараткаида Седепкандын чачынан кимдир бирөө тартып калды да, буга кошумчалап салмактуу муштум анын желкесине келип тийди.

## Жыйырма сегизинча глава
## ПРОФЕССОР КИБИРБЕКТИН АЧУУЛАРЫ

Ушулардын баары, чынын айтканда, Седепкандын чыдамкайлыгын жеңип жадатып жиберди, жолдоштору менен мейманканага келгенден кийин ал мындайча сөз баштады:

— Үйгө кете турган мезгил жетти. Эми мындан ары Күнөстүү шаарда тургум келбейт!

— Мен дагы бул абдан жаман Күнөстүү шаарда жашагым келбейт! — Чамбылбек тиги кыздын сөзүн жактай сүйлөдү.— Мен эмне, булардын мойнума муздак суу куйганына таңсык болуп жүрүптүрмүнбү!

— Болуптур эмесе, достор,— Билбесбек да алардын оюна макул болду.— Бүгүн кеч болуп калды, эртең менен кайра жөнөп кетсек болот. Азыр, Чамбылбек, сен экөөбүз баягы биз келип түшкөн жерге таштаган машинабызды издеп келебиз.

Билбесбек менен Чамбылбек өздөрүнүн машинасын издегени кетишти. Седепкан болсо бурчтагы кичинекей столго отуруп алып электр жарыгын күйгүздү да, газета окуй баштап, аны таң атканча окуп бүтө албай койду.

Ошол учурда көп газеталар милиционерлердин жел жетпестер менен жакшы күрөшө албагандыгын, аларга абдан жумшактык кылып жаткандыгын, мына ушундан улам жел жетпестер өздөрүн күнөөсүз киши катары эсептешип, көп тартипсиздиктерди кылып жатышкандарын жазып турушчу.

Мына ушундай бир макаланы окугандан кийин Седепкан газетасын тигиндей алып койду да, ошо замат: «Профессор Кибирбектин жел жетпестер деген кимдер, алар кайдан чыгышты жана алар менен кандайча күрөүү керек экендиги

жөнүндөгү аңгеме» деген макаласы көзүнө чалына түшөт. Профессор Кибирбек өзүнүн макаласында мына буларды жазган эле.

«Бир жолу мен зоопаркта сейилдеп жүрүп, абдан таң каларлык жаратылыштын өзгөрүлүшүн көрдүм. Менин көзүмчө темир тордун ары жагында турган кадимки эле эшек кортогойго айланып калды. Бул таң каларлык окуя мени эсимден тандырып салгандыктан, мен көз ирмемче, селейип туруп калдым. Ошондой болгону менен андан ары эмне болгонун мен абдан жакшылап карап туруп, эсиме тутуп калдым. Мисалы үчүн: темир тордун жанында ошол учурда эки бала турган эле. Анын бирөө сары шымчан, экинчиси чачылуу чаар топучан болчу. Сары шымчаны колуна кичинекей бир таякча кармап турган. Ал ошол эшектин тумшугуна жакын туруп алып, ал айбандын кыжырын келтиргенсип таякча менен булгалап жаткан. Буга жооп иретинде кортогойго айланып калган эшек, тиги кыжырлантып жаткан баланы чекеге черткенде ал тигинден ары секирип кеткен. Ушундан кийин эшектен кортогойго айланып калган неме темир тордун сыртына секирип түшүп, качып бараткан эки баланын артынан кууп кеткен. Мен эшектен кортогойго айланып калган кишиге илимий байкоо жүргүзүү үчүн алардын артынан кууп жөнөдүм, бирок чуркап баратканда ансыз эчтеке көрө албай калчу көз айнегимди жоготуп жибердим. Мен көз айнегимди таап алганча тиги эки бала менен мурунку эшек кортогой, кандайдыр жок болуп кетишти да, ошондон кийин аларды мен кезиктире албай калдым. Ошондой болсо да эшектен кортогойго айланган неменин кийгени багелеги кең жашыл-саргыч шым жана жеңи тар бешмант, чачылуу чаар топу экендигин эсиме бекем тутуп калдым.

Үйгө келгенден кийин болгон окуя жөнүндө ойлоно баштадым, акыры бул жөн гана менин көзүмө көрүнгөн нерсе го деген жыйынтыкка келдим. Бирок бир нече күн өткөндөн

кийин баягы эшектен кортогойго айланганга абдан окшош кортогойду кездештирип жүрдүм. Ал кортогойлор көп узабай эле жел жетпестер деген атка конушту. Алар көчөлөрдө хулигандык кылып, өткөндөрдү жөн койбой кыжырына тийип, жеткен жапайылык иштерди кылып, жалпысынан алганда алар кадимки кортогойлордой жүрүш-туруштан четтеп кетишти. Мына ушул себептүү мен ал кортогойлор кадимки кортогойлор эмес экен деген жыйынтыкка келдим. Алар бир кездеги эшектер, башкача айтканда, эшектен кортогойго айлангандар.



Мен өзүмдүн тапкан жаңылыгымды газетага жарыялоо үчүн такыр шашылган жокмун, аиткени мен эмне үчүн биздин шаарда ушунча көп жел жетпестердин пайда болуп калышын түшүндүрө алган жокмун. Эгерде ар бир жел жетпес мурунку эшек десем, анда мынча көп эшек бизге кайдан келип калды деген суроо түшүнүксүз калат. Биздеги эшектер жалгыз гана зоопаркта экендиги мага белгилүү болчу. Ошондуктан мен зоопарктын кызматкерлерине кайрылып, зоопаркта бар болгону үч гана эшек экендигин жана ал үчөө тең эмнегедир жок болуп кеткендигин билдим. Эшектердин бул дайынсыз жок болуп кетиши менин эшектен кортогойго айлангандар кадимки жел жетпестер экен деген болжолдоомду аныктады, ошондой болгону менен башка жел жетпестер кайдан пайда болгону түшүнүксүз бойдон кала берди.

Бул суроого жооп табуу үчүн мен бир нече күндөр бою башымды катырганым менен эч кандай жыйынтык чыккан жок. Акыры бул ишке бир окуя жардам берип кетти. Мен жашаган үйгө мени менен коңшулаш Көкүлбек деген бир кортогой турат. Мен бул Көкүлбекти жакшы билем жана өзү менен да абдан таанышмын. Ал дайыма тартиптүү жүргөн, эч убакта

тентектик кылбаган, эч кимге орой сүйлөбөгөн, жалпысынан алганда эч бир жаман ишке барбаган үлгүлүү бала болчу! Мына ушул Көкүлбек жел жетпес болуп кеткениие менин кандай таң калганымды элестей албассыңар. Ал кең багелек жашыл-саргыч шымды, жеңи тар бешмантты кийип алып, көчөлөрдө хулигандык, тартипсиз иштерди кылып, өткөндөрдүн бирине да тийишпей койбогон мүнөз күтүп кетти. Эгер мен Көкүлбекти өзүм таанибаган болсом, анда эшекке окшогон айбан гана жел жетпес боло алат деп ойлошум мүмкүн эле, бирок азыр мага кадимки эле жөнөкөй кортогой жел жетпес болуп кетери түшүнүктүү болду.

Мен өзүмдүн илимий байкоомду андан ары жүргүзүү менен жел жетпестердин эки сорту бар экенин аныктадым. Биринчи сорттогу жел жетпестерге же болбосо жапайы жел жетпестерге — буларга эшектен кортогойго айланып калгандар кирет. Экинчи сорттогу жел жетпестер же болбосо үйдө жашаган жел жетпестер, булар кадимки эле кортогойлордун өзү. Жапайы жел жетпестердин түпкү тегиндей эле акыл-эси жок болгондуктан, аларга эч кандай тарбиялоо иштери таасир кылбайт. Ошондуктан аларды канчалык үйрөтсө да, окутса да жел жетпестер бойдон калат. Үйдө жашаган жел жетпестер болсо аларга караганда бир далайы акылдуу, эстүү, бирок алардын мүнөзү эң эле жеңил, ошондуктан алар жаманды да, жакшыны да эң эле тез кабыл алышат. Жапайы жел жетпестерге тарбия иши такыр таасирэтпегендиктен, аларды кайра эшекке айландырыш керек.

Мына ошондо үйдө жашаган жел жетпестер жаман иштерди иштегендерди көрбөгөндүктөн унуткарылып, кайрадан жакшы кортогойлорго айланышат. Ошондо гана шаарыбызда кадимкидей жакшы турмуш башталат. Ошондо гана эч ким сизди урбайт, түртпөйт, тиштебейт, суу чачпайт. Театрларда бардык иштерин баш-аягы кылбай, отургучтарына чайырды шыбабай калышат. Концерттерге чочконун чыйылдаганын-

дай, иттердин үргөнүндөй, бакалардын чардаганындай болгон музыкаларды угат экемин деп коркушпай эле барышат. Жалпысынан алганда баары жакшы болот. Азыр биз ындыныбызды өчүрбөстөн эле, биздин илимибиз жапайы жел жетпестерди эшекке айландырчу жолду батыраак табышын каалайбыз.

Профессор Кибирбек газета окуучулардын ындынын өчүрбөөгө чакырганына карабастан, Седепкандын ындыны өчүп калды. Бул макаланы окугандан кийин бул иштин баарына, эшекти кортогойго айландырган Билбесбек күнөөлүү экендигине Седепкандын толук көзү жетти. Албетте Седепкан бул ишке өзүн да күнөөлүү деп эсептеди, анткени ал Билбесбекке көз салбай койгондуктан мына ушунчалык жаман иштер болуп кетти. Токтоо, жоош, атүгүл чымындын да тынчын алууга ниеттенбеген Седепкан ушунчалык катуу ачууланып кеткендиктен, Билбесбекти былчылдатып сабап жиберүүгө да даяр болуп калды.

— Жакшы болду, ал келсин! — деп Седепкан кыйкыра сүйлөп, муштумдарын бекем түйдү.— Ал келсин! Эшектерди кортогойго айландырганын мен ага жакшылап туруп көрсөтөйүн. Мунун сыйкырчылыгын көрсөң ой!

Бирок Билбесбек менен Чамбылбек келишпеди. Седепкан тынчсызданып, атүгүл аларды издеп жөнөгүсү келди, бирок так ушул учурда ал газетадан дагы бир макаланы көрө коюп абдан кызыгып кетти. Ал Билбесбек менен Чамбылбекти эсинен чыгарып, окуй баштады. Анын окугандары мына булар эле:

«Газета окуучулардын көбү Жалбыракбектин табышмактуу жоголгонун жакшы билишет. Аны көпкө чейин издешкени менен такыр табылган жок. Азыр ал жоголгонду.эч ким издебей калды, бир гана Топчукан деген кыз аны табамын деп ишенип жүрөт. Бул окуяны абдан ачык кылып көрсөтө турган маалыматтар газетага келди. Жалбыракбек жок болуп

кеткен күнү Чыгыш көчөсү менен Штанбек деген кортогой кетип баратат. Бисквитин көчөсүнүн бурчунан көп алыс эмес жерде кандайдыр бир китеп тротуарда жатканын Штанбек байкап калат. Штанбек аны алып, „Эң сонун каздын балапаны Яшкинин укмуштуу окуялары» экендигин көрөт. Ал китепте китепкананын штампы бар экен. Ошондуктан Штанбек бул китепти кимдир бирөө китепканадан алып, үйүнө баратып жоготсо керек деген ойго келет. Ал штамптан китепкананын адресин окуп алат да, Штанбек ошол адрес боюнча китепти алып барып бериш үчүн жөнөйт. Бирок ал күнү кеч болуп калгандыктан, китепкана жабылып калыптыр. Ошентип Штанбек китепти эртең алпарып берейин деп үйүнө көтөрө келет. Үйүнө келгенден кийин ал китепти окуп көрөт да, жагып калгандан кийин муну бүт окуп бүткөндөн кийин китепканага алпарып берейин дейт.

Штанбек китеп окууга анча кызыкпаган окуучу болгондон кийин, ал ар күнү азыраак гана, башкача айтканда, бир главадан гана окуп журүп, көп убакытка чейин созулуп кетет. Ошентип ал китеп өзүнүкү эмес, китепкананыкы экендигин унута баштайт. Ошондой болгону менен окуп бүткөндөн кийин китепти алпарып берүү керек экендиги эсине түшөт.

Акыры Штанбек китепканага келип, китепканачыга бул китепти көчөдөн таап алгандыгын айтат. Китепканачы тизмесин карайт да, бул „Эң сонун каздын балапаны Яшкинин укмуштуу окуялары» деген китеп Жалбыракбек деген балага берилгендигин таап алат. Көрсө ал ошо бала жоголгон күнү берилиптир.

Ошентип Жалбыракбек китепканадан китеп алып, Чыгыш көчөсү менен жүрүп отуруп, өзүнүн үйүнөн анча алыс эмес жерге жоготкондугу далилденет. Балким Жалбыракбек дагы милиционер Ышкырыкбектикине окшогон окуяга учурап, балким ал башка ат менен башка бир жерде жашап жүргөндүр.

Биз дагы бир жолу Жалбыракбектин жүргөн-турганын

көргөн-билген кишилер биздин газетабыздын редакциясына билдиришин суранабыз.

Макаланы аягына чейин окуп чыккан Седепкан катуу ойлонуп калды да, акыры өзү менен өзү сүйлөштү:

— Эмне шумдук болуп жатат? Демек, Билбесбек мага Жалбыракбекти кайра кортогойго айландырдым деп мага калп айткан экен го. Кеп жок, бул жагы жакшы иш!

Мына ушул учурда Билбесбек менен Чамбылбек келип калды.

— Бардыгы жайында! — Кубанганынан тамылжып алган Билбесбек кыйкыра сүйлөдү.

— Биздин машинабыз табылды. Биз аны мейманкананын маңдайына, көчөгө койдук. Эми эртең жөнөп кетсек болот.

— Сен кайда кеткени камынып жатасың?—Седепкан кабагын чытый сүйлөдү.

— Кайда дегениң кандай, үйгө, Гүлстан шаарына. Биз ошондой макулдашпадык беле...

— «Макулдашпадык беле» деп коёт тура!—Седепкан анын кыжырын келтире айтты.—Бул жерде бардык ишти былгытып салат! Бут шаардыктардын жакшынакай турмушун бузат да, анан кетем дейт тура!

Билбесбек аны акырая карады:

—Мен эмнени былгытыптырмын? Кимдин турмушун бузуптурмун?

— Кимдин турмушун бузганыңды билбегенсип каласың! Эч кимге тынчтык бербеген жел жетпестерди сенин оюңча ким чыгарды деп ойлойсуң?

—Кимдин?— Эч нерсеге түшүнбөгөн Билбесбек андан кайра сурады.

— Сенин!

— Мениnби?! — Таң калган Билбесбек оозун ачып эле калды.

— Бул жерде ооз ачып калуунун эч кандай кажатчылыгы

жок! — Седепкан ачуулана кетти. — Андан көрө мына бу газетаны жакшылап окуп чык.

Билбесбек газетаны шашыла колуна алып, столго отурду да, окуп кирди. Чамбылбек анын артынан келип, Билбесбектин ийнинен артыла газетаны тиктеп калды.

—Мына тамаша!—деп күлдү ал.—Бул профессор Кибирбек турбайбы, албетте ал эшектер камалуу турган темир тордун жанынан бизди көргөн. Бирок ал Билбесбектин колундагы таякча сыйкырдуу экенин билбей калгандыктан, тигил эшек өзүнөн өзү эле кортогойго айланган деп ойлосо керек.

— Ошончо эле танты! — Билбесбек ачуулана жооп берди.— Сенсиз эле баары түшүнүктүү болду.

Профессор Кибирбектин макаласын аягына чейин окуп чыккандан кийин, жанына батканына чыдабай үшкүрүп жиберди да, күнөөлүү кишиче Седепканды жалдырап тиктеп, беш манжасы менен шилисин тырмагылап калды.

— Мына менин кылганымды көрсөңөр! — деди ал кайгылана.

— Ушуну менен эле бүтүп калбайт! — Седепкан кайра дагы кабагын чытыды.— Сен Жалбыракбек жөнүндө дагы окуп чык.

— Кайсы Жалбыракбек жөнүндө?

— Оку, оку! Билбеген кишидей болуп каласың да?

Билбесбек Жалбыракбек жөнүндөгү макаланы дагы газетадан окуй баштады. Чамбылбек дагы баягысындай анын арт жагынан келип ийнинен артыла карады.

— Демек Билбесбек Жалбыракбектин ордуна башка эле бир эшекти кортогойго айландырган турбайбы. Андан кийин дагы эки эшекти кортогойго айландырганы менен Жалбыракбек эшек бойдон калган экен! — деп Чамбылбек күлкүсүн токтото албай солкулдап кетти.

— Балаа ба-ас! — Билбесбек макаланы окуп чыккандан кийин ушинтип таң калды.— Кандай балакет болгондугун көрчү! Эми эмне кылыш керек?

— Эмне дейсиң? — Седепкан ачуулана кайра сурады.— Биринчиден тез аранын ичинде Жалбыракбекти кортогойго айландырыш керек. Байкуш Топчукан такыр куураган турбайбы. Экинчиден, сен жаңылыштан кортогойго айландырган үч эшекти тең кайра эшекке айландыруун керек.

— Туура айтасың! — Билбесбек кубаттай сүйлөдү.— Эртең эртең менен зоопаркка барабыз да, ал жерден Жалбыракбекти издеп табабыз. Ал тиги үч эшектин ичинде болбогондон кийин, демек дагы бир жерде эшек болушу керек. Мен кортогойго айландырган чыныгы үч эшекти кайдан табыш керек? Менимче бул баарынан кыйыныраак болор.

— Чочулаба! — Седепкан катаалдана сүйлөдү.— Аларды тапмайынча шаарды кыдырып жүрө беребиз.

— Шаарды кыдырып жүрө беребиз дегениң кандай? — Чамбылбек таң калды.— Биз эртең кетебиз деп макулдашпадык беле.

— Кетүүнү бир аз токтотууга туура келет.

— Токтотууга туура келет дейсиңби? Балакет бас! — Чамбылбектин үрөйү учуп кетти.— Бул жерде мага мойнуман ылдый муздак суу куя беришине карабастан, токтоп тура берет экенмин да.

— Демек сенин оюңча жел жетпестер элдин баарын кыйнай бергени, Жалбыракбек өмүр бою эшек бойдон калышы жакшы экен го? Бизден башка ага эч ким жардам бере албайт. Эч кимде сыйкырчы таякчанын жок экендигин түшүнөсүңбү?

— Болуптур эмесе,— Чамбылбек колун шилтеп салды.— Өзүңөрдүн билгениңерди кыла бергиле, бирок менден оңой эле кутула коёт экенмин деп үмүттөнбөгүлө! Мени силер бул жерге алып келгенден кийин, силер мени кайра жеткиришиңер керек.

— Жеткиребиз. Ал жөнүндө тынчсызданбай эле кой,—деп жооп берди Билбесбек.

— Ооба, ооба! Мени кайсы жерден машиналарга салып алсаңар, ошол жерге алып барып түшүрүп коёсуңар, андан башкага келише бербейм!— деп Чамбылбек жатканы кетти.

## Жыйырма тогузунчу глава
## ЭСКИ ДОСТОР МЕНЕН КЕЗДЕШҮҮ

Ошол түнү Билбесбек көпкө чейин уктай алган жок. Анын абийри кайрадан суракка алды.

«Иштин ушундай болушуна мен күнөөлүү эмесмин да,— төшөгүндө чабалактап улам бир жамбашына которулуп жаткан Билбесбек ушинтип актанды.— Иштин баары ушундай жаман болуп кетээрин мен билген жокмун да».

«Эмне үчүн билген жоксуң? Сенин билишиң керек эле. А мен эмне үчүн баарын билем?»—деп кекетти абийир.

«Сен — сенсиң, мен менмин. Менин Билбесбек экенимди билбегенсип каласың да!»

«Кууланба, кууланба! — Абийир шылдыңдай сүйлөдү.— Сен бардыгын эң эле жакшы билесиң? Бирок сен эч нерсени билбеген жинди өңдөнүп анткорлоносуң».

«Мен дегеле анткорлонбойм! Анткорлонуунун мага эмне кереги бар?»

«Эмне кереги бар, өзүң билесиң да. Акылсыздан көп эч нерсени талап кылбайт эмеспи. Так мына ошондуктан жинди өңдөнүп, бардык күнөөдөн таза кутулгуң келет. Бирок тууганым, сен мени алдап кете албайсың! Мен сенин ошончо аша чапкан жинди эмес экениңди жакшынакай билем!»

«Жок, мен жиндимин!» — Билбесбек да өз оюна келгенин берген жок.

«Калп айтасың, сен өзүң да өзүңдү акылсыз деп эсептебейсиң. Сен өзүңдүн ойлогонуңдан да акылдуусуң. Сенин даамыңды мен эчак эле татыгамын, ошондуктан мени алдаймын деп убара болбой эле кой, баары бир ишенбеймин».

«Болуптур эмесе! — Билбесбек чыдамсыздана сүйлөдү.— Деги уктатчы. Эртең мен бардыгын оңдоп, жайына келтирем».

«Ошентип эле оңдогун, айланайын! — абийир ушинтип эркелете сүйлөдү.— Өзүң көрүп турбайсыңбы, баары тең жакшы болбой калды. Сенин азабыңдан канча кортогойлор азап чегип жатышат... Шаардын ичи ушунчалык жаман болуп кетти... Сен сыйкырдуу таякчаң менен бул шаарга келгенге чейин кандай сонун эле!»

«Болуптур, болуптур! Оңдоймун деп айткандан кийин сөзсүз оңдоймун, жакында баары кайрадан жакшы болот».

Абийир Билбесбекти кадимкисиндей акылына келтирдим го деп ишенди да, унчукпай калды.

Эртеси эртең менен Седепкан баарынан мурда ойгонду да, Билбесбек менен Чамбылбекти ойготту:

— Батыраак тургула, зоопаркка бара турган убагыңар болду.

Билбесбек шашыла кийинип жуунганы чыкты, Чамбылбек болсо убакытты өткөрүш үчүн, ошонун натыйжасында жуунбай кетүүгө аракеттенип, шашылбай кийинип жатты. Анткенин Седепкан сезе калып, аны жуунууга аргасыз кылды.

Акыры баары даяр болуп, үйдөн чыгып кетели деп жатышканда, кимдир бирөө эшикти каккылап калды да, үйгө Чакмакбек кирип келди. Анын башына кийгени адам күлө турган пластмассадан жасалган шляпасында узунча келген эки мүйүзчөсү бар экен, ал мүйүзчөлөрүнүн ортосунда буралган-буралган ичке зым тартылуу турат; кулагында радионаушник, көкүрөгүндө жалпак металл кутучаны кармап алыптыр. Ошондой эле дагы бир кутуча анын арка жагында жүрөт.

Чакмакбектин келишине Билбесбек, Седепкан жана Чамбылбек абдан кубанышты, алар биздикине эмне үчүн көптөн бери келбей жүрөсүң деп сурап калышты. Чакмакбек аларга бир жолу көчө менен келатканда кимдир бирөө муздак суу чачып жибергенден кийин ооруп калгандыгын айтты.

Ошондон бери төшөктө жатып, эми гана айыгып, басып жүргөн экен.



— Сиздин бул эмне деген шапкеңиз, мүйүзү да бар экен, бул кутучаларыңыз эмне?—деп сурады Билбесбек.

— Бул жаңыдан ойлоп чыгарылган нерсе, муну жөө жүрчүлөр алып жүрчү, жаңынын жаңысы болуп эсептелген жана абдан жакшыртылган радиолокатор, муну кыскартып, НУПРЛ деп коюшат. Азыр ар бир киши жел жетпестерден сактануу үчүн мына ушуларды алып жүрүшү керек.

— Мунун кандай таасири бар? — Билбесбек кызыга сурады.

— Эң эле жөнөкөй,— деп жооп берди Чакмакбек.— Бу алды жагындагы кутучада радиорупор бар экендигин көрүп турбайсыңбы.Бул рупордон басып бараткanda бардык радио толкундан нур чачырап турат. Эгерде алды жакта тротуарга туура коюлган жип же зым болсо, ал тоскоолдуктун толкуну буга таасир этет. Шапкедеги мүйүздөрдүн ортосундагы буралып-буралып кеткен ичке зым антеннаны көрүп турасыңарбы. Ал антенна ошол тоскоолдуктан кайра келген толкунду электр толкунуна айландырат, ал электр толкуну наушникке барып өз иретинде үн сигналын берет.

Көрүп турбайсыңарбы, абдан ыңгайлуу нерсе... Алды жагыңарда кандайдыр бир тоскоолдук болуп калса, аны силер сигнал аркылуу биле коёсуңар. Бул локатор тун ичинде туура тартылган жип же кандайдыр бир башка тоскоолдуктарды көз менен байкай албай турган учурда айрыкча пайдалуу нерсе.

— Арка жагыңыздагы рупор эмне үчүн керек? — деп дагы сурады Билбесбек.»

— Керек эмегендечи! Эң негизгиси ушул да! — деди Чакмакбек.

— Бул рупор радиосигналды арт жакка жиберет. Жел жетпестер арт жагында пайда болуп сизди чертип же желкеге муштагысы келсе же муздак суу куйгусу келсе, ошо замат дагы баягыдай сигнал угулат. Мынакей, кийип көргүлөчү.

Чакмакбек шапкесин алып, наушник менен эки кутучаны жана бардык жасалгаларды Билбесбекке кийгизди. Өзү обочо туруп колун алдынкы рупорду көздөй создү да:

— Мынакей, алды жагыңыздан кандайдыр бир тоскоолдук пайда болуп калды дейли. Сиз бирдемени угуп жатасызбы?

— Угуп жатам, бирөө чыйылдагандай болуп жатат,— деп жооп берди Билбесбек.

— Абдан туура! Сиз бип-бип-бип деген бат-бат кайталанган үн сигналын угуп жатасыз! Азыр мен сиздин арт жагыңыздан уурданып келип көрөйүн... Эмне угаар экенсиз?

— Ооба, ооба!—деп кыйкырды Билбесбек кайра дагы буп-буп-буп!— деп мурдагысынан жоонураак чыйылдай баштады.

— Туура, бул жолу сиз үн сигналынын төмөнкү басымдагысын уктуңуз. Бул айырмалуулук коркунуч сиздин алдыңыздабы же артыңыздабы муну айырмалап турат. Эгер сиз «бип-бип-бип» деген үндү уксаңыз, анда алды жакты байкап караш керек, эгерде «буп-буп-буп» дегенди уксаңыз тезирээк арт жагыңызды карашьщыз керек.

Бул приборго Седепкан да кызыккандыктан, Билбесбектен Седепканга, андан кийин Чамбылбекке кийгизилди. Алар дагы бир далай убакытка чейин угулган сигналга кунт коюп туруп калышты да, акырыида:

— Эмнеси бар экен, мунун чыйылдаганына эч кандай таң кала турган жери жок. Мен деле чыйылдай алам. Бир гана таң кала турган жери кайсы убакта “бип-бип-бип» деп, кайсы убакта «буп-буп-буп» деп чыйылдаганы болуп жатат.

— Ал түшүнүктүү нерсе,— деп Чакмакбек бардыгын башынан ылдый айтып берди.

Так ушул учурда дагы эшиктин тыкылдаганы угулду. Эшик ачылары менен кандайдыр бир эки толмоч жандык кысылыша үйгө киришти. Экөөнүн тең кийгени челектей болуп бултуйган өзүнчө эле бөлөк болуп, чыгып турган жеңдери бар пальто, баштарына кийгени тегерек шляпа, алар суунун түбүнө түшчүлөр кийчү скафандрга окшоп кетет.

Билбесбек ал таң каларлык сөлөкөттөрдү байкай карап туруп, Келепкан менен Ийикбек экенин тааныды.

— Булар кадимки эле Келепкан менен Ийикбек турбайбы! — Билбесбек кубангандыктан кыйкырып жиберди.— Силер эмне, дегеле башкача жасанып алгансыңар?

— Бул резиналаган ичине жел толтура турган пальто жана жел толтурулган резина шляпа, буларды биздин фабрика чыгарат. Сиз кечирип коюңуз, таяк менен бизди башка чапкылап көрүңүзчү! — деди Ийикбек ошо замат колунда кармап жүргөн таягын Билбесбектин колуна кармата коюп.

— Мен эмне үчүн силерди таяк менен башка чапмак элем? — Билбесбек таң калды.

— Чабыңыз, чабыңыз, коркпой эле коюңуз!

Билбесбек эч нерсеге түшүнбөй ийнин куушурду да, сунган таякты алып, акырын гана Ийикбекти башка таяк менен чаап койду.

— Катуураак эле чабыныз! Күчүнүздүн болушунча керилип туруп чаба бериңиз, кечириңиз, орой айтып жатсам! — деп Ийикбек үнүн көтөрүп койду.



Билбесбек алынын бардыгынча керилип туруп дагы

бир чапты. Кадимки жакшы үйлөтүлгөн автомобилдин дөңгөлөгүнө тийгендей болуп, таяк кайра ыргып кетти.

— Көрдүңүзбү, менин башым кенедей ооруп койгон жок! —Ийикбек үнүнүн болушунча кыйкырды.—Эми аркага чаап көрүңүзчү.

Билбесбек аны аркага чапты.

— Көрдүңүзбү, демек ооруган жок!—Ийикбек кубана сүйлөдү.—Мен эгер сиз кааласаңыз жыгылып да берем, эч жерим оорубайт.

Ийикбек күүлөнүп келип бир жыгылды эле, ошо замат резина топтон бетер кайра ыргып барып аягы менен туруп калды.

— Булардын эмне кереги бар? — Билбесбек түшүнө бербей андан сурады.

— Түшүнө бербей жатасыз го? Жел жетпестерден сактаныш үчүн,— деп Ийикбек жооп кайтарды.—Эми жел жетпестердин кимиси болсо да буту менен тээп, шилиге койгулай берсин, ал тургай суу чачсын, алардын баары мен үчүн эч канча коркунучтуу эмес.

— Бирок бул кийимдин дегеле эби-сыны жок экен, буларды кийип басып жүрүүгө болбойт да! — деди Седепкан.

— Мода боюнча тигилбей калгандыгынан жакшы көрүнбөй жатса керек,—деди Ийикбек.— Бул кийимдер модага киргенден кийин, минтип айтканымды кечирип коёсуз, жакшы тигилиптир деп бардыгы айтышат. Биздин магазиндердин көпчүлүгүндө мындай палтолор менен шляпалар сатылып жатат.

— Балким магазиндерде бар чыгар, бирок мен мындай жаман көрүнгөн кийимдерди кийип жүргөндөрдү көчөдөн көрө элекмии,— деди Седепкан.

— Эчтеке эмес, жакында көрөсүз,— деди Келепкан.— Ийнекан бизди бул шляпа менен палтону кийип алып көчөлөргө баскыла деп атайы эле сунуш кылды. Бүгүн биз ары-бери басып жүрөбүз, эртең бардыгы магазинди көздөй чуркашат да,

ушундай кийинүүгө шашылышат. Биз кийимдин жаңы түрүн чыгарганда ушундай жар чакырууларды көп пайдаланабыз.

Келепкан менен Ийикбек көчөлөрдө басуу үчүн жөнөгөндө, Чакмакбек мындай деди.

— Жел жетпестер ушунчалык абалга жеткирди ээ! Менимче ушул тултуйган палтолорду кийип жүргөндөн көрөкчө, локатор асынып жүргөн жакшыраак го! Бул тигилердикине караганда сыпайыраак.

Кайра дагы эшик тыкылдап, бөлмөнүн ичине инженер Кыпчыбек кирип келди. Үйдөгүлөрдүн баарынын үрөйү учуп кетти. Анын башы ак тайпы менен таңылуу экен. Эки чыканагы, эки тизеси да таңылуу, мойну менен ээгине пластыр желимдетип коюптур.

— Сиз эмне болдуңуз? — Седепкан чочулай сурады.— Сиз автомобилдин астында калдыңызбы?

— Ооба... жо-жок... Чынын айтканда, ооба,— Кыпчыбек чыдай албаганынан турган ордунан секире берип жооп кайтарды.

— Билсеңер, кандайдыр бир жел жетпес түн ичинде менин машинамдын пружиналуу өтүгүнүн бир бурамасын чыгарып таштаптыр. Мен аны байкабастан отурдум да, эртең менен айдап кете бердим. Автомобиль абдан катуу кетип бара жатканда бир жерден секирип өтүүгө туура келди. Эгер машина өтүгүнүн бардык төрт бурамасы тең жайында болгондо эч нерсе болбойт эле. Өтүктүн бир жагынын пружинасы жок болгондуктан, ошол жагынын жогору ыргышы кем болуп калды да, машина секиргенде бир жагымды көздөй кыйшайып кеткендиктен мен андан ыргып барып жолго түштүм. Андайды көргүлүк кылбасын! Мынакей, көргүлөчү: чекем, ээгим, тизелерим жана чыканактарым жарылып-жарылып кетти...

— Бул жел жетпестер эмнелерди кылган жок!— Чакмакбек боору ачый сүйлөдү.— Мага суу чачышса, мунун өтүгүнүн бурамасын чыгарып кетишкен тура!

— Булардан эч айла таап кутула албай калдык го! — Кыпчыбек тигини коштой сүйлөдү.— Мурда эч коркунучсуз эле машиналарды көчөгө калтыра берчү элек, эми көчөгө койсоң бир нерсесин чыгарып коёт, эгер көздөн далда болсо туш келди жакка айдап да кете беришет.

— Анткениңиз кандай, айдап кетишеби? —- Билбесбек түшүнө берген жок,

— Машинаңызга түшүп алып кете беришет. Жаткан эле айбандык! Жанагы милиционерлер эмнеге көз салып жүрүшкөнүн билбеймин! Мен болсом жел жетпестердин баарын камакка алат элем. Сары шым кийип жүргөндөрдүн кимиси колума тийсе да «муздаткычка »салып, оңолгонго чейин отургузуп коёт элем!

— Анткенде болбойт,— Чакмакбек каршы чыкты.— Мынакей, биздин Билбесбек да сары шым кийип жүрбөйбү. Муну эмнеге апарып камайт?

— Билбесбектин шымы кадимки шымдардан,— деди Кыпчыбек. Жел жетпестердин шымы сары да эмес, жашыл-саргыч.

— Ал кеп эмес!—Чакмакбек колун шилтеп койду.— Кортогойлордун кимиси болсо да же жашыл шымды кие алат. Андай шымды кийгераден эч ким жел жетпес болуп калбайт. Билсең азыр жел жетпестерди жакшынакай жүргөн кортогойлордон ажырата да албайсың. Жел жетпестер эл кийип жургөн кийимдерди эле кийишет да, эч ким билбей калгандай учурда акмакчылыктарын кыла беришет, акмактык кылалбай калганда, эң болбогондо алдайт, карганып туруп убадасын берсе да, аны эч качан аткарбай кете берет. Мисалы, мен Билбесбекке, Седепканга жана Чамбылбекке архитектор Дарбызбектин үйүн көрсөтөйүн деп убада кылгамын, ал эми ушул убакка чейин анын үйүн көрсөтө элекмин, демек мен сары шым кийип жүрбөсөм да жел жетпес экенмин да?

Чакмакбек менен Кыпчыбек кимди жел жетпес деп эсептеп,

кимди жел жетпес деп эсептебей тургандыгы жөнүндө талаша баштаганда Билбесбек сөзгө аралашты:

— Талашып-тартышпагыла, достор. Баары бир жакында жел жетпестердин баары жок болот.

— Анткениңиз кандай? Башкача айтканда, болбойт дейсизби? — Кыпчыбек ага таң калды.

— Жөпжөнөкөй эле. Жакында баары мурункусундай болот, көрөсүңөр!

— Оо, коюңузчу! — Кыпчыбек одоно түрдө колун шилтеп салды.—

Сиз газетадагы профессор Кибирбектин макаласын окуп чыккандыгыңыз көрүнүп турат. Ал кеп эмес! Эшектер кортогойлорго айланып калды дегендердин эч кайсынысына ишенбейм. Илим андай даражага али жете элек... Айткандай, илим жөнүндө эске түшкөнү жакшы болбодубу. Азыр биз Илим шаарчасына барабыз, мен силерди а жерден эки илимпоз кортогой менен тааныштырам. Алар Фуксийкан жана Балыккан дегендер. Фуксийкан биздин эң атактуу космография боюнча профессорубуз. Ал аял кышкы күндү ойлоп чыгарган. Биз дагы бир күн жасайбыз да кыштын күнү асманды көздөй коё беребиз, ошондо кышында да жайкыдай эле жылуу болот.

— Ал күн эмне деген күн? —Билбесбек кызыга сурады.

— Ошол аял силерге бардыгы жөнүндө айтып берет. Балыккан болсо ракета ойлоп чыгарыптыр, аны менен Айга учамын деп камынып жатат.. Аны жасап жатышат, аны да көрөсүңөр! Эгер силер Балыкканга жагып калсаңар, силерди Айга ала барат.

— Эми биздин ошонубуз гана жетпей турган эле! — Чакмакбек нааразы болду

— Булар сени менен бүгүн эч жакка барышпайт! Булар бүгүн мени менен Чыгармачылык көчөсүнө барышат. Мен буларга Дарбызбектин үйүн көрсөтөмүн деп убада бергениме көп болду.

— Сенин Дарбызбегиң буларга таңсык болуп туруптурбу! БуларДарбызбекке кызыкпастан, илимге кызыгышат.

— Силер бекер эле талашып-тартышып жатасыңар,— деди Седепкан.— Биз мунусу менен да, тигиси менен да эч жакка бара албайбыз, биз азыр зарыл түрдө зоопаркка барышыбыз керек.

— Анткениңер абдан жакшы! — деди Чакмакбек.— Адегенде үйдү көрөсүңөр да, андан кийин зоопаркка киресиңер, анткени алар бири-бири менен жанаша турушат... Кана эмесе, жүргүлө! — Чакмакбек абдан ынтызарлана чакырып калды.— Силер мага барабыз дебедиңер беле?!

— Эми эмне кылабыз? Биздин убада кылганыбыз чын,— деди Седепкан.— Жүргүлө, эмесе, эгер ал экөө чын эле жанаша болсо баралы.

— Жанаша-жанаша, а жөнүндө күмөндөнбөй эле коюңуз!— Кыпчыбек отурган ордунан тура калып сүйлөдү.— Баарыбыз чогуу барабыз. Мен силерди өзүмдүн машинам менен жеткизип коём.

— Эки-үч мүнөттөн кийин бардыгы көчөгө чыгышты. Чамбылбек Кыпчыбектин машинасын көрө коюп, көзү-башын таңган машинанын ээсин бир карап алып мындай деди:

Бул машинага түшкөнчө түшпөй эле койгон жакшы. Бул бүргөдөн бетер секире берет да, бир кезде оңко-чоңкосунан кетет. Мен жибек курттан бетер аягыман башыма чейин ак тайпыга оролул жүрүүнү анча деле каалабайм.

— Тынчтаныңыз,— деп жооп кайтарды Кыпчыбек.— Менин машинам мындан ары секире албайт. Менин бир өтүгүмдү уурдап кеткендиктен калган үч өтүктү чыгарып таштоого туура келди.

Чамбылбек тынчтанып калганы менен арт жагына барып, Билбесбек менен Седепкандын катарына отурду, а Чакмакбек болсо Кыпчыбек менен жанаша алды жагына отурду.

Өзүнүн көнүмүшү боюнча Кыпчыбек дароо эле төртүнчү

ылдамдыкка салгандыктан, машина аябай ылдам жүрүп кетти да, отургандардын баары тең дем алыша албай калышты.

Чакмакбектин көзү карацгылай түшкөндүктөн, алардын керектүү жакты көздөй кетип баратпагандыгын көрө албай калды. Акырындык менен ал эсин жыйды да, туш-туш жагын байкай карап туруп мындай деди:

— Ай, Кыпчыбек, биз кайсы жакка баратабыз?

— Кайсы жакка дегениң кандай? Бизге керек жакка бара жатабыз?

— Бизге эмне, сен ойлогон жак керек болуп калыптырбы?

— Илимий шаарчага.

— Эмне дейсиң? — Чакмакбек ушинтип кыйкырып жиберди.— Бул тартипсиздик! Биз чыгармачылык көчөсүнө барабыз деп макулдашпадык беле! Машинаңды азыр кайра бургун!

— Эмне үчүн кайра бурам? Биз бир аздан кийин жетебиз.

— А мен сага кайра бургун деп айтып жатпаймынбы!

Чакмакбек автомобилди бурчу тегерек туткага асылып, аны кайрыш үчүн аракеттенди, бирок Кыпчыбек анын аракетине мүмкүндүк берген жок. Автомобиль жолдун бир тыягына бир быягына чыгып баратып тротуарды көздөй учуп кетти. Эгер Кыпчыбек өз убагында тормозду бербеген болсо, газета сатылчу бакал дүкөнгө барып тиймек эле.

Автомобиль тык токтоп калгандыктан, отургандардын баарынын мурундары талкаланып кала жаздады. Бир далай убакытка чейин Чакмакбек менен Кыпчыбек бирин-бири жутуп жиберчүдөй тиктеп туруп калышты. Акырында Чакмакбек машинаны бурчу тегерек тутканы коё берип мындай деди:

— Кечирип кой мени, Кьпчыбек, мен бурчу тегерек тутканы кармабоого тийиш элем. Баарыбыз талкаланып кала жаздадык.

— Жок, кечиримди мен сурашым керек, —деп жооп берди Кыпчыбек.

— Туугандар, силер мени кечирип койгула! Мен силерди

алдоо жолу менен, өзүм каалаган жакка алып барайын дедим эле. Силер Илим шаарчасын көрүүңөрдү абдан каалаадым эле.

— Эчтеке эмес,— деди Билбесбек,—бири-бирибизге ачууланганды коюп, акырын кайра жөнөшүбүз керек.

Кыпчыбек моторун от алдырды да, машинасын буруп, акырын кайра жөнөдү. Ал уялганынан башын жерге салып, оор-оор дем алгандыктан, Билбесбектин боору да ооруп кетти. Кыпчыбекти уялыңкы тарткан абалдан алагды кылуу үчүн Билбесбек мындай деди:

— Кызык, бул машинанын мотору эмне менен иштейт, газдалган суу мененби, же атом энергиясы мененби?

— Бул машина газдалган суу менен да, атом энергиясы менен да иштебейт, биопластмасса менен иштейт,—деп Кыпчыбек жооп кайтарды.

— Бул биопластмасса дегениңиз дагы эмне? —Билбесбек сурады.

— Биопластмасса — бул кыймылдуу пластмасса окшогон нерсе болсо керек. Чындыгында ал, албетте кыймылдуу эмес, бирок андан ок жасап, аны менен электрди өткөрсө, анда ал ок булкунган өңдөнүп, кыскарып, башкача айтканда булчуң окшоп тартылып турат. Эгер силер кызыксаңар мен аны көрсөтүп да берем.

— Ооба, ооба,—деди Билбесбек. Ал эң эле кызык экен.



Кыпчыбек машинасын токтотту да ачкычын алып чыгып, бир нече бурамаларды бурап чыгарып, андан кийин Чакмакбек экөө бирөө артынан, бирөө алды жагынан алышты да, дөңгөлөгүнөн

чыгарышты, анын алды жагынан металл рама менен рычагы көрүндү, дөңгөлөктү тегереткен ушулар эле.

— Мынакей,— деди Кыпчыбек.— Бул жерде рычагга биопластмасса

огу бекитилген. Буга ток жибергенде ок кысылат да, рычагды өзүн көздөй тартат, мына ушунун натыйжасында дөңгөлөк жарым айланат, бирок ток барбай калар замат ошол эле ок кайра узарып, рычагды кайра түртөт да, дөңгөлөктүн экинчи калган жартысын айландырат. Ушинтип айлануу пайда болот. Буга жалгыз гана токтун үзүлүп-үзүлүп берилип турушу зарыл, бирок ок өзү кыскарып барып,кайра узаруусунун аркасында токту бөлүп-бөлүп алып турат.

Үстү башын чыгарып таштаган машинанын тегерегине бир заматтын ичинде көп кортогойлор чогулуп калышты. Алардын ар кимиси бул механизмдин жайгашканын көрүүгө абдан кызыгышты.

— А токту кайдан алат? — деп сурады Билбесбек.

— Кичинекей электр батареясы берип турат.

Кыпчыбек кузовго келип чөнтөк фонарынын кичинекей батареясын көрсөттү.

— Ушунчалык кичинекей батареяча бүтүн бир автомобилди жүгүртүп жүрө алат? — Билбесбек таң калды.

— Сиз түшүнбөй калыпсыз,— ошо жерге токтой калган кортогойлордун бири Билбесбекке түшүндүрө баштады.— Батареячадагы токту биопластмасса гана алат да, аны кыскарууга аргасыз кылат. Мына ошондуктан машинаны батареянын энергиясы кыймылга келтирбестен, биопластмассага жыйылган энергия кыймылга келтирет. Мындай биопластмассадан жасалган кыймылдаткычтар биздин фабрикабыздагы станокторду жана башка механизмдерди кыймылга келтирет. Бир гана кичинекей батареячанын тогу бүт фабрикадагы станоктор менен механизмдерди кыймылга келтирүүгө жетет.

— Биопластмасса кайдан алынат? — деп сурады Седепкан.

— Сазда өсөт. Жыгач жана бардык өсүмдүктөрдөгүдөй эле ага да күндүн энергиясы жыйылып калат. Биопластмассага ток жибергенде анда жыйылып калган жарык нурунун энергиясы механикалык энергияга айланат.

— Көңүл бургулачы! — Машинанын түзүлүшүн ушул убакытка чейин байкап карап турган Чамбылбек эми гана сөзгө келди.— Мен баятадан бери эле машинанын тыяк-быягын карап чыгып, кыймылдаткычын көрө албадым, же кыймылдаткычы жок машина да болобу?

— Албетте болбойт,—деп жооп берди Кыпчыбек?—Мына бул ок биопластмасса жана машинанын кыймылдаткычы болуп эсептелет.

— Ошондой болгондон кийин мунун эч деле таң кала турган жери жок экен,— деди Чамбылбек.— Тескерисинче, эгерде автомобиль эч кандай кыймылдаткычсыз эле жүргөндө таң калууга болор эле.

Тегеректеп тургандардын баары күлүп калышты. Келген эл уламдан улам көбөйө берди. Тыяк-быяктан жөөлөр тынбай келе беришти. Өтүп бараткандын бирөө мындай деп сурады:

— Бул жерде эмне болду?

— Балким кыйроо болгондур?—деди экинчиси.

«Кыйроо» деген сөздү уккан үчүнчү бирөө катуу кыйкырып жиберди:

— Кыйроо, туугандар!

— Карасаңар туугандар, машинанын быт-чыты чыгып кетиптир!— деп кыйкырды төртүнчүсү.— Кузову бир жакка ыргып кетип, дөңгөлөктөрү эле калыптыр.

— Карасаңар? Шофёру тим эле нан болуп кете жаздаптыр! Башынан аягына чейин ак тайпы менен таңылыптыр!—деди кимдир бирөө сөөмөйү менен Кыпчыбекти көрсөтө берип.

Кыйроо жөнүндөгү кабар угулар замат чогулган элдин саны эки эселеп көбөйө баштады. Каалабаган ишке айланып

баратканын көрө койгон Кыпчыбек тезирээк жөнөп кетүүнү ойлонду. Чакмакбектин жардамы менен машинанын кузовун кайра ордуна койду. Бардыгы машинага түшүштү. Кыпчыбек прерывателдин педалын басты, бирок машина эмнегедир ордунан козголгон жок.

— Бул эмне деген шумдук! —Кьшчыбек отурган ордунда токтоно албай рычагды жулкулдата айтты.— Эмне үчүндүр ток жок... Мына, балакет

баскыр! Батарея жок! Бирөө чыгарып кеткен окшойт...

— Балким ал жерге түшүп калгандыр? — деди Чакмакбек.

Бардыгы машинадан түшүп, ал тегеректен батареяны издей баштады.

— Эми эле буерде эмес беле! — Кыпчыбек күйүп-бышып кетти.—Мен

силерге көрсөтпөдүм беле.

Чогулган эл көчөнү бүт бууп калды. Ары-бери жүргөн машиналардын кыймылы токтоду. Топтошкон кортогойлорду аралап, каз таман мотоцикл минген милиционер келип калды.

— Эмне болду? —деп кыйкырды ал ачуулана.—Эмне үчүн элди тегерегиңерге жыйып алдыңар?

— Буларды эч ким жыйган жок! — деп Кыпчыбек кыжырланып жооп кайтарды.

— Эмне үчүн жөнөбөй турасыңар?

— Бу жерге отуруп жөнөп көрбөйсүзбү, батарея жок! — Кыпчыбек ушинтип тамашалап айтты да, чогулган эл жакка бурула берип кыйкырды:— Туугандар, кимдир бирөө, балким байкабастан чыгарып алып чөнтөгүнө салып койгон чыгар?

Топтошкон эл күлүп калышты.

Милиционер жактырбаган мүнөздө башын чайкап, Кыпчыбекке мындай деди:

— Садагасы, сенин өңүнө караганда ооруканада жатууга тийиш экенсиң, ал эми сен болсоң көчөдө ойноп жүрөсүң.

Буга Кыпчыбек:

— Дагы мага эмне деп айтмакчысың! — деп жооп берди.

— Болуптур,— деди милиционер. —Машинага отур, мен сени милицияга алып барам, ал жерде эмне экенин көрө жатабыз, мында элди топурата берүүгө болбойт.

Чакмакбек Билбесбекке келип мындай деди:

— Сен автобуска же таксиге түшүп зоопаркка бара бер, ал эми мен

Кыпчыбек менен кошо милицияга барайын да, болгон ишти түшүндүрөйүн,

Менсиз Кыпчыбек кайдагы болбогон нерселерди айтып иеби деп коркуп

жатам. Ал эмнегедир милиционерди жакшы көрбөйт.

Кыпчыбек менен Чакмакбек кайра машинага олтурушту. Милиционер каз таман мотоциклди алды жагына коюп, машинаны илгичинен чиркеди да, милицияны көздөй сүйрөтүп жөнөдү.



## Отузунчу глава
# БИЛБЕСБЕК СЫЙКЫРДУУ ТАЯГЫН КАНДАЙ ЖОГОТТУ

Билбесбек жана анын жолдоштору зоопаркка келгенде, бардык нерсе кыймылга кирген учур эле. Алардын түшкө чейинки убактысы аңгемелешүүгө жана Кыпчыбек менен ары-бери жүрүүгө кетти, андан кийин алар абдан ачка болгондуктан тамактануу үчүн ашканага кетишти. Зоопаркты кыдырып чыгууда — ал достор биринчи жолу көргөн, үч эшек турган жерден баштамакчы болушту. Бул жолу алар кашаанын ары жагынан эчтемени көрө алышкан жок. Сарайчанын эшиги аңгырап ачык болчу. Алда кандай болот деп Билбесбек кашаанын ары жагына өттү да, сарайчанын ичин карап чыкты. Бирок сарайдын ичинде эчтеме жок эле.

Саякатчылар чыдамкайлык менен зоопаркты аралап чыгууну туура табышты. Алар зоопарктын булуң-бурчтарынын баарын байкап караашты. Аларга эчен-эчен түрдүү жан-жаныбарлар кезикти, бирок баягы үч эшекти көрө алышкан жок. Ошентип, биздин досторубуз зоопаркты бүт айланып көрүүнү баштаган жерге кайра келишти да, кашаанын ары жагында ак алжапкыччан кичинекей бала сарайдын ичиндеги ыпыр-сыпырды шыпырып жүргөнүн көрүштү.

— Айтыңызчы, кудай жалгагыр, бу жердеги эшектер кайда кеткенин билесизби? - Билбесбек шыпыруучуга ушинтип кайрылды. Кичинекей бала шыпырууну токтотуп, шыпыргыга таянып мындай деп сурады.

— Кайсы эшек?

— Кандай десем болот, кадимки эле туягы бар эшектер.

— И, ошондойбу! Анын силерге эмне кереги бар? Эшек деген эшек да. Анын эмнеси кызык?

— Биз аны көрөлүк дедик эле. Зоопаркты бүт айланып чыктык. Эшектерди гана көргөн жокпуз.



— И-и,— деди шыпыруучу,— бул жерде биздин үч эшегибиз бар болчу, алар эмнегедир жок болуп кетти. Бул жерде ар кандай немелерди тантый беришет, силер ага ишенбегиле! Кандайдыр бир сыйкырдап койгон немеби ким билет... Такыр эле болбогон кеп. Эч кандай сыйкырдап койгон балакет жок! Жөн эле аларды жанакылар... көз боочулар... башкача айтканда алдоочулар!.. жөн эле тентектер, көз боочулар да эмес, алып кетишти. Ал тентектерден эч бир кутулуп кете албайсың. Азыр шаарда ошондой сандалгандар көп болуп кетиптир! Пилди капастан чыгарып кетсе да билбей каласың!

— Коюңузчу, башканы болсо да пилди кантип чыгарып кетсин,—деди Билбесбек.

— Эмне үчүн чыгарып кетпесин?

Чыгарып кетет! —деп шыпыруучу колун шилтеп койду.—Аны жакшылап кароону да биэге тапшырган. Кандай-андай деп ишенип болбойт... Мында жырткыч айбандар уулуу жыландар да бар. Алар уурдагандарды жара тартып же чагып да салат. Эгер кандайдыр бир тентек жыланды коё берсе эмне болот? Бүт тегерек шаар! Ошону да ойлоп коюңуз!

— Баягы көчөдөн таап алган эшегиңер кайда? —деп сурады Билбесбек. — Көчөдөн бир ээси жок эшекти таап алып зоопаркка алып барып берди деп газетке да жазышпады беле.

— О-о, ошолбу!—деп шыпыруучу жылмайып койду.—Ал

эшек мында болгон да эмес. Жаңылыш болуп чыкты. Аны зоопаркка өткөрбөстөн циркке өткөрүшүптүр. Зоопаркка деп газеткеката басылыптыр, биз аны көргөн да эмеспиз.

— Демек, ошол эшек циркте экен да? — деп Седепкан үмүттөнө сурады.

— Бар, бар, бар болбогондочу! Мен аны көргөнүмө үч эле күн болду, циркке барганда көргөм. Дегеле тынч турбаган, ойноктогон эшек экен, бир гана жазыгы үйрөтүлгөн эмес. Ал анда араба тартат, куудулдар да минип жүрүшөт. Эчтеке эмес, бара-бара аны дагы бирдемеге үйрөтүп коюшат.

Саякатчылар шыпыруучу менен коштошту да, обочо басып кетишти.

— Мынакей, жол болот деген!—деп шыбырады Билбесбек, ал кубанганынан тамылжый түштү. — Демек Жалбыракбек циркте экен да. А биз аны бул жерден издеп жүрөбүз! Болуптур, эчтеке эмес. Биз азыр циркке барабыз, а эртең тентек үч эшекти издей баштайбыз. Мен аларды көрөр замат эле тааныймын. Алардын үчөөнүн тең мурундары чаарала темгилдүү.

Билбесбек жана анын жолдоштору эшикти көздөй жөнөштү. Маймылдар камалып турган капастын жанынан өтүп баратып алар аны көрүш үчүн бир аз токтоп калышты. Алардын ичинен бир маймыл эң эле оюнкарак экен, аны Билбесбек бир далай калжың кылайын деп ойлоду. Билбесбек өзүнүн сыйкырдуу таягын алды да капастын тешиктеринин арасынан сойлотуп, маймылды мурунга түртүү үчүн аракеттенди. Маймыл кабагын бүркөп ачуулана түштү да Билбесбектин колундагы таякты шып жулуп алды. Билбесбек таң калганынан делдее түштү.

— Мунун кылганын көрдүңөрбү? . . .

— Билбесбек ушинтип үнүн бастатып, муңая сүйлөдү.

— Бул эмне кылганың, сен маймылга таягыңды берип койдуңбу?— деп кыйкырды Седепкан.

— Мен бергеним жок, ал өзү жулуп алды, — деп Билбесбек колун шилтеп койду.

— Эгерде сен таягың менен анын мурдун түрткүлөбөсөң, ал жулуп албайт эле да.

— Эчтеке эмес! Мен аны азыр кайра тартып алам.

Билбесбек тордун тешигинен колун созуп, сыйкырдуу таягын маймылдан тартып алууга аракеттенди, бирок маймыл темир капастын ичинде обочолой берди. Билбесбек ага такыр жетпей турган болуп калды.

— Жезкемпирди карасаң! — деп Билбесбек балдырады.— Таягымды бергин деп жатам!

— Маймыл Билбесбектин буйругун аткарууну ойлонуп да койгон жок. Анын ордуна жулуп алган таягын колунан түшүрбөй капастын ичинде ары-бери тынбай секире баштады. Андан кийин ал капастын ортосунда турган селкинчек тактайга отура калып, селкинчек тепти да, Билбесбекти көзүнүн кыйыгы менен карап, көзүн айырбастан шылдыңдап жатты.

— Митаам маклук! Таягымды бер! — Билбесбек ачууланды. — Эчтеме

эмес, баары бир ал таякты көтөрүп жүрүп да жадаар. Анан өзүнөн өзү таштап коёт.

Ушинтип кеч да кирди. Сакчылардын ышкырыктары угулуп, зоопарк бир аздан кийин жабыла тургандыгын анда жүргөндөргө эскертип жатышты. Элдин баары зоопарктын эшигин көздөй бет алды. Анча көпкө созулбай айлананын баары бошоп, маймылдын капасынын жанында Билбесбек, Седепкан жана Чамбылбек гана калды. Маймыл таякты көтөрүп жүрүп жадады көрүнөт, аны таштады. Ал таяк капастын эң алыскы төр жаккы бурчунда калды.

— Эптеп-септеп бул капастын ичине кирүү керек! — деди Билбесбек.

Капастын ичине кирүү жөнүндө ойлонуунун да кереги жок эле. бирок баятан бери тиктеп турган Билбесбек анын кичинекей тор эшикчеси бар экенин жана анын илгич менен жабылып тургандыгын байкады.

Туш-туш жакты карап, жакын арада эч кимдин жок экендигин көргөндөн кийин. Билбесбек капастын сыртында курчалуу турган кашаанын ичине секирип түштү да, тор кашаанын эшигин бекитип турган тээктин буроосун сууруп алып, эшикти ачуу үчүн аракеттенди. Бирок бул ал ойлонгондон кыйыныраак иш болуп чыкты. Анткени ал эшиктин илгичи абдан катуу күч менен



ачылып жабылат экен. Билбесбек ага эки колдоп жабышып, аябай катуу-катуу тарткылаганда тор капас да кыймылдап кетти. Акыры ал илгич кичине-кичинеден жыла баштады, бирок так ушул учурда тиги бурчтан колуна шыпыргысын көтөргөн сакчы көрүндү да кыйкырып сала берди:

— Ой шайтан, сен эмне балакет кылып жатасың? Маймылдарды коё

берейин деп жатасыңбы? Азыр мен сага көрсөтөм!

Билбесбек кашаадан секирип түшө качыш үчүн аракеттенди, бирок сакчы аны желкеден алууга үлгүрдү.

— Тигинде менин таягым бар! — Билбесбек бошонуш үчүн аракеттенип, кыңкылдады.

Бирок сакчы аны бекем кармап алды.

— Таякты мен сага көрсөтөм! Мен сени азыр милицияга алып барып берем, алар сага таякты ошондо көрсөтөт! — Сакчы ушинтип сүйлөп, Билбесбекти чыга беришти көздөй сүйрөдү.

Седепкан менен Чамбылбек жалгыз аяк жол менен алды жакта жүгүрүп баратышып, корккондуктарынан эки жакка элең-элең карашат.

— Чын айтам, менин таягым капастын ичинде калды!

Маймыл менин таягымды тартып алды. — Билбесбек ишендире сүйлөдү.

— А сен шайтан таяк менен анын кыжырына тийсең керек. Сен шайтан, аны мурунга сайгылагансың го?

Сакчы Билбесбек менен көчөгө чыкты да, милиционерди издеп жатса керек—туш-туш жакты карай баштады.

— Мен мындан кийин минтпейм! Чын эле минтпейм! — Билбесбек ушинтип жалбарып жатты.

—А-а, ошондойбу! — Сакчы Билбесбекти коё берип жатып, — бар эми, мындан кийин бул жерде тентектик кылганыңды кой! Дагы бир колума түшсөң, минтип жөн эле бошономун деп ойлобогун!

Сакчы ушинтип Билбесбекти коё берди да, дарбазага кулпуну салып кетип калды. Седепкан менен Чамбылбек Билбесбектин жанына келишти


— Сен эмне үчүн ал таякты жөн таяк эмес, сыйкырдуу таяк деп сакчыга айткан жоксуң? Балким ал жөнөкөй эле таяктыр деп ойлонгондур, - деди Чамбылбек.

— А сен эмне деп айтып жатканыңды өзүң түшүнөсүңбү?.— Билбесбек ачуулана жооп кайтарды. — Эгер сакчы анын сыйкырдуу таяк экенин билип калса, таптакыр алып алат! Сыйкырдуу таякчаны ал бизге бермек беле. Андан көрөкчө силер эмне үчүн зоопарктан экөөң тең чыга качкандыгыңарды мага айткылачы? Силер анда калып, сыйкырдуу таякчаны капастын ичинен алып чыгуунун аракетин көрсөңөр жакшы болмок. Мына эми көргүлөчү, дарбаза жабык . . . Эми буга кантип киребиз?

Эми таяк үчүн менин капаска киришим гана калган экен да!—Седепкан тарынгансып эрдин чурмуйтуп жооп берди.

— Эгер сен кире албасаң, Чамбылбек кире алат эле го.

— Жок, мен да капаска кирүүнү каалабайм, — деп жооп берди Чамбылбек.—Анын үстүнө таяктын бизге эмне кереги бар? Бул жерде сыйкырдуу таяксыз эле эмне кааласаң ошонун баары бар. Тамак ичкиң келсе, тамак даяр, кино же театр



көргүң келсе ал да даяр. Автомобилге түшкүң келсе, күнү бою түшүп жүрө бер, башың айланганча жүрсөң да болот. Ал тургай автомобилде баратып секирсең да, учсаң да эч кандай сыйкырсыз эле болот.

— Эх, сен, акылсыз! —- Билбесбек ачуулана жооп кайтарды. — Сыйкырдуу таякча биз автомобилге түшүш үчүн гана керек бекен? Ал таяк Жалбыракбекти ар кандай кырсыктардан бошотуш үчүн жана шаарды ар кандай тентектерден бошотуш үчүн керек. Ошол тентектердин азабынан бүт шаардагылар жапа чегиши керекпи?

— Эгер андай болсо керек экен, - Чамбылбек. макул болду. Биздин эмки планыбыз мындай болот,—деди Билбесбек.— Караңгы болгонго чейин күтөбүз, анан дубалдан секирип түшөбүз. Караңгыда биз капаска киргенибизди эч ким да көрбөй калат.

— Менин ушунум эле жетишет! — деди Седепкан. — Мен мейманканага барам.

— Кыйынчылыкка дуушар келгенде кача берет экенсиң да!— Билбесбек ушинтип сурады андан.

— Ооба, кача берем. Мен дубалдардан секирип жүрө албаймын, — деп Седепкан чечкиндүү түрдө жооп кайтарды.

— Демек, сенин оюңча Жалбыракбек эшек бойдон кала бериши керек экен да. Мен ал үчүн эч кандай чара көрбөшүм керек экең го?

— Сен бул жерде мындан да жаман балакеттерди кыларыңа көзүм жетип турат. Эгер сен таптакыр эчтеме кылбай койсоң жакшы болор эле. Седепкан ушинтип айтты да, автобус токтоочу жерди көздөй бет алды.

— Ал кете берсин, Чамбылбек, сен мында эле кал, — деди Билбесбек. — Сен, балким мага керек болорсуң! Бул жердин дубалы абдан бийик, сен мени аяктап коёсуң. Кичине тигиндейрээк баралы. Балким аяктан түшүү оңоюрак болор.

Алар дубалды бойлоп бурчка чейин барышты, кичинекей көчөнү көздөй бурулушту. Чыны менен эле бул жердин дубалы бир аз жапызыраак экен.

— Караңгы болгончо токтой туралы,— деди Билбесбек.

Алар дубалдын түбүндө күтүп турушту. Асман акырындап караңгылай баштады. Жылдыздар чыкты. Үйлөрдүн төбөсүнөн чоң апельсиндей болуп ай да чыга келди.

— Эми убакыт жетти, — деди Билбесбек эки жагын карана. — Мени аяктап кой.

Чамбылбек анын бутунан түрттү, Билбесбек тырмышып дубалга чыкты да, аны минип отуруп калды.

— Эми сен чык, — деп шыбырады да Чамбылбекке колун сунду.

— Мен сени ушул жерден күтүн турганым жакшы болуп жүрбөсүн? — деди Чамбылбек.

— Жок, тыякта сен дагы керек болуп калышың мүмкүн. Сен капастын оозунда сакчынын келаткан-келатпаганын карап турасың.

Чамбылбек Билбесбектин жардамы менен дубалга тырмалап чыкты да, андан кийин экөө тең дубалдын ич жагын көздөй секиришти. Алар түз эле кургак арыктын ичине барып түшүштү.

— Мен бир аңгектин ичине келип түшүп калдым да! — деп мыңкылдады Чамбылбек.

— Акырын-акырын! — Билбесбек шыбырай сүйлөдү.— Унчукпай отура бер.

Алар бир канча убакытка чейин демдерин ичтерине катып, айланасын тыңшап отура беришти. Айлана жымжырт.

— Эч нерсе эмес, — деди Билбесбек. — Эч ким уккан жок көрүнөт, акырындап бара берели.

Алар аңгектен чыгышты да, бийик өскөн чөптөрдү жана гүлдөрдү аралап алга жөнөштү. Билбесбек дабыш чыгарбай мышык өңдөнүп басып баратты. Ал эми Чамбылбек баскан сайын таманынан бир нерселерди кырсылдатып, дабыш чыгарып баратты.

— Акырын бас! — деди Билбесбек.

Күтүлбөгөн жерден катуу өкүрүк угулуп калды. Чамбылбек токтой калды да, коркконунан отура кетти.

— Бул эмне? — деп ал шаша сурады.

Өкүрүк дагы катуулады. Коркконунан Чамбылбектин төбө чачтары тик туруп, жонунан кумурска жөргөлөп бараткан өңдөнүп сезилди.

— Бул, балким арстан болсо керек, — деп Билбесбек болжолдоп койду.

Өкүрүк кайтадан жаңырды да, кандайдыр бир жүрөктү солкулдаткан эң күчтүү кан ичкичтин айкырыгы өңдөнүп кетти. Ошол замат ал кыйкырыктын артынан кимдир бирөө үрүп кыңшылап келатты, анан карышкырдын созо улуганы, кулакты тундурган дагы бир кыйкырык угулду. Кайдандыр бир жактан уйкудан ойгонгон өрдөктүн үнү, дагы бир жактан жогорураактан карганын каркылдаганы угулду. Бүт зоопарк ызы-чууга түшүп, көпкө чейин басылбай койду. Чамбылбек араңдан зорго эсин жыйды.

— Эмне үчүн арстан өкүрөт? —деп сурады Чамбылбек.

— Билбейм, балким. тамак жегиси келгендир, — деди Билбесбек.

— Ал бизди жеп коюп жүрбөсүн?

— Коркпой эле кой! Ал темир капастын ичинде да.

— Мен коркуп жаткан жерим деле жок, — деди Чамбылбек. — Жөн гана сурап жатам.

Бара-бара айлана тынчыды, бирок ай булуттун ары жагына кирип кетти да, таптакыр караңгы болуп калды. Алды жакта жол гана бүлбүлдөп агарат. Билбесбек жолго түштү. Чамбылбек андан артта калбоо үчүн ылдамдай басып, анын артында баратты.

— Биз каякка баратабыз? — Чамбылбек тынчсыздана сурады.

— Эшектер камалган капасты издеп табышыбыз керек, а маймылдардын капасы анын жанында, — деди Билбесбек.

Көп узабай жолдун эки жагынан тең тор кашаалар кезиге баштады. Караңгыда тордун ары жагындагы айбандар көрүнбөйт. Бирок Чамбылбекке капастын ары жагынан кандайдыр бир тырмактуу айбан аны далыдан чапчып алчудай болуп сезилип жатты. Ошондуктан ал эки жагын элтеңдей карап, мүмкүн болушунча тор капастан обочороолктон өтүүнүн аракетинде болду. Акыры түгөндү да, ары жагында суусу бар темир капаска барып такалышты.

— Биз кандайдыр баягы жерге келбей калдык . . . — деди Билбесбек.

Капастын ары жагынан кандайдыр бир эринчээк коркулдоо, шалпылдоо, таңдайын такылдатуу жана кыркыроо угулуп жатты. Балким бул жөн гана суунун шарпылдаганыдыр. Балким бул үндөрдү кандайдыр бир сууда жашоочу бегемот окшогон жаныбардын чыгарып жатышы мүмкүн.

Достор бир аз кайра басышты да, жан жакка кеткен жолго түшүштү.

— Бул эмне? — Билбесбек караңгыны үңүлө карап, күңкүлдөй сүйлөдү. — Биз кайда экенибизди биле албай эле койдум. Түн ичинде бардык нерсе күндүзгүдөй болуп көрүнбөйт экен.

Алар парктты аралап көпкө чейин адашып жүрүштү да, акыры Билбесбекке тааныш өңдөнүп көрүнгөн чоң темир тордун жанына келишти.

— Менимче, биз пилдердин жанына келдик окшойт, — деди Билбесбек. — эми анча алыс эмес. Андан ары басып, алар көп анча бийик эмес, ары жагынан сарай көрүнүп турган темир капастын жанына келишти.

— Мынакей, эшектердин тосмосу, көрүп турасыңбы? — Билбесбек сүйүнүп кетти. — Баары туура чыкты.

Жан-жагына бурулуп, алар темир капаска жакындап келишти. Анын жаны менен өткөн жыгач тосмо бар экен. Эң четки бурчтагы темир капастын жанына келгенде Билбесбек мындай деди:

— Мынакей! . . Сен, Чамбылбек, ушул жерде эки жагыңды жакшылап карап тур. Эгер бирөөнү көрүп калсаң ышкырып жибер.

— Жакшы болот! — Чамбылбек башын ийкей суйлөдү.

Билбесбек тосмого тырмышып, темир торго жакындап келди да, анын ичин тыңшап, карай баштады .

— Сен ал жактан эмне көрүп жатасың? —

Чамбылбек ушинтип сурап жиберди.

— Сен акырынырак унчук! — Билбесбек ага ачуулана кетти. — Эч нерсе көрүп жаткан жерим жок . . . Бир неме тамшанган өңдөнүп гана жатат. Балким маймылдыр . . .Болуптур.

Ал караңгыда эшикти сыйпалап, буроону бошотту да, эшиктин илгичин жылдырып ача баштады. Бул жолу жылдырма илгич оңой эле ачылды. Аны мындай жылдырып коюп, Билбесбек эшикти ачты. Ал кычырап ачылды.

— Э-э!- Билбесбек кыжырлана шыбырады да, эшикке муштумун түйдү. — Мунусу да кычырап коёт!

Бир далай убакытка чейин ал баамдай тыңшап турду да, айлана тынчтыкта экенине көзү жеткенден кийин, темир

капастын ичине акырын кирди да, жөрмөлөп капастын ичинин баарын сыйпалай баштады. Акырындап ал темир капастын ичине арылап кире берди да, төрүнө чейин жөрмөлөп барып, кайра экинчи жагын көздөй бурулду. Күтүлбөгөн жерден алды жагынан күңүрт чыккан ырылдоо угулду. Билбесбек жөрмөлөп келаткан бойдон солк этпей туруп калды. Бир далайга чейин ал алынын бардыгынча караңгылыкты тиктеди. Анын көз алдында кандайдыр бир чоң кара нерсе ордунан козголгонсуп коёт. Так ушул учурда булуттан чыга калган айдын нуру ага капастын ортосунда жаткан арстанды даана көрсөттү. Арыстан сапсайган башын көтөрүп, анда-санда көзүн ирмеп, Билбесбекти теше тиктеп турат.



Билбесбек коркконго да чамасы келбей кетенчиктеди, башкача айтканда төрт аяктап кайра жылды. Ал арстандан көзүн айырбай өйдө тура калып секирип кетүүгө камынды. Арыстан аны көрө коюп бышкырып койду да, ордунан туруп Билбесбекти көздөй басты. Билбесбек чагылгандай тездик менен эшикти көздөй жүгүрдү да, темир капастан шамал учургандай, атылып чыкты. Чамбылбекке „арстан» деген бир сөздү айтып, артын карабай качып жөнөдү.

Чамбылбектин жаны кулагынын учуна чыгып, корккконунан жан айласын таппай Билбесбектин артынан жөнөдү. Ошентип, ал экөө тең жолдун кайда баратканын билбей качып жүрүп отурушуп, кашаага жеткенде гана токтошту. Билбесбек көз ачып жумганча кашаанын башына чыга качты. Анын артынан кошо чыккан Чамбылбек Билбесбекти шымдан алды. Билбес-

бек арстан келип аны тиштеп жаткан экен деп күчүнүн бардыгынча алга умтулду. Күтүлбөгөн жерден кармап турган тактай жулунуп кетти. Кармаган тактайын колунан чыгарбастан, ал түз эле Чамбылбектин үстүнө жыгылды. Ошентип ал экөө тең томолонуп жерге түшүштү. Алардын артынан кандайдыр бир сакчылардын кыйкырыктары, ышкырыктары угулуп калды. Билбесбек тактайды ыргытып жиберип, тосмодон пайда болгон жырыкка кирди. Билбесбектин артынан Чамбылбек да кошо кирип экөө тең көчөгө чыгышты. Билбесбек алдыда, анын артында кадимки кара көлөкөдөй болуп Чамбылбек кетип баратты. Чамбылбек абдан катуу бышылдап, ичине деми батпай кетип бараткандыктан, Билбесбекке артында келаткан арстан өңдөнүп сезилди.

## Отуз биринчи глава
## СЫЙКЫРЧЫ МЕНЕН ЖОЛУГУШУУ

Седепкан мейманканага келгенден кийин, ал Билбесбек жана Чамбылбек менен чогуу калбагандыгына өкүнө баштады.

— Менсиз тигилер бир балакетти жасашпагай эле . . . Бир жаман окуянын үстүнөн чыгышпагай эле, — дей берди ал. Аларсыз Седепканга бир аз көңүлсүз болду. Көңүл ачыш үчүн Седепкан телевизорду жүргүздү. Бирок телевизордо ошол учурда кандайдыр бир жапалдаш бойлуу көз айнекчен окумуштуу тентектер жөнүндө узун жана зериктирме докладды окуп жаткан экен.

— Мындан башка бере турганы түгөнүп калганбы! — деп Седепкан абдан капалана сүйлөдү.

Ал телевизорду токтотуп коюп тиги бурчтан г бурчка чейии басып, улам-улам саатын карап тынчсыздануудa.

— Кайра зоопаркка барамбы! — Седепкан абдан чыдамсызданып сүйлөдү да, ошол замат ал оюнан баш тартты.—Мен эми зоопаркка кантип кайра барам? Чынында

эле мен баралбайм. Дубалдан секирип түшө албайм! . . Болуптур, алар келсин. Мени тынчсыздандыргандыгы үчүн аларга көрсөтөм.

Убакыт өтө берди. Билбесбек менен Чамбылбек келишкен жок. Седепкан эмне ойлонорун да билбей, ар түрдүү коркунучтуу элестер көз алдына келе берди. Ага Билбесбек менен Чамбылбекти сакчылар кармап алып, милицияга жөнөтүп жиберген өңдөнүп сезилди. Анын чочулашы ар бир минут сайын арбый берди.

Көп убакыт өтпөй Седепкан тынчсызданганынан кайда барып отурарын да билбей калды. Түн ортосу болду. Саат 12 ни какты.

— Алар бир балакетке учураганы эми айкын болду,—деди Седепкан.

Седепкан так ушул учурда зоопаркты көздөй жүгүрөйүн деп жатканда эшик ачылды да, Билбесбек менен Чамбылбек босогодон көрүнүштү. Ал экөөнүн тең чачтары уйпаланган, көздөрү жапайы айбандардыкындай терс айланып калыптыр. Чамбылбектин мурдунун үстү айрылып, бети-башы мурункусунан да жаман чамбылала.

— Билбесбек, сен анда дагы эмне балакеттерди кылдың? — Седепкан ачууланып аны демитти. —Баятан бери кайда жоголдуңар?

— Эчтеке эмес, Седепкан, тынчсызданбай эле кой, — деди Билбесбек,— баары жайында болот, көрөсүң го! Деги сен ачуулана көрбө. Мен, Седепкан, арстанды боштондукка чыгарып жибердим.

— Кайсы арстанды? — Седепкан чочуп кетти.

—Жанакы эле темир капаста камалып турган арстанды. Мен жаңылыштан арстан камалган капаска кирип барыптырмын.

Седепкандын үрөйү учуп кетти.

— Сен мени куурататат экенсиң го! —деп кыйкырды Седепкан.—Эшектер менен балакетти баштаганың аз

келгенсип, эми арстанга жабышкан турбайсыңбы! Бул окуя эмне менен аяктар экен?

— Седепкан, сен тынчсызданбай эле кой. Жакшы менен аяктайт. Мен эртең менен барам да, баарын жайына келтирем. Эртең менен жарык болот, мен адашпайм, көрөсүң го, баарын өзүм оңдойм.

— Ооба, сен оңдорсуң! Андан көрө мунун баарын ташта. Эгер сен билгиң келсе, сенин сыйкырдуу таягыңдын жоголгонуна мен абдан кубанып жатам. Эми сага ал таякты берип койсок, сен жерди титиретип жиберишиң да мүмкүн. Эртең үйгө кетебиз, ошону менен баары бүтөт да калат. Мындан кийин мен бул жерге бир минутка да турбаймын!

— А сен эмне менен кетесиң? Мен али баарын айтып бүтө элекмин.

— Дагы эмне балакет? — Седепкан коркуп кетти.

— Биздин автомобилибизди айдап кетиптир.

— Баары бүтүп, ошол эле калган экен? — Седепкан кайгыра сүйлөдү. — Эми биз үйгө эмне менен кетебиз?

— Мен так ошону айтып жатпаймынбы. Анан эмнени айтып жатат дейсиң? Таякты алгандан кийин автомобилибиз да болот. Эгер таякты албай калсак, автомобилибиз да болбойт.



Эртеси эртең менен Седепкан каадасынча эрте ойгонду да, Билбесбекти ойготкону барып, анын төшөгүндө жок экенин көрдү. Чамбылбек али уктап жаткан экен. Седепкан аны ойготту.

— Бул дагы эмнеңер, Чамбылбек, Билбесбек кайда?

— Ал жок бекен? — деп сурады Чамбылбек, уйкусунан ойгонуп жатып.

— Анын жоктугунан сенден сурап жатам да.

— Балким, зоопаркка кеткендир,—деди Чамбылбек.

— Бол, батыраак

кийингин, азыр жөнөйбүз,—деди Седепкан.

— Кайда жөнөйбүз? -Зоопаркка барабыз да, анан кайда бармак элек.

— Анда арстан бар да! Балким арстанды эчак эле кармап алышкандыр.

Жарым саат өткөндөн кийин Седепкан менен Чамбылбек зоопарктын оозунда болушту. Дарбазадан киргенден кийин алар жол менен басып жөнөштү. Чамбылбек Седепканды ээрчий басып, чочулагансып эки жагына элеңдейт, анткени ага арстан бир жактан чыга калып баса калчудай болуп көрүнөт. Седепкан менен Чамбылбек алыстан эле тордун ичиндеги маймылды жана Билбесбекти көрүштү. Ал бурчта демин ичине алып карап турган экен. Тордун ичинде шыпыруучу жүрүптүр. Ал шыпыргычы менен жер шыпырып жүрүптүр. Седепкан акырын Билбесбектин артына барып:

— Сен эмне кылып жүрөсүң? —деп сурады.

— Акырын! — Билбесбек аны карай колун шилтеп койду. — Сыйкырдуу таяк ушул жерде. Көрдүңбү, кечээ күнкү маймыл ыргытып жиберген эле жерде, ал баякы бойдон жатат. Балким азыр аны шыпыруучу капастын сыртына ыргытып жиберсе, биз аны алып алабыз да, иштин баары жайында болот.

Бул учурда шыпыруучу шыпырып бүттү да, шыпырындынын баарын чакага салып, таякты да кошо чакага салды.

— Эчтеме эмес, —Билбесбек Седепканды жубата. еүйлөдү. —Биз азыр анын артынан барабыз да, шыпырындыны төккөн жерди көрүп алабыз.

Бирок шыпыруучу шыпырындыны эч жакка алып барган жок, ал экинчи темир капастын ичин шыпырууга киришти. Ошентип ал улам бир темир торго кире берди. Анын чакасы улам барган сайын шыпырындыга толууда. Акыры ал шыпырууну бүттү да, чакадагы болгондун баарын шыпырынды төккөн темир капастын арт жагындагы дубалдын түбүндөгү ящикке салды. Билбесбек шыпыруучу алыстап кеткенче күтүп турду да, андан кийин Седепкан менен Чамбылбекке мындай деди:

— Силер ушул жерде тургула да, бирөө келип калбасын, карап тургула.

Билбесбек ящиктин жанына чуркап барып, капкагын ачты да, анын ичине кирди. Бир далай убактан соң ящиктин ичинен кырылдоо, күңкүлдөө угулду. Акыры ящиктин капкагынын алдынан Билбесбектин башы көрүндү.

— Мынакей, сыйкырдуу таяк! — деп шаңдана кыйкырды Билбесбек. Сүйүнгөнүнөн Седепкан секирип-секирип кетти.

— Баракелде! — деп Седепкан алакандарын чапкылап жиберди. Билбесбек ящиктен чыгып, таяк кармаган колун алга созо жол менен адымдай басты.

— Мен эми муну жакшы сактаймын! — деди ал. — Эми муну менден эч ким тартып ала албайт.

Билбесбектин артынан Седепкан менен Чамбылбек кетип баратты. Алар бири-бирин бекем колдон кармашып алышкан. Алардын жүздөрү кубанганынан нурданууда.

— Эми биз циркке барып Жалбыракбекке жардам бере алабыз, — деди Седепкан.

— Ооба, ошондой! Мен Жалбыракбек жөнүндө унутуп кала жаздаптырмын!—деди Билбесбек. — Болгула, циркти көздөй батыраак баралы.

Билбесбек кайра бурулду да, зоопарктын оозун көздөй

жөнөдү. Седепкан менен Чамбылбек анын артынан жете албай баратты. Беш минуттан кийин ал үчөө тышында чаары бар таксиге отурушту. Билбесбек „Цирк» деген жазуусу бар кнопканы басты. Машина көчө менен зымырап баратты. Алар ары-бери караганча циркке келип калышты.

Алар аренадан бир нече акробаттарды көрдү. Алар секиришип, оңкобаш атышып жатышыптыр. Балким булар кечки оюнга даярданып жатышса керек. Билбесбек менен Чамбылбек аларды карап туруучга абдан кызыгышты, бирок Седепкан минтип жиберди:

— Биз бул жерге ушулар үчүн келдик беле? Кийин көрөбүз.

— Макул, кийии көрөлү,—Билбесбек макул болду.

Биздин саякатчыларыбыз орундуктарды аралап өттү да, артисттер кирчү эшик менен цирктин кызматкерлери жайланышкан бөлмөгө келишти. Бул астанасы цементтелген узун сарай экен. Дубалды бойлото кеткен темир капастарда ар кандай жаныбарлар бар экен. Ал капастардын бирөөндө арстан турат.

— Мында да арстан турат! — Чамбылбек чочулай сүйлөдү. — Балким кайра дагы бир балакет болуп жүрбөсүн.

Имараттын эң акырында аттар турган жай бар экен. Ал жерге жакын келгенде саякатчылар аттардын арасында бир эшек бар экенин көрүштү. Ал кичинекей бир бөлүктө жүгөндөлүү, чылбыры дубалга кагылган казыкка байлануу экен. Артын кайрылып карап эшек Билбесбекти көздөй кабагын бүркөгөн өңдөнүп койду.

— Бул ошол! — деп күбүрөдү Билбесбек.— Мен аны билем.



Эшекке айландырып койгон Жалбыракбек мени бирдеме кылып жибербесни деп чочулаган

Билбесбек аыдан обочороок туруп бир кокустук болсо чу коюп кетүүгө даярданып, таягын булгалап койду.

— Бул эшек Жалбыракбекке айланып калсын! — деп Билбесбек акырын кобурап койду.

Ошондой болгону менен эч кандай өзгөрүү болгон жок. Билбесбек таягын кайра дагы булгалап катураак сүйлөдү:

— Бул эшек кайрадан Жалбыракбек деген балага айланып калышын каалайм!

Дагы эле эч кандай өзгөрүү болгон жок.

— Бул эмнеси? — Билбесбек чочулай сүйлөдү.

Билбесбек күчүнүн бардыгынча таягын булгалап, өзүнүн каалоосун кыйкыра сүйлөдү. Бирок эшек эшек бойдон кала берди да, Жалбыракбек болууну каалаган да жок. Так мына ушул учурда циркин кароолчусу алардын жанына келди.

— Силер бул жерде эмне
кылып жатасыңар? — деди ал.

Билбесбек шашып эмне дээрин билбей калганда, Чамбылбек ага жардамдашып кетти:

— Биз оюн көрөлү деп келгенбиз, — деди ал.

— Оюнду кечинде келип көрүш керек.

Сакчы аларды сыртка чыгарды да, эшиктн жаап алды.

— Бул эмнеси? — Билбесбек кандай экенин түшунө бербей сурады.—

Эмне үчүн бул таяк өзүнүн сыйкырын көрсөтпөй калды. Азыр мен дагы
бир сынап көрөйүнчү.

Билбесбек таягын дагы булгалап мындай деди:

— Эки кишилик мороженое болушун каалайм!

— Үч кишилик! — деп Чамбылбек оңдой сүйлөдү.

— Үч кишилик мороженое болууну каалаймын! — Билбесбек кайталай сүйлөдү.

Ал бул сөздөрдү канчалык кайталаса да, үч змес, бир кишилик да, мороженое келген жок.

Билбесбек, сен, балким башка таякты алып алгансың го? — деди Чамбылбек.

— Кандайча башка таяк? — Билбесбек таң кала сурады.

— Берки таяк сыйкырдуу таяк эле, бу таяк эч кандай сыйкыры жок эле таяк экен.

— Сенин оюңча сыйкырдуу таяк кайда?

— Сыйкырдуу таяк жанакы шыпырынды ташталган ящиктин ичинде калса керек.

— Пай-пай! Мен бир апенде экемин! — Билбесбек чачын жула кыйкырып сүйлөдү. - Кана эмесе, батыраак зоопаркка кайра баралы.

Бир нече минут өткөндөн кийин биздин кызыктуу окуяларды издөөчүлөрүбүз кайрадан зоопарктын ичинде жүрүштү. Билбесбек ящиктин жанына жүгүрүп келип, жолборстон бетер аны каңтарып ыргытты да, шыпырындынын баарын жерге төктү. Үчөө тең шыпырындыны аңтарып чыгарышканы менен башка эч кандай таяк таба алышкан жок.

— Мына көрдүңбү!—Билбесбек Чамбылбекке кайрылды. — Эч кандай башка таяк жок.. Демек, сыйкырдуу таяк ушул да.

Билбесбек шыпырынды салынган яшңктен обочолоп барып отуруп алды. Ал таягын асманга булгалады да, бирдемелерди күңкүлдөп сүйлөп жатты.

— Кана, мага берчи, мен сынап көрөйүн,—деди Чамбылбек Билбесбектин жанына отурупз жатып.

Чамбылбек таякты алып аны булгалай минтип сүйлөдү:

— Варенье сүйкөлгөн нан жегим келет!.. Бал муздак каалайм!. .

Май салынган кесмени каалайм!.. Дасторкон жайыл!.. Тьфу-у!

Эч бир каалоосу орундалбагандан кийин Чамбылбек таякты Билбесбектин колуна сунуп жатып, мындай деди:

— Сага, балким сыйкырчы дем салып кетсе керек. Эчтекеге

жарабаган таякты берип койгон чыгар. Мунун сыйкырынын баары кетип бүткөндүр.

Ошондой го! —деди Билбесбек.—Мен ошол сыйкырчыга кезиксем ээ! Мен ага кортогойлорду алдап, аларга эчтемеге жарабаган сыйкырчы таякты бергенди көрсөтөт элем!

Билбесбек абдан капаланып турган, бирок Чамбылбек көпкө кайгылануууну билчү эмес. А балким такыр мындан эместир да, так ушул учурда абдан өйдө көтөрүлүп биздин үч саякатчыбыз отурган кешекке нурун чачып турган күндөн чыгар. Күнгө жылый түшкөн Чамбылбек бул дүйнөдө жашоо ага жаман эместей болуп сезилди, анын жаактары өзүнөн өзү жылмайып Билбесбекке мындай деди:

— Билбесбек, сен капалана бербе, азыр иштин баары бүтө да элек. Жок дегенде азыр ашканага барып тамактанып алууга болот.

— Жок, Чамбылбек, кандай десең да бул адилетсиздик. Мен жакшы иштерди эмне үчүн иштедим, сен айтып берчи? Мен үч жакшы иш кылдым. Баарыдан да үчөө тең эч бир кара ниетсиздик менен аткарылды.

Билбесбек менен Чамбылбек сүйлөшүп жаткан учурда алыстан жол менен келаткан киши көрүндү. Анын кийгени кара көк чепкен, андагы жаркыраган алтын жылдыздар күнгө чагылышып, жарым ай порумундагы күмүштөр жаркылдайт. Бутуна кийгени башы иймекей кызыл туфли. Ал туфлиси менен абдан бат-бат, эч дабыш чыгарбай басып келе жатат. Анын эшиктин жанына келип, Билбесбектин катарына отуруп калганын эч ким сезбей да калды. Бир далай убакытка чейин ал унчуккан жок, колундагы таягына жөлөнө көзүнүн кыйыгы менен Чамбылбек менен сүйлөшүп жаткан Билбесбекти карап коёт.

Күтүлбөгөн жерден Билбесбек жанында бирөөнүн отурганын сезе койду. Ал акырын көзүнүн кыйыгы менен кешекте отурган узун ак мурутчан аяз атанын сакалындай

аппак  сакалы бар кичинекей абышканы көрдү. Анын жүзү Билбесбекке тааныш өңдөнүп сезилди. Билбесбек көзүнүн кырын ылдый салып, ал чалдын кийгени ийри тумшук кызыл туфли, жарым ай сүрөтүндөгү алтын чөгөрүлгөн илгичи бар экенин көрдү.

— Баса, бул сыйкырчынын өзү да! — Билбесбек кокусунан эстей койду да, сүйүнгөнүнөн жүзү албыра нурданды. — Саламатсызбы!

— Саламат, саламат, досум! — сыйкырчы жылмайып койду.—Мынакей, биз жолугуштук. Кана, айткын, эмне үчүн мени менен жолугушайын дедиң эле?

— Эмне, мен жолугушайын  дептирминби?

— А эмне, каалаган жок белең? Азыр эле өзүң: „Мен ошол сыйкырчыга кезиксем ээ! Мен ага көрсөтөт элем!» деп айтпадыңбы? Сен мага эмнени көрсөтөйүн дедиң эле?

Билбесбек абдан уялып кетти. Ал башын шылкыйтып, сыйкырчыны кароодон да коркуп калды.

— Мен сизге сыйкырдуу таякты көрсөтөйүн дедим эле, — деди акырын ал.—Ал эмнегедир бузулуп калды, эч кандай каалоону аткарбай койду.

— Аа, ошондой дебейсиңби? — Сыйкырчы Билбесбектен таякты алды.— Ооба, ооба, мен анын бузулганын көрүп турам. Такыр бузулуптур, таптакыр. Мынакей, көрдүңбү, мен сага эгер үч жолу жаман иш кылсаң бул бузулуп калат дебедим беле. Ал ошондон кийин сыйкырдуу күчүн жоготот дедим эле го.

— Сиз муну качан айттыңыз эле? — Билбесбек таңкалды.—Ооба, туура, сиз айткансыз. Мен аны такыр унутуп калыитырмын. Мен үч жаман кылык көрсөтүп койдумбу?



— Сен үч да эмес, отуз үчтү кылдың!— Седепкан ачуулана сүйлөдү.

— Мен анын бирин да эсиме келтире албай жатам! — Билбесбек ушинтип жооп кайтарды.

— Сага эскертип коюш керек экен! — деди сыйкырчы. — Жалбыракбекти эшекке айландырган сен эмегенде ким эле? Же сенин оюңча бул жакшы кылыкпы?

— Мен анда абдан ачуум келгендиктен ошондой кылдым да, — деди Билбесбек.

— Ачууландыңбы, ачууланган жоксуңбу, анын эч кандай мааниси жок. Дайыма жакшы иш кылуу керек. Андан кийин сен үч эшекти кортогойго айландырдың.

— Мен мындай болуп кетерин билген жокмун да.

— Демек, билбегенден кийин андай кылуунун да кереги жок эле.

Дайыма ойлонуп иш кылуу керек. Сенин ойлонбостугуңдан көп жаман иштер болуп кетти. Акырында сен капастагы маймылдын кыжырына тийдиң. Бул да жаман кылык.

— Баары бир! — Билбесбек кайгылуу мүнөздө колун шилтеп койду.—

Дайыма ушундай болот: башынан иш оңолбосо, аягына чейин эле такыр оңолбойт.

Билбесбек кейигенинен ыйлоого даяр эле. Ошондо Чамбылбек мындай деди:

— Билбесбек, сен ыйлаба. Бул сыйкырчы таяксыз эле татынакай жашоого болот. Таяктын эмне кереги бар? Күн тийип турса эле болбодубу.

— О айланайын ай, сен муну эң жакшы айттың! — деди да, сыйкырчы күлүп, Чамбылбектин башын сылап койду. - Чынында да туура. Биздин күнүбүз жакшы. Жакшынын жакшысы, берешен! Ал баарыбызга бирдей жарык берет: эчтекеси жокко да, бирдемеси барга да; сыйкырдуу таягы барга да, сыйкырдуу таягы жокко да жарыгын чачат. Күн бизге

жарык берет, жылуулук берет, көңүлдү кубандырат. Эгер күн болбосо гүл да болбойт эле, жыгачтар да болбойт эле, көгөргөн көк да болбойт эле, жапжашыл чөп да, биз да болбойт элек. Күн бизди тоюндурат, тотунтат, жылытат, кургатат. Ар бир чөп күндү көздөй созулат. Жердеги турмуш бүт бойдон ага көз каранды. Күн тийип турган соң биздин кайгылануубуздун эмне кереги бар? Ушундай эмеспи?

— Албетте, ошондой, — Седепкан менен Чамбылбек аны жактай сүйлөштү. Билбесбек да:

Ошондой! — деп жооп берди.

## Отуз экинчи глава
## МЭЭЛЕЙЧЕНИН КҮНҮ

Алар кешекте көпкө чейин күн чубактап отура беришти, сыйкырчы

таяктын сыйкыры жок болуп калышына эч кимиси кейибестен, кубанып

жакшынакай отура беришти. Билбесбек:

— Сыйкырчы таяксыз эле, каалаганыбыз орундалып калууга эч мүмкүн эмеспи?

— Эмне үчүн болбосун,—деп жооп берди сыйкырчы.— Эгерде каалоо чоң болсо, анын үстүнө жакшы каалоо болсо эмне үчүн болбосун.

— Менин каалоом абдан чоң: Күнөстүү шаарда бардыгы биз келген кездегидей: Жалбыракбек кайра кортогой болуп, ал эми эшектер эшек бойдон калып, милиционер Ышкырыкбек ооруканадан чыгып, мурункусундай болсун.

— Андай болсо бул каалоолоруң абдан жакшы жана алар сен ойлогондой болот,—деп жооп берди сыйкырчы. — И, Седепкан, сенин кандайдыр бир каалоолорун барбы? —деп Седепкандан сурады.

— Менин каалоом деле Билбесбектикиндей,— деди

Седепкан,— Дагы бир нерселерди кошумчалоого мүмкүн болсо, анда мен муну кошумчалайм. Биз батыраак Гүлстан шаарына кайтсак, мен эмне үчүндүр үйгө барууну абдан каалап турам...

— Ал дагы ойлогонуңдай болот,— деди сыйкырчы.—А сенде, Чамбылбек, кандай каалоо бар? -

—Менин каалоолорум абдан көп,— деди Чамбылбек.— Тим эле үчөө.

—О-о!-—деп сыйкырчы таң калды.— Кана эмесе, айткын.

—Биринчиси, Билбесбек боштондукка коё берген арстан кайда экенин жана ал бизди жеп койбос бекендигин билүүнү каалайм.

— Сенин каалооңду орундоо кыйын эмес,— деп жооп берди сыйкырчы.— Ал арстан мурунку эле турган темир капастын ичинде турат. Силер кечээ күнү качып кетер замат сакчы келип ал темир капастын оозун жаап койгон. Ал арстан боштондукка чыгууга да жетише алган эмес. Ал жөнүндө тынчсызданбай эле койсоң болот, арстан эч кимди жебейт.

— Бул абдан жакшы,— деди Чамбылбек.— Менин экинчи каалоом, алып кеткен милиционер Кыпчыбек менен Чакмакбекти эмне кылгандыгын билгим келет. Алардын милицияга кеткенин биз көрүп турганбыз.

— Буга жооп берүү да абдан оңой,— деди сыйкырчы.— Ал милиционер Кыпчыбектин машинасын оңдоп алууга жардамдашты да, аны Чакмакбек менен бирге үйүнө жиберди, анткени, алар эч кандай жаман иш кылышкан эмес.

— Менин үчүнчү каалоом мындай,— деди Чамбылбек, — эч убакта жуунбастан эле дайыма таптаза жүргүдөй кылып коюуга болор бекен?

— И-и-и! — деп ыңгыранды сыйкырчы.— Муну, уулум, аткарыш абдан кыйын. Ал тургай мен да аткара албайм, бирок, эгер сен кааласаң, сен жуунгандан кийин гана жакшынакай өңдөнүп сезиле тургандай кылып коём. . Эгер сен өз убагында

жуунганды унутуп калсаң, сенин бетиңдеги кирлер сенин бетиңди чымчылай баштайт да, сен жууганга чейин алар төөнөгүч менен сайгылагандай кылып турушат, сен өз убагында жуунууга көнүп кетесиң. Бул иш сага бара-бара жага баштайт да, жуунгандан кийин кандайдыр бир өзүңдү жакшы сезип каласың. Кандай дейсиң, бул ой сага жагабы?

— Толук жагат,— деди Чамбылбек.

— Андай болсо иштин баары жайында.

Так мына ушул учурда жол менен келаткан үч эшек, башкача айтканда эки эшек келатты, анткени үчүнчүсү даана эшектин өзү эмес, жылкы сымал — качыр-эшек эле. Алар туяктарын акырын-акырын жерге тийгизип жай гана биринин артынан бири басып келатышты. Алар куйругун шыйпаңдатып, кубанычтуу мүнөздө кулактарын кагып коюшат. Алардын арт жагынан ак жоолук салынган шыпыруучу келатты.


— Ай, качкындар! Ай, качкындар! Ай, силер акылсыздар,— деп оозуна келгендерди айтып, шыпыруучу эшектерди айдап келатты.— Силер мынча убакытка чейин кайда жоголуп кеттиңер, кайда тентиреп жүрдүңөр?

Силерди кайда айдап кетти? Мунун баарын жасаган Алабаш! Билем сени,

мен сени жакшы билем, карачы. Сен жоош өңдөнбөй эле кой! Сен атчысың! Сен акмак, биринчи качкансың, а сенин артыңдан Качыртай менен Шоктуяк ээрчип жөнөгөн. Сен болбогондо алар муну ойлоп да коюшмак эмес.

Качыртай менен Шоктуяктын артынан ээрчип басып бараткан Алабаш өзү жөнүндө сөз болуп жатканын түшүнгөнсүп койду. Ал башын шылкыйтып, айыпсыз эмедей жайбаракат кирпиктерин ирмейт.

— Сен көзүңдү ирмебей эле кой, уятсыз,— деп шыпыруучу аны жемелей берди.—Көрсөң муну, дегеле билмексен өңдөнүп калат. Сен баарын түшүнөсүң, мен билем!.. Эч нерсе эмес, ойноп келдиңер, жетишет! Алыска качып кетебиз деп ойлосоңор



керек, жок, туугандар, эч жакка качып кете албайсыңар!

Кашаага жакындай бергенде шыпыруучу кашаанын оозун ачты да, үч качкынды тең анын ичине кууп кирди.

— Көрдүңбү, Билбесбек, сенин каалаганың аткарылып жатат. Бул сенин эшектериң өз орундарына келишти,—деди сыйкырчы.— Эми жүргүлө, балким биз дагы бирдемелерди көрөбүз.

Сыйкырчы ушинтип айтып ордунан турду да, зоопарктын чыга беришин карай жөнөдү. Билбесбек, Седепкан жана Чамбылбек орундарынан турушуп, анын артынан шаша басышты. Зоопарктан чыгып ары-бери жүргөндөрдүн абдан көп экенин көрүштү. Бул күнү элдин баары сыртка чыгып, бир да жан үйдө отурууну каалабаган өңдөнүп көрүндү. Туш-туш жактын баарынан музыка, ыр жаңырып, бардык жактан кубана сүйлөгөн үндөр, күлкүлөр угулуп жатты.

Биздин саякатчыларыбыз көчөнүн бурулушуна жеткенден кийин чогулуп алган бир далай кортогойлорду көрүштү, алар үйдүн бурчуна чогулуп алышыптыр. Ал үйдүн чатырында чоң-чоң себеттерди көтөргөн бир нече кичинекей кыздар жана балдар турушат. Ал балдар себеттеринен бир нерсени уучтап алып түз эле топтошуп тургандарды ургулап жатышты. Жакын келгенден кийин Билбесбек жана анын жолдоштору жогору жактан түшүп жаткан мээлейлерди көрүштү. Мээлейлер көк, ак, кызыл, жашыл, мала кызыл түстөрдө экен. Төмөн жакта



тургандар мээлейлерди жерге түшүрбөй кармап алып, түшүп кеткендерин жерден ала коюп ошол замат эле колдоруна кийишип бир түстөгү жуп мээлейлүү болууга, аракеттенип алмашып жатышты.

— Бул эмнеси? Мээлейлерди эмне үчүн ыргытып жатат? — Седепкан мына ушинтип сурап калды.

— Бүгүн мээлейлердин күнү, же башкача айтканда, күнөстүү туугандардын майрамы,— сыйкырчы ушинтип түшүндүрдү.— Бул күнү бардык жерлерде мээлейлерди ыргытышат. Элдин баары аларды алып өз ара алмашып алышат. Ал алмашкандардын баары күнөстүү бир туугандар болуп калат.

— Эмне үчүн бир туугандар болуп калат? — Билбесбек таң кала сүйлөдү.

— Ал ушундай адат. Мээлейдин күнү Күнөстүү шаарда жыл сайын болот, ошондуктан жыл сайын күнөстүү туугандар көбөйгөндөн көбөйө берет. Күнөстүү шаардагылардын баары жакында бир тууган болуп калат.

Андан кийинки бурчка келгенде сыйкырчы күтүлбөгөн жерден токтой калды да, мындай деди:

— Карагылачы!

Билбесбек, Седепкан жана Чамбылбек токтой калышты. Алардын алды жагында тротуардын так ортосунда бир кичинекей кыз жана бир кичинекей бала туруп калыптыр.

Алар бири-биринин колун бекем кармашып, бирин бири теше тиктеп, айланадагы эч кимди көздөрүнө илбей турушат.

— Бул ким? — деп сурады Седепкан?

— Чын эле силер билбей турасыңарбы? Булар Жалбыракбек менен Топчукан,— деп жооп кайтарды сыйкырчы.

— И, Жалбыракбек тура! — Билбесбек таң калган болду.— Демек ал эчак эле кортогойго айланып калган турбайбы. Мен эми аны бүшүркөп жатпаймынбы!

— Айланайын Жалбыракбек,— бул учурда Топчукан ушинтип жатты.— Абдан кубанычтуу иш! Акыры сенин келгениң абдан жакшы болбодубу, мен сени абдан сагындым, көп ыйладым!

— Эч нерсе эмес, Топчукан, биз эми мындан ары бирге болобуз да, такыр ажырашпайбыз,— Жалбыракбек ушинтип курдашын жубатып жатты.

— Ушунча убакыттан бери сен кайда жоголуп кеттиң? Мага бүт айтып берчи.

— Мен, кымбаттуум, циркте болдум. Пай, пай, анда абдан шайыр, абдан кызыктуу. Аны сен да көрсөң сонун болор эле! Күндүзү репетиция, машыгуу, а кечинде болсо оюн коюлат. Ар күнү ушундай, атүгүл жекшемби күнү да.

— А мен абдан кайгырып жүрдүм. Циркке да баргым келген жок,— Топчукан ушинтип жооп кайтарды.— А сен эмне үчүн мага циркте экениңди билдиргениң жок?

— Ачууланба, Топчукан, эмне үчүн ошондой болуп калганын мен өзүм да билбей калдым,—Жалбыракбек күлүп жиберди.— Мен анда жөнөкөй эле эшек болуп жүргөм.

Так ушул учурда үстү жактан бирдемелер түшүп келатты. Көп кортогойлор үйдүн чатырынан түшүп келаткан мээлейлерди кармаш үчүн ал жакты көздөй жүгүрүп калышты. Билбесбекти, Седепканды жана Чамбылбекти алар тоголото коюп да кете жаздашты. Алар арањдан зорго алардын арасынан чыгышты, ошондой болсо да экиден мээлей алууга үлгүрүштү.

Обочолой бергенден кийин ар кимиси өз табылгасын карады. Билбесбектин колуна күрөң жана саргыч мээлей тийиптир. Седепканга сары жана мала кызыл, Чамбылбекке көк жана ак мээлей тийиптир.

— Жакшы болбой калды,— деди Седепкан.— Биз бири бирибиз менен

алмаша да албайт экенбиз, баары башка-башка түстө экен.

Бул учурда бир нече кортогойлор каткырып күлүп аларды көздөй жүгүрүп келишти да, мээлейлерин алмашып калышты. Бир кичинекей бала Билбесбектин саргыч мээлейин алып, анын ордуна көк мээлей берди. Башка бирөө күрөң мээлейин алып, анын ордуна жашыл мээлей карматты. Ал жашыл мээлейди дагы бир кичинекей бала жулуп алды да, анын ордуна кызыл мээлейди берди.

— Баракелде! — Билбесбек кубана сүйлөдү.— Эми менин күнөстүү бир тууганым экөө жана бир карындаштуу болдум!

Седепкандын мээлейлерин да эки бала келип алмаштырып, жашыл жана кызылдын ордуна көк жана сары мээлей берип кетти. Чамбылбек капа боло түштү, анткени аны менен эч ким алмашууну каалаган жок.

Бул учурда Билбесбек аларды көздөй келаткан милиционерди көрө калды. Ал жылтылдаган жаңы каскачан экен. Аны карап турган Билбесбек. башка киши эмес, жалпыга белгилүү болгон милиционер Ышкырыкбектин өзү экенин тааныды. Билбесбек таң калганынан оозун ачып, ошол бойдон делдейип туруп калды. А Ышкырыкбек болсо түз эле Билбесбекти көздөй басты да, аны баштан аяк карап чыкты. Билбесбекке абдан байкап карап жаткан өңдөнүп көрүндү. Ышкырыкбек анын сары шымын тиктеди, Билбесбек корkконунан бүткөн бою муздап, качып жөнөөгө камынды, бирок так ушул учурда милиционер колуна кийген ак жана кызыл мээлейди карап калды. Андан кийин ал Чамбылбектин жанына шаша басып келди да, анын колундагы ак мээлейди сууруп алып, анын ордуна өзүнүн

кызыл мээлейин кийгизди. Эми Ышкырыкбектин эки мээлейи тең ак болуп калды. Ал мээлейлерди шашпай кийди да, тыякбыягын оңдоп, честь берди да, Чамбылбекке карата жылмая күлүп, өз жолу менен кете берди.

— Мынакей эми, силердин каалооңордун баары аткарылганына ишендиңер,—деди сыйкырчы узун сакалын сылап.—Эшектер зоопаркка кайра келди, Жалбыракбек Топчуканга кайра барды. Милиционер Ышкырыкбек ооруканадан чыкты. Силердин эми үйгө барышыңар гана калды.

— Эми тентектерди кандай кылабыз? — Билбесбек ушинтип сурады.— Кортогойлорду кордобоо үчүн аларды да бирдеме кылуу керек го?

— Ал жөнүндө тынчсызданбай эле кой,—деди сыйкырчы.— Мен сыйкырдуу китепке силердин эмне болгонуңар жөнүндө толук жазып койдум. Ал үйрөнө турган тарых. Ар бир тентек аны окуйт, окуйт да жөнөкөй эшектерден үлгү алышканы үчүн өздөрү уялып да калышат. Ошондон кийин тентектерди эч ким колдобойт.

— Эгер кимдир бирөөнө ал китеп таасир кылбасачы? — деп сурап калды Чамбылбек.

— Андай болушу мүмкүн эмес,— деди сыйкырчы.— Кортогойлорго китеп абдан жакшы таасир кылат. Алар натуралисттик мамиле кылышпайт. Мындайча айтканда кайрадан туулган эшектер болуп калышат.

Саякатчылар ушинтип сүйлөшүп отурушуп, жыйырма-отуздай автомобилдер турган жерге барышты. Ал автомобилдер шаардан тышкары жерлерге барыш үчүн чектелген.

— Бүгүндөн тартып Күнөстүү шаарда автомат такси маршруттары ишке кирипти. Буга чейин автомат таксилер шаардын ичинде гана жүрүшчү. Мындан ары ал таксилер менен маршрут боюнча каалаган жагыңа кете берсең да болот,—деди сыйкырчы.

Сыйкырчы эң четки машинанын жанына келди да, радиатордун арт жагындагы тешикке колун салып, андан кортогойлордун өлкөсүнүн картасы тартылган калың кагаздагы таблицаны сууруп чыкты. Андан Гүлстан шаарын тапты да, карандаш менен Күнөстүү шаардан Гүлстан шаарына чейинки жолду сызып чыкты, аны кайра ордуна коюп койду.

Эми отургула да, приборлор орнотулган тактайчадагы кнопканы басып коюп жөнөп кете берсеңер болот. Бул машина силерди каалаган жериңерге өзү эле алып барат. Эгер токтоткуңар келсе, ошол эле кнопканы кайра баскыла. Жөнөөрүңөрдө аны кайра баскыла. Мына анын башкаруусунун баары ушул,— деди сыйкырчы.

— Бул сыйкырдуу машинанын өзүбү? —деп сурап калды Чамбылбек.

— Жок, бул кадимки маршрут такси. Мен картага маршрутту сызып бергенимди, башкача айтканда силер бара турган жерди сызыып бергенимди көрбөдүңөрбү. Бул автомобилде башкара турган өзүнчө электрондук аппарат бар. Ал аппарат сызылган маршрут боюнча силерди алып бара берет.

Ошол эле жол боюнча силерди алып барып коюп, кайра өзү келет.

Билбесбек, Седепкан жана Чамбылбек автомобилге киришти да, жумшак отургучка катар отурушту. Сыйкырчы алар киргенден кийин эшикти жаап, колун булгалап кош-тошуп кала берди. Билбесбек приборлор орнотулган тактайчадагы кнопканы басты. Машина ордунан козголду. Саякатчылар арт жагына бурулушуп, сыйкырчыга кол булгашты. Сыйкырчы да аларды көздөй колун булгай берди. Анын узун сакалдары желден сеңселгенде Чамбылбекке ал сыйкырчынын сакалы кош айтышып, сеңселип жаткан өңдөнүп көрүндү.

— Карагылачы, сакалын булгалап жатат,— Чамбылбек ушинтип кыткылыктап күлүп калды.

— Сыйкырчыга ушинтип күлгөнүң уят! — Седепкан ачуулана сүйлөдү.— Эч ким сакалын булгалай албайт.

Ал машина аянтка бир айланып, бурчтан ары бурулуп кеткенде сыйкырчы такыр көрүнбөй калды.

## Отуз үчүнчү глава
## БИЛБЕСБЕК, СЕДЕПКАН ЖАНА ЧАМБЫЛБЕК КҮНӨСТҮҮ БИР ТУУГАНДАР БОЛУШТУ

Жарым сааттан кийин машина шаардан чыкты да, талаа менен кетип баратты. Билбесбекке жана анын жолдошторуна Күнөстүү шаарды таштап кетиши бир аз кейиштүү болду. Алар акыркы жолу артына кайрылып, батып бараткан күндү көрүштү. Күн кыпкызыл, абдан чоң көрүндү да, анын жарымы небак жерге батып калган. Күнөстүү шаар али алыстан көрүнүп турду. Шаардын үйлөрүнүн кара сөлөкөттөрү батып бараткан күндүн бетинде турган өңдөнөт.

Күнөстүү шаар эң акырында аларга ушундай болуп көрүндү. Күн көк жээктин нары жагына кирди. Шаар болсо тумандуу алыстыкта сиңип кеткендей жок болду.

Саякатчылар ынтымактуу түрдө кырка отурушуп алып, бир күндө болгон окуяны эстерине сала башташты.

— Ушулардын баарына, эшектерге, Жалбыракбекке жана Ышкырыкбек милиционерге бир эле күндүн ичинде кезиккенибиз абдан таң каларлык иш! Эми мен алар үчүн такыр тынчсызданбаймын,— деди Билбесбек.

— Таң калчу нерсени тапкан экенсиң,— деди Чамбылбек.— Эгер биз аларды такыр көрбөй калганда таң каларлык иш болот эле. Көргөнүбүздүн баары сыйкыр аркылуу болду да.

— Чакмакбек менен кезигишпей калганыбыз жана аны менен бирге барып Дарбызбектин үйүн көрбөй калганыбыз гана өкүнүчтүү,— деди Седепкан.

— Абдан өкүнүчтүү,— Билбесбек аны менен макул болду.—

Биз инженер Кыпчыбек менен Илим шаарындагы Фуксин жана Балыкбектикине барбай калганыбызга андан да жаман өкүнөм. Балким анда көп кызыктуу нерселерди көрүүгө болот эле.

Албетте биз каалаган жердин баарында болбой калганыбыз өкүнүчтүү,— деди Седепкан.— Бирок эгер биз Күнөстүү шаарды эч кандай өкүнүчсүз таштап кетсек, анда андан да жаман болмок. Жакшы нерсеге дайым өкүнөт. Мына ошон үчүн биз ага ыраазы болушубуз керек, анткени Күнөстүү шаарда биздин бир туугандарыбыз бар!

— Ооба, ооба, мен абдан ыраазы болдум,— деди Чамбылбек.—Менин бир тууганым милиционер. А силер, Билбесбек экөөңөрдүн бир туугандарыңардын ким экенин да билбейсиңер.

— И, анын эмнеси бар,— деди Седепкан.— Баары бир мен ыраазымын. Биздин бир туугандарыбыз бар экени чын, мен аларды дайыма жакшы көрөм. Билген гана кишиге жакшы мамиле кылып, билбегендерге жаман мамиле кылмак белек! Менин күнөстүү бир туугандарым жакшынакай кортогойлор экенин билем, мага ошол гана жетиштүү.

Седепкан күнөстүү бир туугандарын эстер замат алардын баары өздөрүнүн мээлейлерин караашты. Билбесбектин бир мээлейи жашыл, экинчиси кызыл, Седепкандыкы дагы бирөө жашыл, а экинчиси көк, Чамбылбектики болсо бирөө көк, экинчиси кызыл мээлей.

— Муну карагылачы!— Седепкан кокусунан эле ушинтип жиберди.—

Биз эми бири бирибиз менен алмашсак да болот. Чамбылбек өзүнүн кызыл мээлейин Билбесбекке берсин, ошондо Билбесбектин эки мээлейи теңт кызыл болот.

Билбесбек мага өзүнүн жашыл мээлейин берет, ошондо менин эки мээлейим тең жашыл болот. Мен өзүмдүн көк мээлейимди Чамбылбекке берсем, анын эки мээлейи тең көк болот.

Алар мээлейлерин бат эле алмашты, бардыгы жайына келгендиги үчүн күлүп да жиберишти. Алар эч убакта болжоп көрбөгөндөй ыраазы болушту. Бири бирине кынала отурушту да, көпкө чейин унчугушкан жок. Акырында Седепкан мындай деди:

— Эмесе, туугандар, үйгө келгенден кийин көп мээлей тигип алып, биздин шаарда да күнөстүү бир туугандар болсун үчүн биз дагы ыргыталы. Күнөстүү туугандар болуу кандай жакшы!

Ошентип күн да кеч кыстап калды. Батып бараткан күндүн нуруна чагылган боз булуттардын жарыгы акырындык менен өчө баштады. Асманда жылдыздар биринин артынан бири чыкты. Чамбылбектин уйкусу келди, анын башы бир жагына кыйшайып, бүткөн бою экинчи жагына ооп калды. Анын башы бара-бара тең салмактуулугун жоготуп, бир жагына кыйшайып, акырында жанында отурган Билбесбекти көздөй шылк жыгылып, аны тумшугу менен коюп ала жаздайт да, кайра ошол замат ойгонуп кетип, башын тартып алат.

— Сен эмне болгонсуң деги, уктабайсың го? — деди Билбесбек.

— Жок, мен жөн эле тамашалап жатам.

— «Тамашалап» жатам деп айтпастан, ойноп жатам деп айтыш керек.— Седепкан ушинтип аны оңдоп койду.

Бул тамаша Чамбылбек бир жагына кыйшайып уктап кетүү менен аяктады. Седепкан менен Билбесбек аны оңдоп отургучтун жумшак жөлөнкөсүнө жөлөй жаткырып, мындай дешти:

— Мейли, уктай берсин.

Алар өздөрүнүн уктап кеткенин да билбей калышты. Ойгонушту да, машина көчөнүн так ортосуна токтоп турганын көрүштү. Жаңыдан чыгып келе жаткан күндүн нуру бакдарактын үстүнөн аларга тийип калган экен.

— Мынакей тамаша десе, кандайдыр бир жерге келип калыптырбыз...— Билбесбек эшикти ачып, машинадан чыкты.

Седепкан да машинадан чыгып эки жакты карады.

—Кайда келгенибиз түшүнүктүү,— деди ал.— Биз Гүлстан шаарына келиптирбиз.

— Ооба, ооба, туура! — Билбесбек аны сүрөй сүйлөдү.— Так эле биз жөнөгөн жерге келиптирбиз ой, Чамбылбек, тургун, биз эчак келиптирбиз.

Чамбылбек ойгонду да, машинадан чыкты.

— Деле таң каларлык, эң эле бат келиптирбиз! — деди Чамбылбек оозун чоң ачып эстеп, колу менен көзүн сүртүп жатып.

— Бат келгенибиз жакшы иш,— деди Билбесбек.— Сен бүт түнү бою уктап келдиң. Азыр таң да атып калды.

— Андай болсо таң кала турган эч нерсе деле жок экен,— деди Чамбылбек.— Эмесе мен үйгө кеттим.

Чамбылбек көк мээлейлүү колун аркасына алып, үйүн көздөй жөнөп кетти.

Билбесбек машинанын эшигин тарс дедире жаап салды. Машина ошол замат өзүнөн өзү кайра бурулду да, келген жагын көздөй жөнөп кетти. Билбесбек менен Седепкан анын артынан узата карап туруштту да, анан кийин көчө менен басып кетишти. Алар өздөрүнүн Гүлстан шаарына келишкенине абдан кубанышты.Бул шаарды ары-бери аралап көргүлөрү



келди. Алар көчө менен жүрүп отуруп, Бадыраң дарыясынын жээгине келишти. Алар жокто бул жердеги бадыраңдардын сабагы адам адаша турган токойго окшоп абдан өсүп кетиптир.

Билбесбек менен

Седепкан бийик жээкке келип токтошту да, ал жерден токойду, дарыяны, андагы көпүрөнү жана бүт Гүлстан шаарын карап турушту. Үйлөрдүн чатыры эртең мененки күндүн нурунда алтындай жаркырап, кызгылт түскө бөлөнгөнсүп көрүндү.

— Биздин Гүлстан шаарында жүрүү абдан жакшы!— Билбесбек көрүнүп турган көрүнүшкө кубана сүйлөдү.—Бул шаарга Күнөстүү шаардагыдай чоң-чоң кооз үйлөрдү курса мындан да жакшы болор эле.

—Мунун каалаганын көрсөң ой дегеле,—Седепкан ушинтип күлүп жиберди.

— Парктар, театрлар жана көңүлдүү шаарыбыз болсо жаман болмок эмес! Анын үстүнө көчөлөрүнүн баарында автобустар, автомобилдер, жана атом менен жүрчү автоорундуктар болсо андан да жакшы болмок,— деп Билбесбек андан ары кыялданды.

— Күнөстүү шаардын эли ошолордун баарын өздөрү жасап алыш үчүн эмгек кылышкан,—деп Седепкан жооп берди.—Эч нерсе өзүнөн өзү жасалып калбайт да.

— Биз деле эмгектене алабыз да,— деди Билбесбек.— Эгерде бардыгы биргелешип иштесе, көп нерсени жасашаар эле.

Тигине, биз баарыбыз кириштик эле, дарыяга көпүрө салып алдык. Бир кортогой жалгыз өзү аны иштей алат беле?.. Албетте биздин сыйкырчы таягыбыздын жоктугу өкүнүчтүү, болбосо бир гана шилтеп койсок, Күнөстүү шаардай болуп калмак.

—Билбесбек, сенин кенедей да ойлонбой туруп сүйлөгөнүң ачык эле көрүнүп турат. Сен дайыма эптеп-септеп, иштебестен жашаш үчүн, сыйкырдуу таяк жөнүндө самай бересиң. Сенин оюңча бардык нерсе сыйкыр менен эле бүтө берсе дейсиң. Мисалы үчүн мен ал сыйкырдуу таяк жөнүндө кенедей да ойлонуп кейип койбойм. Сыйкырдуу таякча жеткен зор күч,

андай күч сага окшогон бир акылсыз кортогойдун колуна тийип калса, пайдалуу иштин ордуна жалаң гана зыяндуу иш болуп калышы да мүмкүн. Мен сенин ордуңда болсом, ошол таякка кайгыруунун ордуна кичинекей акылым болсо деп кайгырар элем. Акылы бар адамга сыйкырдуу таяктын да кереги жок.

— Койчу, Седепкан, мен сыйкырдуу таякка өкүнүп жаткан жерим жок! Мен жөн гана сени өкүнүп жатат деп ойлодум. Ал үчүн мени эмнеге жемелейсиң?

— Эмне үчүн десең—мен сенин жакшы болушуңду каалайм.

— Кандай дейсиң? — Билбесбек кубана сүйлөдү.— Сен да менин жакшы болушумду каалайсыңбы?

— Ооба. Менден башка дагы ким ошону каалайт экен?

— Болуптур. Менин бул жерде бир курдашым бар.— Билбесбек колун шилтеп койду.

— Курдашым бар дейсиңби?—Седепкан таң кала сүйлөдү.— Ал сенин кандай курдашың?

— Жөн эле сага окшогон курдаш. Ал дагы мени дайыма жемелей берет. Ал дагы мени баарыдан жакшы болсо деп каалаймын дейт.

— Сен аны менен көптөн бери доссуңбу?

— Эчактан бери.

Седепкан эрдин чорбойтуп таарынды да, тескери бурула берип мындай деди:

— Билбесбек, сен абдан жаман экенсиң! Деле сырыңды айтпайсың. Биз көптөн бери достошуп жүргөнүбүз менен, менден башка дагы бирөө менен достошуп жүрөм деп эч убакта айткан эмессиң. Достошо бер, теңир жалгасын! Мен каршы болуп жатамынбы? Мен каршы эмесмин! Бирок сен мага эмне үчүн айткан жоксуң?

— Анын эмнесин айтамын. Мен аны менен анча деле достошуп кеткен эмесмин. Ал мага өзү жабышып жүрөт.

— Койчу, Билбесбек, Калп айтпасаң, калп айтпа!—Седепкан

сөөмөйүн кезей сүйлөдү.— Сен андан көрөкчө анын аты ким экенин айтчы?

— Кимдин атын?

— Жанагычы, жанакы сенин курдашыңдын аты.

— Аа, анынбы? Анын аты абийир.

— Абийир дегениң ким?—Седепкан таң калды.— Албы, ал абийир!

Седепкан кубана каткырды да, Билбесбекти моюндан ала көзүнө көзүн чагылыштыра карап туруп, мындайча сүйлөдү:

— Ай Билбесбек ай, эң эле кызыксың! Тамашакөйсүң, ошондой болсо да эң эле сүйкүмдүүсүң. Сен өзүңдүн канчалык жакшы экениңди өзүң да билбесең керек!

— Мен кайдан жакшысы болоюн! — Билбесбек кысылыңкырап айтты.— Мен сага гана ошондой болуп көрүнсөм керек.

— Эмне үчүн ошондой болуп көрүнмөк элең? — деп сурады Седепкан.

— Анан...— Билбесбек кысылып калды.— Жөн эле сен мени сүйүп калсаң керек. Бар болгону ошол да.

— Эмне?! Менби? Сүйүппү?! — Седепкан ачууланды.

— Ананчы, анын эмнеси бар экен? — Билбесбек колун шилтеп койду.



— Анын эмнеси бар дегениң кандай? Пай, пай, муну...— Седепкан кыжыры келгендиктен сөзүн уланта албастан, муштумун катуу түйүп, Билбесбектин мурдуна такады.— Экөөбүздүн жолдошчулугубуз ушуну менен бүттү! Болду-болду!.. Билип койгун!

Седепкан тескери бурулуп, түптүз басып кетти. Андан кийин токтой калып, Билбесбекти орой карап мындай деди:

— Сенин акылсыз, сүйкүмсүз сөлөкөтүңдү көргүм да келбейт!

Бул сөздү айтып Седепкан таптакыр алыстай берди. Билбесбек ийиндерин куушуруп тим болду.

— Муну карасаң, жөн эле коркутат! Мен ал таарынарлык эч нерсе деле айткан жокмун го.—Эчтекеге түшүнө бербей балдырады да, ал дагы үйүн көздөй жөнөдү.

Билбесбектин күнөстүү шаарга жасаган саякаты ушинтип аяктады.

## МАЗМУНУ

*Биринчи глава.* Билбесбектин тилеги ........................................ 3
*Экинчи глава.* Билбесбек жакшы иштерди кандайча аткара баштады ........................................ 9
*Үчүнчү глава.* Билбесбектин тилеги аткарыла баштады ........................ 17
*Төртүнчү глава.* Билбесбек менен Седепкан Чамбылбек-Шалтакка жолугушат ........................................ 25
*Бешинчи глава.* Билбесбек, Седепкан жана Чамбылбек-Шалтак саякатка кантип жөнөштү ........................................ 34
*Алтынчы глава.* Окуялар башталды ........................................ 42
*Жетинчи глава.* Саякат улантыла берди ........................................ 49
*Сегизинчи глава.* Циркулина жана Планетарка ........................................ 56
*Тогузунчу глава.* Радиолярия ........................................ 63
*Онунчу глава.* Билбесбек, Седепкан жана Чамбылбек Күнөстүү шаарга кандайча келишти ........................................ 72
*Он биринчи глава.* Кеч киргенде ........................................ 83
*Он экинчи глава.* Билбесбек сырын ачык айтты ........................................ 93
*Он үчүнчү глава.* Жалбыракбек менен Топчукан ........................................ 99
*Он төртүнчү глава.* Билбесбек газета окуп, Жалбыракбекти кайдан издөө керек экендигин билет ........................................ 107
*Он бешинчи глава.* Зоопаркта ........................................ 113
*Он алтынчы глава.* Билбесбек, Седепкан жана Чамбылбек Алабашка кандайча жолугушту жана андан кийин эмнелер болду ........................ 124
*Он жетинчи глава.* Чакмакбек менен жолугушуу ........................ 136
*Он сегизинчи глава.* Архитектуралык комитетте ........................ 148
*Он тогузунчу глава.* Театрда ........................................ 155
*Жыйырманчы глава.* Билбесбек жана анын жолдоштору инженер Кыпчыбек менен кандайча кезигишти ........................ 167
*Жыйырма биринчи глава.* Билбесбек жана анын жолдоштору кийим тигүү фабрикасына экскурсияга барышты ........................ 177
*Жыйырма экинчи глава.* Милиционер Ышкырыкбектин окуялары ........................................ 189
*Жыйырма үчүнчү глава.* Абийир Билбесбектин тынчын кайрадан кетирди ........................................ 204
*Жыйырма төртүнчү глава.* Шахматтын кызыгына берилген

250с

# Николай Носов

Николай Носов 1908-жылы 23-ноябрда Киев шаарында төрөлгөн.

Гимназия, кийин жумушчу жаштарынын мектебинде окуп жүргөндө эле "Икс" деген кол жазма журналына аңгемелерди жазып турган.

1927-жылы Н. Носов Киев шаарындагы сүрөт институтуна өтүп, 1929-жылы Москвадагы Кинематография институтуна которулат. 1932-жылдан тартып 1951-жылга чейин режиссер болуп иштейт. 1938-жылы Николай Носовдун "Затейники" деген биринчи аңгемеси "Мурзилка" журналында жарык көрөт.

1945-жылы бир топ аңгемелеринин жыйнагы чыгат. 1952-жылы Н. Носовго "Витя Малеев мектепте жана үйдө" деген повесть үчүн Мамлекеттик сыйлык берилген. XX кылымдын 50-жылдарында Незнайка жөнүндө 3 китеп жарык Көрдү. Бул китептер боюнча кинофильмдер жана мультфильмдер тартылган. Балдардын ички дүйнөсүн сыйлоо – бул Носовдун чыгармачылыгынын өзгөчөлүгү. Ошол үчүн ар кайсы муундагы балдар Носовдун китептерин абдан жакшы көрөт.

1976-жылы 26-июлда улуу балдар жазуучусу дүйнөдөн кайткан.

КУТААЛАМ
БАЛДАР АДАБИЯТ БАСМАСЫ